С. МОМУНАЛИЕВ

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

# 9

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби




## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
*Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.*

Музыкасынын авторлору:
*Н. Давлесов, К. Молдобасанов.*

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосуң мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

С. МОМУНАЛИЕВ

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

(ХРЕСТОМАТИЯ – ОКУУЛУК)

**Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 9-класстары үчүн окуу китеби**

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген*

БИШКЕК 2012

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я 721
М 76

***Жооптуу редактор***: *Н.Ишекеев* – Педагогика илимдеринин доктору, профессор

***Рецензенттер***: *У.Жусупакматов* – филология илимдеринин доктору, профессор;
*О.А.Шайымкулов* – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Момуналиев С.**
М-76 Кыргыз адабияты: (Хрестоматия – окуулук): Окутуу өзб. тилинде жүргүзүлүүчү мектеп. 9-кл. үчүн окуу китеби. - Б.: - 2012. - 216 б., ил.

ISBN 978-9967-439-88-7

Окуу куралы өзбек мектептеринин 9-класстарынын окуучулары үчүн түзүлдү. Бул окуулукка кыргыз жазма адабиятын түптөшкөн А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, Т.Сыдыкбеков, А.Осмоновдун жана кыргыз адабиятын дүйнөгө тааныткан кара сөз чыгаандары Ч.Айтматов, Т.Касымбековдун, ошондой эле таланттуу акын-жазуучулар Ж.Мамытов, А.Жакыпбеков, А.Саспаев, С.Акматбекованын чыгармалары учурдагы окуу программасына ылайык киргизилди.

Бул окуу китеби Кыргыз-өзбек университетинин алдындагы "Окуу китептерин даярдоо Борбору" тарабынан даярдалган. Окуу китеби жөнүндө сунуш жана пикирлериңиздерди "Борбор" жетекчилигине жазуу түрүндө билдиришиңерди сураныбыз.

Биздин дарек: Ош шаары, Г.Айтиев көчөсү, 25-үй

**М 4306020400-12**

**УДК 373.167.1**
**ББК 83.3 Ки я 721**

ISBN 978-9967-439-88-7

© С.Момуналиев, 2012.
© КӨУ окуу китептерин даярдоо борбору, 2012.
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2012.

# КИРИШҮҮ

*Элдик оозеки чыгармачылык – бул тигил же бул элдин жашоо турмушунан кеңири орун алган, ал тээ байыркы замандардан бери өз милдетин өтөп келет. Ушул жерде эске салып коюучу бир сөз, элдик оозеки чыгармачылык а дегенде бүгүнкү күндөгүдөй көңүл көтөрүүчүлүк, таалим-тарбия берүүчүлүк, коом таанытуучулук милдетти аркалабай, күндөлүк тиричилик проблемасын чечүүнү, т.а., турмуш-тиричиликке байланышкан көйгөйлөрдү чечүү, аларды жөнгө салуу, сырткы күчтөргө таасир этүү максатында пайда болгон. Ошондуктан анын келип-чыгышын адабият таануучулар эмгек менен, ууга чыгуу менен байланыштырат. Бара-бара ал өзүнүн бул баштапкы милдетинен алыстап, көркөм-эстетикалык вазийпаны аткара баштаган.*

*Жазма-сызмасы жок, же жазма-сызмасын жоготуп жиберген айрым элдер үчүн фольклор алардын тарыхы менен коомдук аң-сезимин, идеологиясы менен эстетикалык көз карашын таанып-билүүнүн жана үйрөнүүнүн жападан-жалгыз булагы да болуп саналат.*

*Жазуунун пайда болушу менен адабият жаралды. Демек, жазма адабият тарыхый жактан элдик оозеки чыгармачылык менен тыгыз байланышта өнүккөн. А дегенде жазма адабият эл ичиндеги ак сөөктөрдүн гана энчиси болгон. Анткени калың элдин баары эле жазып-окуй алышкан эмес.*

*Адабият иликтөөчүлөрдүн айрымдары элдик оозеки чыгармачылык менен жазма адабиятты карама-каршы коюшуп, биринчисин адам баласынын маданиятынын төмөнкү деңгээлине, ал эми экинчисин маданияттын жогорку деңгээлине таандык кылышат. Албетте, мындай көз караш туура эмес. Анткени элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөнү көркөм таануусу менен жазма адабияттын аны көркөм чагылдыруусу – эки башка. Бирок булардын максаты менен милдети бирдей. Демек, алар бири-бирине карама-каршы эмес, бири-бирин толуктап да, байытып да турат. Муну алардын эриш-аркак өнүгүп келүүсү да ырастоодо.*

*Жазма адабияттын жаралышы жана өнүгүшү менен элдик оозеки чыгармачылык өз жашоосун токтотот деген ойлорду да бүгүнкү күн жокко чыгарып жатат. Аны учурдагы кыргыз адабиятынын мисалынан эле көрүп, ынансак болот. Учурда кыргыздын жазма адабияты да, элдик оозеки чыгармачылыгы да жанаша, эриш-аркакта өнүгүүдө. Буга төкмөлөрдүн чыгармачылыгы, манасчылар, эпостордун жаңы варианттарынын пайда болушу ынанымдуу далил боло алат.*

*Кыргыз акын-жазуучулары элдик оозеки чыгармачылыктын бай түрлөрүн (макал-лакап, учкул сөздөр, уламыштар) өз көркөм дөөлөттөрүн жаратууда кеңири колдонушкан, колдонушууда жана колдонуша бермекчи.. Алсак, Алыкул Осмоновдун, Түгөлбай Сыдыкбековдун, Чыңгыз Айтматовдун, Төлөгөн Касымбековдун ж.б. чыгармачылыктарына көз жүгүртсөк эле, жогоруда айтылгандын чындыгына көзүбүз жетип, ишенебиз.*

*Демек, элдик оозеки чыгармачылык да, кесипник жазма адабият да элдин дүйнө таанымын, көз карашын, эстетикалык табитин, адамдык мүнөз-пейлин, карманып-тутунган турмуштук позициясын калыптандырууда жана бекемдөөдө олуттуу салымын кошуп келген, кошуп жатат жана кошо берет.*

*Адабиятты мектепте үйрөнүүнүн түпкү максаты да – мына ушу. Анткени адабият адамды адамга айлантчу негизги предметтерден. Албетте, мында адабият мугалиминин да, бирок эң негизгиси окуучунун өзүнүн аракети чечүүчү мааниге ээ болот.*

*Урматтуу окурман, бул хрестоматия окуулуктан сен кыргыз элинин залкар жазуучуларынын, акындарынын жана драматургдарынын көркөм дөөлөттөрү менен таанышасың. Эскерте кетүүчү сөз, үйрөнүлүүгө сунушталган чыгармалар көлөмдүү болгондуктан (роман, повесть, поэма, драма), буларды биз кыскартып берүүгө мажбурбуз. Бирок силер бул чыгармаларды толук окуп чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигиңерди белгилеп, силердин окурмандык кызыгууңарга ишенгенибизди айтып коюшубуз зарыл.*

*Эмесе, силерге кыргыз элинин көркөм дүйнөсүнө болгон сапарыңар ийгиликтүү болуусун каалоо менен ак жол тилейбиз.*

# АШЫМ ЖАКЫПБЕКОВ

*(1935 – 1994)*



Кыргыз адабиятына өзүнүн кайталангыс изин калтырып кеткен кайталангыс таланттардын бири – бул Ашым Жакыпбеков. Анын кыргыз адабиятынын тарыхына алтын тамгалар менен жазып калтырып кеткен көөнөргүс көркөм дөөлөтү болуп «Теңири Манас» романы эсептелет. Бул чыгарма жана анын автору тууралуу алп жазуучу Чыңгыз Айтматов: «Ашым Жакыпбеков өзүнүн арыбаган эмгеги, чыгармачыл дарамети менен жазган ушул китеби аркылуу улуу манасчылардын катарынан татыктуу орун алды. Алар «Манасты» төгүлтүп, буркан-шаркан түшө ыр менен айтышса, А.Жакыпбеков кара сөздүн жорго сымал керемети аркылуу баян этет.

Демек, бул жарыкчылыкта кыргыз аты сакталып турганда, «Манас» эпосунун кара сөз түрүнүн биринчи автору катары Ашым Жакыпбеков аталары табигый иш», – деп белгилеген.

Албетте, «Манас» эпосун кара сөз менен жазып чыгуу аракеттери тээ мурдатан эле башталган. Алсак, айтылуу жазгыч акын Тоголок Молдо, адабият иликтөөчүлөр З.Бектенов, К.Нанаев, С.Мусаевдер жана жазуучунун замандашы, калемдеши К. Жусуповдор да улуу эпосту кара сөзгө айлантышкан. Бирок, чындыгында эле, эл жүрөгүнө жеткени, сүйүп окушканы мына ушул «Теңири Манас» болду.

Ашым Жакыпбеков эң мыкты котормочу да болгон. Ал Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат», «Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Деңиз бой-

лой жорткон Ала-Дөбөт», «Кылымга тете күн» сыяктуу чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

Жазуучунун өзүнүн аңгеме-повесттеринин ичинен өзгөчө көрүнүктүүсү «Айгашка» аңгемеси болгон.

## «ТЕҢИРИ МАНАС»

### I

Белес-белден бороондоп,
Беш удургуп өткөн Сөз.
Баласына атасы
Мурас кылып кеткен Сөз.
Эли сактап жүрөктө
Биздин күнгө жеткен Сөз
Манас – Теңир уулу,
Күн нуру,
Кыргыз руху.

Теңируул
Эл башына күн түшсө,
Эл тилеген эр келет,
Эр убайын эл көрөт.
– Бай Жакыптын катыны
Баатыр тууп жатыры!

Таң алды үрүлдө апай беттеги шүүдүрүмдүү шиберди шилей чуркап, изинен көк булоо оргуган жылаңач бала бара жатыры.

Мамыдагы Көкчологун кашып турган Акбалтага периштенин үнү шак этти. Оболу Көктөн күркүрөгөн доош келип, жер силкинип алды. Буурул сакал Акбалта Алтай тоонун нур чайыган чокусун бир карап, токумдай булуту жок шаңкайган Көктү бир карап, эки алаканын Көккө жайып, эки көзүнөн эки тамчы сакалына таамп, үнү кардыга бакырып жиберди:

– Оо, Теңир жалга! Оо, Теңир жалга! Оо, Теңир жалга!...

Таңкы шаңкай Көктө Буудайык айлана каалгып жүрдү.

Апай бетте чуркаган бала таң шоокумуна төнүп кетти.

Маңдайдан ак жылдыз балбылдап жанды. Манастын Ак-Болпон жылдызы ошол болмогу.

Акбалта ашыга токунуп минип, Жакыптын айылына чапты.

Тогуз ай, тогуз күн көтөрүп, жети күндөн бери толгоо тарткан Чыйырды жүрөгү астындагы бала туйлап койсо, эси ооп, «бу менин жанымды алчу бала го» деп коркуп кетип, кайра Теңирге жалынат, атайы сайылган ак бакаңга асылат, алы жеткенче ыйынат. Жетинчи күнү таңга маал бала барылдап жерге түштү. Баркыраган үнү тай чабым жерге угулду. «Эркек бекен, кыз бекен?» деп талыкшып магдырап барат Чыйырды. Баланын чочогу чыкты чороюп.

–Эркек! Эркек! – деп каралашкан он эки катын чуруллаганда, Чыйырды эсинен тангандай көшүлүп жатып калды.

– Кокуй! Мартуу бастыбы?! – деп, катындар үстүнө үйрүлө чуркурады.

Чыйырды көзүн ачып, маанайы жазыла жылмайды:

- Мени коюп, алдагы баланы кароосуз калтырбагыла!... Акбалта авамын байбичеси киндигин өзүң кес.

Бала эки колуна кан мыкчый түшүптүр. Жан-алы калбай далбастаган Канымжан баланын киндигин кесип, чуу оромолго ороп жибергенде бала куду он бештеги боз уландын күчү менен оң колун сууруп алганы.

– Татай көтөк! – деп Канымжан баланы таштап ие жаздады.

– Кантесиңер, жосунсуз немедей! ...– деп Бакдөөлөт баланы көтөрүп ала коёюн десе, салмагы тогуз жашар баладай. Бакдөөлөт ичинен кубанып, баланы маңдайынан өптү.

– Оозанткыла! – деди бири.

Бакдөөлөт чоң карын сары майды алып чыкты.

– Коё тур. Мага бергиле, – деди Чыйырды.

Илгери Чыйырды жаңы келин болуп келгенде, кайнатасы Орозду баатыр Энесай менен Миңсуунун ортосун жайлап турчу. Жайы салкын деп, күмүш буурул токойлуу Алтай тоону жакалай конуп, күзгө чейин бугу-марал, жолборс атып сайрандап, күздө кышы жылуу деп Ала-Тоого багыттап көчүп, Талас ордосуна барып, кыштоого кончу. Ошондой бир жайда Орозду баатыр алтын казган, темир узанган Алтайдагы усталарга Көктөн түшкөн курчту ээриттирип, эки ок жасатып, Чыйырды келинине берген жайы бар.

– Балам, бул ок – ыйык ок, Көктөн түшкөн курчтан. Менин неберем төрөлгөндө ушул октун бири менен оозантып, жакасына тигип кой. Бирин сактай жүр да, менин чөбөрөм төрөлгөндө алигинтип оозантып, бешигине тумар кылып байлап кой... – деп айткан эле Орозду баатыр.

Чыйырды алды менен ошол окту алып чыгып, баланы оозантты, анан ичтонунун жакасына тигип койду.

– Ай байбиче, өзөртөсүң го баланы! – деди Каньмжан жетине албай.
– Ашыкпа. Мен өзөрө турган чабал бала тубамбы, – деп күлдү Чыйырды.
Бакдөөлөт сары майдан бир кашык омуруп, белендей кармап турган. Чыйырды баласын оозантты. Анан балкып ийип турган эмчегин берди. Бала бир соргондо ууз сүт чыкты, жана бир соргондо көк суу чыкты, жана дагы соргондо кан чыкты. Өпкө-жүрөгүн кошо соруп алгандай Чыйырдыдан ал кетти. Баланы катындарга карматты.
Сырттан ат дүбүртү катуу чыкты. Бакдөөлөт чуркап чыкса, Акбалта экен.
– Аке, сүйүнчү! Уул төрөлдү! Уул! – деди өрөпкүп.
– Болсун, балам, болсун. Билем! Теңир жалгасын! – деп, Акбалта канчыгынан Бакдөөлөткө тайтуяк жамбы алып берди.
Байын үнүнөн тааныган зайыбы Каньмжан чыга келди.
– Татай көтөк! Быякта эмне жүрөсүң? Бай кайниме чаппайсыңбы, сүйүнчү албайсыңбы! Атайы кырк карабоз байлап отурса, куру каласыңбы, катыгүн!
– Ошо сараңдан үмтөткөн сен анык татай экенсиң! – деп каркылдай күлүп, аттан түштү Акбалта. – Барам, барам, ашыкпа. А көрө айтчы, баланы көрмөккө али киши-кара келе элекпи?
– Жок, кокуй! Жаңы эле ородук...
Акбалта Бакдөөлөт түрө берген эшиктен кирип, төрдөгү төшөктө тамылжып жаткан Чыйырдыга: – Бешик боо бек болсун, балам! – деп барк этти.
– Теңир жалгасын, ава, – деп Чыйырды кымтынды.
– Баланы көрсөткүлөчү, – деди Акбалта эки алаканын жая сунуп.
Бакдөөлөт Чыйырдынын боорунда бырылдап уктап жаткан баланы кош колдой көтөрүп, Акбалтанын эки алаканына салып берди. «Теңир жалга! Теңир колдо!» деп өзүнчө күбүрөп, Балта кызыл эт баланын оң алаканын ачты. Караса, бармак астындагы бөлтөктө «Манас» деген ат жазылуу, ак мөөр басылуу экен. Чуурoосун ачып жонун караса, көк жал балчудай, каралжын кырка түгү бар экен.
– Теңируул! – деп койду өзүнчө баланы кайра берип жатып. – Баланы кириттиңерби?
– Жок али, жаңы эле оозанттык...
– Мен азыр. – Балта сыртка чыгып кетти. Канжыгадагы кол чаначын чечип, бат эле кайра кирди.
Акылман Акбалта качандыр-бир көргөнүн көкүрөккө түйүп, көз салып жүргөн. Ал Алтын-Көл деген бейиш сымал көлдүн төрүндөгү алп

арчанын түбүнөн жан адамга көрүнбөй-билинбей мөлтүрөп чыгып, көлгө жетпей кайра мөлтүрөп таш түбүнө сиңип кетип жаткан мүрөк булак болучу. Чыйырдынын толгоосу узарып бараткандыгынан кечээ күнү эле ошол мүрөк булакка барып, кол чаначка сузуп келген. Мына эми мүрөктүн суусун берип жатмагы:

– Балам, уулуңду ушул сууга киринтчи...

Бакдөөлөт сууну арыдан-бери жылытып жиберди. Каныможан алтын чараны кармап турду, таңкы салкында чырымталды үшүтүп албагай экем деп Чыйырды шашып киринтип, алаканына салып, көтөрүп турган баланын эки далысынын ортосундагы алакан орду кургак калганын кийин байкап калды. Оролуп калган баланы кайра чечтиргиси келбеди; «Теңир сактасын» деп, бул сырды ичине катты. Ал аңгыча кара тумшугун чоң ачкан, кызыл тилин салаңдаткан көкжал бөрү сырттаны эшиктен шып кирип келди да, чуркурашып капшытка жапырыла жыгылган катындарды элес албай, түз балага келип, маңдайынан жалады. Анын артынан күркүрөгөн дабышы айылды жаңыртып, иттердин баарын куйруктарын такымдарына кыпчытып, коңулдарга жашынтып кара чаар жолборс кирди, балага түз келип, оң ийнинен бир жыттады, сол ийнинен бир жыттады. Ошентти да, экөө тең көздөн кайым болду.

Өңбү-түшпү, эч кимиси билбей, аңдай албай калды.

– Теңирдин күчүктөрү, кайып колдоочулары экен, Теңир колдосун! – деп Акбалта гана чамгаракка эки алаканын жайып тайынды.

– Ава! – деди Чыйырды жымжыртка жан берип, ордунан обдула. – Ава, балага ат коюп бербейсизби?

– Дебедимби...– Акбалта мыйыгынан жылмыйды. Баланын кайыптан коюлган аты бар. Манас. Бирок эрезеге жеткенче, Манас атына конгончо, мен койгон аты Теңируул! Манас деп оозуңарга албашыңар, Теңируул деп чакырарыңар оюңарга уюган коргошун болсун. Шерт ушул! Мен Жакыпка чаптым!...

Намыс дегенде эрден калбаган катындар мисирийе катты.

«Кайран кыргыз эл кайда, ордолуу Талас жер кайда?...» – деп күңгүрөнүп, сакалы ылдый коюнуна кубанычтын жашы куюлуп, Акбалта шайтандай жүргөн Көкчологун теминип, Алтай тоону бөксөлөп, Шабырлуугa бет алды. Эртегиси эске түшүп, кайрандарды ойлосо, кайгыга мууну бошоп, кайра бу тилеп алган баланын туулганына кубанып, жүрөгү алып-учуп, келечек үмүтү кең жайылып, маңдай сергиткен аваны кере жутат, аптыгып.

Эзелтен берки Ата-Теги эсине түштү Акбалта Бабанын. Ал доорлордо Күн жүрүш тарабы Эренге чейин, Түн тарабы Энесай, Күн батышы

Орол, Күн чыгышы Тебитти чапчып, Ата конуш болуп, Кыргыз Тегинен берки Мекени болуп, Жетеден Жотого мурас өтүп, бул кең жайкын аймак бирде уч-кыйыры узарып, бирде ширидей куурулуп тарып, Ажолор басып келген кастар менен алпурушуп, Бабалар айыгышып күрөшүп, Аталар кан төгүшүп кармашып, Балага мурас болуп өткөн болуучу...

Балдардын тукуму көбөйүп, кыргыздар бирде дүркүрөп өнүп-жайнап, Көк Теңирдин Көк Туусун күн астында ай-ааламга булгалап, белбелесте беш удургуп, Теңирин таанызбай, ай апчып, анда Теңир терс толгонсо, кумга сиңген суудай соолуп, таруудай чачылып, ошондо да Кыргыз аты көгөн мисалы мөңгү сүзүп жоголбой, камгак болуп доордун кара шамалына кетпей, кескелдирик болуп куйругун кесип салып, жанын кум астына катпай, ата-бабаларынан мурас калган Улуу Тоо Алтаг менен Алтагды (Алтай менен Ала-Тоону) таянып, эгизинин түгөйү Энесайда ыйлап жүз чайса, түгөйү Ыйык-Көлдө жүз чайып ыйлап сагынышып, Баба жайын, Ата конушун көздөп-мелжеп келген тура...

Бул эртеги эсине түшө келгенде арылдаган ат үстүндө бараткан Акбалта Жакыпка тезирээк жетүүнүн камында болсо да, ташбака сымал жыбылжып калган көрүнөт, ою онго, санаасы санга бөлүнөт...

Орозду баатырдан он бала туулуп, улуусу Жакып али ат жалын тартып минер жашка жете элек, андан кичүүлөрү Жамгырчы, Улаккан, Текечи, Үсөн, Шыгайлар жерден боорун көтөрө элек жаш болуп, Орозду менен теңтууган Бай карып болуп, балдарын канатына калкалай албай, Орозду баатырдан ажырап кала беришпедиби! Ала-Тоону бүт ээлеп келаткан кытай, манжу, калмактар Алоокеси баш болуп, Молто каны күч болуп, Таластагы акыбалды билди ла, Ордону талкалады. Карып менен жетимдердин башына каран түн түштү. Жардамга келер жан жок, Ордо үстүндө көкөлөгөн Көк Туу жыгылды. Айла табар Акбалта нойгут тайпасы менен Анжыян тарапта, калка болуп каруу берер кан Кошой катаган тайпасы менен Ат-Башыда алыс болуп, Таласка кыргы-бүлгүн түштү да калды...

Акбалта ушуларды ойлоп, кабыргасы сөгүлүп бара жатыры. «Эми Теңирим берген ушул баладан үмүт кылалы», - деп кайраттанып бара жатыры...

Баштатан басташып келген Алооке менен Молто кан Самаркан менен Анжыянды чаап, анан Орозду баатыр өлүптүр дегенди угар замат Таласты чаап, баш көтөрөр эр калтырбай кырды. Эңшейген чал калды, эмгектеген бала калды, сулуу кыз-келин олжого кетти, малдан-жандан ажырап карып калды, мискин калды. «Олда, Орозду баатыр атабыз өлбөй кал, биз көргөн кордукту көрбөй кал!» деп боздогон үн калды,

кара түтүн каптаган каран түн калды. Он бештеги Жакып, он үчтөгү Жамгырчы, ондогу Улаккан, андан кийинки чөжүрөгөн жетимдер каяшар кылар алы жок, бак-бак этчү Бай карып, баш көтөрөр эри жок, кырылганы кырылып, соо калганы бытырап качып, колдоп алар эли жок, өз жеринде жери жок, гүлдөп турган Ордо төрткүл болуп талкаланып жатыры. Кароол Чокуда Көк Теңир менен оболош болуп жалпылдап туруучу Көк Туу тытылып, өрткө кетти, түркүгү түбүнөн суурулуп, бырын-чырын сынып, отун болуп отко кетти. Ата-баба жыйган казына канталамайга кетти. Талас кан жыттанып, сапырылган күл жыттанып, көк менен жердин ортосу бозала чан-тоз болду. Он жетим төрткүлдү тегерене чуркап, жетелеше атакелеп чуркурап, алдан тайганда, арып-ачканда Талас суунун боюн кучуп, жатып калды.. Аңысы да аздык кылды басташкан жоого. «Билимдүү эл дүйнөдө бир гана биздин эл болот» деп, кытай кечилдери Ордонун казынасын талаганда андагы бичик жазмаларды өрткө салды: «Кыргыздын башына түшкөн каран түн мээсине да түшсүн, эгерим экинчи жазуу билбесин» деген бүтүм болду. Тоо боорлорундагы бетинде жазуусу бар байыркы таштарды өгүздөргө сүйрөтүп түшүп, дайранын ирим жерлерине чөктүрдү...

Алооке ошентип чапты Таласты....

...Чыйырдынын толгоосуна жети күн болгондо, эми толду деп, Бердикенин катыны беленденип, Чаргындын катыны Чыйырдынын ичин оңдоп, Акбалтанын катыны бала алышка азыр болуп, эркектерди үйдөн алыс кубалап, күймөлүшүп калганда, баладан көзү каткан Жакыптын мууну бошоду.

- Теңир өзү колдосун. Айылда туруп нетейин, адырга чыгып алысыраак кетейин. Антпесем «эркек» деп бирөө жүгүрсө, жарылып кетер жүрөгүм. Жыгылсам да, талысам да ээн жакка барайын деп, Жакып сүйүнчүгө кырк кара бозду кермеге байлатты. Аты жок жөөлөр сүйүнчүлөп жетпей калбасын деп, жети күр атты дагы байлатты. Кыз тууса, үнчукпай үйдө калсын. Сүйүнчү кабар болбосун, күтүп-күтүп түңүлөйүн. Эркек болсо, буйдалбай чапсын! Адырда жылкым алты сан, түгөл айдап беремин! Ушуну айтып бай Жакып жылкысына кетти.

Адыр аралай бергенде, алдынан бир үйүр жылкы жолукту. Арасында кара жалдуу бээ тубарына жакындап, кайкалактап калыптыр. Жакып үйүр жылкыны кайра түрүп, аткулактуу Шабырга айдады. Кула бээ кайра отко кирди. Жакып акканкыны жазданып, тердик, көрпөчөсүн төшөнүп, кементайын жамынып, Теңирге тынбай жалынып, жатып калды. Таң кашкайып атканда, түшүнө кырк чилтен кириптир. Кыркы кырк жолборс жетелеп, кула бээ ичинде жүргөн Кызыл айгырдын үйүрүн кырк

имерип алыптыр...Жакыптын умачтай көзү ачылды. Караса, үйүрү аткулактуу Шабырда жай эле оттоп жүрүптүр. Кызыл айгыр моюнун дүгдүйтүп, тегерене чуркап, жер чапчып, азынап коюп жүрөт. Бул эмнеси десе, кула бээ тууп коюптур. Жаңы эле таканчыктаар кулун оюн салып атыптыр, энесинин үстүнөн ары түйүлүп аттайт, бери түйүлүп аттайт. Куйругу бар, жалы бар, сымбаты сулуу жаныбар. Тору чаар экен түсү. «Буйурса, Торучаар тулпар болчудай» – деп кымындап, бай Жакып алиги көргөн түшүн да бу жаңы туулган кулунду да жакшылыкка жоруду. Эт жүрөгү болкулдап, байбиче кантти экен деп, санаасы сан, ою он.

...Кисесин мойнуна салып, бай Жакып көк булактын көзүндө Теңирге тайынып турганда келди Акбалта.

Көкчолокту теминип, эки өнүрүн жалпылдатып, алыстан айкырып келди Акбалта:– Сүйүнчү, Жакып, сүйүнчү! Душманга болсун күйүнчү! Кордук көргөн элиңе байбичең баатыр төрөдү. Куубаш атанган Байына байбичең туяк төрөдү!...

Жамырата сүйүнчүлөп жанына келсе, көктү тиктеп отурган Жакып чалкасынан жатыры. Чочуп кетти Акбалта. Атынан ыргып түшүп, үңүлө караса, Жакыптын өлүү-тирүүсү дайынсыз. «Кууратан байкуш, кубанганынан жан берип жибердиби?...» деп, Акбалта калдаңдай басып, агын сууга барып калпагына суу сузуп келип, бетине чачты, көөдөсүнө бүркту. Суудан чочуган Жакып ошондо көзүн ачып, башын көтөрдү. Эки жакты аландай карап, ошондо да талып калган немешин көзү көрбөйт.

– Ой, Балта, сенсиңби? Көзүм көрбөйт, кулагыма үнүң сүйкүм угулат. Айтчы дагы, ал эмне? – деди Жакып, эки чыканакка таяна энтигип. – Менин катыным тууду дедиңби? Чынбы ыя? Эркек тууду дедиңби, ыя? Чынбы, ыя? Өзүң көрүп келдиңби же катындардан каңырыш уктуңбу?...

– Оо, кургурум, чын айтам. Таңга маал үрүлдө сыртка чыксам, бет боордон жыланач баланын сүйүнчүсүн угуп, өз көзүм менен көрдүм. Бул Теңирдин аяны, бул Теңирдин бергени! Анан түз эле сенин үйүңө чаптым. Баланы өзүм алып көрдүм. Бакырганы тай чабым жерге угулат. Чиренгени он бештеги уландай. Келиндер кебин бүтө албайт, катындар сөзүн түгөтө албайт. Курсагын катуу тепкенде, карайлаган байбичең кылгырып көзүн сүздү дейт, эки колун толтура кан чеңгелдеп түштү дейт...

Бай Жакып бир кубанат, бир таңданат, кайра коркот.

...Жакып бай арсаңдап күлдү:

– Сүйүнчүңө кулдугум бар! Жанчыгыма катып жүргөн мобу алтынды ал бир калта. Камбарбоздун үйүрүнөн бир тогузду ал! Төрт түлүктөн төрт тогуз болсун сүйүнчүң!

Ошентип, эки тууган, ары курдаш кубанычтары коюндарына батпай, аттанып айылга жөнөштү.

Манастын төрөлгөнүнөн да, төрөлмөгү узун сабак сөз.

Баягы Ала-Тоодон айдалып келип, калмактардын этегинде жашап, оту менен кирип, күлү менен чыгып, күн көрүп, саанчы кирип сүт ичип, жылкы багып, күч минип, Энесай менен Миңсуудан келген туугандарынын колкабышы менен алтындын кенин казышып, дорбого салып катышып, калмактардан төрт түлүктөп мал сатып алышып, темир эритип, буурусун-соко чаптырып, кош өгүздөн кошуп, жер жыртып, аштык айдашып, кочушуна кой алып, табагына тай алып, бат эле ирденип, өрүшүнө мал толуп, сандыгына зар толуп, кыргыздар калмактар менен теңтууган болуп жашап кеткен. Атаны алты сан болуп, алтыны алты там болуп, баарынан Жакып байыган. Бир гана катуу арманы – балага зар. Эл ичинде куубаш атанып, «туяксыз өтөмбү» деп, Жакып бай үшкүрүнсө, оозунан көк түтүн чыгат, зарласа, үнү Теңирге угулат.

...Бегимжандын чыр салып кеткенин айтып, Чыйырды чыдай албай ыйлап жиберди:

– Теңир буюрган, эриң туудурган балаң болбосо, ак жоолуктун көргөн күнү курусун...Ушу катын көрүптүрбү менин баламдын жоктугун? Токолуң экөөң бир кордодуңар, бу катын келип, андан бетер бозортту. Деги Эгеме зарым жетсечи, же жанымды алып кетсечи!...

Кырданып жаткан Жакып оңдонуп отурду:

Кайгырбачы, кемпирим. Мен бекер уктап калбапмын, урматтуу бир түш көрдүм. Кукулуктаса, үнү куштан башкача, куйрук-башы жаркылдайт, жүнү куудан аппак, саноор жүнү алтын, таканак жүнү да алтын, текөөрү болот, тумшугу канжар бир куш кармапмын, айбат менен караса, алпкаракуш сүрү бар. Алтымыш кулач жибек боо тагып, күн мунарын, ай мунарын жем кылып багыпмын. Алып чыксам, асмандагы канаттуу айбатынан уча албайт. Ал конор туур жайладым. Жанына жана бир алача моюн шумкар байладым... Байбичем, бир жакшылык болчудай, качан болоорун гана билбейм...

Ушинтип түшүн айтканда, байбиченин көңүлү ачылды. Ал дагы көргөн түшүн, алма жеп, ажыдаар тууганын айтып берди. Андан кийин муну айтты:

– Экөөбүз көргөн түшүбүз аян болгусу бардыр. Теңир жолуна кырк-элүү мал чалалы, элден бата алалы...

Чыйырды оозун жыйгыча, Жакып байдын ачуусу келип: – Сен эркек эмес, кыз туба электе, эл чакырып, той бергендей, мен мангулду чаап,

дүнүйө таапмынбы?!....Бекер дүнүйө тапкансып деп!... – Жакып этекженин кагынып, ордунан туруп, Бакдөөлөттүн үйүн көздөй басты.

Ал үйгө жакындаганда, кайдан-жайдандыр баланын үнү угулду: – Ай, атаке, мынча неге акылыңдан айрылдың? Жакып селейип, ордуна катып калды.

...Экөөң тең бүгүн соо эмессиңер! – деп, ачууланып. Байбичесинин үйүнө басты.

Алдынан Бегимжан чыкты.

– Ыйбаа кылып, аке дечү элем, сыйлап сиз дечү элем. Ошо сыйдан айланып кет, куубаш! Балам кана! Түндөсү, кечкурун сенин атыңы кармап келейин деп кеткен баламын али дайыны жок, баланын баркын билбеген куубаштыгың эмей, эмне?! Тап баламды, куубаш!

«...Бу кургурлуку айтса-айтпаса төгүнбү...» деп ойлоду да, Жакып бир койчунун коңур күрөң атын сурап минип, адыр аралай бастырды. Жакып «Кокус бала жырткычтын азуусуна кеткен болсо, тиги катындын каргышы мени оңдурбас» деп, бирде дөбөгө чыгып, бирде кокту же токой жаңырта «Меңдибай!» деп кыйкырып жүрөт Жакып бай... Ак-Өтөк деген аралдан өтүп, кара сууну кечип, нары жагы чер токой, токойго жакындай бергенде, токойдон чыгып келаткан Туучунагы көрүндү. Жан көрүнбөдү, үстүнө жолборстун териси жабылуу көрүндү. Жакыптын шекшигени чын сыяктанды: Баланы жолборс чалган экен да, Теңир! Менин шорум кайнаган го. Баланы жеп жатканда бир андис мерген аткан го, терисин сыйрып, баланын кунуна деп, атка жапкан го. Атым аман табылганы курусун, жолборстун териси кандайча жабылды? – деп, оюонго, санаасы санга бөлүнгөн Жакып атын кармап алды да, же айылга кайтарын же аңкайып тура берерин билбеди. Мына ошондо маңдайы жаркып нурланып, токойдон Меңдибай чыга келсе болобу. Кунаны да ойноктойт, өзү да ойноктойт, чаалыкканы билинбейт, корккону да билинбейт.

– Ой, сен Меңдибайсыңбы?

– Арыба, Бай ата! Мен – Меңдибаймын.

Учурашкан соң Меңдибай түндөгү көргөн-билген укмуштарын айтып берди. Көрсө: качкан атты кубалап, бир белди аша бергенде, Тууучунак деле катуу качпаптыр, жакын калган токойго кирип кетпесин деп, кунанчан бала жетип кармап аларда аргымак атчан кырк бала токойдон чыга калбадыбы, же асмандан түшүп келдиби, кайдан-жайдан белгисиз. «Манастап» ураан чакырып, Тууучунакты тийип кетет. Тууучунакты токойго аралата кууп кирген жерде алдынан жолборс чыгат. Элирип калган Тууучунак, кантсе да тулпар тукуму эмеспи, жолборс арылдап

келип чабарда, кайрыла калып тепкен экен. Ага аралаш бир бала күрсү менен жолборсту башка чапкан экен. Кимисинен өлдү жолборс. Меңдибай даана көрө албай калыптыр, аттын тепкенине өлө койчу жолборс көрүнбөйт, мына териси Туучунакты бүтүндөй жаап, куду үртүк болуп турат. Ошентип, жолборс өлүп жыгылганда, бир бала терисин сыйрып алып, Туучунакка жаап жатып, муну айтат: «Бу Жакып атанын аты экен, ээсине куру канжыга барбасын. А сени мен азыр жибербейм. Азыр тамак ичип алган соң, таң атканча ойнойбуз» – дейт.Меңдибайдын аргасы канча. Ошентип, таң атканча Меңдибай балдар менен ойноп, чырым этип уйку албаптыр. Алиги балдар : «Биз кырк чилтенбиз!» деп, Меңдибайды токойдон чыгарып коюптур. Меңдибай кайра кылчайып караса, балдардын бири жок, же токойго сиңип кеткениби, же кайрадан асманга учуп кеткениби, ага баланын акылы жетпейт…

Ушуларды айтып, Меңдибай аягында минтип күлүп койду? – Атаке, балам жок деп ыйлайсың, кырк балаң бар турбайбы.

Бул айткандары Меңдибайдын чын көргөндөрүбү же эси чыккан немени көзүнө көрүнгөнүбү Жакып түшүнө албай маң болуп турду. Корккон баланын көзүнө кош көрүнгөн го дейин десең, бу Туучунакка жабылган жолборстун териси кайдан? Же түндөгү түшүнөн, эртеден бери түйшүгүнөн көзүнө көрүнүп турабы?...

Жакып бай түлөө той берди…–

…Калмак-манжуунун амалы күч. Алоокенин алдында Раң-Күдүк деген бал ачуучу Эсенкандын алдында Жангир деген алты жылдан кийин болуучу окуяны айтып берер көзү ачыгы бар. Анан калса кытайдын даңзасын окуган окумалдар келечекте боло турган ар кандай иштерди алдын-ала кабарлап турат. Ошол Раң-Күдүк бир күнү Алоокеге айтат:

– Таксыр, мен бир сыр көрдүм. Кабарым суук, бирок айтпай коюш болбос. Өзүңүз тымтыракай кубалаган кыргыздардан жакында бир баатыр туулат. Алтай тараптагы кыргыздардан. Ал эр жеткенде, кыргыздын башын кайра бириктирип, калмак эмес, кытайды да чапчудай. Ошондо башыңыздан дөөлөт качат, алдыңыздан так кулайт…– деп, Алоокенин үрөйүн учурду.

Алооке Раң-Күдүгүн алып, Эсенканга барды. Эсенкан Жангирин алдырды. Жангир менен Раң-Күдүк куу далыны жата калып да, тура калып да карап жатып, бирде селт этип чочуп кетип, бирде үңүрөйө, үшкүрүгү таш жара сүйлөндү:

– Таксыр, бизди бекер чакыртпапсыз. Батыш-түштүк кыргыздан бир баатыр туулат. Ааламда ага чак келер жан болбойт. Заарынан ажыдаар үңкүрүнө кире качкыдай. Кыргызды көкөлөтүп, ата-бабасынын кегин

кубат. Калмак-манжу, кытайга мүшкүл түшөт. Кайсы катын тубарын гана даана биле албай турам.

Эсенкандан шүй качып, нары түпкүрдөгү кытайдын улугу Карыкандан сураттты. Карыкан окумалдарын чогултуп, даңзасын ачып, казып окуп жатышып, кыргыздан Манас деген баатыр тууларын табышты. Табылгасын бичикке жазып, Эсенканга жиберди. Эсенкан сыйкырчыларынын төлгөсү чын экенине көзү жетип, Алоокеге буюрду: «Кыргыздын боoз аялдарынын ичи жарылсын!..» Алооке жайсаңдардан мол алып, Алтайдагы кыргызга келди, боюнда бар келин болгонун бүт жыйдырды. Кыргыздар аксакал-көксакалдары калбай, түгөл келип турду. Эмне жыйын болорун эч ким билбеди. Алоокенин оюна мыкаачылыктан башка ыраа кирбей калган. Кыргызды дагы бир жолу канабайрам кылмакка акта болуп калган сезими өлүп калган кечилдерин жумшады. Алар кош-кабат келиндерди өзүнчө топтоп, улам четинен бирин жетелеп келип, ичке тээп жыгып, чыңыртып курсагын жарып жиберип, баланы жатыны менен сууруп чыгып, калжоо болгон иттерге ыргытып жатышты.

...Акбалта, Бердике, Жакыптардын аргасы куруду. Курларын моюндарына салып, кулдук уруп, Алоокенин алдына барды үчөө. Сакалдан ылдый көз жашын чууртуп, үчөө Алоокеден жансоога сурашты. «Тукум курут кыла көрбө, бир жолку кырганың деле жетпейби... – дешти. – Эчтеме түшүнө албадык, бу жоругуң сыры эмне? – дешти. – Адал мээнети менен күн көрүп, тынч жүргөн азганакай журтту жер бетинен тыптыйпыл кылганы келдиңби, максат ошобу? » – дешип зарлашты.

– Бул иштин сырын Эсенкандан сурагыла, – деди Алооке керсейип.

– Анда биз Эсенкандын алдына түшүп келгиче, бу балээни тыя тур, баатыр, – деп жалбарышты.

Өз жоругуна өзү жийиркенип турганбы, Алооке кыргынды токтотту.

Кыргыздардын аттуу-баштуусу болуп токсон киши отуз төөгө алтын-күмүш зерлерин, жолборс ичик, карышкыр ичиктерин, суусар баш болгон аң терилерин артып, токсон күлүк коштоп, Эсенкандын алдына барды.

Анча кымбат дүнүйөнү көргөндө Эсенкан жумшарды. Жаңгир менен Ран-Күдүктү алдырып, өзүнчө такып сурады: – Кимден, качан туулат, айткыла! – деди.

Жаңгир таз желкесин кашынып, айта албай мукактанды. Ран-Күдүк ошондо мындай деди: – Бир баатыр тууларын туулат, бирок кимден тууларын айтыш кыйын. Туулар баатырдын белгиси бул: туулганда эки колуна кан уучтап түшөт. Оң колунун алаканын ачып караган киши бармак астындагы бөлтөктө «Манас» деген ат жазылуу, аппак мөөр басылуу экенин көрөт. Алиги ааламды жалмачу баатыр ошол болот.

Эсенкан ары ойлонду, бери ойлонду, оң толгонду, сол толгонду, аягында Алоокени баш кылып, мыктыларын жыйнады, кыргыздан Акбалтаны гана кошту. Анан мындай жарлык кылды:

– Мындан ары кыргыздар беш үйдөн бир консун. Беш үйгө бирден кечил көз болсун. Бооз катындары эсепте болсун. Катын тууганда, эркек болсо, баланын алаканын карасын. Эгер оң колунун бармак астында бөлтөктө Манас деген ат жазылуу, аппак мөөр басылуу болсо, алыс-жуукту карабай түз мага апкелсин. Андай белгиси жок туулган баланы жайына койсун. Азыр болсо бооз катындар курсагын жара берүү токтолсун...

Жарлык ушу болду.Акбалта Манас туулат деген кабарды угуп, ичтен кудуңдап, тобуна келип кошулду.

Кыргыздар келечектен чоң үмүт кылып, айыл-айылына кайтты.

## СӨЗДҮК:

**Сөз** – сўз
**Мүрөк** – обиқалт, қалт суви
**Теңир** – тангри
**Шибер** – қалин ўтлар
**Периште** – фаришта
**Киндик** – киндик
**Ок** – ўқ
**Сары май** – сариёғ
**Жамбы** – ёмби
**Сүйүнчү** – севинч, хушхабар
**Арча** – арча
**Чамгарак** – букилган таёқ
**Кескелдирик** – калтакесак
**Ордо** – ўрда
**Түркүк** – тиргак
**Керме** – жела
**Тердик** – терлик
**Көрпөчө** – кўрпа
**Кементай** – кигиздан қилинган устки кийим
**Кырк чилтен** – қирқ илоҳий одам
**Үйүр** – уюр
**Айгыр** – айғир
**Тулпар** – учқур от
**Кисе** –қопчиқ
**Байбиче** – катта хотин
**Калпак** – қалпоқ

**Аян** – танбеҳ
**Сандык**– сандиқ
**Зар** – ачиниш, куйиниш
**Куубаш** – боласиз чол
**Жолборс** – йўлбарс
**Күрсү** – гурзи
**Үртүк** – от ёпиғи
**Куу далы** – илгариги курак суяги
**Ажыдаар** – аждар
**Бооз** – бўғоз
**Кечил** – монах, роҳиб
**Баатыр** – ботир
**Алакан** – кафт (қўл кафти)
**Жардык** – фармойиш, буйруқ

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Жакып деген ким экен? Ал Алтайга кантип барып калыптыр?
2) Жакыптын эң чоң арманы эмне экен?
3) Жакып менен Чыйырды кандай түш көрүшүптүр? Чыйырдынын мал союп, элден бата алалы дегенине Жакыптын мамилеси кандай болуптур?
4) Чыйырдынын баатыр бала тубарын Акбалта эмнеден билиптир?
5) Сүйүнчүгө бараткан Акбалтанын оюна эмнелер түшүптүр?
6) Калмак-кытайдын көзү ачыктары өз бектерине эмнелер жөнүндө билдиришиптир?
7) Алооке кандай чечимге келиптир?
8) Эсенкан эмне үчүн өзүнүн каардуу буйругунан баш тартыптыр?
9) Манас баатырдын төрөлүшү жөнүндөгү кабарды кыргыздардан ким биринчи угуптур жана кимден угуптур?

II

## БАЛА МАНАС

Эркек балам шок болсун,
Эр болбосо, жок болсун…

Манас бешке чыкканча баспады. Жакыптын бечел уулу деп, калмак, кыргыз арасында айың болду. Жакшылыктан үмүт үзбөй, энеси эркелетип, атасы аркалап жүрдү. Төрткө келгенде эле бой-келбети алп болорун билдире баштады. Далысы эки кулач, сом темирдей денени көтөрүүгө буттун дарманы жетпей калтаңдап, араң таканчыктачу болду. Карысы сокбилектей, булчуңдары чулуюп, балтыры буура санындай. Беш жашын-

да там-туң басып телчиди. Кочкор чүйлүлөнүп, алты жашында кадыресе эр жетти.

Анан жети жашка жеткендеги Манасты көрүп ал. Айылда андай теңтек жок, тим эле эмне кылаарын билбей, буулугуп, күйүп турган от болду. Кээде момурап жоош, керели-кечке жууна берет. Кээде улуу-кичүүнү көзүнө илбей, байлатпаган жинден бетер кутуруп кетет. Айылдан кырк бала курап алып, өз алдынча жортуул курат. Кой сойгонду көрсө, аны туурап көрүнгөндүн коюн сурабастан-этпестен көтөрө чаап, союп жиберет. Жылкы сойгонду көрсө, мамыда турган токулуу ат болсун көтөрө чаап, мууздап жиберет. «Бул эмнең?» – десе, – «тигил ушинтпедиби!» – дейт. Балдардан андан улуулары да каяша айта албай, жалтактап турчу болду, анткени мурун мушупап коркуп калышкан. Эмне айтса, куп дешет. Айыл ичинде: «Бу бала эмей эле, балаа, акыры башыбызга мүшкүл салбагай эле» – деген айың тарады. Дүнүйөнүн тыйынчалык баркы жок ага. Энке жеңил экен деп, тай туяк жамбыны сака кылып, чүкө ойнойт. Жакып менен Чыйырды жакаларын карманып, Теңирден амандыгын суранат. Манас союп салган бирөөлөрдүн мал туягынын ордун толтуруп бергендерине да макул, алтын-күмүшү чачылып, бүтүлүү иштери бүлүнгөнүнө да ыраазы. Иши кылып, кас көзүнө көрүнбөй, эр жетип алса экен деп тайынышат.

Жакып менен Чыйырды акылдашты:

– Аңдасам, баланын эрдиги арткан менен эси жок али. Мал азабын тарттырып көрсөк кантет. Мээнетке жатыксын, сөөгү катсын, дүнүйө кантип куралаарын түшүнсүн. Ошпурдун колуна берсем, козу кайтарып, анан калса, суук көздөн алыс болот да...

Байбичеси бул акылды кабыл кылды. Жакып бир күнү чогуу отурган баласына айтты:

– Мен карып баратам, кулунум. Бир аз жылкы, төө, коюм бар, четинен кыра берсек, ордун ким толтурат? Мына сенин мал табар кезиң келип калды. Тоодо Ошпур деген бир бай бар, алты ай козусун кайтарып берсең, акыңа бир топ кой берер деп ойлойм. Ошол тапканың коюбузга кошумча болбойбу. Буга кандайсың?

– Ата, ал кандай неме? – деди Манас, таң кала карап атасын, – баласы жок, малы көп да бай болобу? Мен да малдуу болгум бар, макул, барып малын багып берейин.

Жакып ичтен кым деди. Баланы алып, койчуларынын башчысы Ошпурга барды.

– Э, Ошпур бай, барсыңбы? Мен сага козу багар малай алып келдим! – деди.

– Мен малай эмесмин, койчуман болом! – деп чакчаңдады Манас.

– Макул, макул, ошондой эле болсун, – деп Жакып баланын намыскөйлүгүнө тап берди.

Ошол айылда Кадообай деген кыргыздын Чегебай аттуу Манастан саал элебирээк баласы бар эле. Ал дагы алибеттүү өсүп келаткан экен, экөө козу кайтармай болду. Жакып Ошпур менен Кадообайга катуу тапшырды:

– Кээде ач болсун, кээде ток болсун, эркелетпегиле. Сөзү тийсе, уруп деле койгун. Ишке жатыксын, мамилеге катыксын, – деп жашыруун айтып, көңүлү тынчыгандай, кайра айылына жөнөп кетти.

Манас менен Чегебай адырда козу кайтарып, алышып-ойноп бат эле теңтуш болуп, бат эле Манастын үстөмдүгү билинди. Анда ал айтты, оозуна сала бергенсип:

– Сен менин чором болосуң! – деп.

– Болом! – деди Чегебай.

Жети күн өткөн козу кайтаргандарына, жетинчи күнү козуларын түрүп, жайыт которуп, экөө кожурашып сүйлөшүп баратса, алдыда аңдып жаткан карышкыр чыгып, козуларга чапты. Козулар дүргүп үркүп берди жапырылып. Карышкыр жеткен жерде эле бир козуну булкуп ыргытып, анан барып баса калып, куйругун жулуп алды.

– Ой, бу кандай ит? – деди карышкыр көрбөгөн Манас.

– Ит эмес, муну бөрү дейт! – Чегебай айгай салып кыйкырып калды.

Анда Манас сегизге караган, Чегебай он экиде.

– Эмне кыйкырасың, жесе бирди жеп, курсагы тойгондо кетер, – Манас камаарабай.

– Бөрү деген бирди жебейт, баарын кырып кетет, – деп Чегебай колундагы таягын булгалап, козуну арачалап, бөрүгө каршы чуркады. «Ит кейиптенген тик кулак бу кандай неме?» деп таңыркап турду Манас бериде. Чегебай жакындай бергенде, бөрү басып жаткан козуну таштап, азууларын арсайтып тура калып тап берди. Бала кайра качты.

– Иттин ити го бул! – деп ачуусу келе түшкөн Манас карышкырга чуркады. Ниетинде эки кулагынан алып, азуулуу кара тумшугун жерге саймакчы. «Адамды да бөрү капчубу?» – деп кыжыры келип калыптыр. Жалтанбай жакындай бергенде, бөрү козуну жонуна бир силкип мойнуна салды да, качып берди. Артынан Манас өмөлдү. Эки зоонун ортосундагы капчалы менен бөрү житип жоголду. Анысына карабай, негедир жаалы элиртип, Манас козунун канын кууп бара берди. Бир зоонун түбүнө жетип, чоң үңкүргө туш болду. Кирип барып караса, аргымак, бедөө аттары баары канаттуу, өздөрү асемдүү кийинген кырк киши албан түркүн

жемиш жайнаган дасторконду тегеректеп, чайдоостон чай ичишип отурушат. Тиги капшытта жанагы жара чайналган козу аман-соо маарап туру.

– Кел, баатыр, кел, – деди кызыл жүздүү бир киши.

– Арыбагыла, – деди Манас кирип келгенде учурашуу эсинен чыгып кетип.

– Бар бол, баатыр! – дешти бир ооздон.

– Бөрүгө козуну алдырып, кууп келаттым эле, – деди Манас.

– Бөрү болгон биз! – дешти. – Кырк чилтен деген болобуз!

– Кандайлыктан киши бөрү болуп кубулат? – деди бала Манас.

Алиги кызыл жүздүүсү каткырып күлүп тура калды да, бир силкинип койду эле, көкжал бөрү болуп кубулду.

Аңгыча артынан ээрчий чуркаган Чегебай энтигип чуркап кирди. Алиги бөрү бир силкинип, кайрадан киши кейпине келе калды. Анан тик карап айтты:

– Сенин атың Манас! Билип ал. Сенин кырк жолдошуң болор. Бу чуркап кирген баланын аты Чегебай экен. Кийин өзүңө чоро болор, аты Кутубий болуп оңолор. Дагы отуз тогуз жолдошуң болор, алардын аттары да биздин колдо. Бар бол, Манас!

Ушуну айтты да, кырк чилтен канаттуу аттары менен кошо көздөн кайым болду. Эки бала энтелеп козусун жетелеп кайтышты. Келатып Манас колдурайт:

– Жанагы көргөн кырк киши тегин кишилер эмес. Бекайбат экен сөздөрү. Бу козуга бөрү болуп тиши тийди, киши болуп тийди. Козуну да даарып кетишти. А көрө козуну соёлу да, экөөбүз мыктап тоёлу. Атаэнебиз сураса, бөрү алды деп коёлу.

Ушул акыл менен экөө козуну союп салышты. Бирок жагарына оту жок, тутандырар оттук жок. Отундун оорусу жеңил, тиги карагайдан Чегебай бат эле кучак-кучак чегедек жыйнады. Эми оттук кайдан табышат? ... Ошентип отурушканда, беш таначар айдаган бир атчан абышка өтүп калды жанынан. Кисесинде оттугу да бар экен.

– Абаке, от бериңизчи? – деп Манас тура калып жаңдады эле, тиги киши калмак экен:

– Үтүгүнө шоодай! – деди.

Бу сөз калмактын жеткен балит сөзү экенин жанаша жашап, аралаш жүргөн кыргыздар түшүнөт, нечен уккан. Ачууланган Манастын түгү бетине чыгып, калмак чалды кисе курунан алып, атынан оодара тартып, жерге бир салды. Бозала болгон калмак чал эси чыгып, чалкасынан түштү. Куру илинүү кисеси менен үзүлүп, четке кетти. Чегебай жете ке-

лип, чалды жөлөдү. Ачуусу таркай элек Манас курду, оттук, чакмак, бычак салынган кисеси менен уучтап алып, кайра калмакка атырылды:

– Оттук сураганды ашата сөккөнүң кандай?! Көп болсо, байым Ошпурга айтып барасың! Өзүңдү мууздап салайынбы, же танаңды мууздап алайынбы?!

– Жансоога! – деди калмак чал. – Деги атыңды айтчы, бурут, кимдин баласы болосуң?

– Эзгиңдеги үч кыл сакалыңды сыйладым. Менин атымды сурап нетесиң, аман-сооңдо жолуна түш!...

Ушу кичинекей баладан кордук көргөнүнө бир таң калып, бир эси чыгып, калмак чал калтырап-титиреп жатып атына минди да, беш танаңы кубалап, оолагыраак кеткиче ашыкты. Береги эки бала отту чоң жагып, козунун этин өз карынына салып, ташкордо кылып бышырып, чүйгүн тамакты шашпай жеп отурушканда жана бир кызык окуя болду.

Коңшу айылдын козу жайыты да ушу токой четиндеги адырмак. Ошол айылдын козу жайып жүргөн төрт бала бу түтүн булатып отурган экөөнү көрүп, сөз кылышты:

– Тигил экөө эмне биздин жайытты түтөтүп жатышат ыя? – деди ирдүүрөгү. – Жүргүлө барып, буерден козу-бозусу менен кубалайлы. Каяша кылса, жуудурук салып, ыйлатып коё берели. Экинчи буерге келгис болушсун!

Ирдүү бала Айнакул ушинтип үч жолдошун ээрчитип алып, жетип келишти. Келген жерде:

Эй, силер кандай немесиңер, биздин жайытты ыштап?! – деп бакырды Айнакул.

– Келгиле, эт жегиле! – деди Чегебай.

Этиңди ит жесин! – деп Айнакул Чегебайды күлгө аралаштыра баса калып, төшүнө минип алганы.

Муну күтпөгөн Манас тура калып, Айнакулду Чегебайдын үстүнөн жыга тартты:

– Бул эмне кылганың?!

Айнакул тура келип, Манаска беш жудурук коюп жиберди эле, ага жооп кылып Манас муштап калганда, Айнакулдун башы үзүлүп кете жаздады. Көпкө эсине келе албай: – Ой, балдар, мобу неме таш менен урду, – деп, башын салаңдатып турду.

– Неге калп айтасың? Кана, ушу тегеректе томуктай таш таап берчи! – деп Манас аны көк желкеден мыжыга кармап, жер жыттата сүйрөдү эле Айнакулдун көңүлү караңгылап, мурдунан кан кетти. Анда берки үчөө келип жабышты: экөө эки колуна, бири жонуна асылды. Манас эки колу-

на асылган экөөнү чекелерин томпойто, көздөрүнөн от чагылдыра бирине-бирин уруштуруп, жонунда мышыкча тырмышып жүргөнүн шыйрактан толгоп жиберди эле, чаңырып ал түштү. Айпакулду сүйрөп келип, төртөөн тең төө басты жаткырып, Чегебайды чакырды да, үстүнө чокчойтуп, мингизип койду. Төртөө бирдей ыйлады.

– Төрө дегиле мени! – деди Манас

– Төрө, төрө, төрө, төрө! – дешти ынтыккан балдар.

– Анда тургула да, эт жегиле! – деди Манас.

Төртөөн этке тойгузуп, эки айылдын козуларын кошуп жибертти да, Манас дагы айтты:

– Айылга барганда эмне, өзүбүзчө айыл болобуз, малыбыз бар, жан бага beребиз ушинтип. – Балдар коркконунан унчугушпайт. – Азыр эс алып жата бергиле, түнкүсүн козуларды мен кайтарам.

Балдар көндү. Айылдагы ата-энелеринен бир корксо, мындагы жаңы төрөдөн ого бетер коркушат. Ошентип, кожурашып жатып уктап калышты. Таң атканда аларды Манас ойготту. Кечээги айыбынарга деп, тиги төрт баланын козуларынан дагы бирди апкелип союп салды.

Эки айылдын эли бүлүккө түштү. Баягы кур, кисесинен айрылган Баянчор деген калмак чал экен. Ошпурга арызданып барыптыр.

– Бу баланар соо эмес, тогуздагы бала дейсиңер, чоңойгондо калмакка күн көрсөтпөйт. Мен муну бу жерде калтырбайм, баланын көзүн тазалатам! – деп ал мажарланыптыр.

Берки төрт баланын айылынын эли төрт балабыз не болду, козуларга не болду деп түнү бою текетука түшүп, койлор жаагын жанып маарап, иттер тынбай үрүп, балдар чыркырап ыйлап, дүрбөлөңгө түшүптүр. Эртеси аттуу-жөөлүү болуп, издеп чыгып калыптыр...

Ошпурдан айла кеткени. Баянчор калмак чалды кайра ээрчитип алып, алдырганыңды алып берем, баланы алдыңа баш ийдирем, кечирим сураташ дегенчелик убада менен келди эле, Манас: «Олжону кайтарчу беле?!» деп, анда ачуу сөз айтып жиберген калмак чалды кубалап, атчан немеге жетпей калды. Ошпур да: «Келгениңе сегиз күн боло элек жатып, кылганы бул болду, эртең эмне балээ баштайт?» деп баладан чындап чочулап, Жакып байга жөнөдү. Малыңды жарып салмай болду, ээнбаш өстүрүпсүң, калмактар менен касташа баштады дегенди угуп, карышкырга кой кайтартат деген ушубу деп, ачуусу келди. Анда байбичеси:

– Кырылган малыңа жаның кейибесин, бай! А көрө калмак деген иткуштан балаңды сактап кал. Же кутула албай жүрсүңбү ыйлап тапкан балаңдан. Андай болсо, апкелип бер колума!...деп буркан-шаркан түштү.

Жакып Ошпурду ээрчитип алып, баласына барды, бир күн түнөдү. «Малай жүргөн байыңдан жооп сурабай малын сойгонуңа жол болсун? Карыган калмакты сабаганыңа жол болсун!» – десе, Манас айтат: «Калмактан мени кач дебе ата! Корголоп жүрүп күн көрө албайм!» деп. «Анда болуптур. Энең келсин деп жатыры, жүр үйгө кетели» десе Жакып, Манас көндү.

Экөө кайтып баратып, Алмалуунун алты суу дей турган бадалдуу өтөктөгү жылкысын көрө кетүүнү ой кылды Жакып ичинен. Ээн талаада баласы экөө эки күндүк жерди бир түнөп арбытып, жер таанытып жүрүп отуруп жетишсе, адыр каптаган калың жылкысы чаң ызгытып, удургуп жатыптыр. Аңгилери алышып, куйругун сыртка салышып, кулундар куюгуп, ары-бери качкан көп жылкыны алты зубуп – алты топ калмак кууп алыптыр. Жакыптын жылкычылары, башчысы Ыйманы кошо кызыл-ала кан болуп, калмактан токмок жешиптир.

Жакыптын жаны кашайып, кыйкырык салып чапкылап жүрүп, Ыйманды араң таап, калмактарды кеп-сөзгө чакырды.

– Ой, бу малды кызыл май кылмай болдуңар го! Айткылачы эмне болуп кетти?

– Калмактар келип, зордук кылып, жайытты бошоткула, кеткиле! – дешип жатыры. – Жайыт акысы «От майына» деп, бу жайылып жаткан жылкынын баарын тийип кетип жатыры!

Жабалактап калмактар келип калды эле, Жакып Кортук деген башчысына айтты:

– Ой, Кортук, жайыттарыңды мен бекер алган эмесмин, отуз байтал, беш аттан төлөп турбайымбы?...

– Аз, аз!...Бул биздин жер, сен бурут малыңа тепсеттиң, өзүң да тепсеп, боктоп жүрөсүң! – деп бакырды Кортук.

– Ата, бу мал кимдики? – деп калды баятан таңыркап турган Манас. – Бу жылкы мурда кайда эле? Бу жер эмнеликтен биздики эмес?

– Ээ, балам, мал биздики, жер булардыкы…

«Балээни баштаарын баштап алган соң, эми мал ээси келгенде токтоп калбайлы, ээсин кошо сабап, жылкысын тийип кетели!» деп баятан бери нарытан каңкылдашып жаткан калмактардын сөзү менен Кортук:

– Кеткин, Жакып бурут, биздин жерди булгабай, жер дагы, жер үстүндөгү мал дагы биздики! – деп Кортук бакырып келип, Жакыпты ойройго камчы тартып жибергени.

Жакыптын тебетейинен чаң чыкты, төбөсүнөн кан чыкты. «Лайламалап» калмактар жаалап чуулдап калышты. Манас чыдап тура албады. Ыймандын колундагы жаш кайыңдан катырган укурукту суурул

алып, как төбөгө чапканда, калмактын башы жарылып, мээси агарып, укуруктун учуна кошо чыкты. Кортук тил-оозго келбей, мурт учту аттан. Калган тиги тогузу бу жорукту көргөндө жиндери кайнап, бу шум баланы кармап алалы да, башына шири салалы деп, Манасты качырып калышты. Сур куланчан бала Манас кызылдуу жүзү каракөк тартып, бет түгү чаңтозоңдой каптап, көзү кызарып, эрдин бек тиштенип, карсылдаша кетти. Төшкө чапканы чалкасынан кетип, белге чапканы узунунан сулап, жылкы тиймек турсун жандарын аман алып кетиштин айласын таппай, аттарына кайра эптеп минип, өпөңдөй чапкылашып, өбөктөп жал кучакташып, кайкы белди аша качты. Артынан сур куланчан Манас элире кубалап алыптыр. Жакып артынан чаап жалынып барат:

– Айланайын, каралдым, токто!... деп.

Манас атасынын үнүн угуп, сур кунандын оозун тартты.

Ошо ошо болду, кийинки иш жошо болду...

Ата-бала ат чалдырып, суу жээгине кол жууп, бет чайышып, Жакып уулуна шашпай сүйлөдү:

– Болор иш болду, балам, боёсу канды. Карып калган чагымда мени кун төлөмөр кылдың...

– Кун дегениң эмне, ата?

– Алда балам, башың жаш. Деги эр өлтүрүп койдум деп оюна кирбейт го сенин? Эр болгондо да онбашысын жайладың. Эми анын куну биздин моюнда. Кунга көнсө, санап-санап мал алат, көнбөй көгөрсө, ордуна эр өлтүрүп, элди талайт. Жетимиш үйлүү тентип жүргөн кыргыз барбыз, жер жайнаган калмакка түтөбүзбү?

– Түтпөгөндө эмне! Мага жетимиш бала таап бер, жетет ошол.

Жакып ичтен бир ыраазы, бир наразы, кейиштүү күлөт: – Ээ, балам, кызырлуу кыргыз элиң жок буерде. Өзүңүн балтыр этиң толо элек, баатыр болор чагын боло элек. Менин жанымды алса, мейличи, бирок сенин көзүңдү оюп коёбу деп корком...

Ата-бала сырдашкан сөздүн башы ушул эле. Тогуз жашар бала Манас кадыресе эс тартып, эресеге жетип калгандай намыстана сүйлөдү: – Ой, атаке, бир калмак өлүп калды деп, кайышпасын кабыргаң. Жылкычы башы Ыйманың айтат: Жылкыңын саны кырк миң тура. Бу жолку калмак тийгени сегиз миң экен. Жана качып бараткан тогуз калмакты кошо жайлаганда, баары болуп он калмак сегиз миң жылкы кун болуп бере албай куруппу. Мени бекер кайырдың. Коркуп жүрүп жыйган малың бир жолу чапкан жоонун олжосу да! Аманат жанга бир өлүм деп Акбалта авам туура айтат. А көрө, ата, менин тегимди толук айтып бер. Калың кыргыз элиң алыс дейсиң, биз эмнеге тентип келгенбиз? Же бирөө бизди

куугáнбы, же өзүбүз жүдөө элбизби? Орозду чоң атамын он уулу он жакка тараган деп кеп угам. Аларды ким тараткан, же өздөрүнөн ырк качканбы, же бир душман чапканбы?

Али бала деп жүрсө, Манасы минтип, эс тартып, акыл ойлоп калганына Жакып бай таң берип, жетине албай отурду.

– Оо, балам, Теңириң – Көк, тегиң – Кыргыз, жолдошуң – Күн, тирегиң – Кара жер, өмүрүң – Суу, демиң – От, жандоочуң – Көкжал Бөрү, колдоочуң – Кыдыр!... – деп эргиген Жакып, эсине кирип келаткан уулга ата-баба жол-жосунун айта жүрбөй кичисиреткенине кейиген Жакып илгертен берки ата-бабасы эсине түшүп, узун сабак, улуу сөзгө кирди. Ушу Манаска чейин кыргыздан отуз эки ата өтүп, Улуу Тоого киндиктеш өсүп, Ай Талаанын эрке кулуну болуп, куюндап жашап, эзелтен ээлеген жери Күн жүрүш тарабы Эренге жетип, Түн жүрүш тарабы Энесай бойлоп, Миңсуу аралап, Күн батышы Орол тоону кыркалап, Күн чыгышы Тебиттен Манжуурга чектешип, ушул орто Кыргыз Тегинен бери карай Ата конуш, Ата Мекен болуп, Жетеден Жотого мурас өтүп, кең аймак бирде учу-кыйры узарып кеңип, бирде ширигe каткан баштай бир ууч болуп куурулуп, душманга басынып, аида Ажолор Мекен жерин талашып, басып келген кас менен алпурушуп, Бабалар айыгышып күрөшүп, Аталар кан төгүшүп кармашып, Балага мурас калган Ата Мекен ушул ...экенин айтып отурду Жакып Манаска:

...Ээ, балам, – деп отурду Жакып, – эресеге жетерсиң, эс-акылың мол болсо, эл башы болуп кетерсиң. Ага чейин ата-бабалырыңдын баянын дагы нечен угарсың. Азыр али жашсың, каруууга күчүң толсун, элиң жерден боорун көтөрсүн, ошондо чачылганды жыйнаарсың, тытылганды кураарсың, кызырлуу кыргыз элиңди табаарсың, айтылуу Талас жериңди табаарсың. Ошондо гана менин өткөн өчүмдү, кеткен кегимди кайтарып алаарсың. Ага чейин шүк жүрчү...

Бирeсе баатыр түгү чыгып, түсү каракөк тартып, бирде көзү чачырап жайнап, көөдөсүнөн дем оргуп, азыр учуп кетчүдөй талпынып, атасынын баянын бирде муюп, бирде уюп, бирде ээлигип, бирде жээлигин угуп отурган Манас кыңая бурулуп туурадагы кырды караса, кызыл байрак көтөргөн кырк кызыл атчан турат. Бала жадырай жылмайып, көзүн чылк жумду да, кайра ачты. Кайра ачса, кырк чилтендин эки танабында көк темир кийген сан жеткис калың аскер: туулар күнгө жалтылдап, найзалары көк саят. Кыр-кырга кыркаар тизилген, боор-боорду жабалак-

тай каптаган мынчалык көп аскер. Ортодо нурлуу жүзү жаркыган, ачык маңдай, ак маанай, ак мунар башын аймаган, буурул атчан жаш улан ителги куштай зымпыят. Манасты тиктеп жадырай күлөт. Кырк чилтен эки бөлүнүп, буурул атчан жаш уланды эки жактан коштоп, Манаска жуук келишти. Манас ордунан туруп, утурлай басты.

– Арыба, баатыр! – деп учурашты алиги улан.

– Бар бол, ава! – деп алик алды Манас.

– Ураанын ким? – деп сурады алиги улан.

– Кыргыз! – деди Манас. – Өзүңкүчү?

– Манас! – деп шаңк этти алиги улан.

– Бул көп кошуун кимдики? – деп сурады Манас.

– Сеники!

– Өзүң ким болосуң, ава?

– Бакай аваң боломун! – деп шаңк эткен дооштон тоо жаңырды.

– Анда, аттаналы, ава! – деп айкырып, Манас сур быштысына үзөңгү теппей минди. Минди да улуу тоо багыттап:

– Кыргыз! Кыргыз! – деп ураан чакырып чаап жөнөдү. Артынан айкырып Бакай чапты:

– Манас! Манас!

Кырк чилтен эки бөлүнүп, экөөн эки жактан коштоп чаап баратты...

Жакыптын эси чыкты. Ангемесин аңкайып угуп отурган баласы бир маалда эле «Кыргыз! Кыргыз!» деп кыйкырып, тура калып, сур быштысына ыргып минип, ураан таштап, бакырган бойдон тоо таяна чаап кетти да калды.

Анан ошо ошо болду. Чоң Жиндинин кийинки Манас деген ат менен кошо болду...

## СӨЗДҮК:

**Шок** – шўх
**Бечел** – нимжон бола, беқувват
**Алп** – жуда улкан, девқомат одам
**Дарман** – дармон
**Жортуул** – қуролли ҳужум
**Айың**–ёлғон-яшиқ
**Малай** – қул
**Чоро** – ботирнинг сафдоши
**Карышкыр** – қашқир

**Бөрү** – бўри
**Үңкүр** –унгур
**Оттук** – чақмоқтош
**Тана** – тана
**Жайыт** – бўлинган ўтлоқлар
**Ирдүү** – йирик
**Төрө** – тўра
**Убада** – ваъда
**Олжо** – ўлжа
**Ээнбаш** – ўзбошимчалик
**Токмок** – ёғоч тўқмоқ
**Укурук** – арқон илмоқ
**Кун** – товон, хун
**Тек** – насл
**Ырк** – тинч-хотиржам
**Баба** – бобо
**Мурас** – мерос
**Эресе** – балоғатга етган
**Улан** – ўғлон, йигит

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Манас башка балдардан кантип айырмаланыптыр?
2) Анын тентектигинен жадаган Жакып менен Чыйырды кандай чечимге келишиптир?
3) Ошпур бай ким экен? Ага Жакып кандай тапшырма бериптир?
4) Манастын эл башчы болору анын кайсы сөзүнөн билинет?
5) Карышкырды биринчи көргөн Манас аны кандай кабыл алыптыр? Анын жини эмнеден улам келиптир?
6) Ал карышкырды кууп барып кимдерге жолугуптур? Алардан кандай сөз угуптур?
7) Манас калмак чалды эмне үчүн токмоктоптур?
8) Коңшу айылдын козу кайтарган балдары менен Манас кантип таанышыптыр?
9) Жакып Ошпурдан Манасты үйгө алып кетип бара жатып, кайда барууну чечиптир?
10) Калмактардын кордугун Манас кандай кабыл алыптыр?
11) Жакып Манаска ата-теги жөнүндө эмнелерди айтып бериптир?
12) Манастын ураан чакырып, тоо таяна кетишине эмне түрткү болуптур?

III

# ХАН МАНАС

Ак кийизге чайпатып,
Ак батага жайкатып.
Төрө Манас хан болду,
Ааламга бүт даң болду!

Манас он үчкө толду, олбурлуу зор эр болду. Аккула али бышты чыкма жаш, жаштайынан жалакай кылбаска аны Камбарбоздун үйүрүнө кошуп, элкин коюп, эки асый болуп калган Торучаарды минип жүрөт. Жайдын күзгө оогон бир күнү Манас аймагынан сексен төрт улан чогултуп, салбурунга чыгууну көздөдү. Алтайды бөксөлөп, чыгышты көздөй жүргөндө, Оркун деген дайра бар. Баркөл деген көлү бар, шымалытүндүгү ангирден бери, арасы бадал токой, анга ылайык деп уккан, бүркүт алып шаңшытып, тайган ээрчитип каңшытып, ...түн мылтыктарын тандашып, жаа-жебесин камдашып, жол азыгын мол алып, кош курарга чатырларын бүктөшүп, коштоо аттарына жүктөшүп, шатыра-шатман жүрүп калышты. Жолго чыгарда Манас атасынан суранып, жылкыдан үч быштыны карматып, экөөн эки жолдошуна мингизип, бирин бош коштотуп алган. Чаркастандын оюна, агын суунун боюна, бадал токойдун ачыгынан ыктоо жай таап, чатырларын он-он бештен айыл кылып тигишип, кош курап, алты күн айлана-тегерекке ит агытып, куш салып, бөрү-түлкү алышты, оюнга абдан канышты. Балдардын алды жыйырма беште, эң кичүүсү Манас он үчтө. Алтынчы күнү чогулуп отурганда, Манас кеп айтат: – Баарыңар мырза балдарсыңар. Төпурашып башы жок жүрө бербей, бирөөнү ак тердикке чайкап, хан көтөрүп алсакчы, анан аны улук көрүп, айтканына көнсөкчү. Ким минип келген атын союп берсе, ошону хан көтөрөлү да, айылга барганда, элге жарыя кылалы. Кана, аттуулар, чыккыла, мартың болсо, сойгула, бакылың жөн койгула. Бу кеп тамаша эмес, чын болсун, бирөөнүн атын алдап жегендей болбойлук...

Манас муну айткан соң, бир тобу жаалап колдоп кетишти. Оболу манжудан келген Шакунга сунуш кылышты.

– Мен өз атымды жойгомун, алтайлык камап келгенде, Манаска жөөкөр болгонмун, – деп ал моюн толгоду.

Ошпурдун уулу Назарбекке асылышты, башчы болуп бергин деп.

– Мен сегиз жашымда эле Манастын ат кошчусу болуп алганмын, – деп, ал да моюн толгоду.

Саламаттын уулу Айнакулга кезек келди эле, ал: – Мен да Манастын жөөкөрүмүн. Эп көрсөңөр Манастын өзүн баш кылып алгыла, – деп кутулду.

Айдаркан уулу Көкчөнү камалашты: Сен хан боло турган жөнүң бар, ата-бабаң атактуу, тектүү, өзүң эрсиң. Ушу сен ылайыксың…

Анда Көкчө кейип эки тизесин мыкчыйт: – Ой, ары жок балдар, алты күнгө чыдабай, арааныңар бузулдубу? Мазак кылган сөзгө макоо атын союбу? А көрө бугу-марал таппасаңар, кекилик-улар атып, жумуруңарды толтуруп чыдабайсыңарбы!

Анда Аскардын уулу Жабагы ачууланып алганы: – Сары-Арканы жайлаган, сан казакты айдаган, башкы атаң Барак хан болгон. Чоң атаң Камбаркан бар, өз атаң Айдаркан. Минтип артка кеткениң башкага жараша да, сага жарашпайт. Бабырабай сой атыңды! – деп демитти.

– Ой, Жабагым, өйдөлүк сөзүңдү кой, чын эр болсоң, чыкчырылбай өз атыңды сой, – деп Көкчө этегин кагынып туруп кетти.

…Акыры кезек Манаска келди.

– Сексен төрттүн ичинде, сен экенсиң кичүүбүз. Түп атаң кыргыз уругу, өзүң бай Жакыптын тунугусуң. Бабаларыңан бери башынан дөөлөт кете элек. Урматтап улук кылып алалы, атыңды бер, хандык жолуна чалалы.

Анда Манас келберсип туруп муну айтат:

– Аттуусуңар барыңар. Атын союп хан болуш адам угар кеп эмес. Бирок аң табылбай ылайык, ач болуп калган экенсиңер, силерден ат аяган курусун. Торучаарды чалгыла!

Муну укканда, Чегебай ордунан ыргып турду:

– Торучаар арык, эти жок, жанга ченеп минип жүргөн аттын этин жеген кишинин бети жок. Жакып атанын Камбар бозунун үйүрүнөн тандап кармап, боз быштыны мен бош коштоп келе жатырмын. Ал деле Манастын малы. Торучаарыңарды коюп, ошону сойгула. Байрак байлап найзага, Манасты хан көтөрүп койгула!

Ошентип тамаша сөздүн акыры чынга айланып, боз быштыны чалышты. Манастын чатырынын босогосуна көк асаба найзаны сайышты. Ак тердик апкелип, Манасты отурган ордунан көтөрүп, үстүнө салышты. Колтойгон Манасты тердикке чайкап, жигиттери жети тегерене басып чыгышты. Баары орундарынан туруп, күлкү-шаң аралаш:

– Кулдугубуз бар, ханым!

– Жаша, Манас! Бар бол, Манас!

– Манас! Манас! Манас!

Деп жарданып, ураан чакырып, Чаркастандын жайыгын, бадалдуу токойду жаңыртып турушту.

Эми хан Манас сүйлөп турмагы:

– Хан көтөрүп алдыңар, анда хандын сөзүн уккула. Мындан ары Алтай тоонун Аңыртын ашабыз. Оркун дайранын Марал-Кечүүсүн жакалап, кайгуул чалабыз. Элибиз турган аймактын чеке-белин капилет келчү жортуулдан саксактап турбасак болбос...

Сексен төрт жөөкөрү ашып-шашып чатырларын бүктөшүп, кош-колоңун артынышып, Манаска катар бастырбай, куйрук улай жүрүшүп, Аңырттын белин ашты, арага бир конуп, андан нары арбын жол басты. Сексен төрттүн ичинен узак жолго чарчапып күңкүлдөгөндөр да болду. Бирок хан Манастын каары күн сайын күчөп чыгууда, бет келип каяша айтчу жан даабады. Күн бою тынбай жүргөн соң, Оркундун боюна жетти. Жаңгел токой, апай төш жер экен. Кылымдап өскөн түптүү чынарлары дүпүйөт, бир чынардын башында берендерин чоң уясы бар окшойт. Куштар сайрап безенип, нарытан өйүз-бөйүз тереңжарга камалып, урган таштай толкуп аккан Оркундун шарына оболу көнбөгөн кулак тунгудай. Жар жайыкталып, суу жайылып аккан жерин Марал-Кечүү дээр экен. Токой четине чарчап барган берендер аттарын аса байлашып, көрпөчөсүн төшөнүп, ээрлерин жазданып, жайнап жатып калышты.

Марал-Кечүүдөгү аңчылык олжолуу болду. Чатырларын тигишип, кош курап койгон эртеси он-он бештен бөлүнүп, тоо боорлоп аң уулап кетишти, бир тобу ошол күнү алыс кеткени эртеси кечке жуук бугу менен маралды аттарына жүктөп, өздөрү жөө жетелеп келишти. Ошентип той түшүп калды.

Эсенкан баягы жылы кырк беш төөгө алтын,күмүш, мал, тубар, пул жүктөтүп, кербен курап, алты шибээни башчы кылып, аларга уйгурдан он сарт, калмактан он кошчу берип:

– Соода кылып келесиңер, чет жакабыздагы элдердин көөнү кандай экен, түкшүмөлдөп, изилдеп билесиңер, – деп жөнөткөн эле. Андан бери канча жыл өттү, кеткен кербендин дайны өчтү. Ошонун дарегин издегиле. Алтайды аралап, баягыда асыл ташы менен ак буудайын жүктөп келип, ырымга тай сурап, жаңы коныш сурап, журтуна бийлик сурап кеткен буруттар кандай жатыптыр, ошолордон Манас деген бир балээ чыгат деп Жаңгир маземди алды эле, ошонусу чын бекен же калп бекен, аны билесиңер, андан көңүл тынч болсо, Орол тоону оодара кыдырып, кайра Кашкарга, Жаркен менен Коконго, андан өтүп Анжияндагы Алоокеге жолугуп, жоголгон кербендин дайынын издейсиңер. Андан кабар чыкпаса, Самарканга чейин барып кайткыла, – деп Нуукер деген баатырын башчы кылып, тогуз жүз аскер кол жөнөткөн.

Мына ушу тапта Нуукер колу менен Оркундун өйүзүнө келип калган болуучу. Берки жээкте сайрандап жаткан топту көрүп, Нуукер балбан өзү баштап сууга даап кире албай, жүз жайсаңын жумшады.

– Алтайлыкпы, ким булар? Барып билип, башчысын мага ээрчитип келгиле. Барбайм деп моюн толгосо, жүндөй сабагыла!

Жүз жайсаң жээкке келип караса, тоодон мөңгү бузулуп, Оркун көчкүл жошолонуп кирип турган кези экен. Ар кимдин жаны аялуу. Жүзбашысы бирөөн кайта Нуукерге жиберди, буруттарга жеткенче бу суудан бирибиз калбай агып өлчүдөйбүз деген кабар айттырды. Анда Нуукер ачууланып:

– Жалтанбасын суудан, аккандан калганы жетет! – деп айкырды.

Жүз жайсаң калтаарып, сууга кирди. Агыны катуу Оркундун толкуган бети кара чаар болуп чыкты, ар кимиси ар жерде өрдөктөй болуп сүзүп бараткан. Ат жалдаганы эптеп аркы жээкке жармашты, ат жалдатканды билбеген ат-маты менен агып кете берди. Жүз жайсаңдын сексени чыгып, жыйырмасы сууга кетиптир. Манас суу жээгине кароол койгон. Сууга келгендерди көрүп, алар Манаска айтып кабарлашты. Хан бала балдарын аттарына мингизип, эскертти:

– Даяр тургула. Кастык пейли көрүнсө, камынтпай ат койгула!

Манас оозун жыйгыча, келчүлөр келип калышты.

– Кандай жүргөн жансыңар? Же кайтарган малың жок. Бүркүтүң бар, итиң бар экен, аң уулап келгенсиңер го? Жөнүңөрдү айткыла! – деди тигилер басмырлап.

Манас тырчыга түштү:

– Өйдө-төмөн сүйлөйсүң, өзүңөр ким болосуңар?

– Каканчындын калкыбыз. Мен жүзбашы боломун.

– Жүзбашы болсоң, жөнүң айт. Жайынча жаткан жандарга опурулганың кандай?

– Колбашчыбыз Нуукер баатыр өйүздө калды. Силерди айдап кел, көнбөсө, байлап кел деп жиберди. Өлө элегиңерде алдыга түшүп баскыла! – деп жүзбашы Манаска жакындай берди камчы үйрүп.

Мындайды Манас көргөн эмес, көрсө да кордукка көнгөн эмес. Камчылуу колун толгой кармап, аттан оодара тартты да, ачалбарсы менен башын желкеден ылдый шарт кесип алып, артындагы жайсаңдарына ыргытты.

– Ал, Нуукериңерге менин жообум ушул, алпарып бергиле!

Тигилер ооздорун ачып, деңдароо боло түшкөндө, белен турган эрендер «Манастап» ураан чакырып, жабыла ат койду. Сексен төрт бала кууганда, тиги жетимиш тогуз жайсаңдын эси чыкты, карышкыр тийген

койдой дыркырап качты. Балдар бирин да сууга киргизбей, бирин да соо кетирбей, сексенин тең жайлады. Ат-тондорун, курал-жарактарын олжолоп, беймарал аңчылыкта жүргөн балдар, жоо-жарактуу болушту.

Өйүздө Нуукер балбан сегиз жүз колу менен ат чалдырып, эс алып жатып калыптыр. Кечке күттү, жиберген жүздөн кабар жок. Түн ичинде караса, жылдыздай болгон от күйөт, эрте менен караса, токойдон чыга калып, кээде бирин-экин ат жүрөт. Нуукер кеткен аскерлери соо эмесин билип, анан калса тигилердин житип качпай, жайбаракат жатканына жаалы келип, согушка керней тарттырды, барабанын кактырды. Айгай салып, колун шаштырып, токойдон тал-терек кестирди, эки жүздөн байлатып, сал жасатты, анан колун айдап, сууга киргизди. Бөлөк-бөлөк кирбестен, баары жапырт киргенге кептеле түшкөн суунун катуу агымы толкуп күчөп, сегиз жүз колдун жүз онун алып кетти. Алты жүз токсону аркы бетке араң чыкты калчылдап. Көбүнүн аттары агып, өздөрү жөө жүрөт салпактап. Нуукер кечеги жүздү жайлаган немелер токойдун ар жерине катып койгон буктурмалары болбосун деп, колун бөлүп, арай беттин токоюн туш-тушунан курчатты, улам кысып аралап, орто жерде кең жайыктан балдарга туш болушту.

– Кайсы жактан болосуңар? Туругуңар кай жер? Кечеги келген жүз жайсаң кайда? – деп атырылды Чаң-Чаң деген бир шибээ.

– Түпкү атамы сурасаң, Төбөй болот, силердей басмырлап келген душмандын талпагын ташка жайчу экен. Башкы атамы сурасаң Каракан, кастаашкан канча жоону алган. Чоң атам Орозду баатыр, Энесай менен Ала-Тоонун ортосун ач арстандай жойлогон. Өз атам Жакып бай, өзүмүн атым – Манас. Кечеги келген жүзүңөр жер тиштеп тиги коктуда жатат. Тим жүргөн жанга тийсеңер силердин да каныңар суудай чачылат!

Аны уккан кытайлардан Кымкар деген бир балбан кылычын сууруп, кыйкырып алдыга чыкты.

– Кыйын болсоң жекеге» – деп бакырды.

Хан шайлап койгондо, ушуну кылмаксың да Манас. Кийик атып тим кетпей, киши өлтүрүп, канкор-күнкор болдук. Жаш балдарды бу жайнаган кол бирден кууп жүрүп, соёр бейм. Жат эмессиң, бөлөсүң, Эсенканды оңой жоо ойлобо, – деп Көкчө наалып калды күбүрөп.

Анда Манас акырын жалт карап, ачуулана сүйлөдү:

– Көсөөрлүк кебиңди кой, көр Көкчө. Ачык айтпа, азаматтардын үшүн аласың. Азыр качып бергенде, ошондо кырылбайбызбы! Жүрөгү жоодон кала элек жаш балдар жалтанса эле курубадыкпы!

Манас жаалданып, кылыч сууруп, жекеге өзү чыкмак болгондо, Аянкул жылоодон алды:

– Баатыр, хан болгон соң, тим тургун.

Манастын сөзүнө ардана түшкөн Көкчө атына камчы салды. Кымкарга маңдайлаша бергенде, эр Көкчө аны көмкөрө сайды атынан. Аңгыча арыдан Болжоң деген баатыры мылтыгынын милтесине от коюп, мелжеп чаап келатат. Найзачан турган Көкчөнү көмөлөтө атып салбасын деп, Манас аны озунуп, онкосунан кулатты. Аны көргөндө Нуукер чыкты күркүрөп. Быяктан Торучаарын алкынтып, эр Манас чыкты айкырып.

– Майданга мен чыктым го, сен эмне келдиң? – деп Көкчө кайрылды.

– Сага жаным ачыды, – деп Манас жакындай бергенде, бу турган эки баланы көзүнө илбеген Нуукер балбан мылтыгынан ок атпай, найза сунуп сайышпай, кылыч алып чабышпай жетип келип, Көкчөнү ээрден сууруп кеткени. Боорунан мыжыга кармап, алпарып ташка чабуута обдулду. Ошондо Манас артынан жетти да, Нуукерди айдальцан апчый алып, Көкчө экөөн тең аттан жулуп, ат жалына басып, ала качып сексен төрт жоролоруна жетип барды. Балдардын баары алая карап калыптыр. Көкчөнү бошотуп алалы десе, анын колу Нуукердин карчытына жабышкан бойдон карышып калыптыр. Көкчөнү бошотуп алды да, Манас Нуукерди жерге бир чаап, ал ооналактап тургуча, кылычын сууруп алып, желке талаштыра башын кыя чапты.

Жаш баладан мындай шумдукту көргөндө кытайлар ланнатына сыйынып, апкаарый кыйкырышып, аламан чабуул салышты. Бериден Манас менен Көкчөнүн эрдигинен демөөр алып калган сексен төрт «Манастап» ураан чакырып, ач кыйкырык, куу сүрөөн менен жалтанбастан каршы чыкты. Айбалта башка шалкылдап, найза төшкө такылдап, төбөдө кылыч жаркылдап, четте туруп аткандын мылтыктары тарсылдап, кадимки кызыл кыргын болду. Баатыр Манас бакырып, жоонун бир капталын жиресе, эр Көкчө айкырып, тиги капталын эңшере оюп кирип жүрөт. Сексен төрт баланын жетөө жарадар болгон экен, Айнакул аларды кошко жиберип, кайра кирди согушка. Аз болсо да сексен төрткө дем берер, сүр кошор Манас, Көкчө баатырлары жүрөт алдыда. Нуукеринен ажыраган кытайлар ач кыйкырык, куу сүрөөн чууга, көз ачырбай ызылдаган жебелерге. «Манастаган» ураанга туруштук бере албай, аздан соң сүрүлүп артка чегинди, жанталашып сууга бой урду. Артта жетпей бараткан жөөлөрү арт этектери баштарына жабылып, өңгүрөп өкүрүп, алар кирди сууга. Суунун бети өрдөк толгон көл бетиндей чаарала болду. Далдайып ташка кептелип жатканы бар, тебетейлери бөлүнүп, тегеренип агып бараткандары бар. Сууга жетпей калганы же батына албай

корккону токойдун черине житип-житип кетишти. Чанырып жүргөн Чалыбай кырк атын айрып алыптыр, алдына салып кошко айдап, ал баратат арсандай күлүп. Кытайлар болсо, сегиз жүзүнөн эки жүзү кутулуп, көбү суу топоңго баштары тыгылып жатып калды.

Олжого түшкөн жылкы көп, курал-жарак андан бетер. Сексен төрт бала олжону тең бөлүшүп, алгачкы эрдигине таноолору дердеңдеп, эртеси айылга кайра жол тартты.

Мына ошол согуштан кийин Манас канкор деген атка конду.

Балдар жоо жеңип, өздөрү аман-соо келгенине деп, ак түлөөгө жараткан Камбарбоздун үйүрүнөн Жакып тогуз боз бээ байлап келип чалдырды. Алтайдын аймагын жайлаган ар түрдүү уруунун акылман, кайратман деген башчыларын чакырды. Мангулдан баатыр Жайсаң даңгыл келди. Манжудан Күлдүр менен Калдар келди. Алчын, Үйшүн, Найман, Абактардан Айдаркан баш болгон топ келди. Аргындан Каракожо келди. Кыргыздардан Саламат, Бердике, Жакып өзү бар. Кыпчактардан Чечен таз келди. Нойгуттун башы Акбалта бар. Анан дагы өткүр чечен Абдылда, өз тууганы Акылбек, короолошу Ошпур бар. Ошентип, жоон топ эл болду. Ошондо Жакып бай сүйлөп турмагы:

– Ханга каяша кастыгына жараша. Эми Эсенкан жөн жатпас. Ажыдаардын куйругун басып алдык көрүнөт. Өлүк болсок бир чуңкурда, тирүү болсок чогулуп бир дөбөдө болгудай ынтымак куралы. Түндүгүбүз Ангир, Энесай, Шибер, чыгышыбыз Оркут дайра, батышыбыз Орол тоо, түштүгүбүз азырынча Алоокенин таман астында жаткан Ала-Тоо, Талас, Анжыян, Самаркан – ушул аймак бүтүндөй ата-бабабыз жоодон коргоп, мекендеген жер экен. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарсак, камдуу болсок, өзүбүз ээлеп турарбыз. Акбалта баш болуп согушка кайнап өскөндөр жетилип келаткан балдарыбызга согуш өнөрүн үйрөтсө. Кенчилер кен казып, усталар узанса, каруу-жарак чыңаса, Мал курусун, жамандыгына алса, бир күнү ит-куштун оозуна же жутка кетчү, алаканга сузган суудай чууруп жоголмокчу мүлк. Аскер курасак, минерине ат, жээрине эт, ичерине сүт белен. Баш кошо албай, бириндеп жүрсөк, бирден басып, күнүбүздү таң атпаган түн кылар, ургаачыны күң кылар, эркегинди кул кылар, зайыбыңды тул кылар. Эмесе, өкүмү болбой өнүкпөйт, башчысы болбой марыбайт эл, баш-аламан жарыбайт эл. Жарактуу киши зар болбойт, кандуу киши кар болбойт. Отурган журт эп көрсө, баарыбыздын башыбызды бириктирер хан шайлап алсак, жардыгына моюн сунсак, кыңк этпей, кулдук уруп, айтканын аткарып турсак, – деп Жакып оюн ортого салды.

...Көпчүлүк бул акылды колдоп кетишти. Күбүр-шыбыр көбөйүп, эки-үчтөн кенешкендери четке чыгышты. Аздан соң кайра келип отурушканда, Айнакул бала сөзгө жол сурап калды карылардан:

– Чеге коштоп барган боз быштыны сексен төрт бала согуш алдында арал жерде сойгонбуз. Манасты хан көтөрүп койгонбуз, калганыбыз бүт ага жоокер болуп алганбыз! – деп Айнакул болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берди.

Нары жакта Камбаркан небереси Көкчөнү жемелеп калды.

– Туубай калсын сени! Ушу Манастан каериң кем? Бир тайды аяп. Мына эми оозунан алдырган бөрүдөй болуп жүрө бер!...

– Айткыла, агайын-туугандар, балдардын хан көтөргөнүн эп көрөсүңөрбү, жокпу? Арманың ичте калбасын!

Анда Манас сөзгө аралашты:

– Ээнде бир ат сойдум деп, ээликен жаш муундар мени хан көтөрүп койду деп, токонаалатка калбайын. Алдымда агам жок, артымда иним жок, башыма мүшкүл иш түшсө, куткарып алууга атам Жакыпта дарман жок. Кыргыз, казак бир тууган, хан болуучу жан болсо көтөрүп алгыла!

Журт дуулдап калды:

– Айткан сөзүң ырас. Бирок агайын-тууган журтуң бар, артыңан ээрчиген жөөкөрлөрүң бар. Хан болууга өзүң ылайыксың!

– Манас эр жеткенче малдуу-баштуу Жакыпты хан көтөрүп алалы...

– Анда Бала Манасты каска каршы турар баатыры кылып алалы.

Камбаркан эки санын мыжыгып, ичи өрт менен жалын. Акырында заңкылдап үн кошту:

– Аныңарга биз макул. Илгертен кыргыз Түрк журтунун төбө бийи экени ырас. Ошон үчүн баарыбыз Кыргыз ата дейбиз. Бирок төрөлүктү казакка берелик! Көкчө төрө болсун!

– Болсун, болсун, төрөлүктү Көкчөгө берелик! – деп көпчүлүк дүңгүрөп калды.

Акылдашкан сөз аныгына чыкты. Алты кулач ак кийизди апкелишип, астыга жая салышып, буурул сакал Жакыпты Акбалта менен Бердике жетелеп келип отургузушту. Жакыптын көзүнөн жашы мөлтүлдөп, көпчүлүктөн сурады: – Бала деп канча ыйладым. Эми Теңирден тилеп алган балам турса кашымда, карыган менин хан болушум эп болбос!...

Ошенткенде казак, кыргыз, калмак, маңгулдан төрт жигит чыгып, Манасты колтуктап апкелишти да, аны да ак кийизге отургузушту. Кийизди ар уруунун кишиси туш-тушунан көтөрүп келип, жети кадам баскыча Жакып: «Болду, балдар, болду. Мен хандыгыңды койдум» деп жерге оонап түшүп калды. Жалгыз Манасты көп жигит Жакыптын өргөсүн үч айлан-

та чыкканда ак байбиче Чыйырды арага түшө калды: – Айланайын, аталар! Кагылайын балдарым! Теңируул деп корчологон Манасым ушул турбайбы! Манасты хан көтөрмөк болдуңар. Мен камдап койгон Ордо үй бар. Ордо үйдү тигели, хан белгиси деп туу саялы!

...– Туу! Туу көтөрүлсүн! – деп жаалаган ураан, добуш чыкты....Көк Теңир жалга! Көк Теңир жалга!

– Көк Теңирдин Көк Туусу көтөрүлсүн жалпылдап!

– Жаша Манас! Жаша Манас! Жаша Манас!

– Манас! Манас! Манас!

– Көк Теңирдин уулу Манас!

– Көк Теңирдин уулу Манас!

## СӨЗДҮК:

**Аалам** – олам
**Салбурун** – ов, овлаш, овга чиқмоқ
**Чатыр** – чодир
**Бышты** – уч яшар от
**Мырза** – ҳукмрон, тўра
**Жөөкөр** – ботир жангчи
**Мазак** – мазах
**Кайгуул** – дозор (олдинга юборилган кичик қисм)
**Чынар** – чинор
**Берен** – баҳодир
**Кербен** – карвон
**Бурут** – қирқиз
**Балээ** – бало
**Мазе** – маза
**Кароол** – қоровул
**Ачалбарс** – ўткир қилич
**Жаал** – жаҳл
**Сал** – сол
**Буктурма** – пистирма
**Жекеге** – яккага
**Милте** – пилта
**Жоро** – жўра
**Күң** – қул хотин
**Кул** – қул
**Тул** – тул хотин
**Токонаалат** – ёмон нарса
**Кийиз** – кигиз
**Өргөө** – ўтов
**Туу** – туғ, байроқ
**Жалга** – ёрдам беринг

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Манас өз тегерегине курбу-курдаштарынан канчаны жыйнады?
2) Топтолгон балдар эмнеге атташышты? Манас атасынан эмне сурады?
3) Аң уулап, эс алып отурганда Манас кандай сунуш кийирди? Кимди хан көтөрүү керек деп айтты?
4) Балдар Манастын айтканын кандай кабыл алды? Хан болгунуң дегендер кандай жооп беришти?
5) Хан болуп берүү жөнүндөгү жоролорунун сунушун Манас кандай кабыл алды? Айнакул кандай сунуш кийирди?
6) Хан болуп шайлангандан кийинки Манастын эң биринчи айтканы эмне болду?
7) Эсенкан Нуукер аскербашчысына кандай тапшырма берип, жолго аттандырды?
8) Ээн-эркин жаткан балдарды көргөн Нуукер алардын жайын билип келүүгө кимдерди жана кандай тапшырма берип жөнөттү?
9) Суудан өтүп келген жайсаңдарга Манас кандай жооп берди?
10) Нуукердин колун Манастар кантип талкалашты?
11) Манастардын бул урушун эл кандай кабыл алышты? Жакып эмне деген сунуш киирди?
12) Жыйындын алдында Айнакул эмнелерди айтты? Манас буга эмнелерди кошумчалады?
13) Жакып өзүн хан көтөрүү жөнүндөгү сунушту кандай кабыл алды? Ким кан көтөрүлдү?
14) Чыйырды кандай сунуш айтты? Кыргыздын башы бириккенин ушул жыйындан билсе болобу?

# IV

## БЭЭЖИН ТАКТЫСЫ

Кыргыздан элчи келатат деген кабар Эсенканга жетиптир. Кытайлар калайман түштү. Дагы кандай балээси деп, Эсенкан баш болуп, Айжанжун, Күнжанжун, Коңурбай төртөө шаар ортосундагы бийик мунарага чыгып, дүрбү салышты. Элчи келатабы, же кошууну каптап келатабы деп, дүрбөлөң түшүп калышты. Караса үч караан гана көрүнөт.

– Ырас гана болот экен! Элчилерин соёюн да, булардын кегин кууп келгиче, кол жыйнай коёюн, – деди Коңурбай.

Эсенкан Коңурбайдын сөзүн жактырбады:

– Калча деп койсо жөнү жок күрүлдөй берет экенсиң! Элчилерин өлтүрсөк, өзүңдү калаага киргизе кууган эр Манас коркуп калат дейсиңби? Сан жылкыңды тийген Алмамбетке тең боло албадың. Согушам деп барып, нечен дөө-балбандарды алдырып келдиң? Башкасын кой, Нескара кана? Жолой кана?!

Эсенкан мындай деген соң, Коңурбай таарынып калды. «Бул жерде туруп нетейин, а көрө Түп Бээжинге кетейин. Кырк кандын улугу Кары ханга барып кол сурайын» деген ой менен кете берди.

Элчилер келатат. Чет Бээжин шаарынын кырк капкасы боло турган. Чеп салдырган коргонунун бийиктиги кырк кез. Жалаң бышкан кышты таш менен аралаштыра урган. Капкалары колодон. Ар капканы күзөткөн куралдуу жайсандар. Неченди көргөн Ажыбай, неченди билген Үрбү экөө ачылган ооздорун чеп түбүнө келгенде жабышты. Кабар кетти. Эсенкандан уруксат келгенден кийин капка ачылды. Кирген соң бир топ жерге эки тарап жерге ар түрдүү бедиз, айкелдер тургузулган. Бир жагында ажыдаар турат чамынып. Бир жагында маймыл турат мазактап ырсайып. Баатыр Үрбү ажыдаардын жанынан өтүп баратып, Ажыбайга корголоду. Жолборстун жанынан өтүп баратып, Ажыбай Үрбүгө ыктады. Эки элчи түгүл астындагы аттар үрктү, кулактарын тикчийтип.

Кайкы шып кан Сарай. Улам бир эшик, улам дагы бир эшик. Ар эшик түбүндө жарактуу балбандар. Акыры чоң жайга киргенде тээ көз учундагы төрдө, алтын такта, алтын чепкен кийген Эсенкан отуруптур. Ага жеткенче узак. Бирок суранып эмес, басынтып келгендерин ойлоп, эки элчи мына ушерде шерденди. Эсенкандын эки жагында Айжаңжуң менен Күнжанжуң отуруптур. Ажыбай аларды көзгө илбей, түз барып, ордунан тура калган Эсенкан менен учурашты. Анан сыпайыгерчилик өтүнүчтү четке кагып, Ажыбайдын айтып турганы:

– Атактуу Манас эр келди. Ойротту бузуп, калмакты буй кылган даңктуу Манас шер келди. Каршы чыгып кагылышам деген Коңурбайыңар качып араң кутулду. Нескара деген каныңар кырк төрөсү менен туткунда. Алардын бири Шуйкучуну ала келдик. Нескаранын жан соогалаган убадасы – Кандын тактысын, шаарын, элин, жерин жана Эсенкан кызы Бурулча менен Айжаңжуң кызы Бирмыскалды Манаска тартуу кылды. Мына ушулар аткарылса, Нескаранын, төрөлөрдүн жаны аман калат. Жок, убада аткарылбаса, шаарыңар, эл-жериңер кыргынга кабылат. Кансарайдын үстүнө Манастын Көк Туусу сайылат. Эшик алды мамыга Аккула байланат. Бизди жумшагандагы Манастын талабы ушундай...

Кыздардын аты аталганда Эсенкан да, Айжаңжуң да дирт-дирт этип алышты. Бирок унчугушпай, саламды аягына жете угушту. Эсенкандын ичинен кан өтүп турду: ушул эки элчинин азыр баштарын чаптырып салайынбы деп да ойлоду. «Буруттун зордугуна баш ийип, айнегим Бурулчаны кантип берем?» деп, күйбөгөн жери күл болду. Айласы жок. Нескараны кыйса да, жер жайнап келген бурут өзүн соо койбосунан кооптонду...Шуйкучуга ээк какты Эсенкан.

Шуйкучунун эки тизеси бүгүлүп, Эсенкандын алдына кытайынча жүгүнүп, безилдеп жатты. Анын сайрап айтканын Үрбү түшүнбөдү, делдейип карап турду. А бирок Ажыбай баарын түшүндү. Шуйкучунун сайраганы бул болчу:

– Буруттун айтылуу Манасын көзүм көрдү. Тегереги тең экен. Калың кытай биз эмес, он сегиз миң ааламды басып алчу шер экен. Макел Малгун деген желмогузду жайлады. Жоодон жеңилип көрбөгөн Жолойду сулатты. Тирүү жан тең келбеген Мадыканды жайлады. Жалгыз Чубак деген баатыры эле Нескара эрди баш кылып, кырк төрөнү байлап алды…

Бул учурда кыргыз кошуунда кытайдын сырын билген адис Алмамбеттин акылы боюнча Манаска Аккуласын мингизип, жакасы алтын, жеңи жез, кош бадана торгой көз ак олпокту кийгизип, асынганда жаркыны күч Аккелтени айдалыга асынтып, сырнайзаны үзөңгүгө тик сайдырып, алдыга коюп, жанына жоролорун үзөңгүлөш тизип, тегерегине жулкунган кырк чорону курчатып, артынан Баш Тууну жалпылдатып, он эки канды катар тиздирип, алардын артынан миң-сан калың кошуунду жабылтып, шаарга жакын апкелип, атырылса каптап кетчү селдей көрүнтүп, каардаиса, тепсеп кетчү көчкүдөй көрүнтүп, катуу сүр менен тургузду…

Эсенкан, Айжанжун, Күнжанжун үчөө акылдашып алууга бөлүнүп, элчилерди чайга коюп, өздөрү кайра мунарага чыккан. Тетиги жер бетине батпаган калың караанды көргөндө, жүрөгүнүн үшү кетти Эсенкандын. Берки экөө сөзгө келбей онтоп турушту.

Алек болгон Эсенкан Бурулча кызын тартууламак болду. Кан кызы жалгыз кетчү беле, жанына токсон сулуу тандап кошмок болду. Айжанжуң да буруттардын сүрүнөн эси чыккан неме Бирмыскалын тартуулamак болду, ага нөкөр кылып, алтымыш сулуу жандатмак болду. Мындан лагынкы бүтүм: Чет Бээжиндин хандыгын, тактысын Манаска берип, тактысынан ажыраган Нескараны, аны жандаган кырк төрөнү бошотуп алууга макул болду Эсенкан.

Ошентип келишим бичикке мөөрлөрүн басып, эки тарап бир бүтүмгө келди. Эсенкан айткан убадасын өзү аткарып, Манастын алдына өзү барып, өзү чакырып келип, өзү Нескаранын тактысына отургузмакка убада кылды. Ажыбай болсо Карткүрөңүн кайра алып, Үрбү экөө жолго түштү.

Манастын Ордо чатырына Эсенкан келди. Келгенде да шаан-шөкөт менен келди. Бурулча менен Бирмыскалга желбеген жорго мингизип, кызыл жибек кийгизип, артынан ээрчиген кытайдын кыйгач көз сулуу-

лары да жоргочон, короз моюн, колоң чач, оймок ооз, жалжал көз оолжуган перилер баары айжамалдуу, найча бел. Бурулчанын нөкөрлөрү токсон кыз, Бирмыскалдын нөкөрлөрү алтымыш. Кыздардын артынан алтын, күмүш, жакут, лаал, көөхар, бермет таштарын, казына байлыгын мол кылып, пилге артып келди. Анын артынан тогуз миң бирдей тору атты бөлөк, тогуз миң бирдей кара атты бөлөк, тогуз миң бирдей кула атты бир бөлөк айдап келди.

Теңирдин көгүнө түстөш көк Баш Туу жалпылдап турган Ордо чатырга жаа бою калган жерден Эсенкан аттан түшүп, аны туурап кошо келаткандар түшүп, чатырга чейин миң жүгүнүп, миң түзөлүп, жөө жүрүп отурду. Кыраан кырк чоро Ордо Чатырдын оозунда касаба болуп зыңкыйып турду. Актаяктар эшик көтөргөндө, Эсенкан менен Айжанжун экөө гана кирди чатырга. Калгандары бет алдына эки тараптан эки найза кайчылаша калганда, ошо жүгүнүүгө бүгүлгөн бойдонункуя катты.

Жыйын кураар эл баткан Ордо чатырдын төрүндө кан Манас отурду. Оң жагында кан Бакай, сол жагында Ажыбай. Андан бери эки канатта жоролору Алмамбет, Чубак, Сыргак жана дагы Көкчө баш болгон эки кан.

Эсенкан менен Айжанжун жүгүнгөн бойдон бүжүрөп келип, Манастын алдына тизелей калды да, кытайча салам айтып, кош колун сунду. Манас колун алик алуудан мурда Ажыбайды карады:

– Эмне дейт?

Ажыбай которо салды:

– Арыба! – дейт баатыр.

Манас оң колун гана сунуп, кол алигин алды.

– Сүйлөсүн! – деди Манас.

Ажыбай бирдеме деп чулдурап, кытайча которуп берди.

Эсенкан сүйлөдү:

– Каканчылуу Бээжинимди берейин. Чет Бээжиндин кандыгын берейин. Барып алтын такка отур. Элди өзүң сура. Сураганым – Нескаранын жаны соога, төрөлөрдүн жаны соога. Элимди кыра көрбө. Айтканыңа көнөйүн, кызматыңы кылайын. Кырылып калган аскериңдин кунун төлөйүн...

Ажыбай которуп берди.

Эсенкан менен Айжаңжуңга чатырдын эр жагынан орун берилди.

Сөз башталды, сөз кызыды. Оболу түктүйүп отурган баатырлар да, түпөйүлдөнүп сүрдөп келген Эсенкан менен Айжаңжуң да бара-бара жадырай сөзгө кирипти. Жалгыз арадагы тилмечи Ажыбай.

Кан Бакай айтып калды:

– Айкөл, туткун болсо да, кан эмеспи, султан сөөгүн кордобойт. Нескараны бошотуп, бул жерге киргизсең кандай болот?

Манас ойлоно түшүп, баш ийкеди. Авасынын сөзүн эки кылып көрбөгөн баатыр Нескараны көргүсү келбесе да, Бакайдын сөзүн жерге калтыргысы келбеди.

Манастын баш ийкегенин бейлеген актаяктар нары кабар беришти. Аздан соң дардайып Нескара кирди чатырга. Хан эмеспи, хандык салт улук эмеспи, Нескара кирген жерде тизелей калып, Манаска башын ийди:

– Баатыр, Ордо Чатырыңа киргизгениңе кулдугум бар! – деди.

Отурган хандар туура баалап, ыраазы болду. Нескара да Эсенкандын жанына барып, орун алды.

Сөз бекиткен күнү Манас Чет Бээжиндин тактысын минмекке аттанды. Манас менен акылман абасы Бакай, үч жоросу Алмамбет, Чубак, Сыргак жана дагы кырк чоросу жүрдү. Кан Кошойдун алдында жөкөрлөр Баш Тууну жалпылдатып алып барат. Артта он эки кан. Андан соң Манастын он түмөнү жана кырк чоронун кырк түмөнү. Калган кошуун шаарга батаар эмес, оорукта калды. Алкынган Аккула минип, Манас барат алдыда:

Айың менен Күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй
Астындагы кара жер
Араң чыдап түткөндөй!...

Чет Бээжиндин чоң капкасы ачык. Капка оозунда Эсенкан, Нескара, Айжаңжуң менен Күнжанжуң жайнаган төрөлөрү менен салтанаттап тосуп алды. Манас аттан түшпөстөн, шаарга кирди. Капкадан киргенден баштап хан Сарайына чейин ортону көчө кылып, эки бет катар тизилип, баштарын өйдө көтөрүүдөн айбыгып, жүгүнүп турган шаар эли.

Хан Сарайдын алдындагы бакка жеткенде, Алмамбеттин көрсөтүүсү боюнча аттан баары түштү. Бакай баштаган төрт жоро менен Кыргылчал баштаган кырк чоро кырк жылы сууга чыласа да, кыярып оңбогон,

алтын кыюу ак килемди алып келип жайды. Манасты отургузуп, кырк жагынан кере тартып, Эсенкан менен Нескара, Айжанжуң менен Күнжанжуң кошо кармашып, көтөргөн бойдон жүрүп отуруп, хан Сарайга киришти, чоң Сарайдын төрүндөгү алтын такка алпарып кондурушту.

– Жаша Манас! – деп, үч кайталап, ураан таштады кыргыздар.

– Жаша кыргыз! – деп, үч кайталап ураан таштады кыргыздар.

Алтымыш күнү той болду. Кыргыздар көрсөттү өнөрүн, кытайлар көрсөттү өнөрүн. Баягы Нескаранын кырк төрөсүнүн бири Шуйкучуну кыргыз кылабыз деп отургузуп, аспабын кылыч менен кестирип, балта менен чаптырып, чын кыргыз болду деп, Манаска кызматчы кылып беришти.

Аспабын берсе дагы, пейилин бербеген Шуйкучу буруттун эрки менен боло берди. Дилинде кытай бойдон эле кала берди. Кызмат кылып жүгүрүп, кан алдына жүгүнүп, Манастын айкөлдүгүн, андан башка алдаганча мүнөз жоругун эске тута жүрдү, бичигине жашыруун жаза жүрдү.

Чоң кеңеш болду. Манастын алдында төрт жоро, кырк чоро, он эки хан чогулду. Манас айтты:

– Зордугум тийсе силерге, оолуккан сөзүм тийсе силерге кечирип койгула. Эми кытай тынчыды. Атадан жалгызыңар, бели майышкандар, колу карышкандар, Чоң казатта кошуун көбүнөн ажырагандар жана да элжерин сагынып араң жүргөндөр, каалагандар жер-жерине кайтууга уруксат. Бакай ава, алыста калган чоң оорукта Алмамбет менен Сыргак тийип барган тогуз сан жылкы бар, алиги Эсенкан тартуулаган дүр-дүнүйө бар. Жоролорго, чоролорго, кандарга шыбагалап бөлүштүр. Манастын шыбагасын өзүңкү менен кошо Таластан ок-дары артып келген касиеттүү Желмаянга артып, олжо малыңды айдап, өзүң да Таласка аттан. Жанагы тартуу кыздардын ичинде эки хандын кызы бар, Бурулча менен Бирмыскал. Бурулчаны жаштайынан ашык болгон Алмамбетке нике кыйгыла. Бирмыскал сулууну Чубак баатырга нике кыйгыла. Калган кыздарды да чоролор менен кандарга шыбагалап бөлүп, тогузун Каныкейдин энчисине ала кет.

Жарлык ушу болду. Манастын айкөлдүгүнө дагы бир жолу таң беришти жоро, чоро, хан, бектер.

Жети жыл жер алдында жүрүп дөөлөр менен кармашып, каны калган бир кашык, эти болгон көк жашык, ошонусуна карабай Чоң Казатта даң салган эр Төштүк кайтты жерине кырылгандан калган колун алып.

Эсенкан кызы Бурулчаны, Айжаңжуң кызы Бирмыскалды алып, Желмаян баштаган санжыргалуу көч болуп, токсон миң олжо буудан артта,

бир түмөн кол туш-туштан калкалап, кан Бакай кайтты Таласка. Манас он түмөнү менен, жанында үч жоросу – Чубак, Алмамбет, Сыргак үч түмөнү менен, кырк чоро кырк түмөнү менен, тогуз кан тогуз түмөнү менен кытай эл-жерине ээ болдук деп келбээрсип кыштап калышты. Манас баш болгон кыргыздар мына ушинтип өлүмүй жаңылды.

## СӨЗДҮК:

**Калайман** – ғалаён, жанжал-сурон
**Элчи** – элчи
**Дүрбү** – дурбин
**Кошуун** – уюшма
**Бээжин** – Пекин
**Чеп** – қалъа, қўрғон
**Кыш** – ғишт
**Капка** –қопға
**Коло** – бронза
**Айкел** – ҳайкал
**Өтүнүч** – ўтинч
**Тартуу** – совға, тортиқ
**Кыргын** – қирғин
**Мамы** – қозиқ
**Талап** – талаб
**Нөкөр** – жангчи
**Бүтүм** – хулоса
**Жорго** – йўрға
**Пил** – фил
**Актаяк** – оқтаёқ
**Оорук** – фронт орқаси, тил
**Айкөл** – мурувватли, феъли кенг
**Килем** – гилам
**Дүр-дүнүйө** – қимматбаҳо буюмлар
**Шыбага** – улуш
**Нике** – никоҳ
**Дөө** – дев
**Түмөн** – сон-саноқсиз

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Чоң казатта жеңишке жетишкен кыргыздар Бээжинге кимдерди жиберишти?
2) Эмне үчүн Ажыбай менен Үрбүнү элчиликке жөнөтүштү? Аларга кытай калаасы кандай көрүндү?
3) Коңурбай Эсенканга кандай оюн айтты?
4) Ажыбай Эсенкандан эмнелерди талап кылды? Аны Эсенкан кандай кабыл алды?
5) Аскерлер кимдин сунушу боюнча тизилди? Эмне үчүн тизилди?
6) Эсенкан кандай чечимге келди?
7) Манастын ордосуна баш ийишип келишкен кытай кандарын кыргыздар кантип тосуп алышты?
8) Манас кимдерди өзгөчө сыйларын эмнелерден улам билүүгө болот?
9) Чет Бээжинге Манас кандык такка кантип отурду?
10) Манастын айкөлдүгү кайсылардан ачык көрүнөт?
11) Кыргыздар кимди кыргызга айлантышып, Манаска кызматчы кылып беришти? Анын кыргызга пейили кандай болду?
12) Манас кандай чечим кабыл алды?
13) **Манас баш болгон кыргыздар мына ушинтип өлүмүй жаңылды? –** деген сүйлөмдү кандай түшүнүүгө болот? Алар эмнеден жаңылышты?
14) Манасты кыргыз элинин миңдеген жылдар бою унутпай, атадан-балага оозеки өткөрүп берип келишинин сыры эмнеде деп ойлойсуңар? «Манас – кыргыз элинин түбөлүктүү рухий таянычы» деген темада дилбаян даярдагыла.

## ЖОЛОН МАМЫТОВ

*(1940 – 1988)*



Жолон Мамытов – өзүнүн алгачкы ырлары аркылуу эле поэзия күйөрмандарынын көңүлүн буруп, сүйүүсүнө ээ болгон жаркын таланттын ээси. Ал тунгуч ыр топтому «Отту сүйөм» аркылуу эле кыргыз адабиятына кайталангыс чоң талант келгендигин сездирген. Анын ар бир жазган ырына, чыккан жыйнактарына окурмандар кайдыгер калышкан эмес. Сүйүп окушкан, кийинки чыгармаларын чыдамсыздык менен күтүшкөн. Акындын көзү өткөнүнө карабастан, бүгүнкү күнү да анын «Жашыл аалам», «Убакыт», «Ырлар», «Буурул таңдын жомогу», «Жарышкан суулар», «Атка токум салгыла», «Жүз жашка тол, кылым», «Күндүн каргышы», «Башат жана мухит» сыяктуу ыр топтомдору чыныгы ыр билермандарынын сыйлуу төрүндө турат.

Акын кыргыз элин, кыргыз жерин өзгөчө сүйгөн. Анын ар бир чыгармасы муну ырастап турат. Ал – алп акын Алыкул Осмоновдон кийинки кыргыз поэзиясына олуттуу жаңылык кийире алган нукура талант болгон. Тынымсыз изденүү, жаңылыкка умтулуу, өз чындыгын, багыт-жолун табуу анын бүт чыгармачылык өмүрүн коштоп жүрүп отурган. Анын далилинин бири «Оңолбайыр» легенда-драмасы.

## «ОҢОЛБАЙЫР» ЛЕГЕНДА-ДРАМА

### СӨЗ БАШЫ

Бул жылдыздар түбөлүккө жанаарын,
Бул чоң турмуш алыс сапар бараарын,
Байкатпастан маалы жеткен мезгилде
Бизди дагы четке түртүп салаарын,
Мунун баарын ойлоп кантип тим жаттым,
Көңүлдөгү көп санааны ырбаттым.
Жаңыртмакка житкен күндөр тармагын,
Бул жолу да колго калем кармадым.

Ой талпынып чечпегенди чечем дейт,
Кыял эргип жетпегенге жетем дейт.
Түбөлүктүү болбосок да өзүбүз,
Ойлорубуз келээр күндү мекендейт.
Мунун баарын туюп туруп ал тыным,
Мен эргүүнүн толкунунда калкыдым.
Турмушумдан ушуларды түшүнүп,
Калем алдым ыр жолуна күтүнүп.

Барып көрдүм алыс менен жакынга,
Ал сапарлар эргүү кошту акылга.
Жер кыдырып, эл аралап жүргөндөн
Ашып түшкөн илим жоктур акынга.
Анан дагы улуулардын жазганын
Уктаарымда баш жагыма жаздадым.
Анан дагы кенендигин дүйнөнүн
Карап көрдүм көзү менен ийненин.
Мезгил зуулап өтө берет, мыйзам ал,
Ал мезгилдин жетегинде кыйлалар.
Кала бермек тебеленип, басылып,
Жылоолоого күчү жетпей жылды алар.
Ошол кезден болуп күбө аяндар.
Калар эрдик, калат болмуш, баяндар.
Анан ойчул, акындардын саптары,
Чындык жалган бой тирешкен жактары.

Келет жылдар, мен да карыйм, улгаям,
Алсыз болом жаңылыкты туйбаган.
Өткөн өмүр чогун катып боюна
Ак кагазда калып калар бул баян.
Ажыратып чыны менен төгүнүн
Кезегинде ыргап алар көңүлүң.
Эл турмушун окуяга, сырга бай,
Ырдаш керек болгондон соң ырдамай…

## II

…Сүрөй берип убакыттын тездиги,
Мокоп, сынып колундагы кестиги,
Кында жатып кылычтарын дат басып,
Кыргыздын да келген мүшкүл мезгили.
Канча зыргып чуркабасын аргымак,
Болот маалы жүрбөй калган шалдырап.
Кемип бир кез толук элдин өтүмү,
Күчөп кеткен үч уул хандык өкүмү.
Хандар өзүн Чоңуул, Ортуул, Кичуул деп,
Коңтаажынын небереси үч уул деп,
Ээлешиптир үч чалкыган аймакты,
Кылым сүрөөр конушубуз ушул деп.
Атпай журтту кың дедирбей жашашып,
Ойго келген зомбулугун жасашып,
Жыл айланбай үзөңгүлөр кагышып,
Кыйла жерди тоноп турган чабышып.

Кезегинде Коңтаажыны кокодон
Алган эр жок. Калк муңкүрөп мокогон,
Элдир-селдир күн сүрүшүп бир гана
Төрт түлүктүн туягынан, сокодон.
Бирок элдин болбой калбайт уучу кур,
Тагдырына кез келишет бир учур.
Алга баштаар үмүт менен тилекти
Ал – эркиндик, уялаган жүрөктү.

Көмүскөдө абийир-соту анын да,
Көп экчелет, көп уюлгуйт канында.

Сырты мустай турган менен сыр бербей,
Өрт катылуу тереңинде, тамырда.
Өсүш үчүн үрөн өнүп, баш байлап,
Багыш керек аны көпкө кастарлап.
Баалаш үчүн эркиндикти, азатты,
Тааныш керек кулчулукту, азапты.

Тебеленип ата-баба конушу,
Кыйын күнгө такалаганда жол учу,
Эл суктанар, эстээр, сүйөр, ардактаар
Бир керемет өтө зарыл болучу.
Айырмасыз асмандагы жылдыздан,
Оңолбайыр чыккан дешет кыргыздан.
Нур-чырайы күндүн көркүн талашкан,
Оңолбайыр чыккан дешет Таластан…

## *Биринчи бөлүм*

### Таңда күндү мактаган хор

Махтал сага,
Түбөлүк махтал!
Оо, Теңирот!
Оо, Алпалоо!
Оо, Зоржалын!
Оо, Ыйыктап!
Көтөрүл көктө ордуңа
Чокулардан адымдап.
Сен болбосоң жел муздап
Тоңуп өлмөк адамзат.
Сен болбосоң дан болбой
Ачтан өлмөк адамзат.
Сен болбосоң суу болбой
Чаңкап өлмөк адамзат.
Көтөрүлүп көктө ордуңа
Аскалардан адымдап.
Оо, Теңирот!

Оо, Алпалоо!
Оо, Зоржалын!
Оо, Ыйыктап!
Махтал сага
Түбөлүк махтал!

Ч о ң у у л х а н

Бул ушундай эл!
Кашында ханы турса,
Күнүн мактайт.
Башында күнү турса,
Түнүн мактайт.
Акыры жүрүп эле
Түбүн мактайт.
Эбак өткөн, эчак унутулган Манасын
Эстеп жүргөнүнө таң каласын,
Коңтаажы бабам:
Башка элди багындырам десең
Кыздарын аялдыкка ал.
Болмушу менен жомогун унуттур.
Элди өз аты менен чакырба.
Иштет, ээ,
Баш ийбегенин башын ал.
Ошондо жеңишке жетесиң дечү.
Асыл сөз экен го, чиркин!
Эй, нөкөр!
Жанагы Арынбек арамды тапкыла дебедим беле?

А р ы н б е к

Издетипсиң, мындамын,
Амансыңбы, хан ата!
Түнү менен жол жүрүп
Кирип келдим таң ата…

Ч о ң у у л х а н

Калың эл кандай жатты деп
Санаам тынчыбай,
Өткөн айда хандыкты кыдырдым,
Калк араладым.
Кара-Буура жээгинен
Кадимки Чачыла сулуу кезикти.
Аялдын асылзаадасы экен,
Көркүнө көңүлүм түшүп
Көкүрөк козукту.
Кичи ханша кылып алайын десем
Түр жок сөз укчу.
Чыкпасын бул сыр оозуңдан,
Кетпесин журтка бул аңыз
Мен ойлогонумдан кайтпайм
Бирок күйөөсүн кандай кылабыз?

А р ы н б е к

Чалкарбектиби?
Жалгыз гана жол ушул,
Байкатпай жайлап тынабыз!

Д у м а н а :

Бир жылт эткен учкунду
Өмүр дедиң, адамзат.
Бир зырп эткен туйгуну
Көңүл дедиң, адамзат.
Өңдү түш деп, түшүңдү
Өңүм дедиң адамзат.
Көктө күндү кастарлап
Теңир дедиң, адамзат.

Асабаңа туу байлап
Жүрүш кылдың, адамзат.
Кырчылдашып кан майдан
Уруш кылдың, адамзат.
Билбейм, мунуң дагы эмнең,
Бир иш кылдың адамзат.

Х о р

Эй, думана,
Теңиротту атынан айтпа,
Жаның кыйылат!
Эй, думана,
Адамзатты алакчы дебе,
Жашооң тыйылат!

Д у м а н а

Мен билгенимди айтам,
Туйганымды айтам,
Жок жерден жүйөөсү -
Чачыланын күйөөсү
Чалкарбектей баатырды
Жайлап кетти тетигил
Арынбек шайтан!

А р ы н б ек

Жаныңды жебе, думана,
Чалкарбекти ат тепти.
Өлүгү сууга кетти.
Бул кабар Чоңуулханга да жетти.
Куюшканга кыпчылып
Ушу сеники өттү
Тантырап болбос кепти.
Жаныңды жебе, думана!

Х о р

Калдастап калма жайыңды
Билебиз хо, ханым деп.
Жүрбөгүн өзүң жаның жеп,
Ушул кеп чынбы, Арынбек?
Ак сөзүңдү айт!
Касам ич!

Кылмыш кылсаң
Энчиңди аласың,
Теңироттун каарына каласың!

А р ы н б е к

Жок, жок,
Мен тазамын, мен акмын,
Ар бир кадамыма такмын.
Калп айтсам, башым кыйылсын
Чалкарбектин арбагы ала жатсын!
Нени оттобойт ичи тарлар
Мени канга күнүлөп.
Алардын ушагын уккан адам
Жанынан түңүлөт.

Д у м а н а

Мейли, Арынбек!
Унчукпайм бул ирет.
Кыңыр иш
Кырк жылдан кийин дале билинет!..

Ч о ң у у л х а н

Ии, чогулуп чокчоңдошуп жатыпсыңар?
Унчукпайсыңар го?
Талашыңар эмне?
Талаадагы бирөөнүн малыбы?
Же тиги ат тепкенде чыркырап кеткен
Чалкарбектин жаныбы?
Эх-хе несин айтайын,
Маркум Чалкарбек
Эрдин кашы эле,
Бир түмөн колдун башы эле!
Аттиң дүнүйө!
Хандыкка кылган эмгегин баалап,

Кара ашына үйүр жылкы айдаттым.
Тогуздап мал түрүнөн байлаттым.
Шаан-шөкөт менен көмүлсүн дедим.
Кырк күнү кара кийип
Кара жесир болуп,
Кырк күнү ак кийип
Ак жесир болуп,
Бир жыл эмес, сексен эле күн өткөн соң,
Ызаатын кылып бүткөн соң,
Чачыла сулуу ордого алынып келинсин дедим.

*(Өзүнчө, четке )*

Чачыланын Оңолбайырдай кызынын
Моюнуна мончок тагайын,
Билегине билерик салайын,
Атасындай карайын,
Сулуулугуна сукганып
Бир жашарып алайын дедим…

Д у м а н а

Кара таман калың эл
Той болгондо бүлүнөт.
Тоюп кетсе курсагы,
Ошондо бир сүйүнөт.
Колунда жок кедей эл
Өлүмдө бир бүлүнөт.
Кара ашына бир тоюп
Анда дагы сүйүнөт.

Ч о ң у у л х а н

Кайдан келди какчаңдап
Сөзү жаман думана.
Өзү жаман думана.
Таптак сүйлөп турганга
Тамак керек буга да.
Сыйын көрүп баркыңды

Сүйрөп жөнөйт чылага.
Ойчулдугун көргөзүп
Кылат далай убара.
Жакшылыкты миң жаса
Жолдо калат убада.
Думананы андыктан
Жолотпостон кубала!

Х о р

Ха-ха-ха, үстүңдө
Тонуң кайда, думана.
Чоңуулга кайтарар
Жообуң кайда думана?

А р ы н б е к

Ха-ха-ха, жашаган
Үйүң кайда думана
Кум салдыңбы оозуңа
Тилиң кайда думана?

Д у м а н а

Ук, сөзүмдү, Чоңуулхан!
Силер да ук, чогулган!
Таскаранын жанында
Тал-кайыңдуу топ бадал,
Топ бадалдын башына
Толуп алган топ чымчык,
Жана мытаам көк чымчык.
Ошол чеңде дүпүйөт
Дүйүм өскөн карт терек,
Асман челген ак терек,
Ак теректин башында
Куркулдайдын уясы,
Ал уянын ичинде
Алтын кырбу кутуча
Кутучанын ичинде

Кансыз-сөлсүз ак чаян
Ак чаяндын куйругу
Сенин жаның Чоңуулхан!
Мен ошого жөнөдүм
Тартсам дагы убара.
Мен сөз жебес думана,
Кубаласаң, кубала!

Чоңуулхан

Ай-ай, шашпа, думана,
Түшүнөт деп тамаша
Айттым сөздү кубана.
Ак жолтоюм, думана
Жеңишиме күбө бол.
Хандыгымдын түрлөнүп
Кеңишине күбө бол.
Таарынычың таштагын,
Кошул айткан оюма.
Чачыланы көчүрөм,
Күбө болгун тоюма.

Эй, Арынбек,
Сен жаагыңды бас,
Думананы мингиз атка!
А сен, калайык,
Думанага тил тийгизгениңди ташта!
Кана, думанам,
Ордого жолду өзүң башта!

Хор

Хандын жаны каякта
Билет экен думана.
Хандын жанын кайтарып
Жүрөт экен думана.
Мына сага думана…

А р ы н б е к

Мына сага Чоңуулхан,
Атымды тартып думанага мингизди,
Чепкенимди чечип, думанага кийгизди.
Тексиз экенимди,
Кул экенимди
Калайык-калкка билгизди.
Ак кызматым оюнан чыкпас,
Чыдайын!
Жамандыкты көзүм көрбөс,
Күтөйүн!
Кайран ат, кайран тон…

*Э к и н ч и   б ө л ү м*

## АВТОРДУН БАЯНЫ

Кокту-колот, күрткү-кардан арылды
Жыл айланды, тоолор жашыл жамынды.
Бийиктерден ашып түшкөн шар суулар
Адырандап түздү көздөй чамынды.
Болгон үчүн Ортуул, Кичуул колдоосу,
Тынч, бакубат Чоңуулхандын ордосу.
Суудай болуп ал күндөрдөн агылган,
Бул жарыкка келди кекчил чачылган.

Чоңуул барып Чачыланы алганы,
Ортуулхандын кабагына кар жаады.
Баарынан да Байыр кыздын чырайы,
Ойдолотту, тынчын алды, арбады.
Акыл берип кеңешчиси Ортуулга,
Жүрүп кетти Ортуул жакын жортуулга.
Убал-сообун, сүрөөр күнүн карабай
Канча журтту кылды жексен, таламай.

Ажал башка бир күн келсе айла жок,
Чиркин өмүр бир күн бар да, кайра жок.
Ээлеп алган тоонун төрүн куулануп
Бул Чоңуулдан Ортуулханга пайда жок,
Ушуну ойлоп эртели-кеч жортуулда,
Күтүлбөгөн бир ой келди Ортуулга.
Буга чейин канбагансып табасы,
Дагы бөгөт инисине агасы…
Кам жейт Ортуул бир ойронду салганы,
Кам жейт Ортуул бир кылмышка барганы.
Орто жерден тартат окшойт эл жабыр.
Орто жолдо чачылабы кан дагы?
Байыр кыздын айлын барып баскандан
Ортуул башта Чалкарбектен жазганган.
«Агаң тирүү, апам тирүү, кол сунба,
Тийбейм!» деген Оңолбайыр Ортуулга…

Х о р

Тээ алыстан чаң келет
Текиреც таскак шаң келет.
Хан ордосун пааналап
Асаба колдуу хан келет.

Касыбы же досубу,
Кабарсыз кандай жосуну?
Он асаба саналды
Ортуулдун окшойт кошуну.

Келген кезде жайында
Кошо барып кайынга.
Куштар болуп калган дейт
Ортуулхан Оңолбайырга.

Агасы менен иниси
Апасы, кызын алмакпы?
Шылтоосу жок иши үчүн
Шылдың болуп калмакпы?

Д у м а н а

Таң калдыңар силер анын несине,
Олоңбайыр кирип калган эсине.
«Жаткан кезде Чоңуул апам койнунда,
Эч убакта тийбейм, Ортуул өзүңө!»
Деп айтыптыр, ошол күндөн Ортуулхан
Көрүнө элек агасынын көзүнө…

О р т у у л х а н

Ушул жашка келгенче
Жортуулду далай көрүпмүн.
Карсылдашкан кармашка
Күчүмдүн баарын берипмин.
Кыргыздын канча баатырын
Мертинтип, жеңип көнүпмүн.
Отурдум хандык тактыга
Үстүнөн тепсеп өлүктүн.
Дилимде жүргөн бир тилек
Багынтсам деген жер үстүн.

Жарк этип бир күн көрүнүп
Жадымдан кетпей кашкайдың.
Өзүңсүз өмүр жок мага
Олоң чач Байыр – баш кайгым.
Эрдигим сенсиз кимге таң.
Өлчөөлүү иштен качпаймын,
Эмесе чогоол Чоңуулхан
Эсепти сенден баштаймын!

Х о р

Айтпасак экен, дебесек экен,
Уктуңарбы Ортуулдун кебин?
Сыймыгы сыртта жанганы менен
Катыптыр ичке кечилбес кегин.
Капилет балээ башталат окшойт,
Келгени мунун эмес го тегин,
Келгени мунун эмес го тегин?..

Думана

Кулакты бизге укканга берген,
Көргөнгө берген Теңирим көздү,
Тигине, Чоңуул келатат шаша,
Бөөшсүнгөн менен ал да карт кески.
Тынчтангыла канакей тезден,
Не дешет экен, угалы сөздү,
Не дешет экен, угалы сөздү!

## *Үчүнчү бөлүм*

## АВТОРДУН БАЯНЫ

Келтиришип мукам үндүн кыябын
Кыякчылар тартып кирди кыягын.
Балкыды бейм созолонгон бул үнгө
Төрт тарабы теребелдин, кылаанын.
Бир муңканып көздөн жашты келтирсе,
Бир шаңданып атып чыгат элкинге,
Бир онтосо жан чыгаардай, толгоодой,
Бир лепилдеп жүрүп берет жоргодой.
Анан туруп чоорчулары тартса чоор,
Эске түштү көздөн учкан далай доор.

Күлпөт өткөн кандай сыйлуу, шардандуу,
Күндөр өткөн кандай кыйын, кандай оор.
Ал сыбызгы өрдөп бирде өрөөндө,
Бараткансыйт бирде көлдө, тереңде,
Ал сыбызгы таркап, түнөп ар кайда,
Угулгансыйт Хазар менен Алтайда.

Алмак-салмак керней-сурнай бапылдап,
Ат туягы ташты жанып такылдап,
Дүңгүрөшүп добулбасы, дойросу
Болгонсушат зор жүрүшкө чакырмак.
Сансыз үндөр бир нук менен агышып,
Бир ураандап, бирде пастай калышып,
Токтой түшүп, анан кайра ылдамдап,

Алмашкансыйт айлар менен жылдар бат.
Ана, чыкты, бийчилери ичке бел,
Сен аларды өңдө көрбө, түштө көр.
Куюн мисал чимирилип жөнөштү,
Көп тиктесең көз торчоңо күч келээр,
Кийгендери шайы-шалпар, каухар,
Көркөмүнө адам сугун агытаар.
Турган элди тымтырс болуп жардашып,
Дал кылышат сан кыймылга арбашып.
Ордодогу бул күлпөткө татыктуу,
Көз боёгон төрт көз боочу катышты.
Тисерилтип тургандарды артына
Ооздорунан жалын бүркүп жатышты.
Анан туруп бирин-бири сугунду,
Акыркысы короз болуп кубулду.
Кубулду да бүтүн элди дүргүткөн
Ошол короз учуп кетти түндүктөн.

Ырчыларга кезек келип акыры,
Чыкты ортого Чоңуулхандын акыны.
Коңтаажынын таржымалын баштады
Ааламдагы асылдардын асылы.
Жортуулдарын айтып кыйын кезеңдүү,
Анан туруп Ортуул жайын безенди.
Кетирбестен баянынын кызыгын
Айтып өттү Чоңуул, Кичуул ысымын.

Тамак ташып пери кыздар ай тамак,
Чөйчөктөргө тунма-арак кайталап,
Ортуулга арнап ордосунда Чоңуулдун
Өтүп жатты кайталангыс салтанат.

Көрө албадык издеп дагы, карап да,
Оңолбайыр жүрөт болду каякта?
Табылбаса табылбасын, мейли анда,
Бир сөз жайын оодаралы меймандa.

О р т у у л х а н

Үчуул хан чоңу агатай
Арнадың мага кечиңди.
Баарлашып, жыргап мен бүгүн
Баладай сездим өзүмдү.
Көңүлүм эргип капкайда
Көкүрөк бүгүн чечилди.

Байкасаң иниң Ортуулхан,
Олжолуу кайтты жортуулдан.
Асылташ менин алтыным
Кап оозун ачып дүйнөмдөн
Бөлсөм деп шашып олтургам.
Чоң ханыша жеңемди
Кайыны менен чакыргын.
Ортончу Ханша жеңемди
Айылы менен чакыргын.
Кичи ханша жеңемди
Байыры менен чакыргын.

Өзүңө болсун агатай
Апкелдим суусун мүрөктүн.
Кайтараар жигит кезиңе
Дарысы болот жүрөктүн.
Жашарам десең жатаарда
Калтырбай ичип түгөткүн!

Ч о ң у у л х а н

Кубанып турам Ортуулхан
Баарысын эртең чогултам.
Жатаарда жайлап саламын
Дарыңды болсо чоң ууртам.

Бабадан калган тумарды
Мойнуңа тагып берейин.
Олжодон келген сулууну
Койнуңа салып берейин.

…Айтышабыз арбын сыр
Ал үчүн болот башка убак.
Барагой анда, береним,
Жакшы түш көрүп, жакшы жат!

Д у м а н а

Өзүңчө эле кудуңдап
Сүйүнгөнүң көрүп,
Өзүңчө эле кобурап
Сүйлөнгөнүң көрүп,
Түн ортосу, таңга көп,
Эмне болду ханга деп
Тиктеп турат келин.

Х о р

Хандын колунда
Мүрөк дарысы!
Ушул дарыда
Сырдын баарысы.
Хандын колунда
Турат ажалы.
Болоор жаңжалдан
Алыс качалы!

Ч о ң у у л х а н

Ананайын Ортонум,
Асманда жанган Чолпонум.
Кыраарга душман табылбас
Кыдырсаң баарын ой-тоонун.
Жортуулдан эсен кайтса деп
Жоо жакта жүрсөң коркомун.

Ананайын береним,
Чебимди коргоп берерим.
Картайган абам ичсин деп
Кадырлап берген белегиң.

Жатаарда жутуп байкайын
Жашарган чагын денемин.

Жатаарды неге күтөмүн,
Жок, азыр эле ичемин.
Чачылага барайын
Жапжаш болуп бүт өңүм.
Зарылтып суусун замзамдын
Күттүрүп кантип түтөмүн…

Думана

Ата-эненин карызын
Кайрый албай келгендей,
Анын баарын чогултуп
Балдарына бергендей,
Өзүмчүлдүк мүнөздү
Ушу саам бир тангын да,
А көрөк баатыр иниңди
Өлбөс кылып алгын да!

Чоңуулхан

Ие, ошентейинби?
Жок, жок,
Ортуул өзү мага берип жатпайбы!
Өзүм ичем!
Өзүм жашарам!
Өзүм жыргайм!

Думана

Сенин жаның куркулдайдын уясында,
Ансыз да көп жашайсың.
Ортуулдун сенден
Орошон акылы.
Өзү ичээр бекен,
Же мага берээр бекен деп
Сынап берип жатыры…
Калганын өзүң чеч!

### Чоңуулхан

Эй, думана, токто!
Кайрылбай кетти
Кутурган арам!
Өзүм эле ичип алам!
Жок, жок,
Ойлоноюн.
Айтса, айтпаса
Ортуул да менин балам.
Чегимди коргор тирегим,
Анын пайдасы
Баламдын баласына тиерин
Неге ойлободу
Мобул какчайган башым,
Мобул картайган жүрөгүм?
Мага дагы табылаар...
Тунмага кошуп башына коеюн,
Ойгоно жутуп
Суусуну кансын
Ошентип Ортуулум.
Өлбөс болуп калсын!

### Автордун баяны

Тагдырынан улам ошол Ортуулдун,
Мен өзүмчө ой түтөгүп отурдум.
Эңгиретти өзүн-өзү акыры,
Эчесинен тирүү кайтып жортуулдун.

Чоңуул эмне, күйүп-бышты, жаш төктү,
Ага-иниге тирек болгон баш кетти.
Калды хандык, бийлик, жек-жаат, махабат,
Ким кимдерге айтмак эми акарат!

Минген аты кара ашына союлуп,
Ортуул сөөгү бийик дөңгө коюлуп,
Эпсиз келген эл кеткен соң туш-тушка,
Оңолбайыр Кичуул Ханга жолугуп,

Кайрат айтып, ыйбаа жүзүн нур чала,
Басып кетти өргөсүнө суйсала.
Кыз чырайы аптыктырып жаш ханды,
Сезиминде уйгу-туйгу башталды.

Ким ойлоптур аза күтөөр маалында,
Капталат деп махабаттай жалынга.
Кандай жүрөк чыдайт, күндүн кертими
Жалын бүркүп басып жүрсө жанында.

Көзү көрүп, буту жеткен аймакта
Ким чыдамак, сүттөй аппак ай жатса,
Кандай пенде кетмек келген жолуна,
Бир ак жылдыз тийип турса колуна.

Таппай Кичуул кездешүүнүн айласын,
Же көрө албай хандыгынын пайдасын.
Жүрө, жүрө жүдөй берди санааркап,
Жүз көрсөтчү, Оцолбайыр кайдасың?

Кыял эркин эч нерсеге чаргытпай,
Болду жаш хан Сары ооруга чалдыкмай.
Жок, чалдыккан. Аз-аз жерден катылбай
Турат сага, Оцолбайыр, батынбай…

А р ы н б е к

Баарысын таштап башканын
Тез келсин дептир жаш ханым.
Ат тердетип ордого
Ошондон улам шашкамын.
Сураштырып эч кайдан
Кичуулханды таппадым.

Х о р

Күмүштактын төрүндө
Күмүштөй аккан булакта.

Байырды күтүп олтурган
Кичиуулхан
Таң супа салган убакта.
Ордодон арбын жаңылык,
Баарысынан калдың да.
Делбетап болуп жатыптыр
Чоңуулхан өлүм алдында.
Аз эле күндө куруду
Өйдөлөй албай оорудан
Кичуулду сүйүү тооруса,
Чоңуулду ажал тооруган.

А р ы н б ек

Оозуңарга таш,
Өлбөйт Чоңуулхан!

Д у м а н а

Чоңуулхандын үстүнө
Ханшанын баары чогулган.
Мал болбосун билип акыры
Керээзин айтып жатыры…

А р ы н б ек

Эмне деп айтыптыр?

Д у м а н а

Оң кулагың менен да,
Сол кулагың менен да
Угуп алгын Арынбек!
Мен - ажалы Ортуулдун,
Деп айтыптыр хан атаң!

Х о р

Качан? Кантип?

Д у м а н а

Тунмага уу кошуп берип…

А р ы н б ек

Жүзүкара Чоңуулхан
Өлмөктөн өлсүн!
О дүйнө төрүн
Тезирээк көрсүн!
Кылмышын санап,
Сурагын берсин!
Алтын тактыга Кичуулхан келсин!

Х о р

Кичуулхан келсин!
Келсин, келсин, келсин…

А р ы н б ек

Кой, мында турбай
Кичуулханды табайын.
Ошонун ураанын айтып,
Ошонун кылычын чабайын.
Жаш ханды багайын,
Жаш ханга жагайын!

Ж а р ч ы

Чоңуулхан ааламдан өттү...
Жаны асманга кетти…

Х о р

Кимдин, кимдин заманы,
Үч уулдун мыктысы
Кичуулхандын заманы.
Кимдин, кимдин заманы

Кичуулхандын заманы
Кичуулхандын кыйбасы
Арынбектин заманы…

Думана

Эй, көпчүлүк!
Эсиңерге келгиле,
Тулаң чөптөй туш-тушка
Жапырылганды койгула.
Куюн тийсе самандай
Сапырылганды койгула.

Жарчы

Кичуулхан желдетине
Арынбектин башын алдырды,
Торбого салдырды.
Керек болуп бир кашык каны
Ошон үчүн издетиптир аны.
Арынбектин асманга
Учуп кетти жаны…

Хор

Не кылмыш кылды
Өлгөндөй бөөдө?
Арынбектин күнөөсү неде?

Кичуулхан

Көптөргө тийген
Арынбек залалы.
Аны жазала деген
Оңолбайыр талабы.
Мойнуна Арын
Алды баарын
Чалкарбекти өлтүрүп,
Чачыланы жесир,
Оңолбайырды жетим калтырган
Арын!

Д у м а н а

Мунуң адилеттик, ханым!

К и ч у у л х а н

Эй, калайык, камынгыла
Тогуздап кара союлсун!
Чоңуулхан сөөгү
Ортуулхан жанына коюлсун!
Ак мармардан
Күмбөзү курулсун,
Күмбөз кайтарып
Кароол турулсун.
Бул жер үч хандык
Ортосу болсун!
Кичуулхандын ордосу болсун!

Д у м а н а

Кимдин, кимдин заманы,
Чапкынчынын заманы.
Кыргызды кылым зарлаткан
Баскынчынын заманы,
Өйдөңөн кеткир бул заман
Өзгөрбөй кетип калабы?
Жайыттагы малыңды
Союп алды үч хандык.
Эгиниңди жайкалган
Оруп алды үч хандык.
Желкеңдеги түшпөс жүк.
Болуп алды үч хандык.

Кыргыз ата уругу
Куралыңды шайлагын.
Алып жүрсүн алдыга
Көк асаба байрагың.
Оңолбайыр тоюнан
Бир да бириң калбагын.

Х о р

Сөзүң жакшы угулат
Өзүң кимсиң, думана?
Эл тайынар эр болсоң
Калкың билсин, думана.

Унутулган ураанды
Сенден уктук, думана.
Эркин болгон кездерди
Эске туттук, думана.
Өзүбүзгө өзүбүз
Калган элек ишенбей.
Сенин кебиң жаңы эле
Талкаланган кишендей.

Айткан кебиң чын болсо,
Биз көнөбүз, думана.
Оңолбайыр тоюна,
Биз келебиз, думана.

## СӨЗДҮК:

**Сапар** – сафар
**Автор** – муаллиф
**Маалы** – пайт
**Кыял** – хаёл
**Эргүү** – илҳом
**Болмуш** – афсона
**Баян** – ҳикоя
**Кын** – қин
**Кестик** – пўлат пичоқ
**Аргымак** – арғумоқ
**Аймак** – ҳудуд
**Зомбулук** – зўравонлик
**Коко** – ҳалқум
**Эркиндик** – эркинлик
**Азат** – озод
**Азап** – азоб

**Ай чырай** – чиройли, гўзал
**Аңыз** – гап-сўз
**Күйөө** – эр, қаллиқ
**Думана** – девона
**Куюшкан** – қуюшқон
**Касам** – қасам
**Энчи** – улуш
**Мончок** – мунчоқ
**Билерик** – билагузук
**Бадал** – чакалак, чакалакзор
**Куркулдай** – читтакнинг бир хили
**Кутуча** – қутича
**Чаян** – чаён
**Тамаша** – томоша
**Чоор** – дудка, сурнай
**Доор** – давр
**Сыбызгы** – чинқироқ
**Күлпөт** – кулфат
**Көз боочу** – гипноз
**Мүрөк** – обиҳаёт, ҳаёт суви
**Тумар** – тумор
**Күмбөз** – гумбаз, мақбара

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Сөз башында акын эмнелерге ой жүгүртөт?
2) Акындык ой жүгүртүүдөн чыгарманын эмне жөнүндө экенин билүүгө болобу?
3) Тээ байыркы замандарда кыргыздар эмнеге табынганы чыгармада кандайча берилет?
4) Чоңуулханга атасы Коңтаажы кандай акыл калтырыптыр?
5) Чоңуулхандын арам ою, аны ким ишке ашырды?
6) Думана ким? Ал эмнелер жөнүндө ак урат?
7) Думананы кууп жибермек болгон Чоңуулхан ал оюнан эмне үчүн кайтты?
8) Арынбекке жасалган мамиледен эмнени билүүгө болот?
9) Ага-ини хандардын ортосуна ким жик салды?
10) Ортуулхан кандай бүтүмгө келди?
11) Думана эмне үчүн Чоңуулханды өлүмдөн сактаган кеңешин айтты? Ой жүгүртүп айтып бергиле.
12) Кичуулхандын агасына болгон мамилеси эмнеден бузулду?
13) Чоңуулхан кантип көмүлдү?
14) Думана элге-журтка кандай кабар таратты?

*Төртүнчү бөлүм*

## АВТОРДУН БАЯНЫ

Унутулуп эки аганын өлүмү,
Колго тийип үч хандыктын өңүрү,
Казынасы, каухар менен алтыны,
Жайгарылды Кичуул хандын көңүлү.
Дегдегени канбас жаштык оюну,
Кабар кетип ат туягы күтүрөп
Эртели-кеч той болору күтүлөт.

Жылга-жыбыт, коктуларды жайлаган,
Момун журттун төрт түлүктү айдаган,
Көкүрөктө зилдеп кеткен арманы
Бүркүт болуп шаңшып турду кайрадан.
Кындан сууруп кылычтарды дат баскан,
Кылоолошуп улам чокко тапташкан.
Акыркы ирет жоону көздөй учканы,
Курчутулуп жебелердин учтары.

Мунун баары жан байкабас жасалып,
Эл мулуңдап, эл өзүнчө жашарып,
Каптап кетти ушул узун өрөөнду
Бир сергектик, бир өзгөчө тазалык.
Бир думана жолдон жолду сыдырды,
Айылдардан айылдарды кыдырды.
Кылым сөзүн сүйлөй берди тартынбай
Ушул элдин абийириндей, антындай.

Бир коркунуч жүрөктөрдө аялуу,
Кандай бүтөт бул шоокумдун аягы?
Куттун кушун капыс колдон учуруп
Кайра кыргыз кыйноо тартып калабы?
Ушул жерден тагдыр сааты билинет,
Чегинүү жок, аянуу жок бул ирет,
Душман алдуу, белдүү, өжөр, айлалуу,
Тымтырс, кооптуу үч хандыктын аймагы...

Нөкөр

Теңирим сүйгөн үч уул хан,
Үч уул хандын мыктысы
Кудуреттүү Кичуулхан!
Мен ашпаган бел калбай,
Мен өтпөгөн жер калбай
Аймагыңды кыдырсам
Ушак-айың ар кандай.
Байкашымда тоолуктар
Козголушуп калгандай.
Иликтесем айтышпайт,
Ичинде сыры бар кандай.
Той байгесин алам деп
Ат таптаган андан көп,
Жамбы атканга жарайм деп
Жаа кармаган мындан көп.
Күрөшүнө түшөм деп
Билек түргөн балбан көп
Кол кесерин алам деп
Кончко шамшар салган көп.
Эч нерседен кабарсыз
Ээн отурган андан көп.
Тойго эртелеп жетсем деп
Жолго чыгып калган көп…
Ушул менин билгеним,
Ушул менин туйганым!

Думана

Теңирим сүйгөн Үчуул хан,
Үчуул хандын мыктысы,
Кудуреттүү Кичуулхан!
Баргын деген жагыңдын
Болдум түгөл баарында.

Карап туруп калдым таң
Өзүнчө бир камылга.
Байыр кыздай сулууну
Жар кылаарың жактырып,
Дуу-дуу этет эл ичи
Кубанычтан каткырып.
Бири жезде деп айтса,
Бири күйөө деп айтып,
Абыроюң асманда
Сен жөнүндө көп айтып.
Сүйүнүчтө кемпир-чал
Куда болуп калдык деп.
Хан баатырга Кичуулдай
Жудаа болуп калдык деп.
Эр сайышка түшөөрү
Найзаларын даярдап,
Элиң тойго келатат
Бирин-бири кабардап.
Ушул менин укканым,
Ушул менин көргөнүм!

К и ч у у л х а н

Саймедиреп кулагымды толтурдуңар,
Кызматыңарга бирден дилде,
Эми бара бергиле!
*(Нөкөр, думана кетишет)*

Чоңуулхан өзүн чоң сезип жүргөн,
Ортуулхан өзүн эр сезип жүргөн,
Экөөнүн кеби дайым бир чыгып,
Кичуулханды кем сезип жүргөн.
Эл козголсо анысы чындыр.
Эл кубанса, мунусу чындыр.
Сактыкка кордук жок  дейт тура
Буктурмага аскер таштайын,
Тойду баштайын.
Оңолбайыр сулууну

Колго тийгизейин
Анан
Билген сурагымды жүргүзөйүн.
Таш көтөргөндү жанчам,
Баш көтөргөндүн башын аламын.
Тоолукту Коңтаажы бабамча
Кыңк этпес кылып саламын.
Алды менен алдаш керек элди
Анча-мынча оозун ачайын,
Кылымга аңыз болоор,
Улуу той жасайын!.

## Автордун баяны

Сый көп болгон, той көп болгон маалында,
Теңироттун чыккан, баткан жагында.
Болгон тойлор Күнжүрүштө, Кутта да,
Сөөлөт күткөн эл катышкан баарында.

Бирөө тойго тоюп келсе үйүнөн,
Бирөө курсак кампайтам деп сүйүнгөн.
Асмандаса аброй-баркы бирөөнүн,
Бирөө тойдо тепсеттирген жүрөгүн.

Элдер тойдо сый кийимин кийишкен,
Алчылантып жакшы аттарын минишкен.
Балбандар да муштум менен таш жарган
Тойдон атак алышарын билишкен.
Кастар тойдо кемсинтишип бир-бирин,
Элге угузган кимисинин кимдигин.
Эчендерди калк аңыздап айтышкан
Аламан журт тойду көрүп кайтышкан.
Тагынышып кыздар сөйкө, шурусун,
Аккуу мисал көргүн мында турушун.
Четтеп жүрөт жамаачы тон жигиттер,
Андай кезде кедейлигиң курусун.
Атчан, тончон жөөнү теңге албаган,
Ар качандан кедей түткөн зар заман.
Күлдүрүп да, бийлей дагы, ырдай да,

Өнөрлүүнүн күнү тууган мындайда.
Казганактап эл жыйылып туш жактан,
Атчан атка, жөөчөн жөөгө ыкташкан.
Баары даңгыр сөөлөт күтүп, сөз кайрып,
Эч нерсени билмексен да, укмаксан.
Көрмөк үчүн Байыр кыздай сулууну,
Бүтүн кыргыз көчүп келип турубу?
Мынча түмөн элди көрүп Кичуулхан,
Эмнегедир селт дей түштү ушул саам.

Жашап калса сулуу менен Байырдай
Опсуз жылдар тагдыр андан айрыбай,
Жок бөтөн ой хан көөнүндө кымындай,
Башка бардык окуяга кайылдай.
Ороп жатар олоң чачты билекке,
Жетсе болду көп эңсеткен тилекке.
Кичуулханга олжосу ошол олжонун,
Алып жүрсө нуру кылып ордонун.

Алам десе аялзаты жок беле,
Анысы үчүн ханды окурман жектебе.
Оңолбайыр ошончодон башка да,
Оңолбайыр бул ааламда жок неме!
Уусун алып кезегинде сандыктан
Ортуулхан да ошон үчүн кан жуткан.
Айтаар болсок таасын дагы, кыска,
Мынча ааламда Байыр жалгыз нуска да!

Кайда-барсаң тамак-ашы шайма-шай:
Кымыз, быштак, калама нан, боорсок май,
Бал, нышалла, парварда кант, соку кант,
Өрүк, мейиз – таттуу түрү ушундай.
Карыялар сөз кызытса дуулашып,
Жаш жигиттер этти нарын туурашып,
Бир тарапта үн безесе акындар,
Ал ырларда не бир тунук акылдар.

Хан атайын секичеге жайгашып,
Жасоолдору колго кылыч кармашып,

Куржуйүшкөн айбалтачан алптары
Төмөн жакта кыдырата жардашып.
Хан жанында байлар, бектер башы улук,
Чүйгүн тамак ошолорго ташылып.
Алмустактан келе жаткан жомоктой
Өтүп жатты дүңгүрөгөн улуу той…

Ж а р ч ы

Эй, калайык,
Кичуулхан жардыгын
Уккун, тыңда бардыгың!
Бул улуу той жамбы атмайдан башталат
Жебе сууру, жааларыңды алгыныц!
Күн мурдатан сүйлөшүлүп койгондой
Жүз жебечиң тандалып чык атышка.
Кыргыз журту Оцолбайыр тараптан!
Жүз жебечи болот Кичуул жамааттан!
Башкаларың катышпа!
Илгин нөкөр, жамбыны,
Ушул хандын жардыгы!

Х о р

Эки тарап алмак-салмак атышат,
Бирөөбү да тийгизе албай жатышат!
Үндөр
– Тийбей койду!
– Жөн жамбы эмес!
– Ойрон жамбы!
– Сыйкырчылар сыйкырлап койгон жамбы!
– Илинген бойдон калды!

Ж а р ч ы

Эй, калайык,
Ук бардыгың
Хан жардыгын!
Ат башындай жамбыга
Хан үстөгүн кошуп жатат

Ата албаса орго түшөт,
Ким атат?!

Д у м а н а

Кесибим менин сөз эле,
Сөз менен жанды бакчы элем.
Сөз менен өтөт тирүүлүк,
Сөз менен оокат тапчу элем.
Мен атайын жамбыны!

Ж а р ч ы

Хан жардыгы күчүндө,
Думанага уруксат берилди!
Ата албаса, кор,
Бараар жери ор!
Кезек сеники, думана!

Ү н д ө р

– Жамбыны ээле, думана!
– Жакшылап мээле, думана!
– Ха, ха,
Думана жебе чойсо,
Жебечилер кийиз ийлейби?
– Эй, жаагыңды бас!
– Шашпай ат, думана!
– Биз барбыз, думана!

Д у м а н а

Дүңгүрөткөн дүйнөнү
Талаш өткөн бир кезде.
Атпай журт кыргыз калкымдан
Манас өткөн бир кезде.
Алманбеттей, Чубактай
Баатыр өткөн бир кезде.
Хан Бакайдай кадырман
Акыл өткөн бир кезде.
Семетей, Сейтек эр жүрөк

Асыл өткөн бир кезде!
Ошолордун тукуму
Сен болосуң думана.
Атып алсаң жамбыны
Атпай кыргыз журтуна
Дем болосуң, думана!
Ошолордун арбагы
Элим сени колдосун!
Ураанынды чакырсаң
Кыдыр болсун жолдошуң!

Ү н д ө р

– Мээле, думана!
– Дагы мээле!
– Чой жебени…
– Тийди думана!
– Жеңдиң думана!
– Жаша, думана!
– Мерген думана!

Х о р

Ураанынды унутпа, журт!
Куралыңды унутпа, журт!
Миң жылдарга ушул тоодо
Тураарыңды унутпа, журт!
Заманыңды унутпа, журт!
Барарыңды унутпа, журт!
Ушул тоодо мөңгүлүккө
Калаарыңды унутпа журт!
Тагдырыңар талашта турат,
Бирдиктүү болгула!
Санатыңды унутпа журт!
Жаратыңды унутпа журт!
Кегин жоого кетирбеген
Манасыңды унутпа журт!

Ж а р ч ы

Хан буйругу!
Колунан куралы алынсын!
Думана эл көзүнчө
Орго салынсын!

Ү н д ө р

– Сүйлө, думана!
– Буйру, думана!

Ж а р ч ы

Хан буйругун өзгөртөт,
Колуна кишен салынсын!
Желдетке тапшырылып,
Думананын башы алынсын!

Ү н д ө р

– Не турасың, думана?
– Буйру, думана!

Х о р

Сенин сөзүң
Биздин сөз, думана!
Сенин өчүң
Биздин өч, думана!

Д у м а н а

Мен эмесмин думана!
Сенсиң журтум, думана!
Кылым бою эзилдиң
Өзүң өскөн уяда!
Баатырларың майышып
Алдан тайып жатканда,
Сен кимдерден үйрөндүң

Өз башыңды катканга!
Азаттык сага керекпи,
Тос өлүмгө төшүңдү.
Кылымдап сени эзгенден
Алгын алаар өчүңдү!
Жоголсун Үчуулхан!
Көтөрүл, кыргыз!
Алга, кыргыз!

Ү н д ө р

– Курал колдо!
– Хан курчоодо!

Х о р

Касыңды кармап
Жазала кыргыз!
Үч уулхандан
Тазала кыргыз!
Чапкынчы журтту
Жайлагын кыргыз!
Кичуулханды
Байлагын кыргыз!
Алга! Чамда!

Ү н д ө р

– Кастын баары жайланды, мына!
– Кичуулхан колу байланды, мына!

К и ч у у л х а н

Байладың мына
Колумду тексиз!
Бүтүрдүң минтип
Доорумду тексиз!
Көзүңдү сенин

Ойбодум неге?
Көрүңдү терең
Казбадым неге?
Айт чыныңды,
Сен кимсиң, думана?

Д у м а н а

Кырылган кыргыз каргышын каткан,
Эзилген кыргыз маанайын каткан,
Тоолордо дымып билинбей жаткан
Атылган кекчил чагылган болом!
Кыргыздын ишкер узу да менмин,
Кордукта каткан тузу да менмин.
Өч кууп кийген кебетимди
Эч качан кыргыз кийбес үчүн,
Кулдукту такыр билбес үчүн,
Ыргытамын!
*( Башына кийген кебин, жамаачы чапанын ыргытат. )*
Көрүп ал!
Мен – Оңолбайырмын!

## СӨЗДҮК:

**Төрт түлүк** – уй ҳайвонлари
**Нөкөр** – мулозим
**Шамшар** – ханжар
**Камылга** – чора
**Жар** – қаллиқ
**Жезде** – почча
**Абырой** – обрў
**Дилде** – тилла
**Сөйкө** – зирак, болдоқ, сирға
**Шуру** – маржон
**Уу** – заҳар, оғу
**Нуска** – нусҳа, алал
**Секиче** – топчан
**Жасоол** – ижро этувчи

**Жарчы** – жарчи
**Үстөк** – устига қўшмоқ
**Ор** – ўра
**Тагдыр** – тақдир
**Санат** – насиҳат
**Кишен** – кишан
**Каргыш** – қарғиш
**Чагылган** – чақмоқ
**Уз** – чевар

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Автордук баянда эмнелер камтылат?
2) Кичуулхандын түпкү максаты эмне?
3) Нөкөр эл ичиндеги абалды кандай билдирди?
4) Думана эл жөнүндө эмнелерди айтты?
5) Той эмнеден башталды?
6) Жамбыны ким атып түшүрдү? Кичуулхан кандай буйрук берди?
7) Думана ким экен? Ал элге эмне деп кайрылды?
8) Өзбек адабиятында эл азаттыгы үчүн күрөшкөн аялдар чыкканбы? Болсо, санагыла.
9) Уламыш-легенда драмасы аркылуу акын эмнени айткысы келиптир?
10) Чыгармадан жаккан ыр саптарын жаттагыла.
11) «Мекенди сүйүү, ага кызмат кылуу баарыбыздын ыйык милдетибиз» деген темада дилбаян жазгыла.

## ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВ

*(1931 – 2011 )*



Төлөгөн Касымбеков – кыргыз элинин улуу жазуучусу. Ал өзүнүн алгачкы аңгеме-повесттеринен тартып ( «Тууган жер», « Жетим», «Адам болгум келет» ж.б.) роман-эпопеяларына чейин («Сынган кылыч», «Кел-кел», «Чапкын», «Баскын») кыргыз элинин турмуш-тиричилигин, үмүт-максатын, жашоо ыңгайын, аң-сезимин көркөм сүрөттөп, өлбөс-өчпөс образдарды жарата алган.

Ал эч качан атак-даңкка, сыйлык-наамдарга умтулган эмес. Өзү туура тапканды, өзүнө жакканды, өз чындыгын бекем карманып, кыргыз адабиятына өз ***чыйырын*** салып, өз изин калтыра алды.

Тоталитардык системанын тушунда саясаттын күчү менен калыптанып калган «чындыкка» ачыктан-ачык каршы чыккан. Ал үчүн куугунтукталган, жапа чеккен, чыгармалары жарыкка чыкпай калган. Бирок жазуучу өз позициясынан, өзүнүн чындыгынан эч баш тарткан эмес, акыр-аягына чейин бекем турган.

Аттуу-баштуу илимпоздор кыргыз эли Россияга өз эрки менен кошулган дешип, акын-жазуучулар бул ойду көркөм чыгармаларга айлантышып, даңктап жатканда, «кыргыз өз ыктыяры менен кошулган эмес, орустар күч менен басып алган», – деген ойду Төлөгөн Касымбеков өзүнүн «Сынган кылыч» романында тарыхый далилдерге таянуу менен көркөм чагылдырган. Анын башына кара булут мына ушундан үйүлгөн. Бирок жазуучу, жогоруда белгилегенибиздей, өзүнүн бул чындыгына бекем турган. Акыр-аягы анын жазгандары чындык экенин турмуш өзү ташка тамга баскандай тастыктады.

Төлөгөн Касымбеков – кыргыз адабиятында тарыхый романды негиздөөчү, аны жаңы көркөм бийиктикке көтөргөн жазуучу. Аны таанымал чоң окумуштуу адабиятчылар СССРге гана эмес, дүйнөгө таанымал жазуучулар М.Ауэзов, Ян, С.Бородиндер менен бир катарга коюп, баа беришкен. Ошондуктан анын «Сынган кылыч» романы орус тилине 4 жолу, казак тилине 3 ирет жана өзбек, түркмөн, уйгур, кытай тилдерине которулган. Ошондой эле Москвадагы «Прогресс» басмасы бул чыгарманы англис тилине которуп чыгарган.

Жазуучунун дагы бир эрдиги заман өзгөргөндөн кийин, «Сынган кылычты» дагы бир жолу кайрадан иштеп чыккандыгы болду. Мында ал төмөндөгүдөй толуктоолорду кийирген: 1) романга өзөктүү жаңы окуяларды кошкон; 2) жаңы каармандардын образдарын жараткан; 3) мурдагы каармандардын мүнөз-образдарын тереңдеткен; 4) чыгарманын сюжет-композициясына айрым өзгөртүүлөрдү кийирген; 5) романдын стилдик жагына да кайрылып, тилдик көркөмдүгүн күчөткөн. Өзүнүн чыгармачылыгына өтө сын көз менен карай алган гана көркөм сөз ээси мындай кадамга бара алат.

Т.Касымбековдун таланты кыргыз эли өз эгемендүүлүгүнө ээ болгондон кийин гана татыктуу бааланган. Ал – Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Кыргыз Эл жазуучусу жана Кыргыз Эл Баатыры. Эң негизгиси, анын чыгармаларынын экинчи өмүрү. Кыргыз эли жашап, кыргыз тили сүйлөнүп, Кыргыз мамлекети жер бетинде турганда Төлөгөн Касымбековдун аты өчпөйт, ал ***кылымдардан*** кылымдарга өмүр сүрө берет.

## «СЫНГАН КЫЛЫЧ»

### I

1865- жыл…

Генерал Черняев боз чаптуу ***дөңдө*** жалгыз көздүү ***дүрбү*** салып турду. Бет алдындагы түз талаада гана эмес, тээ алда кайда карарган чочун Ташкен дубалы, ***мунарыктын*** алдында жаткан дарактуу кыштактар, сай бойлорундагы күдүрөйгөн камыштар, андан бери канаттуу чегирткедей жайнап, акырын жылып келаткан көп аскер даана жатты. Кылка-кылка атчандар. Арты көрүнбөй ийрилип, чубалган ***жөөлөр***. Боз чаң ар жерден бирткелеп түтөп, кайра жерге сүйрөлүп, суйдаң сарала тулаң чөптөргө, жалгыз аяк көк жаңгактарга самсып төгүлөт. Алыстан ат кишинейт. Адамдын жан-жуңу кулакка илешет. Кокондуктар мынчалык камдуу келерин

генерал күтпөгөн элс. Бирок жүрөгүнүн өртү өчө элек курагы, аксаргыл жүзүнөн кандайдыр-бир **кооптонуу** көрүнбөдү, женишинин тагдырына ***санаркоо*** болбоду. Кайта, эч капарсыз гана, каралжын саргыч мурутунун алдынан ***текебер*** жымыйып тиктеп турду. Бу ийри кылыччандарды биринчи жолу көрүп отурабы? Бат атар мылтык менен толук куралданган бир жарым миң солдаты, бул жер түгүл Европага жүрүш кылууга жарай турган мыкты артиллериясы бар. Эмнеден кооп санамакчы? Кандайдыр-бир коркунуч түзүүчү шарт азырынча бет алдында жок сыяктуу болуучу.

Ушул учурда кокондуктардын аскербашчысы да мерчемдүү ***өңүткө*** келген. Акбоз аргымактын тизгинин жыя тутуп, сары талаанын туш-тарабына, боз чаптуу майда адырларга, өңүт тандап бөлүнүп кетип жатышкан ***кошун*** кыйырына ***назар*** таштады. Көздөрү канталап, ирени кубарып, бырышы көбөйүп, уйкудан жүдөгөн. Анын үстүнө, эки ийнинен жеңсиз карала кымкап акбоз аргымактын дүңкүйгөн соорусуна чубалып, карылык мүлжүй баштаган кичинекей абышканы көлбүп басып, дагы көрүмсүз кылып салган. Кушту жырткыч кылган ***тырмагы***, кишини сүрдүү кылган ***мансабы***. Бу көрүмсүз абышканы жандап турган нөкөрлөр, удайчылар көзүнүн агы менен чимирилишип, ал эч ким менен сүйлөшпөй, эч ким менен макулдашпай, туштарабын колун серелеп карап, акырын ооз кыбыратуу менен керектүү буйруктарын оң канатка, сол канатка берип турду.

Үч күндөн берки акмалашуу бүтүп, бирине-биринин сыры такыр белгисиз эки жоо үрөй учурган тым-тырс бойдон, акырындап, улам жакындашып келатты. Сыпайлар беталдын, өңүтүн бат-бат өзгөртүп, тушкелди бастырышып, бирде дыр коюп, ат ойнотуп, бирде элтейип токтой калышып жатты. Үстөмдүктү алыш үчүнбү, күн батыш тараптан генерал Черняевдин айрым бөлүктөрү биринчи болуп кол салып, тынымсыз барабан дабырап, арт жагынан анда-санда кокон кошунунун сол канатын түрө чыкты. Бир тегиз ак кийинген солдаттар ок жете турган аралыктан анча өтүшпөй, ***леклектердей*** желе тартып, эки жакка жайылып, жабыла ок чыгарышып, көгөрүп каптап кириште.

Аскербашы жаак териси тырышып, канталаган жүдөө көздөрүн акырын ирмегилеп, камчылуу колун чекесине алып, ойго батып тиктеп калды. ***Нөкөрлөр н***естейди, ар бири ичинен кармашуунун жоопкерчилигинен өзүн какас ойлоп, бу кантер экен дешкендей алдыртан аскербашыга көз салышып, үнчукпай, кай биринин дени өлүп, кай бири табалап, тышынан жөргөмүштөй бүрүшүп, оозун карап, катып турушту. Аскербашы чарчанкы улутунду:

– Чырнай паша кылычташууга жеткирбей, өзүнүн огу келгидей аралыктан бери өтпөй, кууп, атып кырмакчыбы?

Жакын турган Абдымомун бек эңилип:

– Ошондой го, таксыр, бу капырдын ою! – деди акырын. Аскербашы ойлонуп унчукпай туруп калды. Канталаган жүдөө көздөрү чекчейип, тиги кымкуут түшүрүп, өткүн сыяктуу улам кысып шатырап жакындап келе жаткан жакты диртилдеп чаргып, тынчы кете баштады. Ал акырын ооз кыбыратып, буйрук айтты:

– Толгомо...

Анын ою душманын замбиректеринен бөлүп, алаксытып, желиктирип ортону көздөй көп такат кылбай коё берип, анан эки капталынан шап ороп, окко карабай жабыла ат коюп кирип, бирме-бир салгылашууга тартуу. Ага жеткенде генерал Черняев темир курчоодо калмакчы. Жеткиреби ошого? Муну генерал баамдап коё тургандай жүрөгү чочулап, ичи бир кымылдап, бир сыйрылып, башына кан дүргүп, жаны түтөп, барган сайын чыдамы бүтүп баратты. Ал сол канат жакка бастырды...

Генерал Черняев дүрбүнү көзүнөн алды. Бир пас жөн тиктеп, жерди көзү менен чендеп алды да, ***буйгада*** бугуп турушкан атчан козак жүздөрүн эки канаттан тең ок менен алга жыла берүүгө буйрук кылды. Анын ою байкоо, эгер көптүккө салып жапырып киришсе, аткылоо менен дароо артка чегинип, аларды замбиректердин огуна капталтуу, кайра чабуулга өтүү, а даай алышпаса, кууп атып, улам жаңы өңүттөрдү колго ала берүү. Генерал чоң дүрбүнү кайра көзүнө алды. Кызыл кийинген сарбаздар далдакташып, шашып жүрүшкөн болуу керек, кытайча деп аталган кичинекей жез замбиректерин дөңдөргө орнотуп жатышат. Алардан бери ар жерде үйрүлүп токтой калып турган сыпайлардын үстү жагында милтелүү мылтыктарынан улам түтүндү бурк эттире мергендери бат-бат ок чыгарууда. Кай жакты меджеп жатышты экен? Генерал байкай албады. Өзүнүн алдыдагы аткычтар ротасынын желеленген катарын сыдырып тиктеди. Жыгылганы же катардан аксап калып калганы көзүнө чалынган жок. Андан соң дүрбү кокон кошунун так ортосун генералдын алдына тартты. Боз чаптуу дөң...Бир топ атчан...Акырын сол канат жакка бастырып баратышат...генерал алдынкы акбоз атчанды көп имерип карады...

– Алымкул...даңазалуу ***аскербашысы***...Ошол өзү...– деди, аксаргыч жүзү, тунук көгүлтүр көзү жайнап. – Гм... Өзү келген экен алдыңкы өңүткө...

Акбоз аргымакчан аскербашы өз тегерегиндеги тандалган сыпайларды октон четтеп аздап кетенчиктей берүүгө буйрук кылды да, өзү бир

топ удайчы менен генерал Черняевдин алдынкы күчтөрүнүн жолунда калды. Эми ок чырылдап келип, жакын түшө баштады. Акырын селтилдеп кошкуруп, кулактарын тикчийтип, тиги улам жакындап келаткан чочун каңырттты тиктеп, ***оолдугун*** шылдырт чайнап, акбоз аргымак тыбырады. Эмне үчүн? Аскербашы кылычын булгалап, тизгинди жыя тутуп теминип, акбоз аргымакты ансайын элиртип, кыйкырып ***ураан*** таштап, карашалай берди. Ал душманынын көңүлүн өзүнө тартты. Кармашууга чындап киргендей түр көрсөтүп, кытайчаларынан тынбай ок чыгарта баштады. Бирок кытайчаларын бирдемеге жарайт деп үмүт кылган жок, кытайчалар орус замбиректерине караганда ***көсөө*** эле, антсе да, сарбаздар кутургандай дүңкүлдөтүштү, мелжеген жерге жетпей октору ара жолдо чаңга аралаша тоголонуп калып жатты. А аскербашы дагы эле ат ойнотуп дөңдө. Ошол заматта ага жакын турган нөкөрдүн аты чыңырып кош аяктап тура калды да, оңколоп жыгылып түштү. Ээсин баса жыгылды. Тургандардын үрөйү учту. Аскербашы гана өлүм издеген сыяктуу, өжөрлөнүп ат ойнотуп, шаңданып көзгө түшө берди...

Генерал Черняев баарын көрүп турду. Ага аскербашы ***желөпкө*** жигиттей жеңил сезилди. Ал дүрбүнү көзүнөн алып, мыйыгынан күлдү:

– Мына, Күнчыгышта октун алдына жалаңач чапкан алп бар. Ок баатырды аяйбы? Бул башы менен бу аскербашыбыз бөөдө өлүп калат...

– Бул, менин билишимче, кыргыз-кыпчактын ичкилик уругунан чыккан киши, – деп, эске салды генералга жакын турган аскерче кийинген ***ориенталист,*** – кокон калкынын эң тынчы жок согушчан катмарынын башкы ***жолбашчысы, көсөмү.*** Ушул мулжуйган абышка өз ара кармашуудан быркырапып бузулуп калган уруулардын союзун кийинки үч жылдын ичинде өзүнүн акылы менен, айлакерлиги менен, албетте, мүмкүндүгүнүн болушунча, кайра бириктирди. Согушка жарамдуулугун бир кыйла жогорулатты.

Генерал жактырбады. Ал беталдын тиктеп турган калыбында өзүнчө күңкүлдөп койду:

– Баары бир кеч болуп калды. Эми кандай гана тыбырабасын натыйжасы куру бакыруу, куру жулунуу, окко жылаңач төшүн тосуп чабуу...

– А го белгилүү иш.

Генерал камырабай, жерге түкүрүп, аппак жүз арчы менен эриндерин сүрткөн болду да, каралжын саргыл мурутун сылап туруп, тиги акбоз аттуу топту бир ***орудие*** менен аткылоого буйрук кылды.

– Кана, баатырдыгын көрөлү...

Ал дүрбүнү кайра көзүнө кармады. Ушул кароодо орудиесинин кубаттуу ***ядросу*** дөбөнү ак чаңга бөлөп, кандай ***кым-куут*** түшүрөрүн,

акбоз аргымак кызуу кандуу ээсин көтөрүп кандай ызылдап качып баратканын ***тамаша*** кылып тургусу келди. Жок… Акбоз аргымак дөңдө жок! Генерал Черняев көзүн парлап алып, кайра кадала тиктеди. Ар жерде көк жантак сербейип…аттын өлүгү жалгыз карарып жатат…Ошол учурда оң жактан да, сол жактан да көп кошун жайнап чыкты.

– Алдагысы келген экен карыган түлкү. Курчап алгысы бар окшойт! – деди генерал Черняев. – Азыраак артка! Тез!

Байланышчы буйрукту алдынкы аткычтар ротасына алып чапты. Генералдын ***ирени*** биртке кубарып кетти. Бирок ого бетер мүнөзү жайдары тартып, өрөпкүп чыкты:

– Тез! Орудиелерге таянып, тегерене коргонуп туралычы. Хе, айтпадым беле, буларды жаланачтанып октун алдына чапмайы али бар деп! Мейли, алачапандарынан ок өтпөй турган болсо, мейли, келе беришсин! – деп сүйлөп, көгүлтүр тунук көздөрү жалтырап, эң алдынкы топтун тездигин ээрчий тиктеп, тынчы кеткени билинип баратты. А канаттуу атчандар орудиелердин артына өтө чыксачы?...

Кокон аскербашысынын жүрөгүн өйүгөн да ушул болду. А дегенде тике качырбастан, душмандын бир канатын толгой качырып, ***куюн*** сыяктуу улам сыгып, ороло чаап, желкеден уруу, беттеген багытынан ажыратып, аралашып, кылычташууга мажбурлоо. О, ал үчүн окко чыдоо керек! Окко чыдаса жениш, чыдай албаса, чилдей качып кырылыш…Качып кайда барасың? Кайсы убакка чейин качып отурасың?…Ал өрттөнүп, бир жерге тынчып карап туралбай, туталанып, ар жоокеринин алдына ыйлап бергидей болуп, жаагынын этин жеп, бүт кошунду ***чабуулга*** көтөрдү.

– Хайт де! Айт де! Карышкыр тузакка кабылды…Өзү келип кабылды. Хайт дегиле! Орогула…Тепсеп өткүлө…

Көп кошун чубалып, кара селдин шарындай түрмөк-түрмөк болуп, эң катуу тездик менен, бороондой күүлдөп, генерал Черняевдин сол флангасын жемирип кирди. Ок мөндүр болуп тосту. ***Тобокелчи*** жандар өрттөй чатырап, ажал канатына жармашып, кылычтарын булгалап, аттан мурда алга обдулуп, ири алдыда дүрдүгүп баратышты. У-у-у! –у! –у-у! Хайт! Хайт! Айт! Ызылдаган кыйкырыктан, дабылдын үнүнөн, ат туягынан жер дүңгүрөдү. Генерал Черняевдин бийик жерге катар орнотулган замбиректери жабыла ок бүркүп, тосо баштады. Учкаяк аргымактар аралаша тийген ядродон чакчаңдап элирип качып, өлүктөрдүн үстүнөн, жыгылган аттардын үстүнөн так түйүлүп, ок жаңылганы чыңыра кишенеп аласалып, кай бир аттар үзөңгүгө буту илинип калган чала жанды сүйрөп, кара ***селди***н сүрдөнүүдө үркүп чуркап келатты. Кандын жыты, күйгөн дарынын жыты абаны мас кылды.

– Хайт де! Хайт де! Орогула!...Жайпап өткүлө...Тепсеп өткүлө. Хайт де! Ата арбагы колдосун...Хайт де!...

Аскербашынын үнү бирде өкүмдөнүп буйрук болуп, бирде каар төгүлүп, бирде баш кеңгиреткен кымкуут каңыртка аралашып, төнүп, кандайдыр алсызданып, жалынып тургандай, каландардын ырындай муңдуу болуп, чаңдуу абада, кан жыттанган кызыл абада дары жыт түтүндүү көк абада калкып жүрдү.

Генерал Черняев тегеренс коргонду. Солдаттар, атчан козак жүздөрү аттарынан түшүшүп, жерге сулап жатышып, чабуулдан ок менен калкаланышып, тиги жапан атчандардын алдына катуу бүлгүн түшүрүп, бирок кантсе да кысылып, аздап артка чегинип турууга мажбур болуп жатышты.Кокондуктар өжөрлөнүп, кырылганына карабай, күбүлгөнүнө карабай, суудай каптап, ири алды кылычташууга үлгүрө тургандай болуп келатты. Генерал Черняевдин жүзүнөн текебер жылмаюу кете баштады. Ок канчага жетер экен?...Жапан атчандар канчага чыдар экен?... Анын жүрөгүн дүкүлдөтүп, жапан атчандар оролуп баратты...

Жанындагы нөкөрлөрүнөн кымкуутта аскербашы ажырай түшкөн эле. Бир гана удайчысы ээрчип жүрдү. Ал эч адашпай, эч калбай, көлөкөсү сыяктуу ээрчип жүрдү. Аты да кара, өзү да кара, түнөрүңкү, сүз, муздак болучу. Эриндерин бек кымтып, агы көрүнбөгөн кичинекей жылтыр көздөрүн былк эттирбей, аскербашыны дайыма тиктеп жүрдү.Колунда ***милтелүү*** кара мылтык. Милтесинен чок өчүрбөйт. Аскербашы жер түтөгөн чуунун ичинде булуттай акбоз аргымакты кылактатып, кылычын булгалап. Кар көчкүдөй дүңгүрөп агып өтүп жаткан кошунга карап:

– Хайт де! Хайт де! – деп кыйкырып ураан таштап токтоло калды. Удайчы эки жакты бат-бат каранды. Анын агы көрүнбөгөн жылтыр көздөрү диртилдеп аскербашынын ***далысынан*** өтө баштады. Бул эмнеси? Ал атынан лып ыргып түшө калды. Ага эч ким серп салбады.Жан кулактын учунда бараткан ызы-чууда эч ким байкабады. Кара атынын далдасына өзүнүн кара денесин жашыра берип, атынын кара жалынан мылтыктын учун ашыра сунду. Шашты. Жүрөгү лакылдап, аскербашынын далысын кароолго токтото албай, өзүнөн-өзү чочуп, селт деп мылтыкты кайра тартты. Акактап оозун ачкан бойдон дагы эки жакты ***бат-бат*** каранды. Дароо эниле, кара жалдан мылтыкты дагы ашырышка батынды...Көз ирмемде мылтык үнү тап этти!...Аскербашы селт дегендей болуп түзөлө түштү да, акырын ийилип, ***ээрдин*** кашына өбөктөп туруп калды. Удайчынын кичинекей жылтыр көздөрүнүн агы эми көрүнүп, колдору титиреп, бели бүкчүйүп, атын тизгинден тарта акырын артка кетенчиктеп жөнөдү.Аскер башы ат үстүндө термеле, эсин жыйды белем, араң

кылчайып, артын карады. – ***Ууртуна*** кан чыга түшкөн эле, ал киркиреп алсыз үн салып, удайчыны атынан чакырды. Удайчы үн бере албады, калтырап, мууну шалдырап. Атына эмгектеп араң минди да, кулагын жапырып, атын бат-бат желдирип, качкан уурунун көлөкөсүндөй кубаңдап, караңдап жөнөп берди...

Көңүлү азды. Жарадар болгонун билди. ***Көкүрөгүнүн*** тереңинде кандайдыр-бир өжөр күч аны бек кармап, жымыратып келаткан уйкудай шалдыроодон түртүп ойготуп жатты, чымыркантты, акбоз аргымактын күмүштөй жылтыраган ак ***жалына*** колу карышты. Кылычы түшүп кетти, ал термелип, ага эңкеймекчи болду, ***дарманы*** куруп, ошондон ары ээрден оой баштады. Акбоз ээсинен тизгини бошобой калып, бир тегерене окуранып токтой калды. Ээси үзөңгүгө тырмышты, жандалбастап, чымырканып, калтылдап, турууга аракет кылды.Чекесинен кара тер кетти. Ууртунан жылжып аккан кан көкүрөгүнө куланып, канга чакап, колу үзөңгүдөн үзүлүп, жер кучактап жыгылды.

Аргымак селт эте түштү да, кан жыты үркүттүбү, кошкуруп, тизгинине чалынган бойдон кергичтеп басты.

«О, тагдырдын ойну...Ал Алымкул аталык эмес беле? Бүтүндөй бир уюктуу журттун туткасымын дечү эмес беле? Акылдуу тандап бурадар күтпөдү беле, белдүү тандап сүйөк күтпөдү беле? Кайда алар? Кайда кетти баарысы? Кан жөткүрүп жыгылганда, колтугунан жөлөргө бир жан болбодубу жанында?...»

Жер таянып. Ал акыркы жолу башын көтөрдү. Канаты сынып бийиктен түшкөн ***бүркүт*** сыяктуу алысты, жарыктыкты армандуу тиктеди. Көзүнө бүт жер бети өрт каптап келаткандай кыпкызыл болуп көрүндү, эрбейген чөптөр да, таштар да, өзүнүн кара түктүү сөөктүү колдору да кыпкызыл болуп өрттөндү, окко чаап баратышкан атчандар кыпкызыл оттун ичинде кутулуп чыгар жолу жок, чыңырып туйлап, эч аргасыз жалбырттап күйүп жүрүшкөндөй көрүндү. Анын көзүн кан чырмап баратты...

Нөкөрлөр кыйла артта ат жалына өбөктөшүп, жолбун октон корунушуп, ийрилишип турушкан эле. Үстүндө ээси жок, тизгинине чалынып, улам мүдүрүлүп коюп келаткан акбоз аргымакты көрүп, четте тургнынын үрөйү учуп кетти.

– Өй...

Баары көрүштү. Жабыла чаап, акбозду кармашты. Ошол замат аларды ***тукшумөл*** ойлор бийлеп, бирин-бири алдыртан тиктешип, бири-биринен коркушуп, шектенишип, томсоруп, кумсарып туруп калышты. Аталык кайда? Эмне адиса болду? Жабыла тиги акбоз келген жакты көздөй чабышты.

Алымкул сербейген эки ***жантактын*** ортосунда жүзтөмөн түшкөн бойдон жаткан экен. Кара кан көбүктөнүп, алдынан жайылып агып, боз топуракка синип калыптыр. Чалкасынан оодарышты.

Үстүнөн үңүлүп турган эң күйөрман кишиси Абдымомун бек өксүп жиберди. Чуу көтөрүп, кайра токтошту. Эмне кыларын билишпей, баары шылкыйып туруп калышты. Кай бирөөлөрдүн көзүнөн сызылып жаш чыкты. Кай бирөөлөр шыпшыңды. Кай бирөөлөрдүн бул топтон канткенде суурулуп чыгып кетиштин камына түшө эриндери ортозаар кымтылып, көздөрү ойноду.

– Киши колдуу болуптур…

– Киши колдуу болуптур…Ок артынан тийиптир го…

– Ок кайдан чыкты? Кимден чыкты?...

Абдымомун бек буркурап жер муштады:

– О, бир көзүнө бир көзүң жоо болуп…кандай күп болуп кетти бу!...- Удайчылар кайда жүрүшкөн?...Көзүң кашайгырларды кармагыла! Кармагыла, бирин койбой!

Жалгыз ирени суук удайчы жок болуп чыкты. Ушул учурда ал Ташкендин жолунда чаң түтөтүп бараткан эле.

Аскербашынын киши колдуу болуп калганы кошунга жел менен кошо тарады. Чабуулга күүлөнүп баратышкан жүздөр элтейип, тизгин тартып токтой башташты. Биринен-бири шек санап, биринен-бири абайлап, кандайдыр-бир кескин сөзгө, кескин кадамга барбай, ***миңбашылар*** нестейди, ***пансаттар*** нестейди. Кимге кулак тутушат? Кимдин буйругун угушат? Бири да мындай кылалы деп, алдыга чыга албады. Жер жайнаган көп кошун ушундай кысталыш учурда башсыз калды.

Кошундун алды генерал Черняевдин артына ороло баштаган болучу. Ушул учурда күтпөгөн жерден арты суюла түштү, көз ачырбай каптап келатышкан сансыз атчандар жел башка жакка айдап жөнөгөн жөө тумандай түрүлүп, салгылашка кирбей, кыя салып, четтеп кете башташты. Алды көмөксүз, демсиз калды. Таш менен урса жеткидей жакындан түз атылган окторго калбыр болуп, бири калбай жер кучакташып жыгылышты. Үзөңгүгө буту илинип калган өлүктөрдү сүйрөп, чыңырып кишенеп, кергичтеп качып жүргөн аттар да кутулган жок, ырайымсыз коргошун ок кубалап, издеп тийди.

Генерал Черняев онолууга дароо мүмкүнчүлүк алып, өңүттөрүн тез бекемдеп, экинчи чабуулду күтүп калды. Экинчи чабуул кай тараптан

келер экен? Ал дүрбү салып, ***мерчемдүү*** багыттарды арытып карады. Шектүү эч нерсе жок. Ар кайсы дөңдө бүлбүлдөп майда туулар көрүнүп, туу түбүнө чакырган дабылдардын үндөрү дүңкүлдөп чыга баштады. Генералдын көз алдында эмелеки суудай бирдиктүү кошун майда-майда топ болуп, бөлүнүп чаап, майданды таштап, тууларды карай самсып тарады. Буларга эмне болду? Кандай аскербашы өңүтүн таштап чыга берет ушундай саатта? Генерал ишене албады. Карыган карышкыр дагы бир ***шумдугун*** көрсөткүсү келди бекен же?...

– Буларга эмне болду? – деди генерал Черняев кайрадан-кайра дүрбү салып. – Мына сага күнчыгыш. Улам бир күтүлбөгөн ишке урунасың...

Ойноктогон акбоз ат эч жерден дүрбүнүн көзүнө илинбей койду.

## СӨЗДҮК:

**Чыйыр** – сўқмоқ
**Кылым** – аср
**Дөң** – тепалик
**Дүрбү** – дурбин
**Мунарык** – ғубор, ғира-шира
**Жөөлөр** – пиёда аскарлар
**Санаркоо** – хафа бўлмоқ
**Текебер** – такаббур
**Өңүт** – пистирма
**Кошун** – қўшин
**Назар** – эътибор
**Мансап** – ҳокимлик
**Леклек** – лайлак
**Нөкөр** – мулозимлар
**Буйга** – пана, пана жой
**Чабуул** – хужум
**Сарбаз** – сарбоз
**Мерген** – овчи
**Аскербашы** – қўмондон
**Ураан** – чақириқ, шиор
**Желөпкө** – мақтанчоқ, манман
**Ориенталист** – шарқшунос
**Жолбашчы** – йўлбошчи
**Көсөм** – ақлли одам
**Тамаша** – ҳазил
**Ирең** – афт, башара

**Тобокел** – таваккал
**Сел** – тошқин
**Даам** – таъм
**Дарман** – дармон
**Бүркүт** – бургут
**Түкшүмөл** – тахмин
**Мерчем** –қулай

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Генерал Черняевдин аскери кандай максатта кыргыз жерине келиптир?
2) Алымкул аталык кайсы хандыктын колун орус аскерлерине каршы баштап келди?
3) Кокон хандыгы жөнүндө эмне билесиңер? Кокон хандыгынын аймагына кайсы шаарлар, жерлер кирген?
4) Мыкты куралданган орус аскерлерине каршы Алымкул аталык кандай илени колдонууну чечти?
5) Орус генералы бул кармашуунун натыйжасын кандай элестетти?
6) Алымкул аталыктын согуштук илеси өз максатына жеттиби же жокпу?
7) Алымкул аталык кимдин колунан каза тапты?
8) Алымкул аталык атылбаганда кармаш кандай аяктамак? Элдин, өлкөнүн тагдырындагы жеке адамдын орду жөнүндө ой жүгүрткүлө жана бул тууралуу жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.
9) Кокон хандыгынын кулашынын негизги себеби эмне болуптур? Кокон хандыгынын курамында кайсы элдер болуптур?

## II

## НҮЗҮПТҮН ОТУ

Сары жалын соймоңдоп, түндүн капкара көшөгөсүнүн өңүрүн жалмалап, кызыл учкундар жылтылдап, караңгылыктын кучагына кирип жок болуп жатты.

Нүзүп ээрин жазданып, былк этпей, үн катпай, оттун кызылын тиктеп ойлуу. Жанында Шералы. Шералы ыргылжың болуп, сабыры суз тартып, шылкыйып чычала ичкертип отурду. Улам Нүзүпкө көз кыйыгын салат. Аны менен бирдемени ачык сүйлөшкүсү келип турган сыяктуу. Ал кардуу тоолордун арасында шуу-шуу жумшак шамал жүрүп турган бейпил адырда ушундай караңгы түндө жылкы кайтарып жүргөн кезин, жылкычылардын катарында ушундай улуу отту тегеректеп отурган күндөрүн эсине салды. О, анда бирөөдөн иймениш, бардык убакта абайлап, бардык убакта тартыныш, эң акыры келип, көз каранды болуп, өзүңдү-өзүң кор тутуш жок эле. Көңүлдө эмне болсо, ачык айтып, тиш-

терин кашкайта күлүп, жүрөгүнүн көксөөсүн тартынбай ортого салып ырдап, кең пейил жигиттер болор эле. Анда сөздүн акысы, кысасы, эсеби болчу эмес. Көңүлдөгү оюң эч катылбай, мына бу оттун учкундарындай ачык учуп чыгып, ал ойлорун үчүн эч ким сени жектөөчү эмес, эч ким сени душман саначу эмес.Элеттин бейпилдиги канына сиңип калган Шералы айланасы тарып, малдыкындай болсо да эркиндигин жоготуп койгондугу сезилип, ошондон улам жүрөгүнө өзү жооп табалбай турган бир санаркоо түшүп отурду. А Нүзүп ээрине өбөктөп, былк этпей, үн катпай, Шералиден бетер санаалуу, көзүн чала жуумп, илгери бир көргөн түшүн эстеп жатты.

Нүзүп ата мээрин көрбөдү. Эсенбай бий анын энесин салынды кылып таштап, энеси экөө айылдын четинде боз төбөл үйдө эптеп түтүн булатып, карыптын оокаты менен жан сактачу. Нүзүп кичинекейинен таз болуп кетип, төбөсү жылтырап, чачы жок болуп айыкты. Сыпаа бай намыс кылып, эч качан балам дебеди, топко ээрчитпеди. Бирок Нүзүп таз чыйрак чыкты. Атасынын баласынтпай койгонуна, күнүбатча бир туугандарынын ыктатканына багынбай, кайта күчөп эрегишип, кашкөй чыкты.

Күндөрдүн биринде Нүзүп таңга жуук ошол шумдуктуу түшүн көрдү да, ордунан чочуп туруп, эрте менен айылдагы аксакалдарды, көптү көргөн уламаларды чогултту. Мал союп, аш тартып, алдына жакалуу жаап, артына чарчы (жоолук кур) курчап, зыяпат көрсөттү. Бул эмнеси? Эч ким билбеди. Жуп бетке бата тартыла бергенде, Нүзүп улагага сыңар тизелеп отура калып:

– Журт, менин силерди топтоп отурганым...Мен бир түш көрдүм...мына ошону жорутайын деп топтодум эле... – деди. Кишилер Нүзүптүн оозун карап калышты.

– Айт. Мырза, айта бер. Жоруйлу дилибиз жетсе! – дешти төрдөгү карылар. Нүзүп бирпас толкундап, мукактанып түшүн айтты:

– Эң бийик, көкжашыл тоолордун үстүндө жүргөн экенмин...Бир тоодон бир тоого аттайм...Бир тоодон бир тоого сунсам, колум жетет. Бир тоодон кыйкырсам, бир тоонун кийинги шагырап үркөт...Бул эмнеси? Бирок түзүк моокум канбады...Бат ойгонуп кеттим... Бул эмнеси?...

Кирпиктер гана кыбырап, үй ичи тымтырс болуп кетти. Мындай шумдук түштү ким көргөн? Ким жоруган? А Нүзүптүн жүрөгү алып учуп, көздөрү диртилдеп, отургандардын кабагын, ирецинин кубулушун сабыркап тиктеп, жооп күтүп турду.

– Жакшы, – деп төрдөгү карылардын бири киркилдеп сүйлөп келатканда, Нүзүп:

– Токтоңуз! – деп оозунан сөзүн сууруп алды. – Түзүктөп жоруй алар түрүнөр көрүнбөйт. Түш бир айтуудан бузулат, бир жоруудан бузулат дешет го. Мына эмесе, мен өзүм жорудум: эң бийик көк жашыл тоолордун үстүндө жүргөнүм – мартабам көтөрүлөт экен, бир тоодон тоого аттаганым, бир тоодон колум сунсам, колум бир тоого жеткени кулачым узурат экен, даңкым алыска кетет экен, бир тоодон кыйкырсам, бир тоонун кийиги шыгырап үркконү – байлыгым чоң болот экен…хан болот экенмин…Омийин, аллау акбар! – деп бата тартып жиберди. Кай бирөө чын ниети менен, кай бирөө тамашага чалып, дуулдап бата кылышты. Эл тарады.

Элге кеп болуп кетти. Көзү жок жерде ким көрүнгөн шакебелеп, атаны жаман калдин тилегин көр дешип, күлүп жүрүштү. Акыры унутулуп да калды. Жалгыз Нүзүп өзү такыр унута албады, көксөдү, күттү...

Ушул убактарда Нүзүп шумдуктуу түшүм келди го деп ойлонуп, атасынын ордун басканын ошого жоруп жүрдү. Бирок көнүлү биротоло тынбады, ыраазы болбоду. Бул кайда кача турган бийлик эле? Атамурасы!! Эртеби, кечпи акыры колго келе турган нерсе эмес беле? Жүрөгүнө чоң медер тутуп жүргөн тилеги ушул эле болуп бүтүп калышына ыраазы болбоду. Көп жылдар өттү...

Мына эми минтип кабагынын тырышы көбөйүп, эти оорлоп жандын тынчын көздөп келаткан чагында, шумдуктуу түш эскирип, эсинен чыгып бараткан кезде, күтпөгөн жерден ордодо оодарыш болуп кетти да, тынчы жок сезимин кайра ойготту. Бир тоодон туруп кыйкырса, бир тоонун кийиги шагырап үркконү жапжаңы болуп көз алдына келе баштады, дагы үмүт болуп жүрөгүн дүкүлдөтө баштады. Ордодогу өзгөрүштөргө байланыштуу элдин кообун, дүүлүгүүсүн, эң акыры демин көрүп туруп, Нүзүп ордону талашууга укук болуп бере турган бирдемени издеди. А укук да табылды.

Мына Шерали да жанында отурат, колго түшкөн уурудай болуп шылкыйып, отту тиктеп жанында отурат. Нүзүп көз кыйытын салып, Шералини тиктеди, көзүн ирмебей томсоруп көпкө тиктеди. Шерали кысынып, басынып арбагы учуп, өзүнөн-өзү кичинерип отурду. Коркуудан башка, өйдө карабай, кулдук кылуудан башка көрүнбөгөн мокок көз, маңыроо жүз...

...Казый күнчыгыш элдеринин көп ордолорунан мисалдарды бир баштан санады. Бирок Нүзүп кызыгып укпады. Ага шылтоо эле керек болучу. Амир Темир Көрөгөн жетишти. Ал унчукпай ойлонуп, дагы эле казыйдан көзүн албай, жылан ойноткон индустай кубарып тиктеп, ойлонуп отурду.

– Гм...– деди Нүзүп, сөзү түгөнүп кайсаланып калган казыйга. – Айтчы, казый... өзүң айткан кудайдын каалоондай кылып ишти алып кете алар бекен биздин ханыбыз?...

Казый шашып башын чайкап жиберди:

– Жогуңуз, хазрати! – деди ал туталана, колдору калтырап, жакасына барды. – Жогуңуз...Жогуңуз...Мындай ишти башынан өткөрбөгөн... – Казый чыдай албай кеткенсип, жер тиктеп башын чайкады. – О, хазрати...О, хазрати...

– Казый! Башыңды көтөр...

– А...А...– Казый апкарып, бозоргон нурсуз көздөрү диртилдеп кетти.

– Лапбай, хазрати...лапбай...

– Башыңды көтөр, казый. Көзүңдү көрсөтүп отуруп сүйлөш. Сүйлөшкөн кишимдин кабагын көрүп отурбасам, канбаймын.

– О, хазрати!...Бечара кулуңуз акыйкатын сүйлөп койду... Бир кашык канын кечип койгойсуз...О, хазрати, көрдүм...кеп уруштум...үнүн уктум... О, жок, хазрати!...Кокон ордосу акыл толо каллага муктаж, каруу толо колго муктаж...

– Сенин оюнча, ордого аталык зарыл. Ушундайбы, казый? – деди Нүзүп казыйдын ичин аңтарып тиктеп.

– Кана, андай аталык кыла турган дыйкан кишини кайдан табабыз? Ким бар? Айтчы, сен ордону, ордо кишилерин жакшы билесиң, айтчы...

Нүзүп казыйдын көзүнүн кыймылын, бетинин кыймылын, ууртталарынын тартыла түшкөнүнөн бери көз айырбай карады. Казый сүрдөп мукактана түштү. Тамагына тура калган шилекейин жутуп, аптыгып:

– О, хазрати! – деп жиберди, чоң усталык менен кабагын кубултуп, каңырыгы түтөгөндөй. – О, хазрати, дилиниз адал экен, о сиз адалат ишке жаралган адам экенсиз! Сурап отурасыз а!... – Ал жылтырап жаш келе түшкөн боз көздөрүн калкалаган болуп, эзилип калды. – О, хазрати...- Сиз өзүңүздү өзүңүз билбес экенсиз, өзүңүздү өзүңүз пас кармар экенсиз...

Нүзүп андан наркысын айттырбай, колунун учун бирткe көтөрүп, казыйды токтотуп койду...

...– Хазрати!

Көпчүлүк толкуп, күбүр-шыбыр болуп, эшикти жүткүнүп карашып, кайра тымтырс болуп катып калышты. Эң алдында Шерали көрүндү. Элдин башы баары бирдей таазим кылышып, колдорун боорлоруна алышып, көздөрүнүн төбөсү менен эптеп карашып турушту. Шералинин оң колтугунда Нүзүп, сол колтугунда Мусулманкул, артында шаардын казыйы, шаардагы аскерлердин саркери. Баягы Шерали. Баягы мокок көз,

баягы маңыроо жүз. Ал үйрөтүлүп коюлган го, акырын салам айтты, эриндери эле кыбырагандай болду. Көпчүлүк дүрүлдөп алик алды. Ал улам жакындаган сайын кишилер баштарын дагы төмөн ийип, кай бирөө бүк түшүп, бутуна жыгылып жатты. Шерали бүк түшкөн кишилердин башынан акырын аттап өтүп келе берди. Башында эски кийиз ак тебетей, үстүндө шөлбүрөгөн тепме чепкен, бутунда баягы ууртгары дулдуйган чоң көң чокой. Белинде кынсыз кылыч. Ашырдын канына чыкталган баягы көк болот кылыч. Аны ошол бойдон алпарып такка отургузушту. Көпчүлүк кут болсун айта баштишты. Шералинин кулагы дуулдап, эми кайда тиктерин билбей, эки колун кайда коёрун билбей, маңыроо тартып, давдырап отуруп калды. Диванхана аарынын уюгундай күүлдөп жатты.

Нүзүп күүлдөп турган диванхананы бир нестейтти. Ал алдыда тургандардын биринин белиндеги учу түз шамшарын кынынан суурул алды да, кайра ээсине сунду:

– Мырза, мына бу шамшарды тетиги жерге какчы... – Хандын тагынын бетмаңдайын, дубалды көрсөттү. – Тетигил жерге...

– Куп, таксыр...Жаным менен...

Шамшардын ээси бүрүшүп таазим кылып, буйрукту тез орундатууга киришти. Бул эмнеси? Нүзүпкө сырдаш элеттин бийлери да билбеди. Бул эмнеси?

Шамшардын ээси бутунун учу менен туруп, колу жеткен жерге шамшарын саяйын деди эле, Нүзүптүн: – Өйдө! – деген үнүн угуп селт дей түштү. Боюнун болгону ушул эмеспи. Дагы кантип өйдө боло алмакчы. Шырп деген дабыш чыкпай, диванхана нестейди.

– Көтөргүлө! – деди Нүзүп катуу. Жакын турган кишилер шашкалакташып, көптөп аны өйдө көтөрө башташты.

– Ийинине чыгар бириң!

Ого бетер калтаарышып, шамшардын ээсин биринин ийинине тез чыгарышты.

– Как! Так ошерге как!

Шамшар диванхананын саймалуу дубалына кагылган соң, Нүзүп Шералинин бутун жакын тургандарга көрсөтө:

– Тарткыла, бутун!

Өтө кадырман киши саналып алдыда турган кожолор эле. Колдорун аппак сакалдарына алпара ичтеринен тоба келтиришип, бирин-бири тиктешип калышты.

– Өй, селделер! Тарткыла дейм бутун, колуңарга жугуп калабы?..

Көздөрүнүн алды дирилдеп Нүзүптүн жини кычап келди. Ал өзүн араң токтотуп турду. Кожолор буйрукту эми түшүнгөндөй болушуп:

– А...– дешип, бат эңилип, Шералинин чокоюна жабышып калышты. Нүзүп соолуга түштү. Эгер сөзүн эки кылгыдай болсо, алардын кожолугуна, ыйыктыгына карамакчы эмес. Ал элеттин кишиси...

Кожолор Шералинин ууртары дулдуйган, чаң, аттын тери каткан чокоюн ичтеринен кор болушуп жатып чечтиришти. Сасыган чулгоолорун араң чыдап бүктөшүп, чокойдун кончуна тыккан болушту. Шерали кыпкызыл болуп, буттарынын башын шөлбүрөгөн чепкендин өңүрлөрү менен кымтынып, отуруп калды.

– Чеч белбакты, бери! – деди Нүзүп ага. Шерали унчукпай эски кайыш белбагын чечип берди. Нүзүп белбак менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлатты:

– Илгиле!

Житире кагылган шамшарга чокойду алпарып илишти. Диванхана тымтырс. Баары Нүзүптүн оозун тиктеп калышты. Бул эмнеси? Бул кандай сыр? Нүзүп шумдугунун түйүнүн чечүүгө шашылган жок. Шералинин үстүнө мурда камдатып койгон кызыл кымкапты жаптырды, бутуна саймалуу көк булгары өтүк кийгиздирди. Ошондон кийин гана көпчүлүккө угуза:

– Шерали! Мына, карагым, эми сен журт эгесисиң. Журтка кайрымдуу бол! Бурадарга күйүмдүү бол! Акылдуунун тилин ал! Көздүүнүн артынан ээрчи! – Чокойду колун сунуп көрсөттү. – Тетиги жаман көк чокой... Шерали, таанып́сыңбы ошону? Ал сенин чокоюң! Ал сенин өткөн күнүң, Шерали!...Ошол өткөн күнүңдү, ошол карыптыгыңды эч качан унутпа, күндө көрүп отур. Ал алтын такка чыгарган күчтүү кудуретти сага күндө эстетип турсун. Кара баштуу адамдын өмүрүнө, калың тайпа журттун тагдырына ойлук кылганыңда бул чокой дайым маңдайыңда болсун. Бул сени көптүрбөсүн, эсиртпесин!...

Нестейген диванхана дуу жарылып, дүңгүрөп кетти.

– Бали! Бали! Миң жаша, ата углу! Бали!...

... Маргалаң. Бектин сарайы. Нүзүп балаханынын төрүнө салынган төшөктө эс алып жаткан эле. Маргаландагы аскерлерди тескеп, бир сыйра көздөн өткөрүп, кай бир жигиттер менен эркелетип сүйлөшкөн болуп, сырдашып, аскерлердин зардесин, демин текшерди. Аскерден тартип кеткен болучу...

...Коргондо акырын кобурашкан үн угулду да, жанына миршаб ээрчитип, балаханага Маргалаңдын беги чыгып келди. Нүзүп козголбоду.

– Таксыр, – деди бек акырын, – ордодон жарлык келди...

– Кандай жарлык экен? Ким бериптир? – деди Нүзүп бурулуп карабай, энтемени сезбей. Бек табалап тиктеп көзүн кылыйтып:

– Бул жарлык акыры бир күн келиши керек эле. Мына, биз дагы кудай деген кул экенбиз, зарыгып күткөн күн келди! – деди үнүн көтөрө…

…Бек жарлыкты бийик көтөрүп, өзү тооп кылып алды:

– Аллаяр сайид Шерали хандын жарлыгы!

Кымкап тонун ийинине тарта Нүзүп өйдө болду:

– Келе бери…

Бек шылдыңдап, ууртунан жылмайып күлдү:

– Таксыр, аталык… Кантели, тагдыр ушул экен, жана гана сиз бизди желдеттин алдына салып берем деп, кудайды эсиңизге албай, текебер кеп урган элиңиз, чоң кудайдын каалоосу ушул экен ки, биз эмес сиз желдеттин алдына түшө турган болупсуз. Мына! Нүзүптүн башын кесип, алдыма апкел деп, бактияр саид Шерали хан мага улук жарлык жибериптир…

– Эмне!

Бек сөөмөйүн кезеди:

– Чуу көтөрбөңүз. Пайдасы жок. Чуу көтөрбөңүз! – деп акырын зекип сүйлөп, жарлыкты Нүзүптүн алдына ыргытып таштады. Нестейе түшкөн Нүзүп кагазды жерден алалбады. Көзүнүн кыйыгы Шерали хандын «эки жакалуу» деп аталган кол мөөрүн тааныды. Байкап турган бек:

– Аталык, кимдин коргонуда отурганыңызды билишиңиз лаазим. Сиз камалып отурасыз. Удайчыларыңыздын алда качан иши бүткөн. Сиздин ар кандай аракетиңиз ишти башкача кылып жибериши күмөн, – деди.

…Нүзүп өйдө карабаган бойдон Маткерим ясаулга:

– Желдет… – деди токтоо.

– Лапбай, таксыр…

– Кайдан алдың, бул кагазды?

– Дивандан, таксыр. Аллаярдын колунан…

– Гм…Желдет…

– Лапбай, таксыр…

– Тактын бетмаңдайында илинип турчу чокой чалындыбы көзүңө?

– Жок, чалынбады, таксыр…

– Гм. Чын экен го, Желдет…

– Лапбай, таксыр…

– Диванда Мусулманкул да бар бекен?

– Жок, таксыр. Ал киши көрүнбөдү.

– Гм…Жанжалды баштаган ошол өзү. Карачы, жыландан сак. Ушул иш жүзөгө ашып кетсе, ичинде, ашпай калса, тышында калмакчы…

…– Ушинтип, буйрукту Шералинин өз колунан алдым дечи, желдетим, – деп желдетти карады.

– Ушундай, таксыр…

– Ха, мейли…Тузума койдум. Тузум урар, эмгегим урар…Мен кетермин, мени кетирген колдор көп узатпай аны да жолго салар…

– Таксыр…Мени тез кайт деген…

…Нүзүп кашын көтөрүп, башын акырын ийкеди:

– Куп. Тез кайткын келсе, тез кайт. Сенде эмне айып, кылган ишиңди билесиң… Мейли…мен эки ирекет намаз окуп алайын. Чыдасаң намаз бүткөнчө күт…Чыдабасаң, оң жагыма ыкрар кылып салам бересде кир- …Ошент…Ишиңди бүтөр…

– Куп, таксыр…

Нүзүп ордунан тура баштады. Бек алдын тороду.

– Таксырым, тышка чыкпайсыз!

Нүзүп душманынын суук кабагын карабай:

– Күндү бир карап алайын, алдымды тоспо, наадан болбосоң. Даарат алып алайын, кыянаттык кылба кайридин болбосоң, – деди.

…Күн кечтеп калган эле. Бактардын башында кандайдыр-бир чымчык чыйт-чыйт деп сайрап, пыр-р этип шактан шакка учуп жүрөт. Жолбун жел бариктерди акырын шыбыратып, кайта дым болуп, жок болуп кетет. Ава дагы деле күндүн табы жыттанат. Нүзүп кыбыланы карады.

…Миршаб…– деди Нүзүп акырын. Жакын турган миршабдын бири леп этип ийиле калды: – Лапбай, таксыр… – Желдетке айтчы…Бактын ичине келсин…Мен намазды көк чөптүн үстүнө окугум келип турат… – Болот, таксыр…

…Туруп намазын баштады: – Бисмилла рахман рахим…Аллау акбар, аллау акбар…

Ал сеждеге баш койду. Ошол учурда чөп шырт-шырт деди. Жылан акырын сойлоп келаткандай улам жакындап келатты. Билди, ким келатканын, билди. Дүрүлдөп эти жыйылды. Бирок жүрөгү козголгон жок, аны акылдын күчү, эрктин күчү бек кармап турду…Шырт…Шырт…

…Абил жетпей калды. Ал коргондун дарбазасына келип, кара тер баскан атын теңселтип, үзөңгүсүнө тура калып: – Аталык! Ой, аталык, ушундабы! – деп кыйкырды.

Желдет ичкери бактын ичинен Нүзүп аталыктын башынын канын сарыктырып, кандын жытына мас болуп, көзү кызарып, шалдырап отурган эле. Үн чыккан жакты көңүлкош бир карап койду…

Ордодон ырк кетти. Ордого тең ата урууларды бириктирип турган Нүзүп болчу. Анын көзү өткөн соң өзүлөрүн тектүү, күчтүү сезген ар бир

уруу башчы, ар бир бек, өзү каалаган жакка чоюп, жааттар куралып, аралары кырды бычак болуп, дүнүйө, мансап үчүн кармашуу башталды.

...Ошол 1845-жылдын жазында Мусулманкул миңбашы ордодо жокто Исфара виалетинин беги Сатыбалды датка капыстан ордону басып, Шерали ханды өлтүрүп, Алим-хандын Ибрагим бектен кийинки уулу Мурад бекти хан деп жарыялап жиберди.

Мурад бек он бир күн гана таажы кийди. Мусулманкул аскер күчүнө салып, Мурад бектин шашылыш уюшулган биртике колун быт-чыт кылып, ордого кайра кирип, Шерали хандын он төрт жашар баласы Кудаяр-бекти хан көтөрдү.

## СӨЗДҮК:

**Жалын** – аланга, ёнғин
**Учкун** – учқун
**Чычала** – чучала, чала ёнган ўтин
**Бейпилдик** – тинчлик
**Таз** – кал
**Кашкөй** – истиҳоласиз, беор
**Улама** – илоҳий сўз
**Моокум** – орзу, хоҳиш
**Кирпик** – киприк
**Мартаба** – қадр-киммат, обрў
**Кулач** – қулоч
**Бата** – дуо, оқ фотиҳа
**Шакаба** – бировдан кулиш
**Тилек** – тилак
**Үмүт** – умид
**Укук** – ҳуқуқ
**Казый** – қози
**Кабак** – қовоқ
**Аталык** – оталик
**Каңырык түтөдү** – хафа, таьби хира
**Саркер** – бошлиқ, саркор
**Тебетей** – телпак
**Чепкен** – чакмон
**Чокой** – кийим
**Так** – тахт
**Шамшар** – ханжар
**Кын** – қин
**Бий** – ҳаким

**Чулгоо** – пайтава
**Жарлык** – фармон
**Желдет** – жаллод
**Мөөр** – мухр
**Жаңжал** – жанжал
**Барик** – барг
**Таажы** – тож

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Түшкө ишенүүгө болобу? Түшкө эмнелер кирет? Кайсы улуу адамдар өз максаттарына түш көрүү аркылуу жетишкен?
2) Нүзүптүн балалыгы кандай шартта өтүптүр? Аны атасы эмне үчүн уулум деп мээрим төккөн эмес?
3) Нүзүп түшүн жорутуу үчүн эмне кылды? Ал эмне үчүн өзүнүн түшүн өзү жоруду?
4) Нүзүп өз түшүн жүзөгө ашыруу үчүн кандай аракеттерди жасады?
5) Нүзүп такка отургузмакчы болгон Шерали өзү ким болгон? Ал хандык такка отурууну өзү каалаганбы же жокпу?
6) Нүзүп ордо адамы казый менен эмне жөнүндө сүйлөштү?
7) Аталык деген кандай кызмат? Ал атайын ким үчүн ойлонулуп табылыптыр?
8) Шералини хандыкка отургузууда Нүзүп эмнелерди жасады? Аны кандай максатта жасады?
9) Чокойду Шералинин хан ордосуна илдирүү аркылуу Нүзүп эмнеге жетишти?
10) Ал өзүн өлүмгө буйруган жарлыкты алып келген ясаулдан эмнени сурады?
11) Нүзүп өз өлүмүн кандай кабыл алды? Нүзүп өз түшүн туура жоруган бекен же жокпу?
12) Нүзүптүн өлүмүнөн кийинки Шералинин тагдыры кандай болду?

## III

## ТАШКЕН ШААРЫ...

Түркстан генерал-губернаторунун мекемесинин күтүү залында эки гана киши отурду. Кең фоснин оң дубалынын түбүнө жакын коюлган кызыл булгаары капталган чоң дивандын эки учунда бирине бири далысын салып, месирейип катып, жер тиктеп отурушат. Бирөө орто жашап калган, ирени кара сур, кыркма сакал, башында чалма, чалманын оң тарабына таккан хандык жарлыгы бар. Карала кымкап чепкендин ичинен кийген кызыл манат камзолдун төшүндө Россиянын биринчи даража Станислав ордени жаркырайт. Ошол жакасын атайын ачып отургансыйт. Берки киши андан алда канча жаш, ирени куба, сасирең, оорукчалдай эки көзү киртейип, муңканып отурат.

Генералдын эшиги ачылды. Экөбү тең тура калышты. Коңур кара чачтуу, штабс-капитан мундирин кийген, сулуу, муруттуу ак саргыл жигитти экөбү тең утурлай басышты. Сыягы экөбүнүн иши эки башка өңдүү. Тиктешпейт, ортодо оңолгус кастык, о дүйнөдө да жүз көрүшпөй турган таарыныч сезилет.Кимибизди кабылга чакырар экен деп экөбү тең тиктеп калышты.

Жаш офицердин мөлтүрөгөн көгүлтүр көзү жазгы булуттай таза да, суз болучу. Күтүүчүлөргө анча көңүл бөлбөй: – Таксырлар, – деди жадаган өңдүү, – бийик даражалуу жарыктык бүгүн бошобойт экен…

Беркилер жарыша ооз жасап келе жатканда, сүйлөтпөй башын ийкеди: – Айттым. Айттым. Биринчи даража Станислав орденинин кавалери, бийик даражалуу, Кокондун мурдагы ханы Кулаяр, ошондой эле мурдагы хан Насреддин күтүп отурушат дедим.

…Ушул учурда эшиктен Атакул баатырбашы кирди. Фоенин жасалгасын карап, тээ төрдө тике туруп түшкөн падыша Александр II нин сүрөтүн көрүп, «Э, акпаша ушул турбайбы?» – деп, шилекейин жутуп, алаңдап келатып, диванда отурган кишилерди анча бейлебей келип, кайдигер кишиге сыпаалык үчүн айтар саламды айтты. Кудаяр башын көтөрүп, ал дагы башын акырын ийкеп алик алганда, баатырбашы чочуп кетти, кетенчиктей берди. Кудаяр кайгылуу жымыйды: – И, баатыр жигит, жылан көрдүңбү?...

Атакул баатырбашы Насирдинди да көрдү. Эсине келе калып: – Хи, – деди ал кыжыр менен, – чага турган жылан экен десе, тили суурулуп калган сасык жыландар турбайбы!...

Насирдин ордунан атып турду. Оозу бир жагына кыйшайып, эки көзү чакырайып кетти. Атакул баатырбашы жүлжүйүп тиктеп, мыскылдап быре күлүп койду: – Тек, ийрилиң жат – жайыңа. Октолуп койгонун?!

Штабс-капитан кабинеттен чыкты. Марашып турган кишилерди көрүп, бери басты да, Атакул баатырбашынын бутунан башына тиктеди: – Сиз кимсиз?

Атакул баатырбашы шашып кетип, баш уруп жүгүндү: – Мен…Урматтуу төрө…Баатырбашы Атакулмун…Штабс-капитан тааный койду: – А-а Маргалаңдын бегимин дениз! … Өзгөрүп кетипсиз го?... – Жүрүңүз. Бийик даражалуу жарыктык сизди күтүп отурат…

…Адьютант: – Маргалаң беги Атакул баатырбашы…

…– Ассалому алейкум, улуу төрө…жарымпаша…– деп, үнү дирилдеп салам айтты Атакул баатырбашы. Алик ордуна: – Бери жакын келиңиз, – деди фон Кауфман.

...Иш кандай? Жакшыбы? А, жакшы болсун. Жалган хан кандай? Сизге тийген жокпу? Тие албайт. Кам көрөбүз. Жакында ал карөзгөй күмжам кылынат. Сиздей баатырдын көмөгү зарыл.

Тилмеч которду.

– Улук төрөм...Таксыр... – деп мукактанып, Атакул жал-жал тиктей калды.

Фон Кауфман баамдап туруп «Жүрөгүн өйүгөн бирдеме бар мында, мейли, кеңири отуруп айтсынчы», – деди акырын тилмечке. Тилмеч жубаткан соң, Атакул батынып сүйлөй баштады: – Жаман ой албагыла, улук төрөм, менде эч бир кеп жок...Исхак кеп салат, эгер урматтуу улук төрө жарым-паша макул болсо, жүз көрүшсөм дейт, орус менен ата-бала бололу дейт...Ушинтет...Менде эч кеп жок...Чыны ушул ки, Исхак Кудаярга, Кудаярдын тукумуна гана эрегишип чыккан адам. Кудай акы, Исхак элге тынч хан болот, ошон үчүн артынан эл ээрчип жүрбөйбү, Кудаярдан алда канча жакшы хан болот...

Тилмеч которду. Фон Кауфман эрдин бек кымтып, ирени былк этпей, томсоруп көпкө тиктеп калды. «Гм? Ууру качан да болсо, ууру бойдон калат! Оозуна Исхагы кайра кирип калган турбайбы. Кудаярдан жакшы хан болот? Хи, биз силерди жакшы хандуу болсун деп келип отурган экенбиз го?» – деди ичинен. Ордунан туруп, жай басып, Атакулдун артына өттү. Атакул башын кылычка тоскондой катты. Губернатор анын желкесин тиктеп туруп, кайра нары басты: – Маргаландын беги, – деп баштады, – эмне, сизди жалган хан кысмакка алып жатабы? Коркпоңуз. Өзүңүн саналуу күнү калды. Бизге анын эч керети жок. Керети болсо, дагы хан тукумунан бирөөнүн керети болуп калар. Тексиздин эч керети жок.

Тилмеч которду. Эки көзү жалдырап, анда мен эмне кылышым керек дегендей, Атакул оозу жарым ачылып, суроолуу карай берди.

– Сиз эр жүрөк адамсыз, – деп мактады губернатор, – сиздин бизге болгон ак ниетиңизди биз жакшы билебиз, эгер мындан ары да жан үрөп кызмат көрсөтсөңүз, мен го өтө жакын тамырыңызмын, улуу даражалуу ак паша көңүлдөн жаздым калтырбасына толук ишенип коюңуз, бир шаардын беги эмес, бүткүл Коконго таасирдүү, кадырлуу адам болуп калышыңызга эч шек болбойт.

... Тилмеч которду. Жүрөгү бирдемени сезип, ылдый тиктеп, Атакул шалдырады. Фон Кауфман өзү да бир аз ойлонуп, нары басып, бери басып, Атакулдан көзүн албай, тамеки тартты. Жай кыймылынан, ишенимдүү кыймылынан жазбай, креслосуна өттү. Отурбай столдун суурмасын тартып, кайра токтоп, Атакулга карады: – Сизге тагыла турган бир оор милдет бар, – деди ал сыр тартып тиктеп, – сиз аны аткара ала-

сыз, нары үстүнө жалган хандын өзү менен жолугушуп калыпсыз, эң сонун, жакындашыңыз, пайдаланыңыз, түбү келип негизги милдетти аткарууга жеңил түшөт. – Суурмадан колжойгон бир атма пистолду алып, столдун үстүнө таштады. – Албетте, бул биринчи аракет эмес, эң оболу сөз менен, иш менен узурпатордун каракчыларынын ичин иритесиз, эмне болжолу болсо, эмне максаты болсо бизге тез кабарлап турасыз. Жок, андан эчтеме чыкпасына көз жеткенде, ушул...– Сөөмөйү менен пистолду көрсөттү.

Тилмеч которду. Түрүнөн эле жаман сөз болуп жатканын Атакул туюп отурган, ордунан тура калды.

Генерал-губернатор пистолду алып, унчукпай Атакулга сунду. Атакул кыйылды. Генерал-губернатор көшөрдү. Атакул жер тиктеп, салбырап турган бойдон сенделип келип, пистолго кол сунду.

– Кайрат кайда?! – деп, бир чети көңүлүн көтөрүп, бир чети кекетип, фон Кауфман кабагын түйдү. Атакул пистолду алды. Фон Кауфман: – Ташкендин түбүндө Алымкул аталык кантип атылганын укгансызбы?

Атакул башын ийкеди. Фон Кауфмандын көңүлү кадыресе көтөрүлө түштү: – Эң жакшы!

...Атакул эрдин тиштеп, ирени капкара болуп, бир жагы ыза, бир жагы оор талап аны эзип көзү жашылданып келатты.

... «Же жан калар иш болсо экен! Колго түшпөй каламбы?! О, жараткан, мурунку эки тайып, эки жолу бетим кара болгонум азбы? Эмне деген атым калат? Укумдан-тукумга Атакул атым кан ичер, элин нанга саткан, куш жеминдей мансапка алмашкан чыккынчы болуп, азезил болуп айтылып өтөт. Менин атымдан өз балам уялар. Менин атымды өз каным сөгөр...Эмнеси коройт жарымпашанын! Көп болсо, сөөк ыргытып коюп, итче ээрчитип жүргөн, бир арзан баа чыккынчы өлөт экен да. Эмнеси кемийт?! Ок катары пайдаланат. Окту бир мертебе атат. Мерчемге тийсе да, тийбесе да октун кеткени ошол, артынан издебейт...Тийип калса, пабы жарымпашаныкы. Исхакты мертинтет! Түркүн тайпа журттун азыр башын бириктирип турган ыйык көк тууну кыйып түшүрөт...Эмне деп барам? Жарым пашаны көндүрмөкчү эмес белем? Мурунку кара тагымды ушул ак кызматым менен жуумакчы элем го? Хи, Исхак да оңойбу?! Болуп калса, пайдасы, болбой калса, эрте жоктун бири деп, ал дагы ок катары пайдаланып, өлөр жерге камаганын карачы?!»

Ирени кумсарды. Танабы кыпчылып, эрдин тиштенди. «Менин баам ушул элеби? Эки жагы тең арзан баа кылыштыбы? Чыккынчынын баасы!» – деп күбүрөндү жүрөгү сыйрыла. Ал бир атма пистолду белинен сууруп, жалтыраган кара темирди имерип тиктеди. Күрсүнүп алды. «Өңү ажалдай суук....кызталак...» – деди эси энгирей.

«Жарым пашадан кантип кутулам? Ыйык туу болуп турган адамга кантип кол көтөрөм? Э, баары келип, ноктолуу башка бир өлүм...»

...Тарс! Жигиттер селт эте беришти. Атакул баатырбашы атынан ооп түшүп баратканын баары көрүштү. Эмне болуп кетти? Ооздору жарым ачылып, ок кайдан чыкканын аңдай алышпай, бирпаста коркунуч ороп, эки жакты элтең карашты. Куралга кам урушту. Эчтеме жок. Теребел тыптынч. Жигиттер жарыша чаап жетишти. Бири тизгинин басып тигиндей токтой калган аргымакты кармады. Калгандары аттарынан күбүлүп түшүп, баатырбашысын сүйөштү.

Ок так чекеге тийген экен. Бир атма орус пистолдун оозу түтөп жанында жатканын көрүштү...

...1876-жылы 2-январы күнү генерал Скобелев Анжиянды камоолго алды.

Шаардын бир жагын генерал Троицкий, бир жагынан генерал Куропаткин, бир жагынан барон Витгенштейнди, барон Миллер-Закомельскийди жанына алып, генерал Скобелев өзү каптады. Күн чыгыш жагындагы бүт Анжиян алаканга салгандай көрүнө турган Ак-Чакмактын дөңү аталган дөңгө генерал Головачевдун 16 орудиядан турган артиллериясы, ракета станкалары эки канат кылынып катар тизилди.

7-январь күнү эртең менен эрте Анжиянга биринчи ок атуу башталды. Бүт артиллерия керели-кечке тынымсыз ок атты.

Ак шалпар жоолук чүмкөнгөнсүп, дарактары үлбүрөп, кар басып турган Анжиян кым-куут түштү. Кыштын күнү кара чаң асманга көтөрүлүп, тамдар самандай өрттөндү. Мунаралар күү-күү этип кыйрап түшүп жатты.

...Эртеси таң менен чабуул башталды. Анжиян капкасына төрт тараптан генерал Скобелевдин аскери кирди.

...Коргоочулар көчөмө-көчө кармашты. Колуна кесек алып, таш алып, а жөн эле эки чеңгээлин арбайтып, эс-акылынан ажырагандай бакырып жулунуп, мылтыгынын найзасы арпанын кылканындай ширелип келаткан каратель аскерге келип урунуп жаткандар болду. Сарбаздар, сыпайлар, караламан каракелтек эл «Йа, алла!», «Йа, алла!» деп, бир кылка, бир тегиз, муңдуу, өчтүү зикир чалышып, жандан кечип, кармашып жатышты.

Күүгүм кире көз байлангаңда Бекназар алсыраган колунун башынаягын жыйнап, каршылыкты токтотуп, 20 миң кишиси набыт болуп, канга бөлөнгөн, түтүнгө ууккан Анжияндан чыгып, Асакеге чегинди.

Генерал Скобелев Анжиян шаарын ээледи. Шаарга 100 миң дилде өлчөмүндө контрубиция салды. Мындан тышкары аскердин кереги үчүн шаар элинен көп мүлк жыйнатылып алынды.

Бүткүл Россиянын императору АлександрII аскери Анжиянды алганын угуп, фон Кауфмандын эркине жеңилгендердин эсебинен офицерлерди сыйлаш үчүн алтын баасы менен 88611 сом ыйгарды да, «кудай берип, экспедициянын иши мындан ары да ушундай эле көп кан төгүүсүз бүтсө экен», – деп куттуктады.

...Көтөрүлүштүн тамырын биротоло кыркуу үчүн «Зимняя экспедиция» деп аталып, генерал Скобелевдин башчылыгы астында каратель отряд түзүлгөн.Саны жагынан отряд эмес, ошол кездеги колдо бар куралдар менен толук жабдылган бүтүндөй бир аскер бөлүгү болучу. Отрядга бир аз жигиттери менен Насирдин өзү көмөкчү, жол көрсөтүүчү болуп кошулган.

Эки күнү көз ачырбай кар боройлоп жаап, жаңы гана басылган эле. Мелмилдеген асыл Фергана өрөөнү аруу жуунуп, ак шайы кийген келиндей үлбүрөп калган. Тээ алыстан башка кыштактардын карааны араң көзгө илешет. Кайдадыр алыстан иттин үргөнү үсүл-кесил угулат. Ава муздак. Аскер аппак карда кара чаар жылаандай ийрилип, жай чубап келатты.

Найман кыштагына жакындаган кезде аскердин алдынан бир топ киши тосуп чыгып калды. Ортосунда сакалы белине түшкөн мүңкүрөгөн кары адамы бар, колдору боорунда, ниет актыктын белгиси – баары тегиз ак жоолук кур курчанышкан.

Генерал Скобелев атчан туруп, жанында Насирдин уйчукпай аларды бир сыйра көздөн өткөрдү. Насирдиндин түрү бир башка   өз жини өзүн калчылдатып, тиги мүңкүрөгөн кишилерди табалап, чыдамы кетип, ичинен: «Бу орус эмне маалкатат?! Эмнесин карап отурат?!» – деп чыдамы кетип, ат үстүндө тынч ала албай кыйшаңдап турат. А эл болсо чарасыз, өлүмгө баш байлоо, ырайым берилсе да кубанчу түрлөрү жок, баарынын ындыны өчкөн экен. Сакалы белине түшкөн кары карга бүк түшүп, таазим кылды да, ошол тизелеп турган бойдон өйдө болбой: – Ырайым кылгыла, о адам атанын балдары!... – деп, калчылдап, киркиреп акырын сүйлөдү. Сууктан өңү кетип, быштактай катып турган тилмеч карынын сөзүн которду. Сөзүмө жооп болобу дедиби, кары башын көтөрбөй, ичинен калтырап, көшөрүп, кулак төшөй күтүп отурду. Аркасында чилдей тизилип, карга тизелеп кишилер да мыдыр этишпеди.

– А-га! – деди генерал Скобелев. – И.и? Согушуп бүттүңөрбү?!

– Кекетип жатат..., – деп которду тилмеч.

Улук төрөнүн үнүнөн эч ырайым сезилбей, кары адам ичинен чыйралып, акырын башын көтөрүп, көк мончоктой чекирейип турган көздү көрдү.Заар көрүндү. Кары дагы эле өзүн токтоо тутуп: – Тегин жерден

өрт чыкпайт дейт биздин элдин акылы, кантели, ханыбыз катаал чыгып – толкудук, чайпалып төгүлдүк...Эми, о адам атанын ыкыбалдуу баласы, сунулган моюнду суурулган кылыч кеспейт дейт биздин элдин акылы, миитип тутам мойнубуз кылча болуп, кар тизелеп, алдында турабыз, өңкөй эңкейген кары, эмгектеген бала, кара кийген касиеттүү жесир гана калды, жансоога кыл...– деди.

Насирдин: – Эмне?! – деп кыйкырып алып, кайра кылчаңдап, генералдын козголбой турганынан айбыгып, кайра куйругун кыпчып, бирок көзү канталап, көзүндө огу болсо, бир атып абышканы тырп жыккысы гана келип, айласыз токтолду. Тилмеч карынын сөзүн которду генералга.

– Жансоога берилбейт бузукуларга! Чапкыла бирин койбой...– деди генерал Скобелев.

Тилмеч кирпигин араң кыбыратып эле, же которорун билбей, же котор бой коё албай тургандай болуп, эки ортодо мелтейип туруп калды. Сакалы белине түшкөн кары адам ага суроолуу кадалды. Тилмеч көзүн ала качып, атынын жалына үңүлө берди.

Ошол замат бир жагынан солдаттар, бир жагынан Насирдиндин сыпайлары кишилерди тегеректей калышты. Карда чөгөлөп отурушкан эл бир чуу этип тура калышты. Сакалы белине түшкөн кары: – Чуу бейпайда, эми чуу бейпайда, о эсиңерге келгиле...– үн салды кайрат менен. Карынын токтоо, коңур үнү: – Жан талашуу бейпайда, балдарым. Эс токтоткула, жан талашуу эми бейпайда ...– деп аралап өттү.

Эки жактан кысып кылычтап кириштн. Бири да ордунан жылбай, корунбай, бири да кыңк этип үн чыгарбай нестейип гана турушту. Кылыч муздак аваны ышкырып жарып, шарт деп тийип жатты. Ак кардын үстүнө адам каны чымындыктын гүлүндөй жайнап чачылды...

Кезек сакалы белине түшкөн карыга жеткенде: – Жөн койгула аны! – деди генерал Скобелев. – Тирүү калсын. Буга ошол эң сонун жаза болот!

Туш тарабынан курчалды кыштак. Катын-калач чурулдап, озондоп, балдар энелеринин этегине баштарын катып чырылдап ыйлап – кыштак бүтүндөй чууга толду. Малды айдап, үйлөрдөн колго тийгенин талап чыгып жатышты. Караан күн түшкөнүн сездиби, уйлар өңгүрөп мөөрөп, иттер адам бакыргандай балбалактап улуп, каңшылап, ары-бери чуркап жүрүшөт.

Бир да тири жан калтырылган жок кыштактан, үйлөрү, мал короолору тыптыйпыл өрттөлдү. Ит да кутулган жок. Өрттөн баулдап качып даракка тырмышкан мышык да кутулган жок.

Каратель аскер кыштактан чыкты. Күйүндү жыттанган, кан жыттанган кыштак четинде аппак сакалынан ылдый көз жашы кан аралаш сарыгып, селдейип жалгыз абышка гана кала берди...

Кийинки кыштактардан тосуп чыккан киши болгон жок. Найман кыштагынын көргөн күнү угулганбы, кыш-күрөөгө карабай эл үркүп, үй-жайын, малы-мүлкүн таштап, жыңгырап ак кар, көк муз жамынган улуу тоолорду далдаланып кете башташкан. Каратель аскер ээн калган кыштактарга кирип жатты.

## СӨЗДҮК:

**Фое** – фойе
**Диван** – диван
**Чалма** – сиртмоқли арқон
**Камзол** – камзул
**Кастык** – душманлик, қасд
**Таксыр** – аъло ҳазратлари
**Жалган хан** – ёлғон хон
**Карөзгөй** – сурбет, безбет
**Күм-жам** – йўқ қилмоқ
**Көмөк** – кўмак
**Тилмеч** – таржимон
**Ууру** – ўғри
**Тексиз** – оддий халқ
**Суурма** – сурилма
**Каракчы** – қароқчи
**Ыза** – алам, ранж
**Каничер** – қонхўр
**Чыккынчы** – соткин
**Чеке** – пешона
**Кым-куут** – қий-чув, тўполон
**Мунара** – минора
**Набыт** – ҳалок бўлмоқ
**Контрубиция** – уруш вақтида енгилган давлат тўлайдиган товон
**Мүлк** – мулк
**Каратель отряд** – жазо отряди
**Кур** – камар
**Ындыны** – кайфият, димоғ
**Жансоога** – тирик қолдирмоқ
**Бейпайда** – фойдаси йўқ
**Катын-калач** – хотинлар, хотин-халаж

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Генерал-губернатордун кабылдамасында канча адам отуруптур? Алардын отурушунан бири-бирине болгон мамилеси билинеби?
2) Кабылдамада отургандардын бири эмне үчүн орденин атайын көрсөтүп коюптур?
3) Аларга штабс-капитан эмне деп жооп берди?
4) Атакул баатырбашыны штабс-капитан кантип тосуп алды?
5) Фон Кауфман Атакул баатырбашыга кандай милдет жүктөдү?
6) Атакулдун генералдын сунушуна ички мамилеси кандай болду? Кайтып келе жатып ал кандай чечимге келди?
7) Өзүн-өзү атып салуу менен Атакул туура иш кылдыбы же жокпу?
8) Анжиян үчүн салгылаш кандай жүрдү? Бул кармаш тең күчтөрдүн кармашы беле же жокпу?
9) Генерал Скобелев кандай максатта жазалоочу отрядды түздү? Ага жол көрсөтүүчү болгон Насирдин бек ким эле?
10) Найман кыштагында Скобелевдерди кимдер тосуп чыкты? Кандай максатта тосуп чыгышты?
11) Генерал алардын өтүнүчүнө кандай жооп берди? Насирдин бектин абалы кандай болду?
12) Кары өзү менен келгендерге эмне деп акыл айтты?
13) Бир айыл элден канча жан тирүү калды? Аны эмне үчүн тирүү калтырды?
14) Калган айылдын элдери эмне кылышты?
15) Төлөгөн Касымбековдун Совет доору учурунда куугунтукталыш себебин түшүндүңөрбү?
16) Кокон хандыгы кайсы элдердин хандыгы экен? Чыгарма эмне үчүн «Сынган кылыч» деп аталганына ой жүгүрткүлө, далилдүү сүйлөп бергиле.
17) Өзбек адабиятында орустардын элди мыкаачылык менен басып алганын чагылдырган чыгарма барбы? Болсо, салыштырып ой жүгүртүп көргүлө.

## ААЛЫ ТОКОМБАЕВ

*(1904 – 1988)*



Аалы Токомбаев – кыргыз кесиптик адабиятын түптөөчүлөрүнүн бири. Адабият тарыхында анын «Октябрдын келген кези» деген «Эркин-Тоо» гезитинин биринчи санына чыккан ыры көп жылдар бою кыргыз кесиптик адабиятындагы алгачкы, тунгуч чыгарма деп жазылып, айтылып келген. Кийинчерээк гана кыргыз жазма адабиятынын башталышын тереңирээк изилдөөлөрдүн жүрүшүндө бул ырга чейин эле кыргыз тилинде көптөгөн көркөм чыгармалар жаралгандыгы жана жарыкка чыккандыгы маалым болду.

Аалы Токомбаев – көп кырдуу талант. Ал – акын, драматург, жазуучу, котормочу, коомдук ишмер. Кыргыз адабият тарыхында биринчи жолу «Кандуу жылдар» («Таң алдында») деген романын ыр менен жазган. Анын «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат», «Днестр терең деңизге куят» сыяктуу повесттери, «Өлбөстүн үрөнү», «Күндүн чыгышы» өңдүү драмалары кыргыз адабиятынын тарыхында өз ордун ээлеген көркөм дөөлөттөр болуп эсептелет.

Анын таланты да татыктуу бааланган. Алсак, Аалы Токомбаев Социалисттик Эмгектин Баатыры, Токтогул сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССРинин Эл акыны, академик болгон.

## «МЕЗГИЛ УЧАТ»
## ЭМГЕКТҮҮ КУЛДА ЧАРЧОО ЖОК

Таң кашкайып сүргөн кезде, Рават дарбазанын босогосунда аянычтуу бирөөнүн элеси көрүндү. Ал муңайып олтурган Айтике эле. Кучактаган тизесине ээгин такап, үшүгөн күйкөдөй түктүйүп жер тиктегендей болот. Анын жанында жүнү тайкы кара тайгандын ийрилип жатышы, алптын тебетейиндей элес берет. Ал бейкут бүрүшүп, уктап жаткан балага кынала жаткан эле, бала болор-болбос кыймылдаган кезде, тумшугун көтөрүп ээсине карады да, ичиркенген эмедей санын дирилдетип, жыйрыла калды.

Бийик мунаранын башынан: «Алло акбар, алоо акбар», – деген сопунун үнү Айтикенин кулагына шак дей түштү. Азанчынын жаңырыгы сыяктанып, зангыраган үн сол жагынан да угулду, ал үн: «Ысык нан!» Кимге, кимге ысык наан» – деген наавайчынын үнү болучу. Айтике азанды тыңшабастан, наавайчынын үнүн улап, телмире карап, ордунан тура калды. Бийикте турган сопу селдесин колу менен сүйөп, эңкейип Айтикени карады да:

– Ой, кафир, нанга карабай кудайдын үйүн кара! – Айтике мунаранын башына кылчайып, кыялы менен күбүрөй баштады.

– Кудайдын үйү топурактан жасалган мечит болсо, мага берери кайда? Мага андан көрө бир сындырым токоч кымбат... Жок, жок! Жаңылдым, күнөөкөр болдум, кечир, Кудай, күнөөмү кечир! – деп үнүн чыгарып жакасын кармап, күн чыгышты карап: – О, жараткан, сен мени күнөөлөбө, мен ойлогон пикирди сен өзүң бердиң. Буйрук берип ойлонткон өзүңсүң, өзүң айткызып, өзүң кыйнасаң, калысты кайдан табам, кечир күнөөмдү, кечир!

Ал ушул сөздү айтканда кинелешип жеңип алгандай жеңиле түштү, оор улутунду... Аңгыча быжыгар кара сакалын кармалап солдойгон узун чапандуу сопу да көрүндү. Айтике унчуккан жок. Анын башында: «Сопунун селдеси канча көйнөк чыгар эле?» – деген пикир бар эле.

– Ой, кафир, салам айтканды билбейсиңби? – деди сопу. Айтике күлүп жиберди.

– Салам айтышты кудай мага буюрган жок. Сизге да буюрган жокпу? Салам айтыш – сиздин да милдет, же кудай силерди күнөөлөбөйбү? – деди.

– Астагфирулла, сиз шайтан болсоңуз керек, – сопу мукактанып кетенчиктей түштү.

– Жок, домулла, – деди Айтике билимдүү молдолорчо, – сиз менен шарият айтышууга болор бекен, балким мен сизден көбүрөөк билермин.

Сопу өзүнүн чабалдыгын алда качан эле билээр эле. Ошондуктан, мындан артык каршылык кылууга чыдаган жок.

– Бар, бара бериң дангаса – деди да, чапанын шөлбүрөтүп мечитти көздөй жөнөдү. Айтике мөрөйү үстүн болгондой, өзүнө алымсына түшсө да: «Бар, бара бериң, даңгаса», – деген сөз анын кыжырын келтирди.

Тайпак себетке ысык нанды толтура салып, чокусуна көтөргөн наавайчы эки колун делдеңдетип, буттарын бийлеген немедей, жеңил шилтеп өтө берди да: «Ысык нан, кимге, кимге ысык нан!» – деп Кокондун тар көчөсүн жаңыртып жиберди. Ойгонсо да баятан бери ышыныл жаткан Жапар башын көтөрүп:

– Атаке, атаке, нан, нан, – деп чыңылдап коё берди. – Ой, наавай, токтоңуз – деп, Айтике ордунан тура келгенде наавайчы сүлкүлдөй басып, жетип келип, себетти жерге коюп, нандарды колу менен салмактап: «Кайсысын аласыз, канча аласыз?» – деп илбериңки болуп кетти.

– Биттаны бериңиз, – деп өзбекче айтты да, углум, – пул ек, – деп чапанын чечип, мойнуна илген сабы жок кетменин көрсөтүп, – ушуга нечта нан бересиз? – деди.

Наавайчы жаңы эле кармаган баланын колундагы нанды жулуп алып, себетке сала койду, бала колун сунуп телмирген бойдон үнүн ачуу чыгарып, ыйлап жиберди.

Айтике калтырай түшүп:

– Куда үчүн бир нан бериңиз, – деп наавайчыга жалбара карап, кетменди сунду: – Акыры бир нандык нархы бардур, алың, углум, алың, – деди өзбекчелеп.

– Мен наавайчы эмесмин, – деди тигил жигит, – менин да кожоюнум бар, сиз дубал салганды билесизби?

– Билем, углум, билем, – Дандыр да жасаймын, үй да жасаймын, зэр да чабамын, дутар да жасаймын, ашула да айтамын, – Айтике өзбекче, кыргызча аралаштырып кесиптерин санап жиберди. Ал сүйлөп жатканда Жапар менен тайган себеттеги нанды тиктешип, чыдай албай шилекейлерин жутушуп, үмүт менен шүйшүнүп турушту.

– Ал, ала бериң, – дегенде, баланын колу нанга жабыша калды.

– Ыракмат, углум, ыракмат, – деп Айтике кетменди суна койгондо:

– Жок, албаймын, жүрүңүз, кожоюндун жасай турган дубалы бар, сиз жүда туура келсеңиз керек, – деп себетти башына көтөрүп, тигилерди ээрчите жөнөдү. Тар көчөнү айлана бергенде, ысык нандын жыты Айтикенин мурдуна бур этти. «Ушул жерде экен го», – деп ойлой койду да, көөдөнүн көтөрүп боюн түзөтүп, менменсине басты.

– Ассалоом алейкум, – деди дандырга нан жаап жаткан кишиге. Ал киши алик алуунун ордуна:

– А, Ташбай, таптыңызбы? – деди Айтикени тиктеп, – колунан бир нерсе келээр бекен, а? Кыргызбайлардан болсоңуз керек, – деди көк ала сакал кексе наавайчы, – мейли, балаңыз бар экен, мына ушул жерге жатасыз, мына бул дубалдарды согуп бүтөсүз, тамакты бизден жейсиз, үч сом элүү тыйын акча аласыз, – деди.

– Куп болот, – деди Айтике баласынын маңдайын сылап, – бардык аракетим ушул балам үчүн, баламдын карды ток болсо болду, мен мээнеттен коркпоймун, сиздин да балаңыз бардыр?..

Наавайчы ичкериден чыгып келатып:

– Биз суннатты унутканбыз, сиздин атыңыз ким болот? Мени Ашымахун наавай дешет. Биздин бабабыз Кашкардан келген таранчы миш. – Айтике ага ылакап атын айтты.

– Аб бали, Айтике Сарык десек да болор экен да?

– Болот кожоюн, болот, – деп Ашымахундун колундагы чылгый чаначка суроо бергендей карады.

– Суу жуда алыс. Ме, – деп чаначты берип, күзөрдөн өтөсүз, сол жагыңызда Рават дарбазага карай жүрөсүз анын ар жагында казынын аузу бар, ошондон суу алып келесиз, сиз аны көрүп алыңыз. Сиз дубал жасаганда да, сууну ошол ауздан аласыз, – деди да, ээрчийин деген балага карап: – Сиз отуруп туруңуз, атаңыз азыр келет, нан жейсизби?

Бала Ашымахунду тыңшаган да жок. Атасынын алдаганына да көнгөн жок: «Куткайбас», – деп тайганын чакырды да, атасынын аркасынан жөнөдү.

Жүнүн албаган чоң серкенин чапачына суу толгондо, анын бою Айтикенин омуроосуна жете түштү. Айтикенин сөөктөрү ичке, кодоо чалыш болгону менен турна тарамыш кубаттуу киши эле. Килейген чаначты шалактатып көтөрө жөнөдү, орто жолго келгенде сейрек сакалынан тер тамчылап, көзү караңгылай калды. Темтеңдей түшүп, тура калды да: «Күчтүн аздыгынан эмес, карындын ачтыгынан», деген ойду, улам-улам ойлоду. «Кардыңыз ачтыр?» деген кожоюндун сөзүн көңүлгө төтөп кылды да: «Эмгектүү кулда чарчоо жок» деп мекчеңдеп жүрүп кетти.

## ШЫКТЫН ЖАРАЛЫШЫ

Балким бир жыл өткөндүр, балким андан да көптүр... Жердин бети жашыл тукаба менен чүмкөнүп керилип жаткансыйт, арыктын боюндагы гүлдөгөн жийделердин буркурап, аңкыган жыттары талааны каптап

кеткендей, алда кайдан сезилет да, адамдын көңүлүн алда кайда закымдатат.

Иштелип бүтпөгөн алты пайза коргондун түбүндө топон аралашкан баткак үй ордундай чуңкурду ээлейт. Эки жагын кылдаттык менен имерип койгон күрөң баткак ачыган камыр сыяктанат, тумшугун буурул чалган кара тайган узун саптуу чоң кетмендин жанында, эски боз чапанды кайтарат. Ал алыстан өткөн кишилерди көзүнүн кыйыгы менен карайт да, алдыңкы бутун ээгине коюп, боортоктоп, дубалдын түбүндө баткак менен ойноп олтурган Жапарды анда-санда бир карап, оозун керип, жаланып коёт да, тим болот.

– Сен төө аласыңбы? – деп төөнүн сүрөтүн көрсөтүп, иттин тумшугуна тийгизип ары-бери сүрө баштады. Үмүтсүз ит тажагандай ордунан тура калып, бирөөнү сагынган эмедей, көктү карап, озондоп улуп жиберди.

Короодон чыгып бараткан Ашымахун чочуп кетти:

– Акмак жолбун, башыңды жут, –деп муштумдай чалма менен итти бир койду, ит бир бутун көтөрүп алып, каңкылдап кача бергенде:

– Тийбе, тийбе! – деп, Жапар чыңырып жиберди. Чылгый чанач менен суу көтөрүп келе жаткан Айтике, чаначын таштап жиберип, баласына карай жүгүргөндө, алаканын чапкылап, колунун топурагын тазалаган Ашымахун алдынан чыкты. Ал Айтикени көргөн жок, чыңырган балага карап:

– Ай, жуварымбек, падарыңа наалат, – деп, сөөмөйү менен таптап койду да, чайпала басып кете берди. Анын сөзүн Айтике ажыраткан жок. Айтике үнүн өкүм чыгарса да, ачууланбастан:

– Ашым аке, эмне болду, эмне? – деп сербейген сары сакалын корккон мышыктын жүнүндөй сербейтти.

– Сиздин итиңиз, – деди Ашымахун, – кыямат кайымды чакырып асманга карап улуганын кара! Аны өлтүрүш керек, өлтүрүш... чакырып алып, өлтүрүңүз, – деди.

Бала озондогон бойдон тайганын кучактап:

– Байкушум, Куткайбасым, байкушум, бутуң ооруп калдыбы? – деп анын узун кулагын сыйпалап, – атаке, карачы, тетигил урду, – деп атасына даттанса да, Ашымахундан жалтанды.

– Кыяматты чакырып келтирсе, мен эчак эле чакырат элем, сизге кыямат болбойт, кыяматты куда биздей мусапырларга калтырса керек.

Ашымахун багжаңдап күлгөн болду.

– Капа болбой жүрүңүз, иттин улуганы сизге гана зыян, мейли эмесе, кор болсоңуз, сиз болосуз, – деди да басып кетти. Ашымахун дубалды айлана бергенде, жалтанып турган бала атасын карай чуркады.

Ушул сыяктуу ыгы жок түйшүк Айтиксиин кыжырына бөтөнчө тиер эле. «Кор болсоңуз, сиз болосуз», деген сөз этинен өтүп, чучугуна жете түштү, чекесинен чымырап тер чыкты. Баласын кучактап, жаңылбаган жалбарышын дагы баштап, адатынча баланын көзүн дагы тиктеди.

– Менин таалайым, сен адам болуп, баякынын уулу дедиртээр бекенсиң, же кордукта жүрүп жайрап калар бекенсиң, а айтчы, кулунум, айтчы? Бала бул сөздү миң ирет уккан, атасынын оозун тиктеп, кичинекей кир колу менен анын сейрек сакалын миң ирет кармалап томсоргон, ал андан башканы билчү эмес эле. Балага эс кирген сыяктуу, ал чыдаган жок, унчукпай жерге карай жылбышканда, атасынын бетинен жыттап алды да, улутунуп тура калды.

Жапар челирендеп оюнчугуна келип, топурактан жасаган эшегин, тактекесин, ээрин, итин чогултуп, бирөөнү колуна кармап:

– Мына, менин күчүгүм, – деп чоподон жасаган томпойдой күчүктүн сүрөтүн, – токочум да бар, – деп татынакай жасалган топурак каламасын көрсөттү.

– Тигил эмнең? – деди Айтике жылмайып, бирдемени көрсөтүп, – киши го? Же сенсиңби? – деп дубалдын түбүндөгү жаңы жасаган оюнчуктарын карады.

Чоңдугу жаңы төрөлгөн баладай, буту кыска, кыйшык баш кишинин сүрөтүн көрдү, ал сүрөттүн аркасына дөңгөч өңдөнгөн бирдеме жасалган, анын ар кайсы жерине майда чөптөрдү жапшырып, төмөн карай койгон оюнчук эле. Айтике аны далайга чейин тиктеди, кишинин сүрөтүн ачык тааныса да, анын маанисине түшүнгөн жок.

– Бул эмнең?

– Ал чен, – деп колу менен көрсөтүп, – чен чанач көтөрүп келатасың, сага токоч жасап койдум, – деп топурак токочун көрсөтүп мактана баштады.

Кубангандыктанбы же баланы аягандыктанбы, Айтикенин бою чымырап кетти, боз топурактын алдында түбөлүк жаткан аялы да эсине түштү. «Ушунун ыракатын көрбөдүң, ушунун өскөнүн көрбөдүң, ушул сени бакпайт беле... Каптейин», – деп күбүрөп койду да, капкайдагы ойлорду кербендей чубатты да, комузун алып отура калды, атасы комузун алганда, бала чилмеңдеген бойдон куржундагы атасынын тактекесин сүйрөп келип, тетиктеги илмегин атасынын колуна илди. Айтике көпчүлүккө ырдагансып мандаш уруп, комуздун назик үндүү кылдарын дирилдетип, үн кошуп черте баштады. Баланын көзү чала ойгонгон эмедей сүзүлүңкү жана кичинекей сурмасыз болучу, ал кишиге караганда

жалооруп, үмүттөнгөнсүп, муңайып карар эле, бирдемени байкаганда ошол нерсени арбап жаткансып кадала тиктээр эле. Атасынын алдында тыбырчылап, секирип жаткан тактекени далайга чейин тиктеди да:

– Атаке, мүйүзүн чоң кылчы? – деди, – баякы Атабекке бергендей кылып берчи. Чынында да тактекенин мүйүзү токол боло турган. Атабекке берген тактеке атайылап сонун жасалган эле. Сыртына кулундун терисин каптап, мүйүзүн каркайтып даана жасаган болчу.

– Болот, айланайын, болот, мен аны өрүктөн жасаймын, сен Атабекке берген тактекени унуткан жок экенсиң, сен акылдуу болосуң, айланайын, мен сага андан сонун кылып жасап берем, болобу? Бала элпек мойнун кыймылдатып, башын ийкеди. Алар дайым дубалдын түбүнө жата турган. Кечинде бойрону жая салган кезде, Жапар жасалган куурчактарын жыйнай баштады. Аны жыйнап койбостон, жакшы көргөндөрүн койнуна алып, калганын маңдайына коюп, алар менен өзүнчө сүйлөшүп, кээде атасына суроо берип жатып уктап кетчү. Бала бүгүн да ошентти. Баласы уктаганда, кайра туруп, чылгый чанач менен суу алып келчү эле, бүгүн анысын аткарган жок. Баласынын жанында олтуруп далайга чейин комуз чертти. Ашымахундун нан саткыч жигити Ташбай дайым босогодогу чоң өрүктүн түбүнө жатар эле.

– Ысык нан кимге, кимге ысык нан! – деп жүгүрүп жүрүп, аябай чарчап келип, жатары менен эле «кыр» этип коңурук тартчу. Ал бүгүн негедир уктаган жок, комуздун үнүн угуп, далайга чейин таңыркап тыңшап жатты да, ордунан туруп, Айтикенин жанына келди.

– Бүгүн сизге илхам пайда болду шекилди, сиз бүгүн бир нерсеге курсант болсоңуз керек, же капасыз? – деп, мандаш уруп олтурду да, – сиздин колуңуздан бардык нерсе келер экен, үй-жайыңыз болгондур, сиздин бала-чакаларыңыз кайда? – деди Ташбай.

Айтике комузду жерге коё коюп, Ташбайга жооп бере баштады...

– Ушундай экен да, хабба, – деп анда-санда кубаттап коюп Айтикенин сөзүн тыңшады. Сөзүнүн арт жагында катуу үшкүрүп:

– Мына, азыр кайырчыдай болуп калдык. Жалгыз танап жеримди Атабек тартып алды. Бул баланын энеси өлгөндөн кийин, өзүм сыяктуу жайсыз сандырактаган байкуштардан үч катын алдым, бирөө да жакпады. Ооба, бардыгы ушул баланын айынан болду. Аларды бир-эки айдан кийин эле жай-жайына жиберип турдум. Баланы өз энеси урганда билинбесе керек, өгөй энесинин чертип койгону, баланы балта менен чапкандай озондотот шекилди. Балам, ыйлаганда: «Апа, апаке! Кайдасын?» – деп

башын калкалап бүрүшө калганда, жүрөгүм эзилип кетчү, баланын ошондой үнүн үч мертебе уксам болду, ал катын эртесинде үйдө болчу эмес. Жок, жок, катындын бардыгы эле ажаан эмес эле. Баланын жүрөгүн түшүргөн, мунун апасынан кийинкиси болду. Анын колунан аш да, иш да келчү, бирок тили жанда жок эле, адамдын сөөгүн жылан чаккандай сыздатчу. Баланы урганда: «Таалайсыз, сенин мандайыңда жылдызың жок», – деп кулагын чоюп, калак менен чекеге чапкылачу, такымдарын көк ала кылып чымчып: «Үнүңдү чыгарба», – деп мокотуп, баланын жүрөгүн түшүрчү. Ошондон кийин балага кол көтөрсө, башын калкалап, бүрүшүп жата кала турган болду. Андан кийинки катындарым урбай эле какыс-кукус кылып колдоруп таптачу. Жүрөгү түшүп калган бала, мурункуча эле:

Атаке, кой дечи, – деп бакырып, бетин басып жата кала турган болду. Мен алардын урбаганын көрүп турсам да, жүрөгүм чыдачу эмес... Ооба, жүрөгүм чыдабай эле кетирип жибере бердим, менин жалгыз эле тилегим бар, ушул ыйлабаса экен, ушул кор болбосо экен деймн. Баякынын уулу адам болду деген сөз калса болду. Караңызчы, уста боло турган, – деп баласынын жасаган топурак куурчактарын көрсөтүп, – өлбөсө оокат кылып кетет да, ким билсин, бала чегилбеген жумуртка менен бирдей, оймолоп-кыймалап Рават дарбаза жасай турган уста болор, – деп куурчактарды бир-бирден көрсөтүп, баласынын оюнчугуна корстон боло калды.

## АПАКЕМДИ ЖАСАП АЛАМ

Ферганanын талаасындагы мөмөлүү жыгачтар ырыскысына мас болуп, магдырап үргүлөгөндөй сезилет. Бөтөнчө өрүк сейил үчүн тизген чөлмөктөй болуп, жоон бутактарын тоо текенин мүйүзүндөй ийилтип, жерге карай салмагын салып тургансыйт, болор-болбос жел жүрсө, мөндүрдөй дыбырап, жердин бети өрүккө жайнап калат. Эзиле бышкандары жерге жетээр менен апийимдей сапсары болуп жытын буркуратат. Жемиш бөтөнчө сонун чыкса да, быйыл Ашымахундун тилегине каршы мурункудай жумушчулар табыла койгон жок. Кетмен-чотун көтөрүп көчөдөн көчөгө кыдырып:

– Арзан! Арзан! Арзан иштеймин, кимде жумуш бар? – деп кыйкырып жүрчү жигиттердин бирин да кармай албай калды. Алар кетменчоттун ордуна беш атар көтөрүп, бүркүттүн томогосундай жылдыздуу шлем кийип, мекен коргоп, Бухара фронтуна кетишкен эле.

Ошентип, өздөрүн базарга салып, тизилип олтуруучу жигиттер Ашымахун үчүн келгинден кайткан куштай жымжырт болду. Эптеп тапкан үч кемпир, эки чал жана Айтике менен Ташбай Ашымахундун кыжырын кайнатпаса, көңүлүн көтөргөн жок. Алар канчалык аракет кылып иштесе да, Ашымахун аларды кекете бере турган болду. Карылар көлөкөгө олтура калган кезде – Ашымахун боргулданып, көк чай ичип олтурган эле, тигилердин олтурганын көрө коюп, чок баскандай ыргып туруп, бакырып жиберди.

– Э, даңгасалар, биздин нанды жакшылап жейсиздер, иштеген убакта жуда тез чарчайсыздар, бу кандай кеп! – деп колун аркасына алып чалкалап туруп, – тур, туруңуз, иштеңиз, – деп демитип калды.

Баласы менен басып бара жаткан Айтике себетин коё коюп, кожоюнду карай бергенде:

– Атаке, сен мына муну алып берчи? – деп кайрылды уулу.

– Макул, айланайын, кана, кайсыны, тетиги чоң өрүктүбү? – деп баланын колундагы узун жыгачты ала коюп, көрсөткөн өрүктү көздөй созду. Ал бутунун башы менен тура калса да, көрсөткөн өрүккө колу жеткен жок, салбырап, ыргалып майышып турган шакты сол колу менен төмөн тартып, оң колу менен таякты сунганда, беш-алты өрүк катары менен кулады. Жинденип турган бай чалдарды таштай салып, короздой мойнун созо калды.

– Э, даңгаса! Жерге түшкөнүн жесениз кардыныз жарылабы?! – деди.

Айтикенин эң жаман көргөн сөзү «даңгаса» боло турган, бүткөн бою дүркүрөй түштү да, мукактана калып, сабырдуулук менен:

– Э, кожоюн, капа болбоңуз, балаңыз, – деди ал, баласын кожоюнга таандык кылып, урматтагандай болуп, – балаңыз каалап калган экен, – деди.

– Балаңыз, дейсиз да, балаңыз... Куда баланызды таалайсыз жараткан болсо, ошого канагат кылыш керек да, албетте, сиз таалайсыз адам, иншалла, балаңыз да таалайсыздыр...

– Кафир болбоңуз, – деди Айтике, ал өмүрүндө мындай сөздү көп уккан болсо да: «Иншалла, балаңыз да таалайсыздыр», – деген сөзгө чыдай алган жок, – кожоюн, сиз кафир болбоңуз, сиз куда эмессиз, таалай сиздин колуңузда эмес. Менин таалайым ушул, ушул балам менин өмүрүм, баламдын таалайы, балким алдыдадыр, балким таалай сизден кача баштагандыр, – деди.

Ашымахундун көзү чанагынан чыга калды, чын эле анын таалайы качып бараткандай сезилди, шаасы жетпей чачылып, чирип жаткан өрүктөр: «Сенин таалайың элем, мен жок болдум», – деп сүйлөп жаткан-

дай туюлду. 1916-1917-жылдардагы иш таппай көчө кыдырган жигиттердин болбогондугу чын эле таалайдын кете баштаганындай болду. Белгисиз көрүнбөгөн коркунучту көрө койду, бүткөн бою калчылдап, көзү тунара түштү да:

– Кет, акмак, кетиңиз! – деп Айтикени шилиден алып, сыртка карай сүйрөдү. Айтике акарат кылган жок, мойнун жикийтип бир аз барганда, такандай калды да:

– Эсептешиңиз, кетем, – деди.

– Эсеп! Эсепти мен шура өкмөтүнө берем, ал сенин өкмөтүң, бар бара бериң, – деп тилдеди.

Жапар күнөөкөр өңдөнүп, мурдун шуу-шуу тартып, тура калды да:

– Атамды жибер, ме өрүгүңдү, – деп колундагы өрүктү таштап ыйлап жиберди да, кир колу менен Ашымахунга тырмыша кетти.

– А, иттин уулу, кийимди булгаба! – деп түртүп жибергенде, бала чыңырып барып көмөлөнүп кетти. Айтике баланын чыңырганына чыдаган жок.

– Сакалың өрттөнгөн эшек! – Ал жулкунуп жетти да, дардайган Ашымахунду дубалга жапшыра түрттү.

– Ой, дат! Ташбай, кайдасың карма, өлтүр! Өлтүрөм! – деп бакырып тура калды. Семиз колу менен тез-тез муштап, Айтикени жулмалай баштады.

Бала эки колун оозуна такап туруп:

– Куткарбас! Куткарбас! – деп бакырды. Буурул тумшук кара тайган элеңдеп тура калып, көз ачып жумганча жетип келди, мушташып жаткан Ашымахунду балтырдан алып силкип-силкип алды.

– Ал, Куткарбас, ал! – деп Жапар тегерене чуркады. Эстүү тайган күрөшкөн кишидей Ашымахунга бойлошо түшүп, кыжырданган бойдон тамандай калып, омуроодон алып көтөрүп уруп, талап жиберди.

Өрүк жыйнагандар «чала» дегенсип, жай басып арачага жеткиче Ашымахундун эттүү башын Айтике тулуп кылып жиберди. Бул Айтикенин өмүрүндөгү биринчи мушташы эле. Айтике чыга бергенде, тайган да чыга берди, бала атасын кучактап:

– Жүр, атаке, өлтүрөт, кетебиз, – деп атасын жетелеп бышактай берди.

Ашымахун эсин жыя албай жатып кызыл ала болгон омуроосун басып, көмкөрөсүнөн түштү. Корккон кемпирлер паранжыларын ачпастан:

– Ой, кандай кылай, ой кандай кылай, – деп чалдарды жаңсап, – көтөрүңүз, тургузуңуз, – деп тегерене берди. Чалдын бирөө белгисиз бирөөнү сөгүп, кылчактаган бойдон Ашымахундун үйүнө карай жөнөдү.

Калгандары Ашымахунду тегеректеп, бир аз турушту да, ордунан тургузуп, бактын көлөкөсүнө жеткирип, бирдемелерди сурагандай болушту. Ашымахун онтойт. Анда-санда «Ой, дат, ой, дат», – дегенден башка эчтеке айткан жок.

– Суу алып келиң, – деп чалдын бирөө Ташбайды жумшады. Ташбай Айтикеге акырая бир карап койду да, элпек чуркап калың өрүктү аралап кетти.

Айтике мурдундагы канды сүртүп, чалдарды бир аз тиктеп туруп, баласын ээрчитип балаганын көздөй жөнөдү. Эч ким унчуккан жок. Кемпир, чалдар Айтикени көзү менен узатып, бирдемелерди шыбыраша берди. Алардын унчукпай калышы Айтикени таң калтырды: «Булар мени урат го», – деп кооптонуп, эмне кыларын билбей: Мейли, туулдум – өлдүм, бирөөнү ала жатам», – деп ойлогон эле. Чал, кемпирден узаган сайын тез-тез басып, алардын көзүнө көрүнбөй калууга тырышты. Баласы менен балаганга жете бергенде, сол колуна чайдоос алып, таяк кармап чуркап келе жаткан Ташбайды көрдү да, жүрөгү шуу дей түшүп, тура калды, тилин сунуп, ээрчип келе жаткан кара тайган Айтикенин көзүн карап жаланып койду да, боортоктоп жата кетти.

– Атаке, Ташбай сени урат, – деди баласы.

– Урбайт, урса мен да урам, – деп оозу айтса да, ичинен кооптонуп койду. – Сен ыйлаба, сен жигит болдуң, ал урса мага болуш, шыйрактан ал, – деди. Бала унчукпай башын ийкеди. Айтике өзүнчө даярданып ыңгайсызданып, какырынып барып олтура калды.

Ташбай жакындай берип, эки жагын жалт-жалт карады да:

– Суу ичесиңби! –деди. Чоң өрүктүн түбүнө олтура калып, – ичиңиз, жуда жакшы кылдыңыз, эми сизге кетиш керек, сизди өлтүрүп коёт. Сиз урушпасаңыз да, акыңызды бербес эле. Анын эсеби боюнча сиз андан эч нерсе албайсыз, балким, бересиз, – деди.

Айтике унчуккан жок, чайдоостун чоргосунан каадаланып, суу жутуп жатып, анын оозун тиктеди, кумганды коё коюп:

– Ыракмат, ардагым, ыракмат, биздин жерди Төлөйкөн деп аташат, мен сизге айткан элем. Беш жыл бир жүрдүк, кожоюндан беш пулдук пайда тапканыбыз жок. Иштин акыры ушул болду, – деди.

– Мен шуранын батрактарына жазылган элем, балким мен да кетермин... Кош болуңуз, балким көрүшөрбүз, – деп кумганын кармап жөнөй берди.

– Кош, Ташбай, аман бол, – деп Айтике көзү менен узатып, – заманачын эле биздики болуп жүрбөсүн? Мен эмне болсо да, айылга кеттим, – деди.

– Атаке, кайда барабыз? –деди Жапар, Айтике өкүнүчтүү жалооруп карады да, салкын гана:

– Элге кетебиз, уулум, жүр... – деди. Коркуп турган бала атасынан мурда жетип, ылайдан жасаган эсепсиз оюнчуктарын жыйнап, куржунга сала баштады.

– Балам, мунун баарын ташта, топуракты эмне кыласың, барган жерден дагы жасап аласың, – деди.

Бала кыйыктанып туруп:

– Эмесе мына муну алалы, – деди, эшектин сүрөтүн кармалап: – Мен муну айылдагы балдарга көрсөтөм, мен аларга үйрөтөм...

Айтике баласын кучактап өпкүлөп алды.

– Алалы, көрсөт, – деп эски көйнөккө ороп, куржундун түбүнө салды. –Мына, эми айлыбызга барабыз, кана, басчы! – деди Айтике. Топурактан жасаган тактекени колтуктап:

– Айыл кайда? – деди Жапар. Айтике сербейген сакалын жогору көтөрүп, куржунду ыкшап койду да:

– Биздин айылбы? Биздин айыл тээтиги тоонун арасында, сен ошол жерде төрөлгөнсүң. Айтике куржунду мойнуна салып ылдамдай басты. Кара тайган куйругун булгалактатып, балагандын жанындагы кемегенин айланасын шимшиледи. Ал балаганда кайтарарлык эчтеме жоктугун сезе коюп, кыңшылап алды да, ээсин ээрчиди. Жапар атасына жете барып, мойнун созуп анын бетин карап:

– Апам ошол жакта өлгөн ээ, атаке! – деп улутунуп койду.

– Ооба, айланайын, апаң ошол жерде жатат. Эми ошого барабыз, жүр.

Бала баткактан жасаган тактекесин көтөрүп, бактылуу жылмайып койду да:

– Атаке дейм, атаке, муну карачы, мен ушундай кылып апамды да жасап алам, анан апамы үйгө коюп коём, – деди.

## СӨЗДҮК:

**Күйкө** – қуйка
**Наавайчы** – новвой
**Мөөрөй** – ғалаба
**Даңгаса** – бекорчи, дангаса
**Себет** – сават
**Мээнет** – машаққат
**Чанач** – саноч

**Жийде** – жийда
**Кыямат** – қиёмат
**Мусаапыр** – бошпанасиз одам
**Оюнчук** – ўйинчоқ
**Калама** – обинон, кулча
**Мүйүз** – мугуз, шох
**Коңурук** – хуррак
**Курсант** – хурсанд
**Ажаан** – жаҳли ёмон
**Такым** – тақим
**Калак** – эшкак
**Куурчак** – қўғирчоқ
**Корстон** – мамнун
**Ырыскы** – ризқ-рўз
**Апийим** – қора дори
**Кожоюн** – хўжайин
**Таалай** – бахт-саодат
**Шили** – бўйин пай
**Балтыр** – болдир
**Тулуп** – тери халта
**Кумган** – қумғон
**Куржун** – хуржун
**Кемеге** – ўчоқ
**Баткак** – ботқоқ

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Бул окуя качан болгон?
2) Айтике эмне үчүн чет жерде жүрөт? Анын сопу менен болгон айтышуусу дин адамдардын кандайлыгын билдиреби?
3) Айтике баласына нанды кантип алды?
4) Ашымахун Айтикеге кандай иш тапшырды?
5) Жапар эмне менен алек болуп жүрдү?
6) Айтике өзүнүн баласынын келечегине кандай карайт?
6) Айтике Ашымахун менен эмне үчүн чатакташты?
7) Ашымахундун жумушчулары ага эмне үчүн болушкан жок?
8) Айтике менен Ташбайдын тилектештигинин себеби эмне?
9) Айтике кандай чечимге келди?

## МЕН ЖОК БОЛСОМ АТАМ ЫЙЛАЙТ

Көп жашаган жалгыз түп мырза терек тоодон соккон назик желге термелип, көшүп бараткансыйт. Анын сейрек жаш жалбырактарынын ар бирөө жашыл сыя менен жасаган жүрөктүн сүрөтүндөй болуп көрүнөт кыбылжыган жел сансыз жашыл жүрөктөрдү тыбыратып көрсөтөт. Теректин өмүрүн эч ким билбейт. Ал теректин замандаштары, балким, жоктур, ал жүзгө чыккан чал сыяктуу жапа-жалгыз; жогору жагындагы кырчын талдар өтө жалтанчаак, жел жүрсө баштарын ийип, бабасына кулдук кылгансып, теректи көздөй жапырылат. Бул терек өткөн кишилердин көңүлүн качан да болсо өзүнө карай тартып турар эле. Кай бирөөлөр анын жападан-жалгыз теңдеши жоктугуна таңыркаса, кай бирөөлөр «муну ким тикти экен» деп ойлор эле, бул теректи ыйыктап маалам байлап, төрөбөгөн аялдар мал союп, бала сурай турган.

Өткөн кишилер бул терекке бүгүн мурункудан да башкача көңүл бурушту. Анткени теректин түбүндө чөптөн жасалган кичинекей кепенин босогосунда өзү менен алек болгон самтыраган сары бала, анын айланасы толгон топурак куурчактар: эшек, күчүк, төө, тактеке, тоок, мышык жана бир канча адамдардын сөлөкөтү. Бала куурчактардын ортосунда өзүнөн-өзү сүйлөшүп, бапестеп жайган боз кумдун үстүндө бирдемелерди чиймелеп олтурат. Жогортон келе жаткан эки киши теректин тушуна келишти. Бала анын үнүн уккан жок, боортоктоп жата калып, кумду алаканы менен сылап, тооктун сүрөтүн тартып жатты. Атчандар бура тартып, кепенин жанына келгенде, баланын ар жагында жаткан кара тайган үрүп, тура калды. Бала көңүлсүз кылчайып итти карап:

– Эмне, коркуп жатасыңбы? Кел, кел! Муну карачы, – деп күлүп койду да, кумун чиймелей баштады. Карап турган кишинин бирөө камчысын бүктөп туруп, баланын алдына таштап жиберди. Бала жыландай буралган камчынын түшкөнүн көрө коюп:

– Атаке! – деп ордунан ыргып турду.

– Ай, коркпо, – деди сакалын кырдырган кара жигит, – сен кимдин баласысың? Кайдан келдиңер?

Бала чоң киши менен эмес, балдар менен дагы аз сүйлөшкөн. Ал узун кирпигин үкүчө ирмеп, мукактанып, унчукпай төмөн карады. Жигит бир топ суроо берсе да жооп ала албады, жер тиктеп сөөмөйүн оозуна салып, көзүнүн кыры менен уурдана тиктеп, чоочуркай берди.

– Сен жакшы баласың го, оюнчуктар сеникиби? Мына бул төө экен го, мына, сонун оюнчук турбайбы, – деди кара жигит. Ал аттан түшө калып, куурчактарды кармалап: – Мына, бул эмне, мышыкпы? – деди.

Бала сөөмөйүн оозунан ала калып:

– Ооба, мына бул эшегим, бул тактекем, бул апам, – деди. Кара жигит баланын жоругуна жараша мамиле кылганына мактангансып, атчан турган бүкүр кара жолдошуна карап, жылмайып коюп, балага бурулду:

– Сен кимдин баласы элең? Сенин атың Казакбай беле?

Бала эмнегедир таалайлуу жылмайып, «жоок» деген сөзүнүн баш жагын созуп:

– Жоок, – деп эркинирээк сүйлөдү. – Менин атым Жапар эмес беле! Сен кимсиң, байке? Атчан турган киши ээрдин кашына өбөктөп, унчукпай гана жылмайып берди.

– Менби? Мени тааныбайсың? Мен Сатар Төрөбаев деген сенин аган болом, сен мени көргөн эмессиң. Анда сен мына мындай эле болчусуң, – деп бала топурактан жасаган куурчакты көрсөтүп. – Мына бул бала го ээ, – деди.

Жапар жигитке таңыркай карап «ии» деп, Сатардын сөзүнө кыска гана жооп берди.

– Же мен сени тааныбай жатамбы, атаңдын аты ким эле?

– Тааныйсың эле, – деди бала ишенитүү карап, – сен ойноп жатасың. Атам Айтике эмеспи, – деди.

– Кайсы Айтике, – деди атчан турган бүкүр киши. – Айтике Сарык эмеспи? Бала атасынын «сарык» деген ылакап кошумчасын жактырчу эмес.

– Жок, Айтике эле, – деди.

– Атаң комуз чертеби? Тактеке ойнотобу?

– Ооба, – деди бала, – тактекени комуз менен ойнотот, тетигине, тетиги атамдын комузу, – деп кепенин ичин көрсөттү.

– Кана, алып келчи, – деп бат-бат айтып эңкее калганда, атчандын чоң көк сакалы шамал тийген бедедей сеңселе түштү. Бала чиймеленген кумдан акырын аттап, кепеге кирип барып, комузду алып чуркап чыкты.

– Мына.

– Кайран замандашым, тирүү экен, дүйнөдө бар экен, бар экен – деп, аттан ооп түшүп, комуздун алаканындагы күмүш кыялды эркелеткенсип, сылап-сылап алды да: – Атаң кайда, айланайын – деп, баланы бооруна кысып, өпкүлөп жиберди.

– Бул менин досумдун баласы, 1915-жылы Атабек тентитип жиберген, мен анда зергер болчумун, анда мени Темирбек дебестен, кедей зергер дешчү. Мына бул күмүш кыялды мен өзүм жасагам. Ушул баласы төрөлгөндө ушул комуз менен өзүм жентектеп баргам... Бар бол, айланайын, бар бол, атаң кайда?

– Атам эртең келем деген, таякемдикине барам деген, анан таякемдикине көчүп кетебиз деген. Сатар Төрөбаев бала менен чалдын сөзүн тыңшап, баланын куурчагына шүйшүнүп, биринен сала бирин кармалап олтура берди. Кедей зергер балага толгон суроолор берип, эзе баштады. Жапар Маргалаң, Кокондо жүргөндөрүн, атасы менен Ашымахундун урушканын, кара тайган атасына кантип болушканын куурчактарынын бардыгы балаганда калгандыгын улам эстеп, улам токтоп «анан, анан кийин» деген кошумчаны улам-улам айтып, бир топко чейин сүйлөдү.

– Сиз эрий баштадыңыз, бул тууганым менен өзүм да сүйлөшөт элем. Сиз Айтике менен көпөлөк кубалашып, жардан жар кыдырып, балапан издешип өскөп окшойсуз.

– Ооба, айланайын, ээ, Сатарым, бизди, сен билбейсиң, бир буудайды бөлүп жешкен дос элек. Мен андан көп улуумун. Байкуштун көрбөгөнү жок. Унутпа, аны кийин жолдон айтам. Ал «тууганың» менен өзүң сүйлөш – деп, кедей зергер кетенчиктеп олтуруп, комузду кангыратып жанына койду да, шадыларын санап:

– О, бир топ жыл болгон экен. Бул байкуш эмдиге оңолбоптур – деп, Сатардын колундагы тактекени карап:

– Ботом, бул чын эле тактеке го, бери кылчы – деп, олурайып карап калды да, Жапардын жасаган оюнчуктарын көрө баштады. Сатар Төрөбаев:

– Кел, кичинекей бөбөгүм, кел, кичинекей сүрөтчүм, – деп, баланы эркелетип, бир топ суроолор берип сүйлөшө баштады. Бала Сатардын сөзүнүн көбүнө түшүнгөн жок. «Интернатка барсаң пионер болосуң, кызыл галстук тагынып шыгыр айтасың, балдарга печенье берет, шоколад берет» деген сөздөрү балага таптакыр чочун угулду. Сөздү кыргызча сүйлөсө да буга эчтеме түшүнгөн жок. Ошондуктан бала таптакыр үнчуккан жок. Сатар баланын түшүнүгүн биле койду да, «байкуштун атасы эмдиге эзилүүдөн чыга элек экен го» деп ойлоду, баланын жасаган оюнчугу менен маданий түшүнүгү бир-бирине чак келбегендигине таңыркаган жок. «Кан тырмак бирөөнүн колунда калган батрактардын бири да, мындайлар али да болсо көп» деп, мурунку ойлогонун дагы бир ирет бышыктап, ошого токоорутуп койду.

– Жапар, – деди Төрөбаев, – сен кедейдин баласы экенсиң, мен сени окууга аламын. Сага жакшы кийим, тамак беребиз. Жакшы үйгө жатасың. Бардыгы сага бекер болот. Окуйсуңбу? Сендей балдар бизде абдан көп, мен ошол балдарды бага турган чоң кишимин, – деди. Төрөбаевдин сөзүнө Жапар эми гана түшүндү. Жалооруган кичинекей коңур көзү чекирейип чоңураак ачылды, (анын чормойгон эриндери көзүнүн теске-

рисинче кичирейип калды). Бетинин оту чымырап, ачыган камырдай көтөрүлүп бараткансыды. Маңдайындагы мезгилсиз жыйрылган наарлары ого бетер тереңдегендей болду.

– Айтчы айланайын, окуйсуңбу? – Төрөбаев баланын башын сылап: – Карачы, сенин топуң абдан эски турбайбы, мен сага жаңы топу берем, карандаш, китеп, кагаз – бардыгын берем, барасыңбы? Бала бир далайга чейин унчуккан жок, атасынан айрылса жоголуп кетчүдөй, ачка болуп талаада калчудай сезди. Ошондой болсо да, Сатардын айтканына аябай кызыкты, «бар, бар» деп, ичинен бирөөлөр шыбырап жаткансыды.

– Атамчы, атамы да аласыңбы? – деди Жапар.

– Атаң чоң эмеспи, атаң дайым сага барып турат, сен дагы келип турасың, алыс эмес да.

– Атама айтам, анан атам келгенде барам, атам барса сени табабы?

– Атаң деле табат, же мен араба менен киши жиберем, сен арабага түшүп келесиң, – деди Сатар. «Арабага түшүп келесиң» деген сөз Жапарды ого бетер кубантты. Кыймылсыз турган арабаларга чыгып түшкөнү анда-санда гана болбосо, Жапар кыймылдаган арабанын үстүнө чыгып көргөн эмес. Анын көзүнө эки дөңгөлөктүү тартайган арабанын элеси келе калды. Арабага миниш чоң таалай өңдөнүп сезилди. Ал жасаган куурчактарын аягансып:

– Мен анда мына буларды да ала барам ээ, байке, – деди.

– Ооба, ала барасың, анда мындан да сонун жасайсың, – деп жылмайып өөдө турду. Бала эркелегенсип, Сатарга жакындай калып:

– Атам издебесе, мен кете берет элем, мен жок болсом атам ыйлайт, – деп, улутунуп койду.

## БУЛ ТАЛАНТ

Мойнунда кызыл жибек жагоосу бар, сулуу кара бала интернаттын жатаканасынан чыгып, эки жагын карап, бирөөнү күткөндөй жай басып кылчактай берди. Эски дубалдын ар жагында жашынып турган, аксай баскан жалпак кара бала ышкырып коюп, олтура калды. Галстукчан бала улактай секирип, жакындай берди да:

– Ууруну эми кармайбыз, ойноойлу десем болбой койду, менин көйнөгүмдү ошол эле алды, – деп койду да, дубалдан башын чыгарып, жатакананы акмалады.

– Көрдүңбү? – деди аксак бала.

– Жок, ал ушул кезде уурдап жаткандыр. Сатар агайга барып айталыбы?

– Билбейм, жалган болуп жүрбөсүн.

– Анын атасы да ууру, көрөсүң го.

Колуна көнөчөк кармаган арык, сары киши балдарды көрүп токтой калды.

–Ай киши, айран сатасыңбы? –деп сулуу, кара бала тура калды. Ал киши жалт карай бергенде, чочугандай жолдошун нукуп койду. Ал бала эчтекени байкаган жок.

– Жок, балам, – деди сары чал. – Айран ичесиңерби? Кел, кичинекейден жуткула, силер интернаттын балдарысыңарбы? Айтикеев деген бала аман-эсен барбы? Балдар бир-бирин карап коюшту да, колдору менен дубалды чукуп, унчукпай калышты.

– Ой, айланайындар, силер эмнеге унчукпайсыңар? Же аны тааныбайсыңарбы? Чоң курсак, унчукпаган сары бала, мында келгенине бир жыл болуп калды, же силер жаңы балдарсыңарбы? Кел, айланайын кулундар, бери келип, айран жуткулачы. Айтикенин жүрөгү тикилдеп кетти. Балам өлүп калса керек, же катуу оору болсо керек, балдардын дубал чукуп калышы жакшы жөрөлгө эмес деген ой Айтикенин жүрөгүн оюп жиберди. Балдар «сен айт, сен айт» дегенсип, бири-бирине баштарын ийкешти. Бирок эч кимиси унчуккан жок. Айтике аларды күтпөстөн ылдамдай басып, балдарга келип:

– Ме, айланайындар, кичине-кичине жуткулачы, – деп аларга көнөчөктү бере койду. Сулуу кара бала мурдун чүйрүп:

Мен ичпейм, сенин көнөчөгүң эски экен, мен сени таанып турам, – деп кайта түрттү. Экинчи бала жолдошун жаман көзү менен бир карап, кылкылдатып беш-алты жутуп жиберди.

Сен кимдин баласысың айланайын? Ич, көнөчөк эски болгон менен таза, – деди Айтике. Аксак бала жолдошуна шыбырап:

– «Сен» дебе, Сатар агай «сиз» деп сүйлөгүлө дебеди беле? Сулуу бала жолдошун түртүп, унчукпай туруп, Айтикеге тик карады.

– Мен Атабектин баласымын. Сен Айтике Сарык эмессиңби.

– Мм, ошондойбу? – деп саал ойлоно калды да, – ооба, Айтике Сарыкмын, сен качан келгенсиң?

– Бир ай болду.

– Атаң сени жетим бала деп өткөрсө керек, миңбашынын балдарын албайт дечү эмес беле?

– Билбейм, мен эле киргем, – деди сулуу бала. – Менин атамдын жерин алып коюшпадыбы. Азыр миңбашы эмес да.

Интернатта кимдер болорун бала билчү эмес. Бирок атасын туурап, Айтикени «куу таман, кызыл шайтан» деп түшүнчү... Атамдын жалгыз эле душманы ушул киши деп билүүчү. «Бул кызыл шайтанды өлтүрбөй, жан тынбайт» деп Атабектин айтканы баласынын эсинен чыга элек эле. Атабектин баласы Айтике менен сүйлөшкөндө, куду Атабек сыяктуу кемитип, шылдыңдай сүйлөдү.

– Сенин балаң ууру, азыр аны кармайбыз. Мен азыр Сатар агайга айтам, –деп дубалдан аттай жөнөдү...

Аксак бала Айтикени бир карап алды да, ийреңдеп жолдошунун аркасынан жүгүрдү.

– Ай, бала, – деди Айтике, – анын муундары калчылдап, сакалдары сербейип, көзү тунара түштү. – Айтчы, айланайын, эмне уурдады? Ал уурдабайт.

– Мен билбейм, аке, аны мен айткан жокмун. – Бала жерди тиктеп илкий басып, жөнөп калды.

Айтике олтурган жеринен козголгон жок, коркунучтуу кыялдарга бөлөнө берди. Көнөчөктү тиктеп, көпкө чейин эси оогондой отурса да, «ууру» деген сөздү ойлогондо, көзү умачтай ачылды. Бирок ордунан тура алган жок. Кулагына баланын чыңырган үнү угулгандай, «ур,ур» деген балдардын үндөрү күчөп келип чыккандай, аларды бирөөлөр арачалагандай болду. Терезеге келип шыкаалаган кишилерди көргүсү да, келген жок. Анын башында тилсиз, добуш чыкпаган түркүн сөздөр сүйлөнө берди.

– Сатар деген жигит урдурбас, ал коммунист эмес беле, жок, Кеңеш өкмөтү калыс. Ууруну, байды, басмачыны аябайт. Ооба, баланычы? Баланы бакпаса аларды кайдан жыйнасын. Алда кулунум ай, эл катарына киргенибиз эки жылга толо элек эле го. Кийими бүтүн, карды ток эле, бирөө азгырган чыгар. Жок, ал өзү эч убакта ууру кылбайт, түк кылбайт. Мен сураштырам, мен Сатарга айтам... Сатарга...

Корккондуктанбы, же уялгандыктанбы, ким билсин кара терге чөмүлгөнүн Айтике турганда гана сезди. Интернатты көздөй кайраттанып басты, бирок жер арбыган жок, шилтеген буттары кайра келип, ордуна түшө берди.

Сатар үйдөн чыкканда аны менен бирге эки-үч киши кошо чыкты. Атабектин баласы алардын алдына түшүп интернаттын жатаканасындагы  Жапарды көздөй жөнөдү. Сатарлар жатакананын терезесине жакындаганда беркилерди «токтогула» дегенсип колун артка жаңсап акмалай басып терезеден шыкаалады.

Атабектин баласы «токто» деген белгиге караган жок, экинчи терезеге өбөктөп жетип, колун терезеге такай коюп, бир тиктеп, мышыкча ба-

сып Сатарга жете бергенде, шыбыраган добуш менен «тигине, матрасты жыйнап жатат» деп, оозун басып, кытылдап күлүп жиберди. Сатар терезеден көзүн албай туруп, шыбыраган балага колун жаңсап, «акырын» деген белги берди. Бала эки алаканы менен оозун басып, күлкүсүнө чыдабай, быкылдаган бойдон кайта чуркап беркилерге келди.

– Уурдап жатат, жүргүлө, уурдап жатат. Анын атасы да ууру болучу.

Сатар терезенин экинчисине барып, бир топко тиктеди да, билинер-билинмексен кылып, терезени черткиледи. Ар жактан белги болгон жок. Сатар кайта бурулду. «Келгиле» дегенсип колун жаңсады. Катар турган кроваттын төшөнчүлөрү жерде жатат. Кроваттын алдына салган аппак жаңы тактайлардын бети карала-торала болуп көрүндү. Жапар жаңы ойгонгондой анын кичинекей жапкак көзү кроваттын тактайына кадалып турат. Тактайдын бетине тийген күндү шыкаалагандардын көлөкөсү баспаса, дүйнөдө кандай чуу болуп жатканын сезбес эле. Шыкаалаган кишилердин көлөкөлөрү, алардын кыймылдарына жараша Жапардын тактайында болду. Жапар а дегенде адамдарды байкаган жок. Терезеден түшкөн теректин көлөкөсү деп сезди. Кишилер бири-бирине баштарын коюшуп, шыбыраша баштаганда, анын тактайын калың кара көлөкө каптап калды. Жапар ошондо гана башын көтөрүп, терезеге бурулду, а дегенде терезенин тушундагыларды мал деп ойлоду. Ордунан туруп талыган мойнун ары-бери козгогондо гана кишилердин жабалактаган көздөрүн көрө койду. Алар балага таңыркаса, Жапар аларга таңыркады.

Шыкаалап тургандардын баары үйгө кирди. Жапар ого бетер эзилип кеткендей болду, жандуудай балбырап тердегени болбосо, суроолорго жандуудай жооп берүүгө жараган жок.

Айтике кишилердин үстүнө кирүүдөн уялды... Ошондуктан үйдү имерилип басып, тигилер шыкаалаган терезеге келип, көзүнүн кыйыгы менен карады. Сатар Айтикени жазбай тааныды, ал шамдагай тура калып, терезени ачып жиберди да:

– Аксакал, быягынан келиңиз, -деп колун жайып жылмайып, – тез келиңиз, – деди. Айтике калтаарып, көңүлсүз кайрылды... Сатар:

– Келиңиз, – деп тура калып, колун сунду. Айтике аны байкаган да жок. Беш-алты кишинин ортосунда турган баласын көрө койду. Ал чийкил болгуча боргулданып, кирпигин мышыкча жартылап жай ирмеп, жөлөп койгон каалгадай төрт тактайдын бетин тиктейт да, калтыраган үнү менен бирдемелерди айткан болот. Бирок бүрөөнү көрүп, баамдоого анда чама жок эле. Атасын да байкаган жок. Айтике көнөчөгүн коё коюп, дубалга сүйөнүп баланы карап олтура калды.

– Сиздин балаңыздан бөтөн касиеттер чыгып жатат, тыңшаңыз – деп, Сатардын шыбыраганы Айтикенин кулагынын кырынан кетти. Өңү бузулуп, сейрек сары муруту каадасынча бириндеп кетти. Бетинен кулаган мончоктой терлери узун бырышкан ичке мойнун көздөй шорголой берди.

Наташа кол жоолугун ала коюп, боргулданган баланын бетин сүрүп, быйпыйган кичинекей мурдунан чымчып эркелетип, олтургандарга бурулду:

– Вот киргизский Репин, жетер эми, – деди. Айтике түш көргөндөй болду, өз көзүнө өзү ишенбеди. Келиндин оозун тиктеп:

– Балам, ал эмне дегениң? –деди.

Олтуруп бараткан Жапар атасын үнүнөн таанып, «жалт» карап, кайра тура калды да, эмне кылаарын билбей, акырын жылмайып койду. Сатар баланы колдон алып, өзүнө карай тартып, далыга кагып, эркелетти.

– Атаңа учураш, – деп баланын колун Айтикенин колуна тийгизе койду. Айтике ар кимди бир карап:

– Мен эчтемени билбей калдым, бул эмнеңер? – деп баланы бооруна кысты.

Сатар Наташага карап, тактайдагы сүрөттөрдү көрсөтүп:

– Сиз такыр байкабагансыз. Мына бул сүрөттөр кагазга түшсө, Фрунзеге көргөзмөгө жиберет элек. Балага эмне керек болсо, бардыгын таап бериш керек. Кагаз, карандашты каалаганынча бериңиз, – деп бирөөнө карады да, тактайды көрсөтүп, – бул элдин ырыскысы, бул талант – деп, Айтикеге карап, бирдеме айтмакчы болду.

## СӨЗДҮК:

**Кепе** – капа, ёғоч уй
**Сөлөкөт** – силкит
**Камчы** – қамчи
**Кирпик** – киприк
**Үкү** – укки
**Беде** – беда
**Замандаш** – замондош
**Зергер** – заргар
**Көпөлөк** – капалак
**Балапан** – қуш боласи
**Кедей** – камбағал
**Топу** – дўппи

**Араба** – арава
**Жатакана** – ётоқхона
**Көнөчөк** – чарм челак
**Айран** – қатиқ
**Дубал** – девор
**Терезе** – дераза
**Сүрөт** – расм
**Сүрөтчү** – рассом

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Жалгыз терек элдин көңүлүн эмне үчүн буруп келет?
2) Анын көлөкөсүндөгү бала эмне менен алек болуп жатты?
3) Эки атчан кимдер экен? Алар баладан эмнени сурашты?
4) Окуунун кабарын уккан Жапар кандай акыбалда болду?
5) Эки бала ким жөнүндө, эмне тууралуу сүйлөшүштү?
6) Баласын сураган Айтикеге алар кандай жооп айтышты?
7) Балдар Жапарды ким деп ойлошту?
8) Сатар баш болгон мугалимдер Жапардын эмне иш кылып жатканына күбө болушту?
9) Жапар келечекте ким болот деп ойлойсуңар?
10) Автобиографиялык чыгарма деген эмне? Ушул чыгарманын турмуштагы түгөйү ким экенин билесиңерби?
11) Совет бийлиги жөнүндө эмне билесиңер? Ал кыргыз элине кандай жаңылыктарды алып келген?

## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ

*(1910 – 1944)*



Жоомарт Бөкөнбаев – кыргыз кесиптик (профессионал) адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири. Анын «Жер алган кедейлерге» деген ыры 1927-жылы жарык көргөн. Мына ошол күндөн баштап анын кыска, бирок нуска чыгармачылык жолу башталган. Ал кыргыз элин илим-билимге, жаңылыкка чакырган ырларын гана жазбастан, көлөмдүү, көркөмдүгү жогору поэмаларын, драмаларын жазган. Алсак, анын «Чептен эрдин күчү бек», «Ажал менен Ар-Намыс», «Алтын кыз» сыяктуу поэмалары, «Алтын кыз», «Айчүрөк», «Токтогул» деген драмалык чыгармалары бар. Ошондой эле акын башка улуттун акын-жазуучуларынын чыгармаларын кыргыз тилине да которгон.

«Манас» эпосу боюнча кино тартып жүрүп, кырсыктан каза болгон.

## «АЖАЛ МЕНЕН АР-НАМЫС»

Карагай көккө тирелген,
Калың чер, токой арасы.
Карайып түтүн уюган,
Кан жүргөн уруш талаасы…

Жамгырдай октор төгүлүп,
Замбирек кулак тундурат.
Мурунку кездей нур чачпай,
Муңайып карап Күн турат.

Булбулдар кончу кайыңдын,
Бутагы окко тонолгон.
Шылдырап аккан тунук суу
Кызарып канга боёлгон.

Араба менен ат кыйрап,
Тамыры менен бак кыйрап.
Кадимден балбан кара жер
Кайгырып, боздоп жатты ыйлап.

Алтын жаш чөктү көлүнө
Агылган суудай канынын.
Ай бети кара так болду
Алпештеп сүйгөн жарынын.

Ызы-чуу ушул ыргында
Ышкырып Ажал бийледи.
«Өмүрдү колдо өкчөгөн
Өлүмдөн күчтүү ким?» – деди.

Жайкалып турган көк шибер
Жамгырсыз өчүп солгондой.
Кыйла жан кыйрап сулады
Кыямат кайым болгондой.

Айлана муңга майышып
Алсырап турду бул күнү.
Арааны жүрүп ажалдын
Адамдын башын мүлжүдү.

Суусаса канды шимирип
Суктугун Ажал тартпады.
Томсоруп аалам зар менен
Топон суу жүрө жаздады.

Кылычы колдо жалактап
Кыдырып Ажал Жер кезди.

«Кыйыныӊ мендей барбы?» – деп
Кыйлалар менен мелдешти.

Кабагы түндөй салыӊкы
Кайгырып турду жалпы жан.
Каяша эч ким айтпады
Кайрылып Ажал артынан.

Токойду, сазды аралап
Токтолбой Ажал чурады.
Азуусун Айга бир кайрап
Ааламдан минтип сурады:

«Айбыкпас менден жан барбы?
Аттансам ар ким барбайбы.
Өкүмүм жүрүп дүйнөгө
Өмүрүӊ чөптөй саргайды

Арстандай баатыр болсо да,
Алдыма келип жүгүнөт.
Асманга башы тийсе да
Алсырап талдай бүгүлөт.

Айткыла, мендей күч барбы?
Аӊтарат Жерди амалым.
Карыны, жашты калтырбай
Каалсам бир күн аламын.

Сүйлөгүн, күчтү өкүмүм?
Сүрдөнөт менден Күн дагы.
Эсирип бийлик кылсам да
Эч бир жан айбат кылбады.

Бергиле жооп өзүмө
Мелтиреп карап турбастан.
Жугуӊду жерге калтырбай
Жутамын баарын бир баштан.»

Бул сөзүн Ажал айтканда
Муңайды кара таш дагы.
Чытырман токой, агын суу
Чың этип үнүн катпады.

Асманда сургулт булут да
Ажалга жооп бербеди.
«Берсе жооп ал берет
Мени айдап жүргөн жел», – деди.

Жел дагы тынды дудуктай
Желпинген гүлдүн эрмеги.
Жалдырап жооп айтышпайт
Жашаган балбан жердеги.

Оозунан заар көбүгү
Оргуштап чыгып кайнады.
«Кайсыны жутсам экен», – деп
Кайсалап Ажал тердеди...

Алдынан Намыс жоголуп,
Ажалга колун сермеди.
«Ээлигип анча кутурбай
Эр болсоң, мени жең», – деди.

Чагылган оту жангандай
Чамынды Ажал жинденди.
«Каарыма чыдап, тайманбай
Каяша берген ким?» – деди.

Сурданды...Намыс толкуду
Суундай тоонун шарылдап.
Нускалуу сөзүн сүйлөдү
Нурундай күндүн жалындап.

«Далайды жутуп тойбостон
Дайрадай канды агыздың.

Каяша турсун өзүңдү
Капкандай кармар Намысмын!

Кайраттуу эрге бел болуп
Кадимден бери келгенмин.
Өмүргө шерик түбөлүк
Өлбөстүн сүтүн эмгенмин.

Жылмайып карап Ажалга
Жылдыздай жанат эр деген.
Маңдайда өзүм турганда
Баатырды Ажал жеңбеген!
Эзелден келген нарк ушул
Эр жигит көркү мен менен.
Өлүмдөн качпай кармашса
Өзүмдүн көркүм эр менен.
Кечээ
Жарыкка жигит келгенде
Ача элек көзүн кызыл эт.
Аймалап эмчек эмгенде
Апасы минтип сүйлөгөн
Ардагын көзү көргөндө:

«Тогуз ай сени көтөрүп
Толгонуп азап тартканмын.
Арнадым сени Намыска,
Айбыкпас болсун жаш жаның.

Балбылдап таңкы чолпондой
Бактыма менин көрүндүң.
Намыстуу жигит боло гөр
Наалатын албай элиңдин!...

Кайгы, муң түшсө башыңа
Каржалып уулум, кенебе.
«Урмат! Даңк!» – десин калың журт, –
Ушуну тапкын энеге!»

Мына ошондон бери жигиттин
Оюнан кетпес досумун.
Алоосу менмин өчпөгөн
Албырган жүрөк отунун…»

Бул сөзүн Намыс айтканда
Буулугуп Ажал чамынды.
«Чаң менен кошуп ылайлап
Чачпасам деди каныңды»

Көтөргөн ошол жигитиң
Көрөмүн, мага жүгүнөр.
Каарымды төгүп киргенде
Калтырап жандан түңүлөр.

Алакан жайып кансырап,
Алдыма келип баш берер.
Жалбарып жалган дүйнөгө
Жан соогалап жаш төгөр…»

Ажалдын кебин укканда
Арданып Намыс көбүрдү.
Арстандай чайнап коёрдо
Артына Ажал чегинди.

Карайып асман удургуп,
Кармашып экөө каларда.
Каран түн түшүп дүйнөгө
Кайгынын оту жанарда.

Арачы болуп Ай чыгып
Ааламга нурун таратты.
Көп тарткан азап кара жер
Көшүлүп уктап баратты.

Ачуусун тыйып Ар-Намыс
Ажалга минтип сүйлөдү:
«Менменсип өтө мактанбай

Мен менен кошо жүр», – деди.
Айтканын угуп Намыстын
Айлана жеңиш күү чертти.
Асмандап учуп, жер кезип
Ар-Намыс, Ажал бир кетти…

Булутта сызып баратып
Бул экөө мындай мелдешти:
«Агылган кандар майданга
Аралап бирге кирелик.

Азамат эрдин кашында
Айрылбай бирге жүрөлүк.
Кимибиз шондо жеңилсек
Баштагыдай айгашпай
Баш иелик түбөлүк…»

## СӨЗДҮК:

**Ажал** – ажал
**Ар-намыс** – виждон
**Кырсык** – фалокат
**Жел** – енгил шабада
**Топон суу** – тошқин сув
**Дудук** – соқов, тилсиз
**Мелдеш** – мусобақа
**Майдан** – фронт
**Азамат** – барваста йигит
**Жеңиш** – ғалаба
**Түбөлүк** – умрбод, абадий

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Чыгарма эмнени сүрөттөө менен башталат?
2) Чыгармада сүрөттөлгөн уруш качан болгон? Кимдер менен кимдер согушушкан?
3) Уруштун алаамат экенин акын эмнелер аркылуу чагылдырат?
4) Урушта кимдин арааны жүрөт?
5) Ажалдын өзүнүн күчтүүлүгү жөнүндө айткандары туурабы?
6) Ажалга ким каршы чыкты? Ал эмнеге ишенди?
7) Ажал менен Ар-намыс мелдешин кайдан чечмек болушту?

II

…Каарын төгүп сурданат
Казбектин жүзү кубулган.
Айнектей таза тегиз жол
Агылган канга жуулган.
Көркөмдүү Кавказ мындай күн
Көрбөгөн эле кылымдан…
Замбирек атса, аскадан
Заңгырап чыгат жаңырык.
Кадимки тентек Терек суу
Капчыгай жарат чамынып.
Адырдын куму шыркырайт
Адамдын каны агылып.
Көп душман келет сандаган
Көк муздай темир жамынып.
Карайган жаан, кыяндай
Капташат жайнап жабылып…
Күңгүрөп жер сүйлөнөт
Күйүтү суудай ташкандай.
Карагай башы термелет
Кайгысын желге айткандай.
Жалоорул ыйлап жел согот
Ботосунан айрылып
Боз инген боздоп жаткандай…
Кыяда казган окопто
Кыргыздын бир топ уланы
Жолборстой даяр комдонуп
Жоо тосуп жатты жазганбай!...
Бешенеден нур жанып
Беттеринен кан тамган.
Көзүнүн курчу болоттой
Көргөндө душман жалтанган.
Кайраты кайнап жүрөктө
Кадимки көк жал Манастын
Касиети сакталган.
Жаш жагынан бул балдар
Жашыгы жок тапталган…

Айыгышкан жоону жеңүүгө
Алыскы кыргыз журтунан
Айбыкпай булар аттанган.

Аларга акыл, баш болуп
Айтылуу Жапар бар эле.
Атайлап тууган намыска
Атадан жалгыз бала эле.
Кабагын бүркөп жүрбөгөн
Каткырып күлүп сүйлөгөн.
Ак пейил, шайыр жан эле.
Алты күн уйку көрбөстөн
Окоптон чыкпай жатса да
Алсырап койбойт дагы эле!...
Көк түтүн каптап, чаң чыгып
Көрүнбөйт тоонун этеги.
Алоолоп өрткө чырмаган
Осетин айлы кечеги.
Чыңырып ыйлайт энелеп
Чырпыктай жаштын нечени.
Азапты чыдап көтөрбөй
Абалдан балбан кара жер
Аңтарылып кетеби?...

Эки жашар бир бала
Энесин жыттайт чыңырып.
Эмчегин издеп төшүнөн
Эт-бетинен жыгылып.
Апасы жатат үн катпай
Айнектей көзү жумулуп...

Чыланып канда боёлгон
Чылбырдай чачы чубалып.
Супсулуу тунук ирени
Супурадай кубарып.
Алдейлеп сүйгөн кулуну
«Апалайт» үнүн чыгарып.
Тонолгон дарак, тал ыйлайт

Топурак дубал, там ыйлайт.
«Элиме кыргын түштү» – деп
Эльбурс боздоп ал ыйлайт.
Капчыгай ичин бузчудай
Кайгырып Терек дагы ыйлайт.

Каргыштын суусу кузгундап
Каптады жарык дүйнөнү.
«Кандайсың, Намыс, көргүн» – деп
Каткырып Ажал бийледи…
Өрттөнгөн айылды бир карап
Өкүнүп Жапар сүйлөдү:

«Кадырман жердеш курбулар,
Карагын тигил жалынды.
Кароого бетим чыдабайт
Кан агып жаткан айылды.
Арыма келдим көшөрүп
Аябайм асты жанымды…
Көзүбүз тирүү турганда
Көрүнөө душман кордойбу?
Калтырап качып жөнөсөк
Кадырлап баккан калкымдын
Каргышы жутуп койбойбу?!
Айыгышкан жоону кырбасак
Акылды жүгүрт, берендер
Ала-Тоо шундай болбойбу!...

Бер жагы Талас, Суусамыр,
Бейиштей Ысык-Көл боюн
«Ушундай өрткө түшөт» – деп
Убайым тартып ойлогун.
Арбагын сыйлап атаңдын
Алышта жалтак болбогун!... »

Кыргыздын кеги кылычтай,
Кыйылып түшөт чапканы.
Кыргыздын каны – кымбат кан,

Кылымдар бекер акпады.
Жапшыра кармайт чапканын
Жаагы катуу капканы.
Кыргыздын сөзү – ыйык сөз,
Эки ача болбойт айтканы.
«Ажалды көзгө илбе!» – деп
Анттарын балдар берди эле.
Окоптун ичи чыдабай
Жарылып кете жаздады.
Ачылган күндөй жаркырап
Ажалды Намыс тиктеди:
«Эр жигит салты ушундай
Эр болсоң эми түт» – деди.
Жалт берип Ажал арданып
Жашынар жерин издеди.
...Ажал деген чын нерсе
Адамзат чыкпайт торунан.
Адилет ишке жан берүү
Ар кимдин келбейт колунан.
...Абалдан эрдин жолдошу
Ар-Намыс деген балбан бар.
Кадырлап ошол Намысты
Каныңдай сакта жаш балдар.

Кордогон заар душманга
Коргошуп жаанын төккөндө,
Толкундап долу деңиздей
Дон суусун жиреп өткөндө.
Алгалап Намыс бир жүрдү
Айбаты жоону бүлдүрдү.

Кавказдын тоосу сурданып
Капчыгай канга батканда.
Чарпылып көккө толкуну
Чамынып Терек акканда.
Ажыдаар жолун торошуп
Арбашып алар жатканда.

Сан колдой Намыс бел болду
Сай каптал жоого сел болду.

...Жайнаган танка келатты
Жамынып түшкөн туманды.
Мотордун үнү күркүрөп
Майышып талаа суналды.

Эс алып жаткан көп колду
Эбактан душман туюптур.
Капыстан кыргын салууга
Кан тилеп каптап чыгыптыр.

Аң келсе, типтик секирет
Аргымак аттай чоюлуп.
Аңтарылып тегиз жол
Айдаган жердей союлуп.

Көчүрүп тоону добушу
Көрүнбөйт өзү тумандан
Талкалап ташты күкүмдөй
Танкалар келет чубалган.

Окоптон башын көтөрүп
Абайлап Жапар карады.
Жакындап келип калыптыр
Жайнаган танка караны.

Жалындап жанып ачуусу
Жаагынан чыгып жүндөрү.
Кыраандай көзүн бир ирмеп
Кылчайып Жапар сүйлөдү:

«Кагылам уккун курбулар,
Кайратың жансын тутанып.
Каптаган касты серпип сал
Кабылан сындуу күч алып.

Карагын оңой жоо эмес
Катарын быт-чыт бузалык!...

Аркада сүйгөн элиң бар
Ар-Намыс кетет, ойлогун.
Качырып киргин душманды
Калтырак баспай колдоруң!
...Ар-Намыс аккан суу эмес
Төгүлсө кайра толгудай.
Эр жигит эки жаралбайт
Эси жок, коркок болгудай

Артыңдан айтар иш кылып
Ардагы болгун элиңдин.
Заңкайган көркөм аскадай
Заманга бийик көрүнгүн.
Кайдадыр качып жүрсөң да
Капканы чабар өлүмдүн...

Ажал деген чын нерсе
Адамзат чыкпайт торунан.
Адилет ишке жан берүү
Айланайын курбулар,
Ар кимдин келбейт колунан!

Ажыдаар келет оп тартып
Айбыгып көзүң жумбагын.
Каргышы тиет калкыңдын
Кайрылып артка жылбагын.
Башыңды сайып коргогун
Балаңдын намыс, жыргалын!»

Керездей кебин Жапардын
Кетирбей балдар угушту.
Кабагынан от жанып
Камданып даяр турушту!...

…Жаныңды коргоп жашырбай
Жадатып жоону качыргын.
Багынып сүргөн өмүрдөн
Өлүмү артык баатырдын…
Калтырап качып жөнөсөк
Каргышы калктын жутпайбы
«Шерменде кылдың мени деп
Карабайм бетпак сени деп
Сүйгөн жар ыйлап чыкпайбы!»

…Дөбөдөй болгон бир танка
Гранат тийсе, былк этпейт.
Мөндүрдөй жаап, ок барса
Мөгдөбөйт, түтүн бурк этпейт.
Белине беш чоң гранат
Белсенип Жапар байлады.
Шарылдап ташып кайраты
Шакардай болуп кайнады.
Сол колу менен бек кысып:
Эмилбек, эсен жүр деди.
Алыска сапар кетчүдөй
Акыркы сөзүн сүйлөдү:

«Кайрылып эсен эл көрсөң
Карыга, жашка салам де.
Кубарган чөлдө калк үчүн
Курман болду балаң де!»

…Зеңирдей болгон чоюнга
Денесин барып бир урду.
Жаңыртып көктү, жер термеп
Жарылган үнү угулду…

…Сагалап турган шум Ажал
Саргайып өңү тунарды.
Ар-Намыс сүрүп өкүмдү
Ааламга үнүн чыгарды:

– Желпинип Ажал мактанба
Жеңбейсиң асты буларды.
Бүлбүлдөп өчкөн жалындай
Бүрүшүп Ажал кубарды…

## СӨЗДҮК:

**Жаңырык** – акс садо
**Капчыгай** – дара
**Карагай** – қорақарағай
**Окоп** – окоп
**Кайрат** – жасорат, журьат
**Ак пейил** – феъли кенг
**Шайыр** – шод, қувноқ
**Супура** – тўшама, сурпа
**Убайым** – нотинчлик, хавотирлик
**Жалтак** – қўрқоқ, юраксиз
**Капкан** – қопқон
**Тор** – тўр
**Добуш** – товуш
**Кабылан** – қоплон
**Шерменде** – шарманда
**Бетпак** – ярамас одам
**Мөндүр** – дўл

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Кимисинин күчтүү экендигин билиш үчүн Ажал менен Ар-Намыс кайда жөнөштү?
2) Кыргыз жигиттери алыскы Кавказда эмне кылып жүрүшкөн? Алардын башчысы ким эле?
3) Баскынчылардын таш боорлугу чыгармада кандай сүрөттөлөт?
4) Душман кандай максатта биздин Мекенге кол салган? Ошол уруш жөнүндө эмне билесиң? Билгениңди чыгарма менен салыштырып айтып бер.
5) Жер жайнаган танктарга каршы кыргыз жигиттери кантип күрөштү? Ушул окуянын чындыгы барбы? 28 баатыр жөнүндө уккансыңбы?
6) Жапардын өз эрки менен танканын алдына бой ташташына ишенүүгө болобу? Же ойдон чыгарылганбы? Ошол согуш убагындагы кыргыз баатырларынын эрдиктерин эске түшүргүлө.
7) Ажал менен Ар-Намыстын мелдешинде ким жеңди?
8) Намыстын Ажалдан күчтүүлүгү жөнүндөгү учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды эске түшүргүлө.
9) «Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде» деген темада дилбаян даярдагыла.

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

*(1915 – 1950)*



Алыкул Осмонов – аз жашаса да, саз жашаган, өзүнүн артына «Мүлдө кыргыз көтөрө алгыс, ыр килемин» калтырып кеткен жаркын акын. Ал өзүнүн акындык дараметин, көркөм дөөлөттөрүнүн маани-маңызын, келечегин айкын көрө алган даанышман да болгон. Ошондуктан акын «Кумдан болор, таштан болор төшөгүм, Аз да болсо сыртта калар сөздөрүм. Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү, Буудан болуп, таскак салып өтөрмүн», – деп олуялык менен жазган.

Куушуп өткөн күндөр, алмашып аткан айлар, жарышып жаткан жылдар, оодарылган заман менен кылымдар да акындын талантынын алдында алсыз болуп калды.

А.Осмоновдун экинчи өмүрү биринчисинен бараандуу да, сыймыктуу да, эң негизги түбөлүктүү да экендигин бүгүнкү күн ташка тамга баскандай кашкайтып көрсөтүп жатат. Акындын өзүнүн «Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар» деген бир сабы нукура талантты, чыныгы көркөм дөөлөттү мезгил менен мейкиндик да, алмашкан заман-доорлор да эч бир көөнөртө албастыгын камтыгандыгына, чагылдыргандыгына ар бир зээндүү окурман ынанат.

### «АДАМЗАТ»

Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырлап,
Агып жатса, мал кечпес жашыл аралда.
Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей ичирер элем адамга.

Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним,
Адам деген картайгыч тура бечара.

Замзамдын суусу кайнар суудай шарактап,
Ташып жатса, куш жете албас ыраакта.
Эти калың, пилдей күчтүү болсун деп,
Бүт агымын бурар элем адамга.

Замзамдын суусун ичирейин дегеним
Адам деген чарчагыч тура бечара.

Олуя, табып, улукман аке дарысы
Жазгы гүлдөй тепселип жатса талаада.
Жүрөк оору, өпкө оорунун сообу үчүн,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.

Дары чөпту ичирейин дегеним
Адам деген оорукчан тура бечара.

Ак шайы көйнөк, күмүш кемер сыяктуу,
Адамдын жаны сатылып турса базарда.
Дагы жыргап, дагы жашап көрсүн деп,
Өзүм албай, берер элем адамга.

Жандарына жаш кошоюн дегеним
Адам деген көп өлгүч тура бечара.

Кызыл топур, шуру, бермет сыяктуу
Бала өмүрү сатылып турса калаада.
Катуу күйүт, кайгы зардын дарты үчүн
Өзүм албай, ал дээр элем адамга.

Бала өмүрүн алсын деген себебим
Адам деген баласак тура бечара.

Мейличи, мени жаман көргөн бирөөнүн –
Жан алгыч келип жанын сууруп аларда.
Эгер чиркин, экөө болсо жүрөгүм,
Берер элем бирин ошол адамга.
Мен сыяктуу жакшылыкка март эмес,
Адам деген өзүм дейт тура бечара!

## СӨЗДҮК:

**Даанышман** – донишманд
**Олуя** – башорат қилувчи, олдиндан кўра билувчи
**Адамзат** – одамзод
**Арал** – орол
**Бечара** – бечора
**Табып** – табиб
**Улукман** – луқмони ҳаким
**Дары** – дори
**Кемер** – камар
**Жан алгыч** – ўлим фариштаси
**Март** – саҳий, қўли очиқ

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Ыр кимге арналыптыр?
2) Акын мүрөктүн суусун кимге ичиргиси келет? Эмне үчүн?
3) Замзам деген эмне? Акын аны адамга эмне үчүн бергиси келет?
4) Адам жанына даба дарыларды акын эмне үчүн өзү ичкиси келбейт?
5) Адамдарды өлүмдөн алып калуу үчүн акын эмнелерди жасагысы келет?
6) Акын эмне үчүн бала темасына кайрылган? Мунун турмуштук негизи барбы?
7) Акын кимдерге жакшылык кылгысы келет? Эмне үчүн?
8) Акындын ушул ырынан адам кандай болуш керектигин билүүгө болобу? Болсо, адам кандай болушу керек?
9) Ушундай темадагы, мазмундагы ырларды билесиңерби? Билсеңер, салыштырып, ой жүгүрткүлө.

## «КӨЗҮМ ӨТКҮР»

Көзүм өткүр, өрттү өчүрө караган,
Өз жанымдын жамандыгын көрө алам.
Колум ачык, журтка маалым марттыгым,
Бир чыны уудан,
Бир чака бал бөлө алам.

Көңүлүм жарык, музда көктөп өнө алам,
Өз жанымдын арамдыгын көрө алам.
Пейлим таза, чаккын десем чага албайт,
Жылаан кызын колдон кармап, өбө алам.

Сырдаш болсоң, ачык сөзгө келе алам,
Мен өзүмдүн тардыгымды жеңе алам.
Керек болсо, чебердигим жетишет,
Дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам.

## СӨЗДҮК:

**Жамандык** – ёмонлик
**Журт** – аҳоли
**Уу** – заҳар, оғу
**Чака** – челак
**Бал** – асал
**Арамдык** – ноинсофлик
**Тардык** – кўра олмаслик
**Чебердик** – маҳоратли
**Дөңгөч** – тўнгак
**Балык** – балиқ
**Жан** – жон

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1) Ыр эмне үчүн «Көзүм өткүр» деп аталыптыр? Бул аталыш ырдын мазмунуна жооп береби же жокпу?
2) «Бир чыны уудан бир чака бал бөлө алам», «Жылаан кызын колдон кармап өбө алам», «Дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам» деген саптар аркылуу акын эмнени айткысы келет? Дегеле турмушта ушундай кылуу адам баласынын колунан келеби?
3) Ырдан акындын кандай адам экенин билүүгө болобу, болсо, акынды кандай адам деп элестетесиңер?
4) Турмуш чындыгы жана көркөм чындык дегенди кандай түшүнөсүңөр? Ушул ырдан буларды бөлүп көрсөтө аласыңарбы?
5) Ырга силер кандай ат коёр элеңер?

## «ЖЕҢИШКЕ» ПОЭМАСЫ

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса, толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун.
Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.

Турмушта канча курдаш күтсөм дагы
Бир кыял мындай курбу күткөн жокмун.

Ысык-Көл Ата-Журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да
Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат.

Эл тынчып, журт кеңиген күнгө эркелеп,
Күйөөлөп тынч өмүргө кызын берет.
Толтуруп жер сагынган уулдарын
Көл менен көздөн учкан кеме келет.

Анткени ар бир жандын күткөнү бар,
Ашык жар, тааныш, тууган, ини-агалар.
Адамзат көзү барда көп байкалбай
Жок болсо «кайран ай!» деп сагындырар.

Бул жерде эне-аталар, жаш-карылар,
Түрдүү түс, түрлүү улуттун бардыгы бар.
Адамзат тирүү жүрсөң, көңүлгө албай,
Жок болсоң «аттиң ай!» деп арман кылар.

Эл түшөт, кеме токтойт аркан салып,
Азоодой тизгин бербей албууттанып.
Бирөөлөр «абакебай», «байке» десе
Бирөөлөр «кулунум» дейт жашы таамып.

Бах, кандай, бейпил күндүн берекеси,
Тууган жер түбү чалкар кең эмеспи!
Ушинтип кайра жанат жакшылыкка
Кечеки кайгы-зардын кенемтеси.

Жөөлөр көп, арабачан, кээлери атчан,
Ар туштан кубанычтын суулары аккан.
Турмуштун жарык шамдуу шарын карай
Келгендер сүйүнүчтүү кетип жаткан.

Көчкө окшоп, саптар чубап, тоону карап,
Жигиттер күлкүгө мас кетип барат.
Ба, чиркин! Турмуш канча мол болсо да,
Ар дайым бир жеринен толбой калат!

Күткөндөр тарай-тарай суюлганда,
Аксакал бир чал калды пристанда.
Сүрдүгүп ташка тийген тулпарга окшоп
Жарыктык аяк шилтейт араң гана.

Ким десең бул карыя, Миңбай ата,
Көз салып эртели-кеч батыш жакка.
Көп менен бул да кошо уулун күтөт
Күткөнү дайым чеки, дайым ката.

Жеңишбек анын уулу жеңишке бек,
Жеңиш деп, жакшы үмүткө жеңиш тилеп.
Турмуштун жеңип чыккан күнүнө арнап
Ат койгон баласына Жеңишбек деп.

Бир эмес, ындыны өчүп эчен курдай,
Кур кайткан азыркыдай шордуу Миңбай.
Бирок да үмүт чиркин курч эмеспи,
Тереңден оргуп чыгат тим тура албай.

Чалга айтпай, эне келет кээ кездерде,
Толтуруп ууз кымыз ак кесеге.
Ичкин деп жүргүнчүгө тартуу кылып
Жаш төгөт «Кечигет деп уулум неге?!»

Билгизбей ата-энеге кээ күндөрдө,
Токтоткон толкун уруп терең түндө.
Булардын кызы келет пароходго
Ой жооруп, муңдуу кайтат кайта үйгө...

Баары бир, азыркы бир Миңбай чалга,
Кур үмүт курч тийди бейм кары жанга.

Уулу жок…бир адам жок пристанда
Бир гана жалкоо толкун тийген жарга.

Дүйнө-өмүр уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө-өмүр алоолонуп жана бердиң.
Неге сен алыс кеткен сапарыңдан
Ээриң жок, жайдакталып кайра келдиң?!

Дүйнө-өмүр энчи бердиң, үй-жай бердиң,
Күн көр деп бар керекти белендедиң.
Неге сен ыраак кеткен сапарыңдан
Кайрытып канатыңды кайра келдиң?!

Миңбай көпкө олтурду ушуну ойлоп,
Элестеп Жеңишбеги алдында ойноп.
Ай жазган, берериңби, аларыңбы
Ким билсин – деп өзүнчө күңк деп коёт.

Байлануу четте турган атын алып,
Бошобой болочокко кайраттанып.
Жапжалгыз адетинче кайра кетти
Көңүлсүз күрөң атын камчыланып.

Баруугa өз үйүнө дити барбай,
Үй-бүлөм эмне дейт деп, дагы кандай.
Ат оозун чукул тартып, бери бурду
Курдашы Курманбектин үйүн карай.

Курманбек эл кутманы жетимиш жашта,
Кемпири алтымыш жашта ушул жазда.
Не бир алп уландарды кайкалатат
Экөө тең тамашалап учурашса.

Миңбай чал салам айтат эшик ачып,
Курманбек алик алат, бери басып.
Чай ичип, бир аз мезгил өткөн кезде
Улууга улуу сүйлөйт жубаткансып.

«Эй, Миңбай, кайратың жок, кем экенсиң,
Күйүткө күйүп жүрөт эрте-кечиң.
Жалгызым, жалгызым деп арман кылып
Жарабас башыңды ийип жер тиктешиң.

Замана бойго жетет айлап, жылдап,
Өзүнө эрлер камдайт тандап, кылдап.
Эр жигит эрте аттанып, алып кетер
Ок учуп, ат кошкуруп, туу кылкылдап.

Соо болсо, кайра келет күчүн сынап,
Жок, өлсө, Ата-Журту кайгы кылат.
Көмүлгөн боз топурак мүрзөсүнө
Жыл өтсө бир түп чынар өсүп чыгат.

Аз эмес алтоо кетти дал өзүмөн,
Канча экен уул, ини, өзгөсүнөн.
Ошондон экөө кайтты жараланып
Шондо да жаш тамган жок бул көзүмөн.

Тагдырга арман кылбайм, чексиз бактым,
Мөмөсү солуган жок карт бутактын.
Жетимиштен сексен жашка оогон кезде
Карагын мына мындай уул таптым.

Замана керек десе муну да алсын,
Журт коргоп, жарак кармап, жоого барсын.
Күттүрсүн, эр-азамат сагындырсын
Мындагы аз уйкулуу эне-атасын!»

Дегенде, Миңбай ата бешикти ачат,
Караса, аппак болгон уул жатат.
Жеңишбек аты болсун Курмаке деп
Кубанып, кубаттанып зарын басат.

Өмүрдүн кар болгон жок конгон кушу,
Жетимиш жаш – жаштын алыс жолдогусу.

Жеңишбек болсо, болсун – жеңиш күнү
Дал бүгүн өткөн жылдын май тогузу.

Миңбай чал ат токунуп, кайра аттанат,
Кайрылып үйгө барбай, көлгө барат.
Көл терең, шарпылдаган долу толкун
Тереңден эмнени издеп табат!
Жеңишбек жалгыз уулу, кайран бала,
Жароокер, ыманы ысык эне-атага.
Ойгонбой көпкө аралаш уктап жатат
Күмбөздө, Варшаванын бер жагында…
Ал эми ата-энеге эркелебейт,
Биздерге абакелеп колун бербейт.
Канчалык үмүт үзбөй күткөн менен
Калкылдап кеме минип кайра келбейт.

Жеңишбек жеңиш тилеп, курман болгон.
Ок тийип маңдайына ара жолдон.
Атама мени өлдү деп айта бар деп
Сөз айткан көл толкуткан борошодон.

Көл толкуйт, атасына белги берет,
Айтпесе, кур толкундун неси керек…
Бирок да үмүт кургур кыйын тура
Атасы кайра кетет, кайра келет…

Кой, ата, жолдош болбо, жок пайдага,
Жол карап, көл боюна ат байлаба.
Жеңишбек сенин уулуң, Жеңиш күнү
Жадырап келип турар жыл айлана!

Ысык-Көл Ата-Журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да
Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат!

## СӨЗДҮК:

**Жымжырт** – жимжитлик
**Толкун** – тўлқин
**Орток** – ўртоқ
**Жолдош** – ўртоқ, ошна, жўра
**Курдаш** – қурдош
**Курбу** – тенгдош, тенгқур
**Кеме** – кема
**Береке** – худонинг марҳамати
**Кенемте** – зарарини тўламоқ
**Көч** – куч
**Чеки** – нотўғри
**Ката** – хато
**Ындын** – кайфият
**Ээр** – эгар

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Поэмада акын эмне үчүн Ысык-Көлдү сүрөттөө менен баштайт? Мунун кандайдыр-бир себеби барбы?
2) Чыгармада согуштун кайсыл учуру сүрөттөлөт?
3) Келип жаткандарды көрүп акын кандай ойго келет?
4) Турмуш эмнеси менен кызык? Буга акындын ою. Чыгарманын өзүнөн мисал келтирип сүйлөп бергиле.
5) Миңбай ата пристанга эмне үчүн келет? Миңбай атадан башка дагы кимдер келишет? Булар эмне үчүн бири-бирине көрүнбөй келип-кетишет?
6) Курманбек курдашы Миңбайга эмне дейт? Анын айткандарына кошулууга болобу же жокпу?
7) Адам үчүн эмне кымбат? Акындын чыгармадагы ою жана ага сенин көз карашың?
8) Адамга дем берип, келечекке сүрөп турган эмне? Миңбайды эмне көл жээгине кайра-кайра алып келет?
9) Чын эле Жеңиш күнү Миңбайга Жеңишбегин алмаштыра алабы?
10) «Менин оюмда адам үчүн эмне ыйык» деген темада дилбаян даярдагыла.

# ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

*(1912 – 1997)*



Түгөлбай Сыдыкбеков – кыргыз адабиятында проза жанрын негиздеген жазуучулардын төл башыларынын бири. Ал биринчи болуп кара сөз менен «Кең-Суу» («Тоо арасында») деген романын жазган. Жазуучу окурмандарга, негизинен, романист катары кеңири таанымал. Анын «Зайыптар», «Темир», «Тоо балдары», «Ыманбай пейили», «Курбулар», «Сыр ачуу», «Жол», «Мен миң жыл жашадым», «Көк асаба» сыяктуу романдары бар. Ал эми «Биздин замандын кишилери» романы кыргыз адабиятын ошол кездеги СССРдин аймагындагы союздук республикаларга, социалисттик мамлекеттерге кеңири тааныткан чыгарма болгон. Анткени бул романы үчүн жазуучу Сталиндик (кийин СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы деп аталган) сыйлыкты алган.

Албетте, ал аңгеме-очерктерди да жазган. Анын «Сагынбадымбы», «Пайдага чечилген чатак» ж.б. д.у. с. окуясы чакан, ою терең аңгемелери да бар.

## *«ТОО БАЛДАРЫ» РОМАНЫ*

*(Ү з ү н д ү)*

### ОМӨР АКЕ ЖАНА АНЫН УУЛУ

Омордун үйүн көздөй бурулган кезде, Сабыр тымызын жылмайды. Анткени Омордун кыял-жоругун эсине түшүргөн адам эрксизден күлө турган. Ал – оюндагысын кишиге бербеген бир мүнөздүү өжөр, эр көкүрөк кайраттуу, күпүлдөп, бек-бек сүйлөгөн адам. Баланы артыкча жакшы

көрөт. Бирок сылап-сыйпап эркелетпейт, тек өзү эшигинин алдындагы дөбөгө олтуруп алат. Ойноп жүргөн балдарды байкатпай өзүнө чакырат. Бир жолу анын колуна түшүп берген бала экинчи оолак качат. Өзү качканы аз келгенсип, башка балдарга: «Алдап чакырып жатат. Барба!» – дейт. Омор жашыраак кезинде өзүнөн качкан баланы тартактап кубалоодон да тартынчу эмес. Аны көргөндө артыкча Сабыр артына кылчайбай кача турган. Ал Омор жакындап келатканын, анын тери шымынын кең багалектеринин күдүр-күдүр эткен доошунан сезчү. Кээде коркуп баратып Сабыр шашкандан мүдүрүлүп узунунан түшчү. Ошол замат буттарын тыбырчылатып бакырып ыйлоочу. Күшүлдөгөн Омор: «А кудагыйдын баласы, колума түштүңбү? Келбей качасың, э! Мен киммин, ыя!» – деп баланы ыйлата берчү. Сабырдын энеси, кээде чыны менен учууланып:

– Ой, береги куу баш баланын жүрөгүн түшүрүп салмак болду, - десе. Анда Сабырдын эжеси алдыртан энени тыюучу.

-Кой, апа. Сакалдуу кишине куу баш дебе, шагы сынып калат.

– Сынса сынсын. Анын шагы сынат эле деп баламдын жүрөгүн түшүртөйүнбү. Ой Омор, коё бер алдагы баланы. Эмне, сенин сүтүңдү төктүбү?! Анда Омор түксүйө калчу:

– Э, балаңды эркелетип жатам?!

– Сенин бала эркелеткениң курусун...

-Эмне?! - дечү Омор ызаланып. – Мен бала коркутуучу карышкыр экемин, э! Атаңарга наалат, тоң кыргыздар. Булар жадаса, бала эркелетсе, билишпейт. «Үфү, үфүлөп» үстүнө үйрүлө беришип, балдарын арпа жарманын каймагындай былжырак өстүрүп алышат. Бала дегенди бешиктен бели чыга элек кезинен жаагынан кайыш алып үйрөтсө, союл тоотпос өрт өсөт! Раматылык чоң атам мени эркелеткенде: жакамдан муунта кармап, эки жаагымды ысыта-ысыта чабуучу. Рас, а дегенде ыйлачумун. Кийин мен да көнүп кеттим. Ал чапкан сайын: «Дагы чап, чоң ата. Эки бетим калың болуп баратат» - деп көзүмдү ирмебей тике карачу болгомун...

Мен эр жеткен кезимде эки жаат болуп чабышсак: булдурсун камчы тийсе да, бетим түктүйүп коюучу эмес! Э, атаңарга аалат чор кыргыздар, мен силердин балдарыңарды киши болсун дейм. Менден корксоңор айыл конбой койгула?!

Ушенетчү Омор бир жылы, күз, алыстан айылчылап келген чочун аялдын баласын ошентип эркелетсе, сырын билбеген бала коркуп кетип талып калган. Сакалдуу кишилер Оморду жемелешкен:

– Таштасанчы, адатыңды. Бирөөнүн баласынын жүрөгүн түшүрүп, күнкор болуп каласың!

Ошондон тартып Омор өзү да этиет болуп балдарды кубалаганын коё баштады.

Балким, Омор ал адатын таштабас беле? Жашы элүүдөн өтүп калганда өзү балалуу болду. Ошондон баштап бирөөнүн баласын катуу эркелеткенди да коюп кетти.

Омордун кийинки эрмеги окуган балдарды көрсө:

– Эй, кудайымдын балдары! Менин жаныма келип койчу! – дечү. Окуган балдарга Омор кадимки чоң кишиге кылган мамилени иштеп:

– Э өкмөттөр, келгиле! - деп козголуп коюп, балдарга катарынан орун көрсөтөт. Ал кэзде Сабырды да чакырып:

– Те-ек, ыйлаак. И ата-көрү, көзү чоң, коён жүрөк болучу. Эми окуп жүрөт. Качан өкмөт болуп, жаныңда тапанчанын боосун салпылдатасың, ыя?

Сабыр тымызын гана күлүп койчу:

– Окугандын баары эле тапанча тагынмак беле?

– Те-ек, айтпадымбы: бала чоң көз жадаса тапанча тагынгандан коркот. Анан эмне үчүн окуп жүрөсүң? Койчунуку таяк менен көнөчөк; жылкычыныкы кыл аркан менен укурук; эгинчиники чалгы менен орок; мага окшогон көк чекелердики көк союл менен жомок. А союлга окуунун эмне кереги бар? Же моюнга жагоо тагып үп боло албасак... Ансыз да бир үйдө үч бала болсо, үчөө бирдей мектебине жүгүрөт. Теги, эртең өкмөтчүлүк кимисине жетишет, ыя?

Сабыр техникумдун үчүнчү курсун бүтүрүп, каникулга келген жылы жай Омор аны үйүнө чакырды. Бул жолу. Сабырдын алдына каймакка көптүргөн таруунү койдуруп, чын ниетинде кеп баштады.

– Мен өз айылымдын козусунан кочкор агыткапды жакшы көрөм Сабыржан. Окууну окуй берсе акылдуу кишинин да мээси айнып калат деген. Эсептесем мектеп эшигин аттаганың далай жыл болуптур. Бир башка жетишерлик илим алдың. Тил ал, Сабыржан. Ушунчаңда окууңду токтот. Дагы он жыл окусаң көп болсо, ачендик болорсуң. Тилимди ал, биздин айылга часковой милиса бол да, окууңду бүт. Алдыңда ат. Үстүңдө көк жака. Жетишкендик ошол да! Өгүнү бир серке союп, терисин бербей койсом актисин жазышты... Э дүйнөдө мен ушул часковойдон чоңду көрө албадым. Тапанчасынын боосун салпылдатып, деле ар түрдүү иштин баарына көз салат экен өзү. Тил ал да ушул часковой болуп ал!

Омордун кебине Сабыр ичинен күлүп:

–Ал кызматты аткарышка менин жөнүм келбейт, - деген.

– Тек! – деген Омор Сабырга олурая карап. – Ага окуун аздык кылабы?
–Ар иштин өзүнүн окуусу бар, Омор аке.
– Э кандайча өз окуу? Кат жазасыңбы? Колуңду коёсуңбу. Болду, мөөрүңдү басып, ишиңди агыза бер! Дагы кандай окуу?
Жай түшүндүргөн Сабырдын сөзүнө Омор этегин каккан:
– Эй кудай талаа. Ушул замандын окуусу көп. Илгери бир эле молдо тил катты да жазып... Катындын да, баланын да башын ачып, ишти жеке бүтүрчү эле. Эми, жадаса, аары баккандын да өзүнүн окуусу чыкты. Тек, койдумчу теги?!
Жана Сабыр Омордун ушул жоруктарын эсине түшүрүп, тымызын күлгөн болучу.
Аялы төрөбөй баягы жылдарга чейин «куу баш» атка конуп жүргөн кезинде, кээде дөңгө жалгыз олтуруп алып, көк союл менен жерди «дүп» чаап коюп, Омор кудайды тилдөөчү. Ал антип олтурганда: «Кой, барбайлык. Биз эмес, Омор кудайды сабап олтурат» – дешип анын жанына адам жолочу эмес.
Кырктан ашып калган аялы доктурга көрүнүп жүрүп бала төрөдү.
– Эй, атаңдын көрүнө! – деди Омор кубангандан. – Дөбөдө олтуруп кудай менен сабашканча, байбичем, мурунтан эле сабеттин доктoруна бара койсок болмок экен го.
– Ошентсек болмок экен, – деп аялы кубаттаса, Омор корс-корс күлгөн:
– Бу кайран Сабет. Тоодогу кыргызга трактыр жеткизди. Өнөр, илим берди. Жадаса, төрөтү калган катындарыбызды минтип четинен төрөтө баштады.
Кубанып олтуруп, Омор уулунун атын Орусбек койгон. Орусбек окуу жашына толгондо Омордун үйүнө сельсоветтен киши келди:
– Омор аке, – деди ал – Орусбегиңиз быйыл мектепке барат. Кийинтип коюңуз...
– Э!? – деди Омор кежирленип. – Орусбекке мектепте эмне бар экен?
–Окубайбы, жарыктык.
– Эй, жигит, маа жооп берчи?
– Кана, айтыңыз.
– Бир үйдө он бала болсо, ону тең окуу дешип делпилдейт. Эркеги жетишпей жаткансып, кыздары кошо энтеңдейт. Мынча элге окуунун не кереги. Бул өкмөтчүлүк кимисине жетишет, ыя? Ушуга жооп тапчы? – Омор сөөмөйүн чочойтуп, колун жогору сундурган.
– Омор аке, – деген тигил. – Окуу ар бир адамга керек. Окугандын баары эле өкмөт болуп турбайт.

– Анан эмне кылат? Он жыл окуп алып үй бакмак беле?!

– Ооба! – деди сельсоветтин кишиси кымырабай, – окуп алган киши үйдү бакса, ага көк көйнөктү жолотпойт…

– Тек! Уйчуга окуунун кереги не. Малды окуу тосо албайт. Көк союл тосот. Окуп, окуп акыры уйчу, койчу болсо, менин Орусбегим окубай охо деген адам болот. Бара бер, жигит!

Айтканынан кайтпас Омор биринчи жылы Орусбегин мектепке жибербей койду.

Бир күнү Орусбек ыйлап келди.

– Эмне ыйлайсың, – деди атасы…

– Окуган балдар мени шылдыңдашат…

– Эмне деп?

– Окубаган торпок, торпок дешет.

– О кайраты жок жаман?! – деди Омор уулуна. – Алар торпок десе, сен ого бетер торпоктугуңду билгизип үйгө мөөрөп келесиңби? Экинчи маа жашыңды көргөзбө, «Жалгыз болсоң чогоол бол, көп жанынан түңүлсүн» деген. Сени торпок деген балдарга кыргыйдай тий! Маалим болушса, маа айт. Мектебинин эшигин жулуп ыргытканымды бир көрсүн. Байыркы молдо табылгы чыбыгын көтөрсө, балдардын башы жерге кире түшчү эле. Эмки маалимдер: «Бискултүр» деп балдарын тамдан секиртип үйрөтөт экен, ой?!

– Алар тамдан секирсе, мен түндүктөн секирип түшчүмүн… Үй ээсин каратып отуруп кайнап турган казанды көтөрүп кетчүмүн… Сенин түп таякең Сары жетимиш жашында жеке өзү жети каракчыны тооктун балдарындай алдына баскан. Тек атаңа наалат. Торпок деп койду деп үйгө мөөрөп келет, жаман. Экинчи маа жашыңды көргөзбө. Саа тийген бала болсо тумшугун канда! Алың жетпесе өлүп бер, уктуңбу?

– Уктум, ата, – деп Орусбек жашын сүртүнгөн.

Кийинки жылы сельсоветтен да, мугалимдерден да алда нече ирет кишилер келе берип, Орусбекти мектепке тартышты.

Жарым кыш өткөндөн кийин Омор Орусбекти жанына отургузуп:

– Кана, мектепке барганына алты ай болуп калды, эмнени билдиң? – деди.

– «Алипээ» окуй алам, ата! – деди Орусбек.

– Баштагы молдо алты айда балдарына куран түшүртчү эле. Кана окуп көрчү, «Алипээнди».

Орусбек китепти ачып эжелеп окуду:

– Ата, ат…

– Те-ек! – деди Омор уулуна. – Башка барагынан окучу!

Орусбек баракты ачты да окуй баштады:

– Ча-на... та-рт...

– Эмне дейт, Ата, ат.. Чана, тарт... деген да окуу болучу беле?! Бери берчи, китебиңди.

Омор «Алипэзни» колуна коомай кармап, ар бир барагын ачкан сайын чочуркагансып, китептин бетинен көрүнгөн ар түрдүү сүрөттөргө одурайып:

– Тек! Китепке да балта, күрөктүн сүрөтү тартылчу беле?! – деп кыжырланган.

... Бир күнү башка балдар келип, Орусбек мектептен келбей калды. Уулунун эмне үчүн кечиккенин ой жоруп билген Бермет Оморго угуза айтып кейип кетти:

– «Мурдун каңда» деп жүрүп жалгыз уулду баш кесер кылып алдыңыз, баатыр.

– Тек! – деди темир күрөккө сап копшоп печтин жанында олтурган Омор аялына. – Эмне болуптур?

– Уулуңуз бүгүн да жок. Сабагына көңүл койбойт. Мектепти астынүстүн кылып тентек дешет. Мугалим алып калса керек...

Омор чапанын сүйрөп, колундагы күрөктүн сабын ала турду:

– Эмне дейт? Камап койгон го?

– Кайда барасыз, баатыр? – деди Бермет абышкасынын жолун тороп. – Мугалими мындай бол, андай бол деп акыл айтып жаткандыр. Азыр эле келет уулуңуз, олтура туруңуз.

Омор «корс» этти. Булкунуп эшикке карай басты:

– Тек! Жолду бошот. Мен азыр келет деп олтура албайм... Окуткан окуусу: «Ата, ат.. Чана тарт...» Сабпаркомго пресидетил кылчудай, баламды алып калат... Мен маалимге жемелетип баламдын жүрөгүн өлтүрө албайм. Карыганымда чекеме бүткөн жалгыз уул чогоол өссүн! Мен баланы кыргыздан алган эмесмин, орус берген! Мен бул кыргыздын «ата, ат.. чана тартын» окутпаймын. Баламды алып, тигил совхоздогу орус мектебине беремин!

– Ачууну токтото туруңуз, баатыр. «Атасы болушчаактын уулу урушчаак, энеси болушчаактын кызы ыйлаак» дейт. Баланы өзүбүз жаман өстүрдүк... Улуудан уялбай, кичүүдөн ийменбей каяша айтат. Орусбектен кичүү тигил Аскар эмне? Аман болсун бечара: жибектей чоюлган сонун киши боло турган.

Аялынын кебин укпай Омор:

– Тек! Элдин баласын мактап, өз баласын жамандаган энеден сени көрдүм, тоба? – деп оолуга берген.

– Эй, кеңеш берчи, энеси? – деп Омор алда кимге тап берчүдөй илгериге обдулуп кейип сүйлөдү: – Алдага тобо-о… Мен баарына жакшылык ойлоп жүрсөм, баскан изимдин баары тетири чыгат ко. Орусбектин айтканына таң калам ой: «Өзүң өрт кой деп айтпадың беле» дешин кара. Мен ууру бол десем, ал ууру болуп кетмек экен го. Ага чогоол бол деп акыл айтсам. Акмактын түшүнгөнүн көр, ой… И, алдага тобо! Жалгыз уулду жалындуу өссүн деген тилегим жарамсыз жакка жетелегени неси?

Омордун кыжырын кайнатайын деген Бермет сөзүн кылдат баштады.

– Жалгыз уулдун окуганына далай эле болду… Кээде Сабыр өзү келет: – Ата, энелердин чогулушуна келип жүрүңүз, Омор аке, – деп өтүнөт. – Не тил алып барып койбойсуз.

– А өзүң не барбайсың? – Омор берендей ормоюп жогортон карады.

– Атанын айдыңы артык болот тура, баатыр…

Омор Берметтин сөзүн бөлдү:

– Тек! Айдыңым болгондо мен барып маалимдер менен чабышмак белем?! Акбайдын айлы менен өйүзгү Бекбайдын айлы жайыт талашып чабышкан жылы мен туура жыйырма бирдеги кезим. Э, ата көрү, жеңди белге кыстарып, шымаланган чабышта көк тал союл түткөн эмес, туура бешти сындыргам. Менин сабагым ошондо эле бүткөн. Тек, мен чогулушка барганда не кылам?!

– Чабышка эле бармак белең, баатыр?

– Тек, анан сабак бермек белем…Өкмөттүн жалуунга берген теңгесин актап алышсын, маалимдер. Отун, суусуна дейре колхоз милдеттүү. Окутсун балдарды.

Бермет Орусбектин жоругун эске салды:

– Атанын айтканы балага кандай таасир этерин уктуңуз го, баатыр? Алты жашында унутпай отурбайбы, Орусбек?

Омор Берметтин жүйөлүү кебине жооп айталбай, саал мурчуйгансып койду. Бир мүнөздүү кары, кээде өз кылмышын сезгенде ушунетип бир аз жоошуй түшчү. Абышканын бул сырын алдан билген Бермет үндү көтөрүңкү чыгарды:

– Ала качкан кызды, жаакташкан айтышты, көз чыккан чабышты же ууру-кескиликти баланын кулагына куя бериш да жарамсыз тура… Эч болбосо, маалимдер эмне дейт, – аны угуп, – андай жүр, мындай жүр, – деп балага акыл да айтылбайт. Кээде эки жактан болуша да кетебиз. Ушунун баары эле туура эмес тарбия окшойт ко…

– Те-ек, токтот, окууңду! – деп Омор эми гана бир унчукту. – Бул үйдүн тентеги мен болсом, мына коюп бердим го...

Деген менен Берметтин кеби таасир этти белем. – Шкөлүнө барса барып көрөйүнчү, – деп өз алдынча күңкүлдөп келатканда, Омор жолунан Динарды жолуктурду. Кыз, жарашыктуу тигилген күрөң кызыл торко көйнөгүнө ансайын жараштырып ак боркок (фартук) тартынган. Дыкан өрүлгөн чачтары жылтырап, учтары кызыл тасма менен бекилген. Колунда кара портфель. Омордун көзүнө кыз алда кимдей болуп татынакай көрүндү. Абышка күрөктөй алаканын маңдайына серепчилеп далдайып тура калды:

– Тек, кайсы баласың, чырагым?

– Мен, Динармын!

– Сен Динар болсоң, эмне учурашпайсың?

Кыз үнсүз күлүмсүрөдү.

– Же маалимдер улуу кишини көрсөңөр учурашпагыла, деп айтыштыбы?

–Жок, – деди Динар тез сүйлөп. – Мен сизден коркуп кеттим...

– Тек, чырагым. Мен балдардын кулагын кесчү эмесмин.

Динар үнсүз басты.

– Мен да маалимдерден сабак алайын деп мектепке келатам.

– Ооба, карыган киши окубайт, – деди Динар.

– Тек, а эмне үчүн мени чакырат?

Аңгыча коңгуроо шыңгырады. Динар чуркап кетти. Чачтары серектеп, ак боркоктун четтери делбирттеп баратса, артынан караган Оморго кыз көпөлөктөй эбелектеп көрүндү. Бара түшкөндө Динар: Омор акем ашыгабы? Сабакка келатканы рас бекен дегенсип кылчак-кылчак каранды да, эшикке карай жамыраган балдарга аралашты.

Бир заматта мектеп алды жымжырт боло түшүп, Омор эки жагына карады. Көзүнө бир да бала көрүнгөнү жок.

Ал ылдамдай басты да жанагы Динарлар кирген эшикке кирди.

Кең жана узун коридор жарык да, чоң, чоң терезелерден күн түшүп, көңүлдүү да. Дубалга илинген портреттер нурга чөмүлүп, кээси Оморго күлүмсүрөй карагансыды.

Атайы жасалган төрт аяктуу тектирчеге коюлган Токтогулдун бюстусуна одурая калып Омор:

–Тек, салоомалейкум! – деп унчуга айтты да кайра өзү чочуп кетти. – Ой, сен тебетейчен кыргыз, сакалыңды чокчойтуп мектепте эмне кылып олтурасың, ыя?

Башта мектеп имараты төрт-беш бөлмөлүү эски курулуш болучу. Сабыр директор болгондон кийин, мектеп үчүн жаңы курулуш тургузуу ишин башкы милдет деп, ал облисполкомго чейин маселе койду.

Окуй турган балдардын саны артууда. Класс жетишпей баратат. Анын үстүнө, эски курулуш кыштактын аяк жагында, белден соккон бороондун нак ойноосунда. Бар болгону беш жүз метрче жогору чыксаң «лып» этип жел жортпой – аба мемиреп, сырттан үйгө киргендей жылуулук сезесиң. Ал эми кылчайып артыңа карасаң, мектептин тегереги бозчаңгыл тартып бороон зуулдап, кар учуп турат. Кээ күндөрү балдар мектепке жеталбай, окуу токтолот. Кыштакты ортолото барып, күнөстүү ыктоого мектептин жаңы үйүн тургузушка мезгил жетти! – деп Сабыр түн уйкусун бөлгөн.

Анын сөзү ишти улантты. Ортолоп курулган мектеп үйү аппак болуп, чоң, чоң терезелери күнгө чагылыша кыштактын көркүн чыгарды. Өткөн күздө жаңы класстардын эшиги ачылган. Физика жана зоология кабинеттери жаңы аспаптар, экспонаттар менен толукталган. Азыр Омор абышка салам айткан тигил Токтогулдун бюсту да ал ордунда жаңы жылдан бери турат. Элетте маңыроо өскөн Оморго, ал тек башка жактын кишисиндей карап, чочун көрүндү. Омор чочуп кетип, саламды ага кандайча айтып жибергенин өзү да сезбей калды. Эр көкүрөк Омор эч убакта кишиге озунуп салам да айтчу эмес. Алдынан адам жолукса, ага тек «эй» кимсиң сен. Мен Омормун. Таанып турасыңбы, өзүң?» деген кишиче одурайып, кээде шадылуу колдорун маңдайына серепчилеп кароочу. Мейли кичүү, мейли улуу болсун (кыштакта Омор акеден улуу эркектер өздөрү да саналуу) ошентсе да саламды алар Оморго мурун айтышат…

Азыр Токтогулдун бюсту тек сакалын чокчойтуп Омордү тоотпой турду.

– Ой, токточу, кара урушчаак бөдөнөдөй чокчойгон кайсы кыргызсың, сен?

Эшиктин ар жагынан аялдын коңгуроолуу үнү созулуп угулду:

– Атам эмге-екти сүйөт… Баарыңар тең жазгыла, балдар. Ал эрте туруп, талаа жумуштарына чыгат. Экиден кээ бир күндөрү үчтөн нормону аткарат…

– Тек! – Омор эшик жакка бурулуп, тигил чыккан үндү какшыктады:

– Атасын коюп балдарын окута берсеңчи…

– Атам жалкоолукту жек көрөт…

Омор эшикти шак ачып класска кирди.

Улууга ызаат кылган белгисинде бүт класс «дуу» этип ордуларынан

турушту. Алдыңкы партадан турган Динар «селтең» этти. «О, рас эле Омор акем окуганы келген тура?», дегенсип таңдана калган кыз капкара көздөрүн ойноктотуп бирде мугалимге, бирде Оморго карады.

Жаш мугалиманын үнү салмактуу чыкты:

– Олтургула, балдар!

Жапырт олтурган балдардын кээси тигил эмне айтарын билбей далдайып турган Оморго алдыртан күлө карап, кээси тымызын колтукка укушуп класс ичин болор-болбос кыймыл аралады.

– Тынчтангыла! – деп мугалим окуучуларга эскертип, анан Оморго утурлай басты.

Кирерин кирип класстын тартибинен сүрдөй түшкөн абышканын чекесинен чып-чып тери чыкты. Ал өз жоругунун осолдугун сезди да, утурлап мугалимадан өтүндү:

– Кагылайын, маалим кызым, сөз сурайын руксат бекен?

– Айып этпеңиз, Омор аке. Азыр сабак учуру...

– Ооба, айыптуумун, кагылайын кызым. Сурарым бир эле ооз сөз? – Омор аке кезек күтпөй бек-бек сүйлөдү: – Ата, эненин жыйынына чакырган экен. Келип, силердин үстүңөргө кирип калдым.

Мугалим саал күлүмсүрөп:

– Сиздин балаңыз алтынчы класста окуйт. Сабак берген мугалимине кайрылыңыз.

– Ооба, директор өзү берет деген эле. Балаңыздын бири алтынчынын эшигин көрсөтүп койсо экен?

– Сиз тартип буздуңуз. Класска директордун өзүнөн руксат сурап киресиз.

– Тек, Омор чочуп кетти: – Руксатты кайдан билейин кирип калдым. Айып этпе, балам?

Көп узабай кайра чыккан Омор калдастап эшикти тез жапты.

Кепти салмак менен созуп айткан мугалиманын коңгуроолуу үнү жанагыдай тереңден угулду:

– Тынчтангыла, жат жазууну уланта беребиз: Атам ар дайым мындай деп ырдайт:

«Жалкоо адам курусун,
Жалгыз жаны кор болот...»

Коңгуроо шыңгырады. Куду тосмо ачылып, козулар жымырагандай чуркурап, эшик, эшиктен чыга баштаган балдар, узун, кең коридор аркылуу сырткы эшикти көздөй жамырады. Кээ бирлери бирин-бири түртүшө берип, ортодо кеңгиреп калган Оморду этек, жеңине тийип өтүшөт. Талаа жерде, же айыл арасында балдар миңтишсе: «Тек! Аттай

дүбүрөп кантишет мына булар. Мен силерге каакым көрүнөмбү, көзүңөргө?» – деп чөлдүн бүркүтүндөй бийиктен карамак. Азыр ал анте алган жок. Мектеп Оморго жаңы дүйнөнүн төрүндөй бөтөнчө таасир берди. Ал балдардын арасында калдастап ашыгып турду.

Ал аңгычакты болбой:

А Омор аке, мектепке келипсиз. Башыңызга чөп сындырайын! – деди Сабыр. Ал жайдары күлө сүйлөп, карыяны колтуктап кабинетине баштап кирди.

Терезелерден күн түшүп, кабинет күлүп туруптур.

Омор диванга олтурар замат, кезек күтпөй бек-бек сүйлөдү:

– Кел дейсиңер, келсек эшигиңер бек – киргизбейсиңер...

–Мектеп эшиги дайым ачык, – деди Сабыр жай.

– А ачыгы кайсы? Тыңшасам: маалимдин үнү чыгат. – Омор колун жаңсай сүйлөдү. – Эшикти ачып кирип барсам: «Аксакал, директордон руксат алыңыз» деп маалимиңер тымызын сүрүп чыгат.

– Ал туура! – деди Сабыр.

–Э, туура болсо, мени эмне чакырдыңар убара кылып.

– Сизди ата-энелердин чогулушуна кел дегенбиз. Чогулуш кечээ эле кечинде өттү. Сиз келген жоксуз.

Омор бир кыялын карматса: тек, маалим чакыртты деп басып жүрөр жайым жок, – деп кежир сүйлөйт болучу. Бирок Сабырдын алдында токтоо болгусу келдиби:

– Чогулуш кечээ өтүп кетсе, бүгүн маа не сөз калды. Анда кетейин.. – деп кетишке кам урду.

Сабыр буйруп койду:

– Кетпейсиз, олтуруңуз!

–Те-ек! – Омор дөбөдө олтургансып бакылдап сүйлөп кетти:

Чогулуш кечээ өтсө, бүгүн менин керегим не?! Билип турам, Сабыр балам. «Орусбектин атасы Омор аке сиз болосуз го...» – деп алдыртан сурап коюп, мени акырын далымдан сылап коюп: «Эмесе Орусбек чээнден чыкты: маалимди көзүнө илбейт, парталарды аттап, балдардын төбөсү менен жүрөт; тилин чыгарып кыздарды шылдыңдап күлөт... Не Ташбай акени тоотпойт; көчөт бактардын бутактарын кыйратты. Муну кантебиз, Омор аке?!» – деп коюп жеме айткың келет го, Сабыржан! Жок, жок... Токтоп тур! Кебиңди кулагым укпайт. Кайра мектеп, саа айта турган доом бар. Ырас, Орусбек менин балам, менин балам болсо да, кечээ жашы сегизге толгондо, мектепке бер деп келдиңер: – Сөөгү меники, эти силердики деп ата, энеси экөөбүз тең айтып туруп, баланы маалимдердин колуна салдык. Айттык: баланы мындан ары биздики деп болуш-

пайбыз. Илим берүү, тарбия берүү силердин милдет деп. А баламды мектепсиз илимпоз жакшы кылыш колдон келсе, силерди да убара кылып, мен аны мектепке бербейт болчумун. Сабыржан...

Сөз кезегин алгысы келип Сабыр:

– Мектепсиз илимдүү болуш татаал иш, – деди.

– Тек, сөзүмдү бөлбөй чыдай тур, Сабыржан! – деди Омор колун жаңсай, кебин улантып. – Көзүм кат тааныбаса да, көкүрөгүм силердин оюнарды сезип турат: «Омор аке, Омор аке» деп азоону «чүш-чүштөгөндөй» соорумдан сылап коёсунар. Көңүлүңөрдү кыйбай, силердин «чүш-чүшкө» тим болуп койсом. «Балаңыз андай, балаңыз мындай» деп, эл-журтка абийиримди төгүп сынап коёсуңар. Тек, бүттү! Орусбек шоктук кылса, үйдө отуруп мен не кылмакмын?

Омор бир аз мукактанып калды эле, терисин тээп жандуу тасма жүрүп тургансып күрөө тамыры көбө түшүп, кирпинин жүнүндөй кайраттуу муруттары типтик-типтик бириндеп: «балдарды жайына ээибаш коё берген силердин тарбияңар кайда» деп айтып жибере жаздап, камыгып олтурду.

Омордун оюнда турган ал жемесин айттырбай түшүнгөн Сабыр бир аз кейип кетти. Ал, бир мүнөздүү «Ай, Омор аке ай, Омор аке ай...» деди ичинен: «Эгерде Совет өкмөтү көзүбүздү ачпаса, биз алигиче эмне болуп кетер элек?!»

Сабыр бул оюн жеке Омор картаңга гана эмес, Омор курдуу айылдын мурунку түркөй кишилерине бурулуп айткансыды. Ал өзүнүн бала чагын биринчи жолу мектеп босогосун аттаган күндү көз алдынан өткөрдү. Анда ал жаш, энеси оорулуу, жалгыз бой Сабырды мектепке да бергиси келбей: «Сен окуп кетсең, атымды ким сугарып берет. Кол арага ким жарайт!» – деп күңкүлдөгөнү азыр да кулагына угулуп турду: «Совет өкмөтү чыккандан бери бала да, чоң да окуу деп желигет. Өкмөтчүлүк алардын кимисине жетишет? Мал четине чыгышка да адам керек го?!» – дешип ал кезде айыл адамдарынын көбү жеке гана өкмөт башына турчуларга окуу керек, калган карапайым журтка окуунун эч кереги жоктой түшүнчү. Окуган балдар бешинчи классты бүтүрө электе, ага-тууганадары жеме айтышчу:

– Башка элдин балдары үчүнчүнү бүтүшсө эле өкмөт ишине аралашат экен... Биздин балдар беш жыл окуп, эч болбосо карагайбашы болсочу – десе бири: экинчиси аны коштоочу: ооба, мал каттап, жазында биздин айылга келген кара бала үчүнчү классты бүтүрүптүр. Көрдүңөр го. Баарыбыз тең малыбызды каттатканы алдына барып, жаңылып калбасак экен деп сүрдөп олтурдук...

– Ооба, кагылайын, тигил Чымыр сүрдөп кетип: «Бир бээ, эки кулунум бар деп жаңылган».

– Те-ек! – дечү ал кезде ушул эле Омор: – көп окуу адамды көкмээ кылат. Көкүрөгү тунук, дээринде бар балдар биринчи сыныптан эле адам болуп чыгат. Атаңдын көрү эй, адам болду деп тигил Абдылда төкөрдүн баласын айткыла, ботом! Көзүнөн оту жанып, адамды тике караган бала болучу. Өмүрлүү болсун. Алты ай окуду: жанына тапанча байланып, милисе болуп жүрөт дейт…

Ушундай сөздөрдү уккан сайын Сабыр көп басынып: чын эле менин колуман эч кызмат келалбайт ко, деп кээде кейип калчу. Ошентсе да, Сабыр илимге кызыккан. Айылдын мектебине келгенден бери орто бойлуу, арык чырай, улгайып калган мугалимден таалим алды. Ал киши куду көп баланын атасы сыяктуу, бардык балдарга мээрим, камкордук менен кароочу. Ар күнү таң азандан башын оң жак ийнине кыйшайта басып, балдар жатчу бөлмөлөрдүн эшигин ачып, таттуу уйкудагы балдарды өзү ойготчу. Элеттен келген балдар, ал кишини – Кузьмич ата дешчү.

Ар дайым бир жаңы милдетти мойнуна аларда, Сабыр ойлуу жүрүчү:

– Бир кезде Кузьмич айткан айыл өзгөрдү, өстү, жаңырды. Ошентсе да кыйынчылык бүтө элек, аларды чыдап жеңиш керек дечү. Сабыр милдетине алган оор ишти Кузьмичтин өзүндөй чыдамдуулук, токтоолук менен аткарууга киришчү.

Азыр Омордун түксүйгөн жүзүнө бир тынымдай үнсүз карап туруп «Эх, караңгылык, караңгылык», – деди Сабыр ичинен кейип, – «Сенин тамырың канчалык тереңге кеткен ээ…»

## СӨЗДҮК:

**Багалек** – шим этаги
**Дөбө** – дўнглик
**Жаат** – тараф, ёқ
**Орок** – ўроқ
**Эрмек** – эрмак
**Кочкор** – қўчқор
**Доктур** – доктор
**Жылкычы** –йилқичи
**Койчу** – қўйчи
**Уйчу** – молбоқар
**Торпок** – бузоқ
**Күрөк** – курак

**Тентек** – шўх бола
**Чогоол** – жаҳли тез, сержаҳл
**Ак боркок** – этакбоп
**Коңгуроо** – қўнғироқ
**Имарат** – иморат
**Ызаат** – иззат
**Осол** – ноқулай
**Жалкоо** – ялқов
**Козу** – қўзи
**Каакым** – қоқи ўт, момақаймоқ
**Чогулуш** – йиғилиш
**Кежир** – ўжар, қайсар
**Бутак** – бутоқ
**Көкүрөк** – кўкрак
**Шок** – шўх
**Жеме** – таъна
**Сынып** – имтиҳон, синов
**Тапанча** – тўппонча
**Мээрим** – меҳр
**Камкор** –ғамхўр
**Тамыр** – илдиз
**Караңгылык** – қоронғулик

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Сабыр Омор карыпы көрүп эмнелерди эскерди?
2) Омор акенин балдарга жасаган мамилеси туурабы же жокпу?
3) Омор өзүнүн балалуу болбогондугу үчүн кимди күнөөлөйт?
4) Баласынын атасын Омор аке эмне үчүн Орусбек деп койду?
5) Ал баласына кандай тарбия бергиси келет?
6) Омор акенин билим алуу жөнүндөгү ойлору туурабы? Бул ойлорду бүгүнкү күн менен салыштырып көргүлө.
7) Омор аке мектепке эмнеге барды?
8) Сабыр Омор акенин өзүн күнөөлөйбү же анын көз карашын жерийби? Адамдын өзү менен анын көз карашы бирдейби же башкабы?
9) Сабыр эмнеге умтулат? Анын максаты эмне?

## МӨМӨ ТОЮНА ДАЯРДЫК

«Күрпүлдөктүктөр» өз жерлерин өзгөртүп, мектепке бак өстүрүшүп, жаңы мектеп салып, балдар өсүп, мезгил өткөнүн кабарлайт, өткөн күндөр менен эскилик да калып, адамдардын мүнөзү өзгөрөт, баягы Омор аке мектеп багынын күзөтчүсү болот.

Сабыр тездей басты. Бирин-серин ак чалган коңур чачы уюлгуйт. Көңүлү көтөрүлөт: «Мөмө үзүү – жакшылык! Эмгектин үзүрүн көрүү. Мугалимдер менен чогулуш өткөрүү керек».

Чогулуш да болду. Чогулушка күзөтчү Омор аке, Ташбай аке да келишти. Сабыр бардыгына кайрылды:

– Жемиш багы быйыл калың мөмөлөдү. Бул, эзели бак-дарак асырабаган айылдаштарга жакшы таалим!

– Те-ек, – деди Омор. – Жакшы айттың, Сабыржан! Өйдө өткөн, ылдый өткөн мазамды алат. «Ой, Омор, биздин жерге да таттуу алма бышат тура. Бирди үзөйүнчү? Азайып калбас...» – Те-ек! деймин анткендерге, алманын таттуу экенин билсең, колхоз саа огород берген. Жакшы көчөт тик. Эшигиндин алдына алма бышат. Мектептин алмасын саа үздүрбөймүн... Чоң эле киши жалдырап турса, бербей да коё албайсың. Кээде, бир-экини үзүп беремин. Деректирим көрүп калбасын. Койнуңа кат деймин...

Кары күзөтчүнүн чынын айтканына мугалимдер күлүштү. – «Баса, биздин карылар ушул Омор акемдей ак пейил, ак көңүл да...» Ичинен Оморго ыраазы Сабыр азил айтты:

– Кытымалыкка өзүңүз жол берет экенсиз да?

-Тек, ал кытыгандык эмес. – «Бак тик. Балдарыңды жемишке тойгуз!» – деп береги жалкоолорду кытыгылагандыгым. Мен да аларга алманы жөн бере салбайм. Акыл-асаатым менен марытып тургандан кийин, анан алма беремин. Ардангандан агротуна көчөт тиккендей кылып...

– Э, аныңызга биз ыраазы, Омор аке? – Сабыр токтоо кебин улады. – Ар бир зор иш а дегенде анча байкалбаган кичинеден башталат.

Омор таягынын учун тук эттирди:

– Тамчы булак курарын мен да билем, Сабыржан.

– Ооба, Омор аке. Дарыя да булактардан курулат. Биздин бак өстүргөн демилгебиз ошол майда булактардын бири. Жанагы Сизден алма «кытыган» кишилер да өз-өз колу менен көчөт тигип, бак өстүрүп, мөмө үзүшсө, булактар көбөйөр эле. Биздин турмуштун күрпүлдөгөн дайрасы ташып, жер-суубуз жаңырар эле...

Ташбай буурул мурутун жанып кубаттай берди:

– Кудаага шүкүр! Жаңырат! Азыр, бардык эле адам жемиш багын асыроого кызыгып калышты!

Сартбаев кербезденип мактанды:

– Биздин багыбыз да мөмө төгүп калды!

-Ал ырас. Мөмө төгө баштаган бактар көбөйүүдө. Ошондуктан жакшы салт баштасак деген сунуш бар. – Быйылдан баштап «Мөмө тоюн» өткөрөлү! А деп мөмө үзгөн күн – «Мөмө тою» болсун!

– Тек, сөз эмес бекен!

– Тойду салттуу баштайлы, – деди Сеитова. – Ыр, бий-зоок менен өткүдөй болсун. Өздүк көркөм кечени гүлдөтчү ырчы-бийчилерибизди машыктыралы.

– Э... анда мөмө үзөбүзбү, ыр угабызбы? – деди кимдир бири.

–Мөмө үзүлгөн кезде обон тербеп туруу сонун го, – деди Сеитова.

– Ананчы, – деп Сартбаев күлдү, – бирок, «Мени сага жүрөк кылып койбогонду» балдарга ырдатпайлык. Андан көрөкчө:

Жайнап бышкан алчадай

Үзгөндө колум чарчабай... – деген жаңы ыр ырдалсын.

– Баса, жөрөлгө жакшы. Өзүбүздөн акын чыкты, – деди Сабыр.

Сартбаев компоюп күлдү:

– Акын десе, акынбыз да! «Мөмө тоюна» камыналы!

... «Мөмө тою» – жаңы салт катары чоң зоок-тамаша менен башталат экен деген кабарга Динар алакан чапкылап, чоң эненин мазасын алат беле? Таң. Артыкча кийинки кездери ал жел тийбеген байчачекейдей жоодурап жоош тартты... Бирок, бул жооштук тентек кызга эс-акыл кирип бой тарткандан эмес. (Азыр Дианардын тентегирээк эле курагы). Анын жоош тартышына айлана-чөйрө таасир этти. Артыкча агасы Аскар Динардын көзүнө деле салабаттуу, деле эр жеткен кишидей болуп, кичине карындашын анча теңсинбегени, аны менен сырдашпаганы, андан өзүн чоңсунтканы болду.

Аскар эмне айтса да, ага карындашы чыртылдап сыртын салат. Жана Аскар:

– Биздин отряд бүгүндөн баштап «Мөмө тоюна» камынат! – деди эле, демейде болор-болбосту такып сурай берчү карындашы укмаксан болду. Ал тургай:

«Бышш. Сен камынган тойго биз камынбас болупбузбу? Анын эмнесине мактангандай...» – деди ичинен.

Ошенткен менен тобунан адашкан улактай карындашы Аскарга аянычтуу көрүндү.

Аскар аны маңдайынан сылады:

– Эмне көңүлсүзсүң, Дикен? Эмне бир жериң ооруйбу?

Динар туйтуң этти.

– Эч жерим оорубайт...

Өзүнөн-өзү кылгыра түшкөн жашы Динардын көздөрүнүн кычыктарын ачыштырды...

– Ыйлаганы турат ко, бу кыз. Эмне болду, сага?

«Эмне болду дейт ой. Мени кичинесинте бергенин билбейт, өзү...» Динар Аскарга сыртын салды.

Алдыртан байкап, балдарына ичи элжиреген чоң эне Динарга бурулду:

–Эмине эле туйтуңдап калган акмак. Текеңди сойгон киши барбы?

–Бар! – деди Динар.

–Ал ким экен? Атын атачы, сазайын колуна берейин анын...

–Ал – чоң энем. Ал – Аскар?!

–Апей. Ал эмине дегени экен...

–Мени эчтеме билбеген куурчактай көрөсүңөр... Качан болсо мен четте калам... Эми тигил «Мөмө тоюна» да өзүңөр камданасыңар...

Аскар каткыра күлдү. Чоң эне жылуу жылмайды. Кичинекей небересин маңдайынан сылады. Эртең мененки шүүдүрүмдөй Динардын көз жашы тез кургады. Чоң энеге канчалык таарынып, кабагын чытыйын десе да чөйрөгө бийлетти. Жаш кызга аалам күлүп-жайнады. Мектеп айланасы таңдан-кечке уу-чууга толуп шаңдуу.

Хор жатташкан кыздар менен балдардын конгуроолуу үндөрү Динарды да мектепке чакырды...

Сартбаев жан-дилин коюп элдик оюндарды изилдеди. Бүгүн-эртең үзүлчү мөмөнү күзөткөн Омор акенин жанына ал алда нечен ирет келип, андан илгерки оюндардын түрлөрүн сурады. Бирок, Сартбаев маалимдин антип келишинен кексе кары өзүнчө шектенди. – «Э... маалимжан, алмадан алсам дейсиң го. Көгүн да тиштетпесмин, балам...» Ушунткен Омор көңүлсүз ыңгыранды:

– Э-э, Сартбайүп маалим. Алма жегиң келген го. Кызыңа алма үзүп берсе дейсиң го?...

– Те-ек. Омор аке! – деди Сартбаев. – Алма сурап келгендей Сартбаев жолоочу эмес! Ал, сиздин уулду окуткан маалим!

Омор үнүн көтөрүңкү чыгарды:

– Анан неге келдиң?

–Өнөр издеп келдим.

– Те-ек, - деди Омор. – Бактын арасында жайылып жүргөн өнөрдү көрдүң беле?

– Көрдүм. Мен көргөн өнөр Сиздин коюнга кире качты. Ошону алып бериңиз!

– Те-ек...

–Тек-мекти коюңуз. Кыргызда эмине өнөр болгон. Айтып бериңиз!

– Сөзүңө түз коппой туурасын сүйлөчү, баатыр! Омор – Омор болгону жанытма сөздү жактырган жан эмес.

– Кебимде жанытма жок, Омор аке. Кемпирдин кашында оолукканда, те байыркы бабанын Көк асабасын өзүңүз көтөрүп жүргөндөй мак-

танасыз. Эмесе ошол байыркы бабамдын кандай жакшы оюндары болчу эле? Айтыңыз, Омор аке айткан оюн деп «Мөмө тоюнда» балдар аткарсын. Эл кумары жазылсын!

Түз жооп айтпай бир азга ыңгыранып олтуруп, Омор кайра Сартбаевдин өзүнөн сурады:

– Э, Сарбайүпжан, менин байкашымда, башта сен бөртөй-шөртөй маалим элең. Азыр өсүп, өзгөрүп калыпсың. Саа мынча акылды ким берди, ыя? Кана, тайсалдабай көзүмө түз карап жооп берчи?

– Сиз мени торой чалышты токтотуп, элибиздин улут оюнун айтып бериңиз?

– Те-ек... менин алдымда сен анча эле куулана бербе. Омордун коюу каштары түктүйө түштү. – Санаса, кыргызда оюн көп: ак чөлмөк, кара коюн дүмпүлдөк, оромпай, шабиет тепмей, жоолук таштамай, токту сурамай – мына буларды биз бала чакта ойночубуз. Жигиттер тыйын эңишет, жаатташып улак тартышат. Балбандар оодарышат, күрөшөт, аркан сүйрөшөт. Мергендер жамбы атат. Баатырлар бетме-бет сайышат... Омор өкүнө сүйлөдү. – Э, ал баатыр оюндарын азыр ким аткаралат. Же силер аны жактырчу белеңер?! Ал эмес, кыз оюну калып кетти. Жаңы, жаңы дейсиңер. Же жаңынын жарымы жок. Кыз берип, жар алган ушундай болот дешеби, айтор бийба ичип олтурган жерден жетелешип кетишет. Э, бу адепсиздик кайсы элдин салты, акем?

Омор мурчуюп бак учуна телмире карады. – «Салт калдыбы, элде. Баары терс бакты. Э маалым, мени шук койчу, жайыма»... деген караш...

– Омор аке кебиңизде чындык бар, – деп Сартбаев баш ийкеди. – Биздин максат жаманды коюп, жакшыны үйрөнүү...

– Тек! Жакшың, жанагы шыйрактап сүзүшмөйбү? Сартбаев күлдү:

–Э, ал айрым адепсиздин бейбаштыгы. Аны айтпаңыз...

–Анан эмнени айт дейсиң, маалим?

–Обонун айтыңыз, элиңиздин? Өнөрүн айтыңыз.

– Э, баса, обону бар кыргыздын бийи жок беле? Бирдеме десе, саа окшогон маалим баштап... «Бизди эчтеме болгон эмес» деп чыгат, чиркиндер. А өздөрү жылуу жытты билбейт... Атаганат. Жаз, күз береги Алешкө достукуна бара калам. Сакалы кучак кайраныңдын – «Кел, кел Омор» дейт. Балдан тарткан киричмесин бергиче ашыгат. Эки кеседен удаа жутсам сезилбейт. Үчтү узатканымда таз кардымдын булуңу араң ысыйт... Уулу кыяк тартып, кызы ырдайт. Алешкө сакал экчейт. Тактайын тарс-тарс тепкилейт... Же сен эскиче бийлеп тактайды тепкилеп жатасың деген эч кими жок, аа. Бизде болсо эле баары эски. Баары пиодал. Кана, Сартбайүп маалим, сен айтчы? Эзелки кыргыз элинин өзүнө таандык оюн-зоогу жок беле, акем?!

Омор карынын доосуна Сартбаев чыны менен мукактанды.

– Э-э, – деди Омор, мен чындап кысканымда, сен ушинтип кеп табалбай калмаксың?! Ата-бабандын эчен жакшы салты бар. Эми аны тоодой кумдун арасынан алтын чайыгандай чайып ал өзүң?!

– Кейибеңиз Омор аке. Жакшы салт өнүп-өсөт. Жаманы унутулат…

– Те-ек, маалим. Жакшы өнүгөрүн, жаман өнүкпөсүн сенсиз билем. Ата-а. Эки эр беттешип, болот найза кезешип карс-карс сайышса, укмуш эмес беле! Же, коко куурайды сындыралбаган бечелим, ошо эр сайышты жаман дегени турасыңбы?!

Сартбаев чындап каткырды. – «Көк темирдей бүгүлбөгөн кайран киши ай. Баатырдык салттын айдыңы эмес беле, сайыш!».

– Э… коркогум, – деди Омор кексе. – Күлбөгөндө айлаң канча?! Эки колдоп орум оргонду эрдик дейсиң. Кош найзалап сайышка чыккан кайда-а! Сен, Сартбайүп маалим болсоң, ата-бабаңын ошол кайратын даңкта. Сен окуткан менин уулум, Орусбек жок дегенде коко кармап сайышка чыгалат бекен?! Ата-а… жамандарым, айласыздарым…

Өнөр дейт. Өнөрлүү өргө чабат. Түлкү өз ийнине наалыса, анын өз намысы төгүлөрүн билгилечи?! Анан өнөр кени кимде экенин да билерсиңер…

«Мөмө тою» сөз болгон жерде, артыкча күзөтчү Омор менен багбан Ташбайдын зоболосу көтөрүлөт.

– Те-ек! – дейт Омор Ташбайга. – Баягыдай көк союл менен жер сабап олтурсам, менин ишимди ким тааныйт эле, кудай. Эми береги бейиш-жемишин татып, багбандыктын үзүрүн жаңы билдим. Бир дарактан алма, алмурут алам дегенинде, те-ейт. Суу кечпес кепти кой, – деген элем, саа. Түркөй адам артын ойлобойт тура. Кечирип кой, Ташбай?

– Сизге таарынчы жок да…

Калкандай муруттары түктүйө түшкөн Омор ойлуу, кексээ, туңгуюк тиктейт. – «Вай, курган биз. Жалаң найза сундуруп, сокур намыс талашып жүрүп жайдак калган белек? «О, өткөн өмүр – качкан куш» – деген ушул экен да… Өмүрдү кайра башынан баштаар күн келсе кана…»

Ташбай салмак менен жай айтты:

– Бизге камыныш керек, энди. Мөмө үзүшкө балдар келишет. Бак арасы жашарып турсун.

– Те-ек, менин оюм да ошол, Ташбай. Сен кетмендин кишисисиң. Колтук созуп, чогойнону чаап тур. Мен өстөндөн суу жыгып келейин. Те-ек. Бала деген качан болсо, бала. Пионербиз деп чуркабай койгон бала бул

күндө көрүнбөйт. Баланын баары чуркайт, секирет. Күрөшөт. Кээде бирин-бири мурунга коюшат. Баса, балалыктын жыргалы өзүнчө ракат. Чуркагандарынын таманын чөнөр тилбесин. Чогойнону түбүнөн чаап сал, Ташбай!

Күзөтчү Омор далбая салмак аттай басып, суу жыгат. Анан өзү да кетмен тутуп, бак аралай басат. Чалгыдан калган дүмүрчөктөрдү чабат.

«Э-эй, бейиш-жемиши суу шимшисин. Бак арасы жашарсын...»

Тарам-тарам арыктарда суу жылт-жулт чубурат. Чертилген көбүктөр күнгө чагылышат. Арык жээгиндеги тулаң чөптөр жан киргендей сеңселет. Чөнөктөргө суу толот. Бак-бактын түптөрү тептегерек шакектей жылтырайт.

Ташбайдын жарпы жазылат:

– Э-э... Омор аке. Бак арасы жашарсын. «Мөмө тоюнда» биздин эми жүзүбүз жарык болсун, я!

Эки курдаш – эки карыя, ушинтип, күнү бою бак арасында!

... Ар дайым мектептен кайтканда, үйгө чыңырып кирмей адаты бар Орусбек кечээ чыңырбады. Эшиктен кирер замат дептерлерин бет алды ыргытты. Өзү муштумун оозуна такай «Марш» жаттады:

Эй!
Алма багы да!
Мөмөлөй баштады
Түшүмдү алууга
Отряд атта-анды!
Эй!
Бу-бу-бу, бун! бун!
Бу-бу-бу, бун! бун!

Уулунун ушул жоругу азыр суу сугарып, чөнөк тарткан Омордун көз алдына тартылды:

«Те-ек, ушул аскерге алынса, командир болот ко деп чочуймун. Э, анан эмине. Болсо болгондой болсун уул... Эзилген бучкак ар бир эле эчки-териде?!» Өзүнө дем киргендей, Омор кетменди бекем согот жерге:

– А-а! Ташбай! Балалуу үй базар, э-э!

– Ва, Омор аке. Адамдын эртеңкиси тукумда да!

– Те-ек! Багбаным... Биздин иш ошол тукум үчүн!

## СӨЗДҮК:

**Мүнөз** – характер, табиат
**Күзөтчү** – қоровул
**Огород** – полиз
**Жөрөлгө** – расм
**Жаңытма** – шама, ишора, луқма
**Мөмө** – мева
**Салт** – урф-одат
**Адепсиз** – беадаб
**Обон** – куй, оҳанг, тарона
**Пиодал** – феодал (йирик ер-мулк эгаси)
**Оюн-зоок** – сайр-томоша
**Доо** – даъво
**Өнөр** – ҳунар
**Түркөй** – билимсизлик
**Союл** – сўйил
**Өстөн** – канал
**Чогойно** – қушқўнмас
**Чалгы** – чалғи
**Шакек** – узук
**Жорук** – ножўя-ҳаракат
**Бучкак** – болдир
**Багбан** – боғбон
**Арык** – канал
**Уул** – ўғил

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Омор аке мектепке эмне үчүн ишке орношту?
2) Мектеп билим берүү менен гана чектелиптирби? Же мындан башка милдетти да өзүнө алыптырбы?
3) Мугалимдер эмне өткөрүүнү болжолдошту?
4) Сартбаев Омор акеден эмнелерди билгиси келди?
5) Омор акенин элдин каада-салты жөнүндөгү ою туурабы же жокпу?
6) Омор акенин ал ойлору бүгүнкү күнү өзүнүн маанилүүлүгүн жоготтубу же жоготкон жокпу?
7) Орусбектин көз карашында өзгөрүү болгонбу? Болсо, аны эмнеден билүүгө болот?
8) Чыгармадагы Кузьмич чыныгы турмуштагы адам болгондугуна далил тапкыла?
9) Ошол кездеги билим берүүгө болгон мамиле менен учурдагы билим берүүгө жасалган мамилени салыштыргыла.

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

*(1928 – 1988)*



Кыргыз эли адамзаттык цивилизацияга «Манасты» жана Чыңгыз Айтматовду бергендиги менен сыймыктанууга жана мактанууга толук акылуу. Экөө тең кайталангыс, адам акылы менен түшүнүүгө алсыздык кылуучу уникалдуу дүйнө-аалам, феномен. Алп акын А.Осмонов жазгандай: «Адамзат көзү барда көп байкалбай, Жок болсо, аттиң-ай деп арман кылар». Арман дүйнө, учурунда «Манастын» да, Чыңгыз Айтматовдун да кадырына чындап жете албадык. Теңир берген кутту колубуздан учуруп жибердик. Көрсө, адам баласынын насили ушундай тура. «Жок болсо зарлайбыз, бар болсо көрө албайбыз».

Ошентсе да бул кемтикти, бөксөлүктү толтуруу мүмкүнчүлүгүбүз али да бар экендигин бүгүнкү күнүбүз ачык көрсөтүп жатат. «Манас» эпосу жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы, Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүн (12-декабрды) Кыргыз адабиятынын күнү катары майрамдоо жарлыгынын чыгышы кыргыз элинин келечеги кең экендигин ырастоодо.

Чыңгыз Айтматовдун атын билбеген, чыгармалары менен таанышпаган пенделер аз эле болсо керек. Анткени анын көркөм дөөлөттөрү дүйнөнүн 170тен ашык тилине которулган. Жазуучунун ар бир чыгармасы, туңгуч чыгармаларынан тартып («Бетме-бет», «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу») акыркы «Тоолор кулаганда» романына чейин окурмандардын бүйүрүн кызытып, талаш-тартыштын, карама-каршылыктын чордонуна айланып келген. Анткени ар кандай жаңы, бейтааныш, чочун жерилери, өгөйсүнтүлөрү, танылып жокко чыгары-

лары тээ атамзамандан бери белгилүү. Анын бир мисалы Жерди тоголок деп койгондордун куугунтукталгандыгы, өрттөлүп-өлтүрүлгөндүгү.

Айтматов да адабият ааламына мына ошондой көнүмүш акыл-сезим менен кабыл алууга мүмкүн болбогон жаңылыктарды, өзгөрүштөрдү, чындыкты алып кирген. Мына ушунусу аркылуу анын чыгармалары жалпы адамзаттык рухий баалуулуктардын казынасына кошулду, өзүнүн түбөлүктүү ордун тапты.

## «ФУДЗИЯМАДАГЫ КАДЫР ТҮН» ДРАМАСЫ

### (*Үзүндү*)

### Катышуучулар

Д о с б е р г е н – совхоздун агроному

А л маг ү л – Досбергендин аялы, география мугалими

М а м б е т – тарых сабагынын мугалими

А н в а р – Мамбеттин аялы, врач

О с и п б а й – Иосиф Татаевич, илим доктору

И с а б е к – журналист, жазуучу

Г ү л ж а н – Исабектин аялы, актриса

А й ш а  а п а – Досберген, Мамбет, Осипбай, Исабек, Сабырлардын эжейи

Ш о ф е р

К а р т  ж у м у ш ч у

Ж а ш  ж у м у ш ч у

К ү й ө ө  ж о л д о ш

### Экинчи бөлүм

А н в а р. Жолдош профессор, сизди мүмкүн бекен? «Керегеде кулак бар, сырдашсаңар ыраак бар». Жүрчү, Осоке, кенен-кесир сүйлөшүп келели экөөбүз. Демейде сага приемго кириштин өзү да кыйын.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Аи, келбейсиң го, болбосо мен сени чөгөлөп тосуп алат элем.

А н в а р *(Мамбетке)*. Мамбет, Максудага кийин өзүң айтарсың көз көрүнө эле ээрчитип кеткенимди...

М а м б ет *(Айша-апага)*. Көрдүңүзбү, Айша-апа, современный аялдар дейт буларды. Эсил кайран феодализм заманы, кайрылып келбейсиң-оо! Эр кадыры ошону менен кошо кеткен окшойт.

А н в а р. Антип какшабай эле кой, Мамбет, биз азыр да силерди чамаңарга жараша кадырлап жүрөбүз. *(Иосиф Татаевичке)* Ээ, Өсиптай, сага айтпаганда, кимге айтам... Мамбет экөөбүз отурган жерибизде оор тартып кала электе көмөктөшүп койсоң боло. Өмүр дегениң зуулдап өтүп баратат, шаарга барып турсакпы дегенде эки көзүм төрт... Мамбетке да ичим күйөт, өзүң деле билесиң го колунан иш келерин, аны да аяйт экенсиң, өмүрү текке кетеби деп, өзүмдү да аяйм башкалардан эмнебиз кем эле...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Артык болсоң болорсуң, бирок кем эмессиң. Сендей аял кайда...

А н в а р . Ушунчалык ичим күйөт кээде, өзгөчө сага окшогон жолдошторду телевизордон көрүп калсам. Өзүмдү четте калгандай сезем... Эсиңдеби баягы кеч... Сен анда Максудага үйлөнгөнү жаткансың, мен болсо институтту бүтүп, кетип жаткамын. Ошондо өзүңдөн бир ооз гана сөз чыкканда го... Ай, эми өткөнгө өкүнбө дейт... Максуданын да багы бар экен... Французлар айтат экен: «Көчүгү жокко кудай ыштан берген имиш...»

И о с и ф Т а т а е в и ч. А-ай, лакап эмес бекен. Экөөбүз баш кошсок, куп келишип калмак экенбиз! Буйрук да! Тагдыр ушундай болсо, эмне кылабыз...

А н в а р . Аны бир айтасыңбы, миң айтасыңбы... Андан көрө Мамбетке жардам бер... куру намыс, ит кыялын калтырып, түз жолго салсак болоор эле... Али да кеч эмес.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Кеч эмес экени туура го, бирок бу немениң шору өзүндө... Кудай акылды да берген буга... ордунда башка бирөө болгондо, эмдигиче... оххо... далай жерге жетмек... Колдосо колдоп деле коёбуз... Кыйналар иш эмес... Бирок мээнетибиз арзыбайт го дейм, кыялын өзүң билесиң. (Анварды кучактоого аракет кылат). Тушарына тепебейт эч кимди... Дымагын коё кал... Дагы бизге окшогондорду «лиипайчы» дейт имиш, ансыз бу жалганда күн өтпөсүн билбейби... Ошону үчүн же иттен жок, же ит байлаган жиптен жок болуп жүрөт да...

А н в а р. Айтпасаң деле түшүнүп отурам... Бирок, ооз тентектиги болбосо, арамдыктан алыс.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Түшүнөм, сен аны көтөрүлсө деп ойлойсуң... бирок, таарынба, ачыгын айтайын – андан эчтеке чыкпайт баары бир! Кечигибирээк калды. Азыр учур андайлардыкы эмес, учур – өмгөктүүлөрдүкү!

*(Гүлжан, Исабек, Досбергендер келет.)*

И с а б е к. Кезинде бир акылман «семейные сцены — капитальный ремонт любви» деген экен. Билип айтса керек. Кечирициздер, агайындар.

Г ү л ж а н *(күлүп)*. Көңүл бурбай эле койгула, биздин турмушубузда мындай ремонттор көп болот.

А л м а г ү л. Ой, койсоңорчу, алда качан унутуп калган нерсени кайра козгобой.

Г ү л ж а н *(Мамбетке)*. Сен да кызык экенсиң, карышкырга кой кайтартып.

М а м б е т . Көзүм көрбөсө, эмнемди бөрү жесин дечү эле?

И о с и ф  Т а т а е в и ч . Көргөн көздө айып жок... Ушу Мамбет менен Алмагүлдүн ортосунда бирдеке барбы дейм, ыя. Же мен жаңылып жатамбы? Сен оюңа алба... анчейин айткан кеп. Өзүнө окшогон аял турганда, ал дагы ит экен. Эх, тобокел деп туруп, экөөбүз бир саякатка жөнөп кетсек, ээ... он-он беш күнгө...

А н в а р. Он-он беш эле күнгөбү?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Андан көп болсо, ого бетер кана? *(Кучактамак болот. Анвар анын кучагынан абай менен бошонот.)*

А н в а р. Кой, жүр эми. Тигилердин оюна бир нерсе кетпесин. Жаңкы сөздөр экөөбүздүн ортобузда калсын... Мамбет укпасын.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Менин ичиме кирген түлкү тумчугуп, арстан өлүп тынат. Илгерки заманда баатырлар ошентип ант берүүчү экен...

А н в а р. Жүр анда, баатыр... *(Анвар ырдап кирет, беркилер ырды коштошот)*.

И о с и ф  Т а т а е в и ч *(Досбергенге)*. Берчи комузуңу. *(Комузду толгон алып, желпинген, комузга жат күү черте баштайт.)*

М а м б е т *(Комузду жулуп алып)*. Кордобо комузду! *(Иосиф Татаевич Мамбетти сырдуу карап, бир аз ойлонуп турат да, анан комузду кайра колуна алып, мукамдуу күү чертет. Тегеректегилер ойго батып, үн катпай отурушат.)*

М а м б е т. Кайран талант, кайран талант!

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Бул эмне дегениң?

М а м б е т. Мансап кууп, өмүрүңдү сайбаганыңда, сенден атактуу комузчу чыгат беле...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ээ жигиттер, кимдин ким боловун ким билиптир...

А н в а р. Жакшы күү экен, кимдики?

Иосиф Татаевич. «Осокемдин арманы» деген күү.

А н в а р. Тооба, сенде да арман болот экен, ээ?

Иосиф Т а т а е в и ч. Армансыз жан жокко, кызы. Кээде жан адамга айтпаган купуя сырымды жыгачка салам. Комуздан өтөр менде сырдаш жок.

И с а б е к. Анда жагдайың анча жаман эмес экен. Менде андай да сырдаш жок.

А й ш а - а п а . Айланып кетейиндер, силерди карап отуруп менин кубанычыма чек жок. Биресе кызаңдашып талашып, кайта жадырап ойноп-күлгөнүңөргө жетине албай отурам. Азыр силерди карап отуруп, бала күнүңөр эске түшөт. Мен педтехникумду бүтүрүп, интернатка тарбиячы болуп келгенде он сегизге толо элек чагым эле. Айыл балдарына арналган шаардагы жалгыз интернат болчу. Анда бул төртөө тең экинчи класста окуйт... Айта берсе, аңгеме көп...

Г ү л ж а н. Мына, мына ошол жагын айтыңызчы. Болбосо, булар бизге периште болуп көрүнгүсү бар...

А й ш а - а п а. А кездеги булардын жанында периште жолдо калмак. Сүйгөнчүк балдар эле. Ошентип, баары интернатта чоңойду. Согуш башталар жылы мени мектеп-интернатка директор кылып дайындашты. Кары дебей, жаш дебей башына мүшкүл түшүп, кыйын кез башталды. Бир күнү бешөө ээрчишип, мага келиптир. И, эмне? «Биз майданга жөнөйбүз» дейт.

Жаным чыгып кете жаздады. Кырк экинчи жылдын каардуу учуру. Бу жетимчелер болсо ошондо он жетиге жаңы чыккан. «Оболу мектепти бүтүрүү керек эмеспи» десем, мулжуңдап болушпайт. Өз ара биротоло бүтүмдөп келишкен окшойт. Мага келүүдөн мурда военкаматка барышыптыр.

И с а б е к. Айша-апа, ушу жагын баса айтыңызчы. Ошондой болгон десем Гүлжан ушу күнгө чейин ишенбейт. Бул инициативаны алды менен баштаган мен элем го, эсиңиздеби?

А й ш а - а п а. Жаңылбасам, баарын баштаган Сабыр болчу.

Г ү л ж а н *(күлүп)*. Мына, калпыңын бири чыкты.

И с а б е к. Бирок анда да...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Талашпай эле кой. Баштаган Сабыр болчу.

И с а б е к *(Мамбет менен Досбергенге)*. Эй, силер деле айтсаңар болбойбу. Баштаган Исабек деп койсоңор бирдеменер кетеби?

М а м б е т. Айта албайбыз. Өсүпбайдын сөзү менен айтканда моралдык правабыз жок. Сөздү бөлбөчү, уғалы.

А й ш а - а п а. Кеп ким мурун баштаганында эмес. Азыр анын мааниси канчалык. Бешөө тең бир класста окуп, жатаканада бир бөлмөдө жа-

тышчу. Менин кабинетиме бешөө бирдей кирди. Балдарымдын эр жетип калганын ошондо алгач байкадым.

*(Жарык өчөт, кайра жанат, дагы өчүп, дагы жанат да, анан биротоло өчөт. Аба тревогасынын сиренасы кошулуп дене-бойду дүркүрөтөт. Прожекторлор караңгы асманды көзөнөлөйт. Айша-апа шам жагат. Окуучулары тегеректейт).*

И с а б е к . Эжей, сизге бир чоң өтүнүч менен келдик.

А й ш а - а п а. Ии, айткыла, кандай өтүнүч?

М а м б е т. Биз военкоматка барып келдик. «Мектебиңерден кагаз керек дейт».

А й ш а - а п а. Кандай кагаз?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Бизди өз ыктыяры менен согушка, жөнөөгө даяр деген кагаз.

А й ш а - а п а. Мен каршымын *(Аялдарга.)* А, көрсө булар военкоматка барып, согушка жибергиле деп суранышыптыр. Военкомат ошол тууралуу мектептин каршылыгы жок деген кагаз сураткан тура. Жүрөгүм оозума тыгылып, келмем качты. Эмне дээримди билбей калдым. *(Эркектерге.)* Балалык кылбагыла! Согуш жаш балдардын иши эмес. Балтыр этиңер толо элек... Бара тургула. Мен ойлонуп көрөйүн дедим. *(Аялдарга кайрылып.)* Өзүм жалгыз калып, ары ойлодум, бери ойлодум, эми канттим? Али мууну ката элек жаш балдар болсо. Баары апат болуп кетсе эмне болот? Же жаштайында мунжу болуп кайтышса эмне болот? Эптеп шылтоо таап, токтотуп калсам кантет? Мекенди коргойм деп, жигерденген жаш жүрөктөрдүн чын ыкласын суу сепкендей муздатып алып, өмүр бою өкүнүп жүрбөйүн? Айтор, башым маң болду. Айлам кеткенде, райкомго барып, кеңеш сурасам, райкомдун секретары: «Балдар сиздики, өзүңүз чечиңиз дейт. Балдарды токтото албадым, кагазын жазып военкоматка жибердим. Бешөөн тең, поездге салып узаттым. Пай, пай, пай. Эшелон толтура аскерге кетип жаткандар. Поезд жөнөй бергенде эсим чыкты, кудай урганда кантип мен ушуларды баргыла дедим деп ыйлап жибериптирмин.

А й ш а - а п а. *(Айтып отурган окуясын кайра башынан өткөргөндөй болот. Поезд ордунан козголот, дөңгөлөктөрү шакылдап, вагондордун жарыгы жаркылдайт, паровоз создуга кыйкырат. Ичкиичакан айланма ротор курбуну алып жөнөйт, бешинчи, Сабырдын ордуна жарык нур жөнөйт. Айша-апа поезд болгон чакан айлампаны ээрчий жүгүрөт.)*

А й ш а - а п а. О, жараткан, ушуларымды сактай көр, аман-эсен кайра келтире көр!

*(Эркектерге тийген жарык өчүп, алар көрүнбөй кетет. Айша-апа тизелеген калыбында жарык тийген тегерекке колун сунат.)*

Исабек, Досберген, Са-быр!

*(Жарык тегерек өчөт.)*

Са-быр... Са-быр...

*(Узатуу үндөр, ызы-чуу, музыка — баары өчөт. Сцена жарык болуп, баары көрүнөт.)*

А й ш а - а п а *(эсин жыят)*. Кечиресиңер... мен эмне болуп турам...

Д о с б е р г е н. Өткөн — өттү.

А й ш а - а п а *(тынчып)*. Тилегим кабыл болду окшойт, бешөө тең аман-соо кайтты. Ошондой болгон. *(Пауза.)* Ошентип, көз жаш менен сурап-тилеп алган балдарым ушулар... Бак-таалайлуу болгула, бала-чаканар аман болсун, жамандык көрбөгүлө, айланайындар.

И с а б е к. Жаштыктын жаркыраган доору үчүн, турмуштун икир-чикирине малына элек, ошол мөлтүр таза сезимдер үчүн, кана. Өлбөгөн жанга... алып жиберели.

А й ш а - а п а. Силерди карап отуруп Сабыр көз алдыман кетпей койду. Ал бир артыкча жалындап чыккан бала эле.

Д о с б е р г е н. Ооба, ооба... силер бизди узатканда биз бешөө элек. Беш колдой болгон беш улан элек... Мына эми төртөөбүз калдык... Бешинчи арабыздан өрттөй чыккан досубуз Сабыр эле. Кана эмесе, жигиттер, ошол бештин бири, ортон колдой Сабыр үчүн... *(Орундарынан туруп, стакандарын өөдө көтөрө кагышышат.)*

Г ү л ж а н. Сабыр фронтто жок болдубу?

И с а б е к. Жо, согуштан кийин.

А й ш а - а п а. Ок, антип айтуучу эмес! Тирүү кишини өлдү дегениңер кандай?!

И о с и ф Т а т а е в и ч. Өлбөсө да, өлгөндөн неси артык? Өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп саңда жок...

А й ш а - а п а. Куур тондун ичинде куурасын жигит, өлбөсүн жигит. Жаңа келе жатканда, араңарда Сабыр да бар чыгар деген үмүттө элем. Мобу сүрөттөрдү, эски газеттерди ала келбедим беле... шордуу жаным.

М а м б е т. Мына — Айша-апанын өзү.

Д о с б е р г е н. Ой, биз экенбиз. Бул эмне? Ким булгаган?

А й ш а - а п а. Бул сүрөттөр көпкө чейин мектепте илинип турду, ошондо кимдир-бирөө, сактык кылып Сабырдын жүзүн сыялап салыптыр. Кийин пенсияга чыгарда сүрөттөрдү алып алдым.

М а м б е т. Сүрөт, сүрөт... Азыр ойлоп карасам, бизди бир-бирибизге жакындатып, баштап жүргөн Сабыр экен. Ал бат эле эсейе түшкөнсүдү. Тике сүйлөп, бетке айтмай курчтугу бар эмес беле.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ошондон тапты да! Чыйрактын шыйрагы калат...

А й ш а - а п а. Койгула, балдар, өткөн күнгө көлөкө түшпөсүн!.. Силердин фронтто жүргөндө жазган катыңар мага тоодой кубаныч апкелип турар эле. Окуй берчүмүн, ыйлай берчүмүн. Сабыр болсо дамаамат: «Ардактуу, сү-йүктүү Айша-апа, Өсүпбай, Исабек, Мамбеттин, Досбергендин эсен амандыгын сизге кабар этем. Салгылашта замбиректин таамай огу менен далай фашистти кан жуткурду. Мен да ошондоймун»,— деп жаза турган. Бир жолу Исабектин: «Бүгүн мен төрт фашистти жайладым» деген каты келди. Коркконум ошончолук, «кулунум ай, өзүң аман калганыңа шүгүр» дедим ичимен.

*(Баары күлөт.)*

Д о с б е р г е н. Ой, Исабек, эр болбосоң коё кал! Апай, менин жанымда Манас да, Семетей да жүргөн эмес, дайыма ушу Исабек жүрчү. Бирок жанагыдай эрдигин көргөн жок элем. Кайдагы төрт фашист? Же бизден жашырынып барып атып келдиң беле?

Г ү л ж а н. Жетесинен урган байкушум, сенин азыркы кеселиң ошондо башталган тура.

И с а б е к. Силер да кызык экенсиңер! Ооруукта калгандарга дем бериш үчүн жазганымы байкабайсыңарбы! Биздин снаряддар фашисттерди жүздөп кыйратып, жаттыбы, миңдеп кырып жаттыбы, ким билиптир. Неужели ошолордун ичинен төртөөсү менин энчиме тийбесин?

А й ш а - а п а. Бир күнү мен бир кызык кат алдым... Силердин командириңер мага, мектепке алкыш айтып, силерге окшогон жоокерлерди тарбиялаган үчүн, аябай ыраазылыгын билдириптир. Конвертте аскер газетинен кыркып алынган «тайманбас достор» деген макала бар экен бешөөң, жөнүндө... Ошондо жазылыптыр: Өсүпбай менен Мамбет ок мөндүрдөй жаап турган кезинде, замбиректин сүйрөп чыгарып, жарадар жолдошторун көтөрүп чыккан экен.

А н в а р. Ошондой болду беле?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ананчы! Болгону чын. *(Айша- апага.)* Эң алды менен сизге чоң рахмат. Эмне деген мыкты кишилерди өз колуңуз менен тарбиялап чыгардыңыз... Биз дагы сизди уят кылган жокпуз го дейм. Мына, мисалы... Исабек — белгилүү жазуучу... Досберген болсо— бүт областка белгилүү совхоздун башкы агроному... Мамбет... Мамбет — республикабыздагы мыкты педагогдордун бири го... Баса, качанга эле айылда жүрмөк эле... Шаарга келсин эми. Бу жагынан биз да колдон келишинче көмөктөш болорбуз...

А н в а р. Сонун болор эле...

М а м б е т. Мен жөнүндө кам жебей эле койгула. агайындар! Иттин ээси болсо, карышкырдын кудайы бар...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Эшекти отко айдаса, эмнеге качат дейт...

Д о с б е р г е н. Өсүпбай, сен кызык экенсиң. Өзүң, почти академиксиң, министр болуп калууң да ыктымал, анан анча-мынча сөзгө теригесиң... кенен болбойсуңбу. Бул отуруштун аксакалы ургаачы болсо да — Айша-апа, андыктан түз айтыш керек. Айша-апа, баарыбызды тырмактайыбыздан тарбиялап чыгарып, киши кылган өзүңүз. Сиз дегенде, тикеден-тик туруп, ушуну ичип жиберели. Сиздин энелик жүрөгүңүз үчүн!

А й ш а - а п а. Уялтып жибербедиңерби мени. Рахмат, кагылайындар. Ушундай болот деп ким ойлоптур... Чынында мен кара таман жалчынын үйүнөн чыккамын... Биринчи оозанган сөзүбүз: «Кеңеш». Мага окшогондорду жарыкка жеткирген ошол Кеңеш өкмөтүнө рахмат! Кээде туруп өзүмө-өзүм таң калам: «Ушу менден окуп тарбия алган балдар, кандай мыкты кишилер болду деп». Силердин азыркы билимиңер мен үчүн — таң каларлык жомок, силердин сөзүңөргө түшүнбөй да калам кээде... Турмуш деген жээгин жеп аккан өкүм дайра экен. Мына силерди карап отурам, билгениңер көп, талаш-тартышыңар да орундуу... Өз заманыбызда биздин да талашыбыз — дүйнөдөгү адалдык-арамдык жөнүндө боло турган. Бу талаштын түбүнө жетүүнүн өзү кыйын. Бирок, ал эми чынында: адам-адам болгондон бери эле, актык үчүн жашап, өмүрүн ошого арнап келе жатпайбы. Ал тууралуу Сабырдан артык эч ким айта албаган. Ошол ыры журналга басылганда, обол маанисин анча түшүнө берген эмесмин. Улам жыл өткөн сайын мааниси ачыла берди «Канткенде адам уулу адам болот».

И с а б е к. «Эзелтен чечилбеген улуу талаш».

А й ш а - а п а.

«Эзелтен чечилбеген улуу талаш»,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо кууса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да ушул талаш,—
Канткенде адам уулу адам болот?
Душмандан жан соогалап качканда да,
Душманды кырып-жоюп басканда да,
Түбөлүк чечилбеген ушул талаш,—
Канткенде адам уулу адам болот?
Адамзат качан чечет, качан коёт,
— Канткенде адам уулу адам болот?

Г ү л ж а н. Жаш туруп айтканын кара!

Д о с б е р г е н. Лермонтовчу?

И с а б е к. Досторум, бу да болсо согуштун аркасынан. Дүйнө таануунун эң чоң мектеби — согуш экен да.

Г ү л ж а н. Бирок ошол чоң мектеп журттун баарына бирдей сабак болбосо керек.

И с а б е к. Жалгыз мага тийиштирем деп жаңылба. Айлананы караныз.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Бизди калкалабай эле кой, Исабек. Лично мага бул какшык чымын чакканчалык эмес. Бирок алиги ыр десең... Менимче бул ырда маселе өтө абстракттуу коюлган. Мезгилдин жышаанасы сезилбейт.

М а м б е т. Ыр мага шул турушу менен кымбат. Бүткүл адам баласына орток ой.

А н в а р. Мен Досбергендин оюна кошула албай калдым. Лермонтов деген Лермонтов, а Сабыр деген ким? Сыпайылап айтканда, обу жок салыштыруу.

М а м б е т. Арийне, сен үчүн Сабыр кайдагы бир неме. Мен үчүн тагдыры тамырлаш, өз боорлош.

И с а б е к. Сен антип Сабырды өз менчигиңе имерип алба. Жаны ачыган жалгыз гана сен сыяктанып, калгандарыбыз бүт ага кол шилтеп салгансып, мунуңу кандай түшүнсө болот?..

Д о с б е р г е н. Атаны кудай аткырлар айя? Дагы баягы Сабыр байкуштун кулагын чуулдатмай болдуңарбы? Бул эмне «а» деген сөзүбүздүн баары эле ошого барып такалат? Айша-апаны сыйласаңар боло, ооз ачтырбай койдуңар!

А й ш а - а п а. Жо-жок, Досберген, айланайын. Сабырдын тууралыгын да, натууралыгын да мен талдай албаймын. Силер аны улам оозго алып отурганыңардын өзү эле — аны кыйбай турганыңарды билгизип турбайбы. Ал дагы да болсо биз менен бирге экен...

И о с и ф Т а т а е в и ч. Адабият билермандары, поэзия сынчылары Исабек экөөңөр элеңер го, Сабыр менен кээде айтышып, кээде анын ырларын көкөлөтө мактап, жүргөн силер.

М а м б е т. Ойт берип четке чыга бермейинди кой, Өсүпбай. Анын ырларын төртөөбүз тең бирдей билчүбүз, бирдей сүйчүбүз. Же калппы? Ар бир жазганын бизге көрсөтүп турар эле. Дагы эмне жазаар экен деп, биз күтчү элек. Балким биз болбосок Сабыр анчалык акын болбойт беле, ким билет.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ал ырас. Бирок алиги өз башына балээ болуп түшкөн поэмасына менин эч кандай тиешем жок. Айтаарым ушул. Бол-

босо, эмне үчүн ал жумурай журттан акылдуу, көктөн түшкөн кеменгер болуп көрүнгүсү келди? Андай ырлар, азыр өзүң айткандай, менин сагынычыма да кубанычыма да жат көрүнүш.

*(Пауза)*

И с а б е к. Эски жараны чукугансып, качанкы өткөн окуяны кайра эскериштин кажети канча?

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ырас, бул отурушка ылайыгы жок эскериш.

И с а б е к. Э, Айша-апа, далай мүшкүл өттү-кетти бу баштан, аны эске алгандан не пайда...

А й ш а - а п а. Билем, билем, бирок ушу күнгө чейин аныгына жете албай койдум.

М а м б е т. Баштабасак болот эле, баштаган соң, чала өлүк кылып таштаган жарабайт. Эртеби-кечпи, бир күнү айтылар сөз. Эмнесин жашыралы, Сабырдын тагдырына ушул отурган төртөөбүз тең ортоктош экенибиз азыр айрыкча сезилип турганын байкадыңарбы?

Г ү л ж а н. Эртеден бери какшаганыңар Сабыр... айтууңарга караганда... ал өзүнчө бир укмуштуудай жигит болгон окшойт.

Д о с б е р г е н. Чын-чынына келгенде, ага теңелер арабызда эч ким жок!

И о с и ф Т а т а е в и ч. Мактаган кызыңар... Иш жүзүнө келгенде, маес болуп чыкты.

М а м б е т. «Колуна курал алып, жоо тоспосо,
Бир тууган агама да кол бербеймин», – деп айткан ким эле?.. Сабыр эмес беле? Ушундай ыры менен, ушундай ыр чыккан албуут дили менен бизди эликтирип, согушка жөнөбөдүкпү. Ошенткен Сабыр болбосо, балким, биз согуштун четин да көрбөй, азыркыдай майданда анттик-минттик деп көкүрөк койгулап отурбайт элек.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Деги эмне айтайын дейсиң. Аны кийин актап, бошотуп жиберишти го. Эми башкага алы жетпей арак менен алпурушуп калганына ким күнөөлүү?

М а м б е т. Минтип айтышка кантип оозуң барат? Уялсаң боло.

И о с и ф Т а т а е в и ч . Мага деген айыбын өзүнө буюрсун. Мен өз оюмдун түздүгүнө жана тууралыгына көзүм жетет.

М а м б е т. Мына эми кадимкине келдиң. Согушта да, бүгүн бар, эртең жок, кай жерде сулап каларыбызды билбей жан таштап урушуп жүргөндө да сен канткенде жакшы көрүнүүнү, канткенде соо каларыңды эсиңен чыгарчу эмесиң.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Эй, сен өзүн кимсиң? Ошондо кайда элең? Мынчалык чынчыл, акыйкатчыл экенсиң, ошо кезде тилиңди бирөө байлап койду беле? Жок, достум, жоо кеткенден кийинки чынчылдыгыңа менин да шегим бар. Шектенер болсом мына сенден шектенсем болот. Болбосо актанып көрчү. Факты, факты менен актан! Эми биерде өзүңдү бейкүнөө периште көрсөтүп, баштан бери көбүк чачканың актыгыңа кепил боло албайт. Кантер экен деп койсо, качанкы окуяны чукулайсың да, чукулайсың, мүмкүн, өз айыбыңды бирөөгө оодара албай жаткандырсың? Эгер сөздүн анығын билгиңер келсе, баарыңардан шек санайм, Мамбет сенден да, Досберген сенден да, Исабек сенден да. Бирок билип койгула, мен бул иштен тазамын, өзүмдү өзүм билем го.

М а м б е т. Мына, эми туурасын айттың. Кептин төркүнү ушунда, сен бизден шек санайсың, биз бири-бирибизден, анын ичинде сенден да шек санайбыз. Бар балээ ушунда. Бирок балээнин баары Сабырды алып кеткенде, биз унчукпай кала бергенибизде жатат... Ошондогу үн дебей кала бергенибиз мени ушу күнгө чейин азапка салат. Мен ошо Сабырга жалаа жапкан кимибиз экенин, ал эмне үчүн жамандаганын билсем болду эле, ошондо көксөөм суумак.

Д о с б е р г е н. Окшошконго мушташкан де, издешпей табышкан экенбиз. Эмне, жеткен жерибиз ушу болдубу. Четибизден күнөкөр, чыккынчы болуп чыктык ээ! Э кудай, эртең кантип жүз көрүшөбүз?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Курулай кыжылдашкандан не пайда, андан көрө, азыркылар айткандай, маселенин ачык болушу үчүн жаап койбойлубу.

А л м а г ү л. Жок, кечирип кой, Өсүпбай, мына биз отурган соң, оболу бу  сөздү баштабасаңар болот эле, өзүңөрчө кездешкенде чечишип алмаксыңар, эми сөз башталып калган соң...

А н в а р. Алмагүл туура айтат. Бейкапар жүргөн бизди да булганыч сөзгө аралаштырып салдыңар... Анан деги, бул отурган элди сыйлоо керек. Биз го мейли, бирок Айша-апа кандай ойдо калат? Биерде төртөөң отуруп алып, тирүү жүргөн бешинчиңерди өлгөн адамдай сөзгө алдыңар. Силердин сөзүңөрдү угуп отуруп, быякта биздин жети өмүрүбүз жерге кирди. Жок, болбойт, акыйкатына чыгалы.

А й ш а - а п а. Узун кулактан укканыма караганда, Сабыр согуштан келгенден кийин бир поэма жазат, ошол үчүн айыпталып, соттолот. Кийин күнөөсүздүгү аныкталып, акталып чыгат. Бирок мунун баары эмнеден башталып, кандай болгону силерге гана маалим. Тек айтарым, бешөөң тең мага колумдун беш салаасындай кымбатсыңар. Сабырды согуш мезгилинде бүт жаштар жакшы көрчү, ырларын ант катары жатка айтышар

эле. Жакында интернаттын кырк жылдыгына байланыштуу мектеп музейине материалдарыңды жибер деп кат жазсам, «Ардактуу Айша-апа, мени Ата Мекендик согушта курман болгон деп белгилеп коюңуз», – деп жооп жазыптыр. Бул эмне шумдугу?

Г ү л ж а н. Деги анын тагдыры эмне менен бүттү? Айта турган болсоңор, айтпайсыңарбы!

*(Пауза)*

И с а б е к. Эмнесин айтмак элек... Согуш бүттү. Бешөөбүз тең аман-эсен кайра кайттык, албетте, төш толтура орден-медаль. Антсе да турмушту кайра баштап, ар ким өз жолун издөөгө туура келди. Көп кыйынчылыгы жок эле баарыбыз институтка кирип кеттик: Сабыр экөөбүз филфакка өттүк, Өсипбай тарых факультетине, Досберген болсо — айыл чарба институтуна. Сабырдын таланты ташкындап турган кези, мен да колдон келишинче жамактап, калышчу эмесмин.

*(Пауза.)*

Д о с б е р г е н. Исекең а кезде катырчу...

Г ү л ж а н. Чыны менен дурус жазчу беле?

Д о с б е р г е н. Оо-о, а кездеби? Чар учкандай жазар эле.

А й ш а-а п а. Жакшы жаза турган. Бекер таштап койду.

И с а б е к. Жашында ырды ким жазбаган, Айша-апа. Айтор, ар ким өз тиричилигин кууп кетти: согуш бүттү дегендей, өзүбүз жапжаш кезибиз «Манастан Чубак кем бекен» деп, ар кимибиз кыйынсынып, кудай салба-сын... *(пауза.)* Андан аркысы болсо... Менимче, Сабырдын көз карашында кандайдыр бир өзгөрүүлөр пайда болду... Кандай десе болот... Аны түшүндүрүштүн өзү да кыйын. Күндөрдүн биринде ажайып бир ырлар окуду, чоң поэманын башталышы экен... Кыскача мазмуну: «Мен согуштан чарчадым, ичиркенем кандуу-сүрдүү жүзүнөн, нечен-нечен жаш өмүрлөр жеңиш үчүн окко учуп, улуу Мекеним фашизмден бошонуп турганда, басып өткөн жолумду, эч убакта кайталагым келбес эле...»

А л м а г ү л. Ким эле согушту кайра басып өткүсү келсин? Анын несиси бар?

И с а б е к. Биздин жеңиштин даңазасын ырдоонун ордуна; каяктагы бир калпыс ойлорду айтып туруп албадыбы... Көркөмдүгү күчтүү болгону менен, ички түшүнүгү талаштуу болуп калды. «Арамдыкты адамдык менен жеңе албайсың, согушту согуш жеңет, бул чындыктан четке чыгып турууга эч кимдин укугу жок» деп айттым ага.

Г ү л ж а н. Поэманы силерге окуп берүүчү беле?

М а м б е т. Ии. Улам жазганын, улам окуп берүүчү.

Д о с б е р г е н. Бекер кылган экем эми ойлосом.

И с а б е к. Кеп анда эмес, кеп жолдоштук кеңешти укпай койгонунда. Мына ошону бекер кылган.

М а м б е т. Эч кандай бекер-мекер эмес. Ал бизди адал деп ойлогон... анан калса түштөн кийин күйөрман болуп алыпсың... Анын өзү да, өчүп кеткен таланты да, сага бир тыйынчалык зарылдыгы жок эмеспи... Поэмасы «Добулбас үнү өчкөндө» деп аталчу.

Добулбастын үнү басылган күнү,
Арбактардын баары туруп чогулар,
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,
Ээн жерден жалгыз мага жолугар,—
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?
Кызыл кыргын, кара сүргүн чоң согуш —
Жанын кыйды миңдеп, сандап жарандар.
Кең казылган бир мүрзөнүн ичинде
Катар жатат жакшы менен жамандар.
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,
Арбактардын баары туруп, чогулуп,
«Биз кырылдык, сен тирүүсүң эмнеге?» —
Деп сурашса ээн жерден жолугуп,—
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?
Үйдө ыйлатып эне менен атаны,
Өлгөндөрдүн кимге убалы, азабы?
Өз да, жат да катар жатат жер тиштеп,
Бүткөн өңдүү тирүүлөрдүн чатагы.
«Бүттүңөрбү» — деп сураса жолугуп
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?..

*(Пауза.)*

А л м а г ү л *(Исабекке.)* Бул ырларда сени шектенткен эмне бар? Билген кишиге — реквием турбайбы.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Анын чын. Бирок кимге арналган реквием?

А л м а г ү л. Кимге арналмак эле? Согушта курман болгон эрендерге арналып жатпайбы.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Эрендердин ар кандайы болот... Эр менен эрендин ортосунда айырма чоң.

И с а б е к. Ал туура го, талантында шек жок. Кептин баары мазмунунда... Ким айталды ушинтип. Кандайдыр өкүнүч, арман бар. Мага бу ырлар идея жагынан шектүү, калпыс сезилет.

Г ү л ж а н. «Көтөрүп атка салганың курусун, жеңе, бир жеримен чымчып алганың курусун, жеңе» дегендей. Жаңкы ырдын эмнеси калпыс, эмнеси шектүү.

И с а б е к. Азыр айтышка оңой. Ошо кезде көрөр элем сени! Эскини эңсединң деп, эңгиретип турса... Анда заман да башка, ырдаган ырыбыз да башка болчу...

М а м б е т. Өмүрүм өткөнчө сени түшүнбөйм го... Сабырдын жазганын ар качан ары карап ыйлап, бери карап күлүп, мактачу элең, суктанчу элең...

И с а б е к.  Азыр да мактайм, азыр да танбайм.

М а м б е т. Болгон адилдигиң ошобу, өмүрүңдө бир жолу да батынып Сабырга чындыкты айтпадың.

И с а б е к. Оозуңа кара! Мен сага окшоп мушташып, жакалашкан эмесмин аны менен.

А й ш а - а п а. Ошого чейин бардыңарбы?

М а м б е т. Билгем, муну айтарыңды.

И с а б е к. Мунун билгичтигин кара... Касташкан мен эмес...

А й ш а - а п а. Ээ, Мамбет, касташканың, чынбы?

М а м б е т. Бетке айтканым чын болчу. Анын баары жаңкы поэмадан келип чыкпадыбы. Ошондогу түшүнүгүм менен, мен ага бетке айттым: «Сен акын катары түз жолуңан адаштың». «Көркөм өнөрдө сызып койгон түз жолдор жок, сенин ченемиң мага туура келбейт», — деп ал мага жооп кайтарды. «Сенин поэмаң — өткөндү эңсегендик, саясий ката» деп айттым. Айтсам, каны ичине тартып, мени жакадан алды. Мен да карап турбадым. Андай болорун ким билиптир. Көрсө, экөөбүз узак жылдарга ажырашаардын алдында эси жоктук кылган экенбиз. Чынында кеп жакалашканда эмес. Менин кечиримсиз күнөөм — жанагыдай саясий айып тагып, түшүнбөстүгүм экен. Көрсө, ошондо чыгармачылык жол издеп, өзү менен өзү жакалашып, изденүүнүн азап-тозогунда жүргөн турбайбы.

А л м а г ү л. Кийин толук акталган тура.

Д о с б е р г е н. Сабырдын ал ырлары тууралуу кандай ойдосуң деп азыр сурасаңар бар эмеспи, мына ак дасторкон турат, башымды көп оорутпагыла дээрим ачык. А кезде болсо, уччукпай кутулганды туура көргөм. Чакырып алып сураса, бирдеме айтат элек дечи. Жөнү жок жу-

луна бериш, кудай билет, туура болот беле, же... Ал мезгил өзү катаал мезгил болчу.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ошондо мен антмек элем, минтмек элем деп көкүрөк кага албайм. Анан калса Сабырың да периште эмес го, болбосо ак жеринен сүргүнгө айдалып келмек беле. «Заман, заман» дейсиңер. Заманда не айып? Ырларынын өзү тескери болчу. Менин эркиме койгондо, мындайларды мен азыр да жакын жуутпас элем...

И с а б е к. Кудай сактай көр! Токол эчкиге кудай мүйүз бербептир дейт. Сенден башкалары да жетишер, бөрк ал десе, баш алгандар азыр да жок эмес... Бизден да жашыраак, бизден да эптүүлөр чыгып жатпайбы.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Боз жорго... Ысык-Көл... Ала-Тоо... жана ушул сыяктуу, ээ? Билебиз силерди...

И с а б е к. Ой, айбан, эмне деп тантырап жатасың? Ким ал сен билгендер?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Билмексен гана киши болуп калат булар... карасаң...

И с а б е к. Ой, Өсүпбай, кудайдан корксоң боло! Ала-Тоо, Ысык-Көл, Ата Журт жөнүндө жазбаганда, чокубузду жазмак белек?!

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Отто, оттой бер. Сага ишене коюучу мен эмес.

А й ш а - а п а. Башым катты силерди угуп отуруп эле. Түшүнө албай койдум, сөзүңөрдү... бирге окуп... бирге чоңоюп, бир сындырым нанды тең бөлүшүп, согушта жан кечип жүрүп, бир-бириңерге жөлөк болуп келдиңер эле. Анан бирөөнүн башына мүшкүл түшсө. Тааныбаган адамдай таштап кете бергениңер кандай? Ушундай да болобу?

И с а б е к. Кайрылып Сабырга кол бербей коюпсуңар деп ойлобоңуз, Айша-апа. Ал акталып келгенде мына мен өзүм жетелеп барып, редакцияга орноштурдум. Ичкиликке берилип калган экен, андан кетти. Башка бир жерге орноштурсам, аерге да турук ала албады. Анан кайда кеткенин өзүм да билбей калдым.

Г ү л ж а н. Ушунун баарын биринчи жолу угуп отурам. Мурда Сабыр тууралуу бир ооз айткан жок элең го!

И с а б е к. Эмнесин айтмак элем?

М а м б е т. Ошол кезде биз ага кылдай жардам көрсөтө албадык. Ар ким өз башын коргоп, өз этегине бекинди.

Д о с б е р г е н *(сөздү бөлүп)*. Исабек, сен этке кандайсың?

И с а б е к. Апкеле бер.

Д о с б е р г е н. Азыр, азыр. *(Кетет.)*

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Мен эч кимге айгак болгон жокмун, бирок ошол маселени мен азыр чечсем, азыр дагы ошентмекмин.

Г ү л ж а н. Сенин бул түрүң менен турмуштагы пастыктын баарын актап кетүүгө болот.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ар кимдин өз билгени бар!

Г ү л ж а н. Азыр ойлоп карасам, баарыңар ошондо арамдыкка барууга жетилип калган экенсиңер. Ошого себеп таппай жүргөн турбайсыңарбы...

И с а б е к. Ар нерсенин чеги болот. Болду эми!

*(Пауза)*

Г ү л ж а н. Кимиңер иттик кылдыңар? *(Исабекке.)* Сен болуп жүрбө?

И с а б е к. Аны Өсүпбайдан сура.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Эмне үчүн мен? Байкап сүйлө, жигит!

И с а б е к. Институттун топ бузары сен эмес белең, Сабырды окуудан чыгаргандагы жыйынды сен башкарбадың беле?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Ко-ош, анан эмне!

Д о с б е р г е н. Ушу силерди киши экен деп чакырган, мен ит экемин. Токтоткулачы эми!

И о с и ф  Т а т а е в и ч *(Исабекке.)* Кечирип кана коёсуз! Айтууңа караганда күнөөнүн баары менде экен да, башкаларыңар таптаза, күнөөсүз периште экенсиңер го!

И с а б е к. Ага эмне кызаңдайсың, көп болсо бир аз аша чапкандырмын.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Тигини! Тигини! Сен достум, башканы коюп өзүңдүн баягы «ур токмоктой» макалаң жөнүндө айтып берчи отургандарга.

И с а б е к. Туу, сени киши экен десе, тур, Гүлжан, кеттик. Мындай мастардын арасында отуруп не кылабыз. Жүрү, кеттик!

Г ү л ж а н. Шерменделди чыгарып, абийирине шек келтирип отурса, кетебиз дегениң кандай? Жообуңду кайтар, ак болсоң!

И с а б е к. Жиндиминби буга теңелип! Оозуна келгенин оттой берсин, ишим ак болсо болду да! Мен мунуңу жөн калтырбайм, жолдош профессор.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Сабыр кылыңыз, чычалабаң!

Анчалык ак болсоңуз бир эле сөзүмө жооп бериңизчи - макаланы жазган ким?

И с а б е к. Мен — дейли. Бирок менин макала жазууда максатым эмнеде эле? Сен ошону эмне үчүн айтпайсың? Мен газет бетинде, көпчүлүк калайык-журт алдында, өз калемдеш жолдошторумдун чыгармачылыктагы адашууларын сындадым. Ачык айтып, түз сүйлөп сындадым. Аны

жолдоштук сын дейт, сен ал жөнүндө эмне үчүн айтпайсың? Мен аны окуудан чыксын, адабияттан куулсун деген эмесмин. Ошонун баарын кылган сен, жыйналышка салып, көк бөрү тарттырган — сен!

Иосиф Татаевич. Макул, жыйналышты мен өткөргөн экемин. Мен аны айдалып кетсин дептирминби? Мен да жолдоштук сын иретинде сүйлөдүм. Башкалар да ошентти, бул иш сенин макалаңдын негизинде болгон. Сен көп эле желпине бербе!

*(Пауза)*

Исабек. Жалаа! Ал куулганда, макала үчүн куулган жок. *(Өсүпбайга.)* Сен өткөргөн жыйналыштан кийин куулуп, жок болбодубу?

Досберген. Токтоткула! Же болбосо экөөңөрдү тең азыр мобу жардан алыс кулатам.

Иосиф Татаевич. Мыктысынбай тим тур. Сен чыгып сүйлөгөн жок белең?

Досберген. Силерди ээрчип ит болгонум ырас.

Иосиф Татаевич. *(Досбергенге).* Андан көрө мунуңду тыйып ал.

Исабек. Тыйып ал деп коёт... өзүң...

Алмагүл. Ой, тебетей кийгендер! Тыйгыла сөзүңөрдү!

*(Пауза)*

Баятан бери биздин көзүбүзчө далай сырыңарды ачып, абийириңерди көлдөй төктүңөр... Айтпасаңар болор эле... Бирок мынча айтылып калгандан кийин, бул ишке, маселен, мен салкын көз менен карай албай калдым. Ойлогулачы? Эмне деген окуя, эмне деген шумдук... Эң ишенген, жанындай көргөн досторуна жүрөк түпкүрүнөн чыккан сырын, жазган поэмасын окуп берсе, силердин бул эмне кылганыңар?! «Киши колдуу» болот дечү эле, көрсө «дос колдуу» да болот экен да.

Досберген. Болору болду, боёсу канды. Учур ошондой эле.

Алмагүл. Учур, учур — ар качан учур. Учурга шылташ оңой. Ошол учурду силер өз колуңар менен жасап алгансыңар.

Мамбет. Биз заманды жаратсак, заман бизди жаратты.

Досберген *(аялдарга).* Айтууга оңой. Көрөр элем силерди, башыңарга ошондой жагдай келсе.

Анвар. Койгулачы эми. Арзыбаган бир иш үчүн — бирине-бириң жаман-жакшы айтышып. Жазбаса анда нары кетсин! Күнүбүз ошого түшүп калыптырбы!

Айша-апа. Өзүм эс тарткалы Кеңеш өкмөтү менен жашап келатам дебедимби, балдар. Беш жашымда ата-энемди басмачылар өлтүрүп кет-

ти. Балдар үйүндө окуп-өстүм. Кат таанып, китеп окуй баштаганда мага бүт дүйнөнүн эшиги ачылгандай болгон. Ошол жылдары өзүмчө: «Көп узабай элдин баары билимдүү болот. Мына ошондоп тартып мөлтүр булактай таза турмуш башталат деп ойлочу элем»... Көрсө, турмуш татаал экен, ойлогонундай чыкпайт турбайбы... Силер кенедейиңерден колумда өстүңөр... Майданга узатканда өз уулдарымды жоого аткаргандай, кудайга зарлап үнүм жеткен. Силер наристе бойдон кеткенсиңер. Ушундай ынтымактуу, ушунчалык ниети таза балдар элеңер. Эсимде, жаркыраган беш жылдыздай болуп, фронттон келдиңер. Анан эмне болду силерге? Эмне үчүн ушундай турмушка дуушар болдуңар? Мен силерге аябай ишенчү элем. Силерди көрүп, ойлочу элем: «Эмгегим кайттыбы деп». Сыртыңардан кубанып, медер-жөлөгүм ушулар деп жүрчү элем... Мына эми минтип кабыргам кайышып, жаным катуу кейип отурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда? Алардан айрылганым ырас болсо, анда өзүмдө да айып бар... Кай жерден... эмнеден жаңылыш кетирдик? Билбейм, башым маң...

*(Пауза.)*

Мен буерге эмнеге келдим, ыя? Мен буерде эмне отурам, ыя?.. Кой, кетейин...

Д о с б е р г е н. Ой, Айша-апа, сиз кайда? Тамак бышып калды... Эт жеп кетпейсизби, жарыктык...

А й ш а - а п а. Ай, эти да курусунчу... өзүңөр жегиле.

Д о с б е р г е н. Анда узатып коёлу...

А й ш а - а п а. Убара болбой эле койгула.

А л м а г ү л. Капа болбоңуз, апай...

И о с и ф  Т а т а е в и ч (*энтигип, делөөрүп*). Келгиле, таш кулаталы. Бала күнүмдө тоодон таш кулатканды иттей жакшы көрчү элем...

И с а б е к. Жылаан өлтүргөнгө таш табылбайт бу дөбөдөн, шляпаңды эле кулатпасаң.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Жок, мен объязательно таш кулатышым керек.

Г ү л ж а н (*кулүп*). Мен таш берсем мойнуңа мингизесиңби?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Мингизейин!

Г ү л ж а н. Анан айгыр болуп азынайсыңбы?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Анына да макул. (*Гүлжан кыйлында чоң таш оодарып, чокудан ары кулатат. Күркүрөгөн доош жаңырат. Баары элейе карап тыңшап турушат.*)

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Шумдук э-эй! Кана, мен да көрөйүнчү. (*Баары жок таштарды кыял менен кулата баштайт. Тоо ичи жаңырып турат.)*

Г ү л ж а н. Коңурбайдын Алгарасы экен дейт…( *Иосиф Татаевичти минип алган. Теминет. Иосиф Татаевич элирет, азынайт, мөңкүйт.)*

А н в а р. Эй, Гүлжан, ат көрбөгөн минип өлтүрөт кылба.

(*Тоо арасы күркүрөп, жаңырып турат. Баары кутуруп кеткендей бийлеп туйлашат.)*

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Мен – киши кийикмин, түнөгүм – жар таш! Колума тийген аялды үңкүрүмө сүйрөп кетем.

А н в а р *(энтигип)*. Сенин үңкүрүң кана? Кана, сенин үңкүрүң кана?

И о с и ф  Т а т а е в и ч. (*киши кийикче бакырып, Анварды жетелеп кетет.)* Жашасын жапайычылык! Жашасын эркиндик!

(*Гүлжан Исабекти жетелеп асканын артына кетет. Досберген менен Алмагүл да бир жакка жоголот.*

Жерде эмгектеп, көз айнегин кайсалап издеп жалгыз Мамбет калат. Аны аяп карап Алмагүл турат. Бир маалда Мамбетти жөлөп-таяп тургузуп, көз айнегин берет. Жетелеп четке чыгат. Досберген пайда болуп, артынан карап турат да, кайра жоголот).

М а м б е т. (*акырын*). Досбергенби?

А л м а г ү л. Ооба.

(Жарык күүгүмдөп барып өчөт. Жылдыздар көрүнөт. Кайра бозоруп таң атат. Күндүн жүзү тайпаңдын бир четинен каптап келет. Ар жерде уктап жаткандар ойгоно баштайт.)

И о с и ф  Т а т а е в и ч. (*нааразыланып*). Кечээ катуу кетиппиз, болбойт да ушу, жолдоштор. Мен да чектен чыгып кеткен окшойм. «Ден соолук, ден соолук үчүн» деп атып, ден соолукту ушинтип соёт турбайбызбы?

Д о с б е р г е н. (*төмөн карап*). Тигинде бирөө келатат (*Ошол тарапка басып кыйкырат*). Эй, сен кимсин?

Ж у м у ш ч у. Бул жерде эмне кылып жүрөсүңөр?

Д о с б е р г е н. Бул эмне дегениң? Эс алып жүрөбүз.

Ж у м у ш ч у. Качантан бери? Ушуерге түнөдүңөрбү?

Досберген. Ушу жерге түнөдүкпү же тиги жергеби. Анда сенин кандай ишиң бар?

А нв а р. Апей, муну кара! Тоо кайтарган кароолчубу? Кебетесин!...

М а м б е т. Мынчалык эмнеден коoп санадыңыз? Чыккан өрт жок, тоолор ордунда.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Эй, чырагым, урматтуу адамдар менен кездешкенде салам айтуу жокпу силерде?

Ж у м у ш ч у. Айтканда эмне, айтпаганда эмне?

Д о с б е р г е н. Эй, бери карачы. Буердеги кожоюн мен. Жумушуң болсо, мага айт. Мени тааныйсыңбы?

Ж у м у ш ч у. Сизди го тааныйм, бул аймакта сизди таанымбаган ким бар?

Д о с б е р г е н (*жанындагыларга*). Бу кандай тескери неме? Деги өзүң кайдан жүргөн немесиң?

Ж у м у ш ч у. Мен бу лесхоздонмун. Дем алышта шаарга барып келейин деп чыксам, төмөн капчыгайдан бир милиса токтотуп алды. «Күбө болосуң, киши өлдү» дейт.

... Ж у м у ш ч у. Анан ошол...Милийса мени силерге жиберди. Экижакка жылбасын деп (*узакка пауза*).

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Бизге буйрук берүүгө кандай акысы бар экен? Өлгөн адам төмөндө...ошоякта бир кокустук болгон да. Биз Фудзияманын чокусундабыз.

Ж у м у ш ч у. Бузду-муздуңузду билбейм, силерге айт дегенин айтып турам.

М а м б е т. Болуптур...Бирок участковый бизге эмне үчүн эскертет? Мүмкүн жар кулап өлгөндүр?

Ж у м у ш ч у. Ага окшобойт. Тегерегин бүт карадык, көчкүнүн белгиси жок. Жол үстүндө он чакты таш жатат, момунчалык, мындан чоңу бар. Ошолордун бири башына дал тийсе керек.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Үшерден чамалап көрсөтө аласыңбы, өлүк каерде?

Ж у м у ш ч у. Мына ушул туш (*Иосиф Татаевич менен жумушчу жар башына барышып, моюн созо төмөн карашат.*)

... Д о с б е р г е н. Болуптур...Сен жигит, бара бер. Сураган адамга өзүбүз жооп беребиз.

Ж у м у ш ч у. Өзүңөр билгиле, мага баары бир. Бирок баарыңарды таанып калдым (*кетет*).

Д о с б е р г е н. Кана, эми эмне кылабыз? Акылдашалы?

М а м б е т. Акылдашар эмнеси бар. Болгонун болгондой айтабыз да.

И о с и ф  Т а т а е в и ч. Болгонун болгондою кандай сенин? Элден мурун жулунуп калгансың? Мунун акыры кандай болорун билесиңби? Кандай сөзгө калып, кандай күнгө туш болорубузду ойлоп сүйлөсөң боло! (Пауза) Бу кудай урган Фудзияманарга кандай балээ айдап келди эле?

Д о с б е р г е н . Болор иш болду, эми кажылдашкандан пайда жок. Эмне кылыш керек ошону ойлонолу. Милиция келгенче бир айласын табалы да.

И о с и ф   Т а т а е в и ч . Эмесе, мындай…акылдын да, айланын да ток этер жери ушул…Баарыбыздын кызматыбыз, үй-жайыбыз, бала-чакабыз бар. Ошол үчүн жоопкерчиликти бирөөбүз моюнга алалы да, калганыбызды доодон алыс кармайлы.

Д о с б е р г е н. Акыл-эсиң ордундабы сенин? Үй-жайыбыз, бала-чакабыз бар деп…баласы жоктор кантет экен, кантип оозуң барды?

А н в а р (*жини келип*) Мени куу шыйрак дегениңби? Самоордой болгон өлүк-тиригиңди көрөйүн, карасаң, муну…

И о с и ф   Т а т а е в и ч . Ой, жинди го, кой дегилечи мобуну.

А л м а г ү л (күйөөсүнө) Ай, Досберген, сен эмне селейип калдың, үй ээси эмессиңби, бирдеме десеңчи.

Д о с б е р г е н. Эмне кыл дейсиң? Үй ээси болгондо эмне? (*Анварга*). Эй, катын, долуланбачы сен!

… И о с и ф   Т а т а е в и ч. Эмесе, мындай…Менин кылган кылмышым – силерди ээрчип тоого чыкканым. Бул ишти чиелештиргим келбейт. Райондун милициясына сурак берип отурбайм. Жогору жак менен макулдашпай туруп эч кимге сурак бербейм. Силерге берер убадам, азыр шаарга жетем да, баарыбыздын жагдайыбызды жеңилдетүүнүн камын көрөм…

Г ү л ж а н *(Исабекке).* И, эсимден чыгып кеткенин кара. Сен бүгүн түштө Монголиядан келер делегацияны тосмок эмес белең?

И с а б е к. Түү, мен да унуткан турбайымбы (Саатын карап.) Ырас эле, Анголадан делегация келмек эмес беле.

Г ү л ж а н. Эмне деп тантырап жатасың? Анголадан эмес, Монголиядан.

И с а б е к. И, баса, Монголиядан.

А н в а р. Ай, кокуй, менин бүгүн дежурством бар эмес беле? Больницанын иши ушундай, дайым ордуңда болушуң керек. Мен да кетпесем болбойт…

А л м а г ү л (*башын чайкап*). Бу кандай шумдук! Бу кандай шумдук! Эмне болуп кеткенбиз?...

И с а б е к. Эмне кылсам? Таза уят болмой болдум го…

Г ү л ж а н. Ай, Исабек, сен кетесиңби, же каласыңбы? Эмне жалдырайсың? Жүр, кеттик! Келе, машинанын ачкычын…

И о с и ф   Т а т а е в и ч. Чш-ш, көп алактабагыла! Дагы айтам, мен шаарга жетер менен жагдайды жеңилдетүүнүн камын көрөм. Кеттик, Исабек!

(Иосиф Татаевич, Анвар, Исабек, Гүлжан кете башташат).

А н в а р. Ай, Мамбет, элдин баары кетип жатса, сен эмне турасың? Жүр…

М а м б е т. Сен бара бер…

А н в а р. Ай, сен да кургур экенсиң…Бассаңчы…*(Мамбет ордунан жылбайт)*. Аа, сенин байланганың бар тура…Анда мен кеттим!

Д о с б е р г е н. Кой эмесе, эмне турдук. (*кетет*)

(*П ауза*).

А л м а г ү л. Мына экөөбүз гана калдык…Фудзиямандын чокусунда. Сен таза экенсиң Сабырдын алдында, ишендим.

(*Пауза*)

Ж у м у ш ч у (четтен). Ылаачын тийген таандай бытырады го тигилер… Кайда качып кутулмак?...

А л м а г ү л. Сен таза экенсиң…көзүм жетти…Ушундай да күн болот экен ээ!

Ж у м у ш ч у. Силер кайда? Бери жүргүлө. Быякта жол бар.

А л м а г ү л. Мен бул ачыкты көрүп туруп эле элес албапмын.

М а м б е т. Мен да көрүп көрбөптүрмүн…

К а р т  ж у м у ш ч у. Жүргүлө. Коркпогула!

А л м а г ү л. Досберген келатат. Кудайга шүгүр, бу Сабырды саткандан аман экен.

М а м б е т. Ылаачын тийген таандай тарады го баары.

*(Досберген кирет)*

Д о с б е р г е н. Эми эмне кылабыз?

М а м б е т. Эмне кылмак элек, көрөбүз да.

А л м а г ү л. Шумдугуң кургур, ушундай да күн болот экен ээ…

## СӨЗДҮК:

**Кереге** – панжара
**Мээнет** – қийинчилик, машаққат
**Дымак** – зўр истак
**Саякат** – саёҳат
**Мансап** – мансаб
**Күү** – куй
**Тарбиячы** – тарбиячи
**Периште** – фаришта

**Инициатива** – ташаббус
**Өтүнүч** – ўтинч
**Дайра** – дарё
**Талаш** – баҳс, тортишув
**Какшык** – таҳқирлаш, масҳаралаш
**Кеменгер** – донишманд, доно
**Маес** – кучсиз, беқувват
**Жалаа** – туҳмат,бўҳтон, ғийбат
**Көксөө** – истак, тилак
**Бейкапар** – бехавотир, беғалва
**Арбак** – арвоҳ
**Добулбас** – барабан
**Жаран** – граждан, фуқаро
**Убал** – талафот
**Реквием** – мотам куйи
**Эрен** – ботир
**Дасторкон** – дастурхон
**Мүшкүл** – мушкул
**Айгак** – чақимчи
**Абийир** – обрў
**Наристе** – гўдак, чақалоқ
**Жапайычылык** – ҳайвончилик
**Аймак** – худуд
**Өлүк** – ўлик
**Ылаачын** – лочин
**Таан** – зоғча

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Фудзиямага кимдер чогулушту? Алардын чогулуусунун максаты эмне эле?
2) Айша-апа чогулгандарга ким болот?
3) Чогулгандар кайта-кайта сөз кылышкан Сабыр ким болгон?
4) Согуш алардын достугун бекемдей алганбы?
5) Сабырга кандай күнөө коюлган?
6) Детеле адамдардан башкача ойлогону үчүн күнөөлөө, жазалоо туурабы?
7) Достор Сабырдын алдында өздөрүнүн достук милдеттерин аткара алыштыбы?
8) Сабырдын күнөөсү көбүрөөкпү же досторунунбу?
9) Чогулгандардын сөзүнөн улам Сабыр көз алдыга кандай адам катары тартылат?

10) Айша-апа Сабырды эмне үчүн жакшы көрөт? Ал эмне үчүн бышкан тамакка карабай кетип калды?
11) Топтолгондордун ичинен өздөрүн өтө бийик сезгендер кимдер экен? Аны эмнеден билүүгө болот?
12) Иосиф Татаевич, Исабектер менен Мамбет, Досбергендердин окшоштуктары жана айырмачылыктары? Адамдын кимдигин, кандайлыгын наамы, мансабы аныктай алабы?
13) Таш кулатууну ким сунуш кылды? Анын аягы эмне менен бүттү?
14) Жоопкерчиликтен кимдер качып кетишти? Алар жөнүндө кандай тыянак чыгарууга болот?
15) Фудзиямада калып калгандар эмне үчүн башка жол менен кетишти?
16) «Адам уулу эми качан адам болот?» деген суроо чечилип бүттүбү? Дегеле бардык эле адам адам деген атка татыктуубу же татыксызбы? Жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.
17) Чыгарманын бүгүнкү күн менен байланышы барбы же жокпу? Болсо, кандай? Салыштырып көргүлө.
18) «Адам болуу менин түшүнүгүмдө» деген темадагы дилбаянга даярдангыла.

# АМАН САСПАЕВ

*(1929)*



Аман Саспаев – өзгөчө тагдырга ээ жазуучу. Анткени анын жазуучу катары калыптануусу Кытай жеринде жүргөн учурга туш келген. Демек, тили да, дини да, дүйнө таанымы да айырмалуу элдин ичинде жашоо, эмгектенүү анын чыгармачылыгына кайсы-бир деңгээлде өз таасирин тийгизгендиги мыйзам ченемдүү. Ал – кыргыз окурмандарына чебер аңгемечи катары таанымал. Өзгөчө анын «Сарала ит» аңгемеси (1963-ж.) кыргыз адабий чөйрөсүндө талаш-тартыштарды жаратып, оң-терс пикирлерди пайда кылган. А түгүл анын жазуучулук тагдырына тоскоол да болгон. Ошондуктан таанымал жазуучу, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын чебер котормочусу Ашым Жакыпбеков: «Сарала ит иттигин кылды, көп чатак чыгарды. Жакшылыгы – кыргыз «интеллектуалдарынын» өз деңгээлин көрсөттү» », – деп жазган. Ал эми мыкты сынчы, адабият таануучу К.Даутов: «А.Саспаевдин» аңгемелериндеги көңүл бурдуруп турган сапат аңгемени башкача баштап, башкача бүтүргөндүгү», – деп белгилеген.

Анын «Тууган», «Каныкейдин алтын билериги», «Мүрзөгө чейинки жол», «Сарала ит», «Дос жана газик» с.ж.б. аңгемелери, «Парторг» жана «Тоо чабалакейи» сыяктуу романдары бар.

## «ТАТЫМ ТУЗ»

Суу айрыгына жакын, саздакка чыккан кыяк чөптү ыктап жалгыз түтүн кыргыз жашады. Эзелтен эле жергиликтүү дыйкан уйгурлар конуш тээп, төшкө такай соккон корук тамдын калдыгынан башка ал жер-

де дагы бул күнгө чейин төрт түтүн уйгурдун эски тамы сакталып калган. Уезддик шаар мындан алысыраак жерге жайгашкан. Бирок көндүм адат катары ага каттаган жөө базарчылар көп деле кыйналчу эмес.

Элдин айтымына караганда, илгерки бир жылдары көп кыргыздар ушул жакка ооп келип кайткан имиш. Ошолордон Келгинбай аттуу бир түтүн кыргыз ушул жерди мекендеп калыптыр. Ал кезде Келгинбай отуздун ортон белине келип калган жигит экен да, оор келте оорусуна кирептер болуптур. Сапарга шайы келбегендиктен, анын зайыбы Оймокчон элден бөлүнүп, күйөөсүн айыктырып алууга бел байлайт. Ошентип, алар чет жерди мекендегенге аргасыз болушат. Келгинбайдын туугандары ыгым-чыгым, кепин акыретин даярдап берип: – О, Оймокчон! Эр деп этегин кармап калдың, кор болбоссуң. Ата-бабаларыбыздын арбагы колдоп, эрди элине кош! – деп чуркурап бата беришет.

Келгинбайдын тагдыры Оймокчонго тапшырылгандан кийин, кайнатасы сакалынан жашын куюлтуп туруп, көптүн алдында мындай деди: – Жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат! Маа топурак өз эл, өз жерден буюрсун. Карып калган кезимде кудай элден ажыратпасын. Неберемди энеңдин этегине салып бер, балам, жыттап жүрөйүн…

Оймокчон эмчектеги баласын кайненесине карматып, көз жашын элден жашырып сыкты. – Мобу түйүнчөктү катып кой, – деп тапшырды кайнатасы акыркы жолу, – кокус ары бурулуп кетсе, сууга эзип оозуна тамыз. Айыгып мал болчу болсо, колуна бер.

Сүрдүккөн кыргыздар жөө-жалаң Мекенине сапар чегишти.

Өңү көгүлтүр тартып, эрди кеберсип, чыңалып онтогон Келгинбай жан күйөрү жалгыз Оймокчондун колунда калды. Оймокчон жанын сабап, сыркоолуу күйөөсүн тегеренди…Койгулт көзүнөн жашы мөлтүлдөп, күйөөсүнүн башын кучактап, далай түндөр уктабады.

Алектүү күндөр өтө берди.

Чачы жылма түшүп, жаак эти шылына баштаганда Келгинбай эсин жыйды. Күнүнө бир чайдоос кайнаган суу ичип, тамыры тышына тепкен ичке манжаларын карап коюп, төшөктө узак жатып калды. Оорунун зардабы абыдан айыгып, элине кетмекчи болгондо, өтө кеч калган эле. Чек ара бекиди. Келгинбай мыйзамга баш ийди да, ушул суу айрыгына төрт тамдын башын курап, аргасыз узак жылдар жашап калды.

Ортодон отуз жылга жуук убакыт өтүп, Келгинбай абышка атанган кезде, анын башына арылгыс оор кайгы түштү.

Гоминдандык желдеттер бийлеп турган  оор жылдары калың журтка келте оорусу тарады. Өлүм-житим көп болду. Далай үйдөн түбөлүккө түтүн чыкпай калды. Уезддик шаардын тегерегиндеги дөбөлөр калың мүрзөгө айланды. Өлүм күчөгөн сайын, замбилге салган өлүктү эки киши көтөрүп чыгып, туш келди жер казып эле көмө баштаты. Кепиндик ак

## АМАН САСПАЕВ

*(1929)*



Аман Саспаев – өзгөчө тагдырга ээ жазуучу. Анткени анын жазуучу катары калыптануусу Кытай жеринде жүргөн учурга туш келген. Демек, тили да, дини да, дүйнө таанымы да айырмалуу элдин ичинде жашоо, эмгектенүү анын чыгармачылыгына кайсы-бир деңгээлде өз таасирин тийгизгендиги мыйзам ченемдүү. Ал – кыргыз окурмандарына чебер аңгемечи катары таанымал. Өзгөчө анын «Сарала ит» аңгемеси (1963-ж.) кыргыз адабий чөйрөсүндө талаш-тартыштарды жаратып, оңтерс пикирлерди пайда кылган. А түгүл анын жазуучулук тагдырына тоскоол да болгон. Ошондуктан таанымал жазуучу, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын чебер котормочусу Ашым Жакыпбеков: «Сарала ит иттигин кылды, көп чатак чыгарды. Жакшылыгы – кыргыз «интеллектуалдарынын» өз деңгээлин көрсөттү» », – деп жазган. Ал эми мыкты сынчы, адабият таануучу К.Даутов: «А.Саспаевдин» аңгемелериндеги көңүл бурдуруп турган сапат аңгемени башкача баштап, башкача бүтүргөндүгү», – деп белгилеген.

Анын «Тууган», «Каныкейдин алтын билериги», «Мүрзөгө чейинки жол», «Сарала ит», «Дос жана газик» с.ж.б. аңгемелери, «Парторг» жана «Тоо чабалакейи» сыяктуу романдары бар.

### «ТАТЫМ ТУЗ»

Суу айрыгына жакын, саздакка чыккан кыяк чөптү ыктап жалгыз түтүн кыргыз жашады. Эзелтен эле жергиликтүү дыйкан уйгурлар конуш тээп, төшкө такай соккон корук тамдын калдыгынан башка ал жер-

де дагы бул күнгө чейин төрт түтүн уйгурдун эски тамы сакталып калган. Уезддик шаар мындан алысыраак жерге жайгашкан. Бирок көндүм адат катары ага каттаган жөө базарчылар көп деле кыйналчу эмес.

Элдин айтымына караганда, илгерки бир жылдары көп кыргыздар ушул жакка ооп келип кайткан имиш. Ошолордон Келгинбай аттуу бир түтүн кыргыз ушул жерди мекендеп калыптыр. Ал кезде Келгинбай отуздун ортон белине келип калган жигит экен да, оор келте оорусуна кирептер болуптур. Сапарга шайы келбегендиктен, анын зайыбы Оймокчон элден бөлүнүп, күйөөсүн айыктырып алууга бел байлайт. Ошентип, алар чет жерди мекендегенге аргасыз болушат. Келгинбайдын туугандары ыгым-чыгым, кепин акыретин даярдап берип: – О, Оймокчон! Эр деп этегин кармап калдың, кор болбоссуң. Ата-бабаларыбыздын арбагы колдоп, эрди элине кош! – деп чуркурап бата беришет.

Келгинбайдын тагдыры Оймокчонго тапшырылгандан кийин, кайнатасы сакалынан жашын куюлтуп туруп, көптүн алдында мындай деди: – Жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат! Маа топурак өз эл, өз жерден буюрсун. Карып калган кезимде кудай элден ажыратпасын. Неберемди энеңдин этегине салып бер, балам, жыттап жүрөйүн…

Оймокчон эмчектеги баласын кайненесине карматып, көз жашын элден жашырып сыкты. – Мобу түйүнчөктү катып кой, – деп тапшырды кайнатасы акыркы жолу, – кокус ары бурулуп кетсе, суута эзип оозуна тамыз. Айыгып мал болчу болсо, колуна бер.

Сүрдүккөн кыргыздар жөө-жалаң Мекенине сапар чегишти.

Өңү көгүлтүр тартып, эрди кеберсип, чыңалып онтогон Келгинбай жан күйөрү жалгыз Оймокчондун колунда калды. Оймокчон жанын сабап, сыркоолуу күйөөсүн тегеренди…Койгулт көзүнөн жашы мөлтүлдөп, күйөөсүнүн башын кучактап, далай түндөр уктабады.

Алектүү күндөр өтө берди.

Чачы жылма түшүп, жаак эти шылына баштаганда Келгинбай эсин жыйды. Күнүнө бир чайдоос кайнаган суу ичип, тамыры тышына тепкен ичке манжаларын карап коюп, төшөктө узак жатып калды. Оорунун зардабы абыдан айыгып, элине кетмекчи болгондо, өтө кеч калган эле. Чек ара бекиди. Келгинбай мыйзамга баш ийди да, ушул суу айрыгына төрт тамдын башын курап, аргасыз узак жылдар жашап калды.

Ортодон отуз жылга жуук убакыт өтүп, Келгинбай абышка атанган кезде, анын башына арылгыс оор кайгы түштү.

Гоминдандык желдеттер бийлеп турган оор жылдары калың журтка келте оорусу тарады. Өлүм-житим көп болду. Далай үйдөн түбөлүккө түтүн чыкпай калды. Уезддик шаардын тегерегиндеги дөбөлөр калың мүрзөгө айланды. Өлүм күчөгөн сайын, замбилге салган өлүктү эки киши көтөрүп чыгып, туш келди жер казып эле көмө баштаиты. Кепиндик ак

табылбай, жууркандын шейшебин иштетишти, элде шейшеп аттуу жоголгон соң, кээ бирөөлөр өлүктү камыштан токулган бойрого ороп, кээ бирлери жаш бедеге ороп көмө турган болушту. Бул апаат динге да таасирин тийгизди. Назирчырак, көңүл айтуулар мүлдө унутулду.

Дал ушул оор абал Келгинбай чалдын кемпири Оймокчонду да жалмап жолго түштү. Шордуу чал кемпирин шейшебине ороп көмдү. Көр казып жан баккан киши менен чалдын кошунасы жана өзү болуп Оймокчондун сөөгүн үч эле киши жерледи. Кемпирин көөмп, топурагын чочойтумуш болгондон кийин, чал мүрзө башында күңгүрөнүп узак отурду. Кырк жылга жакын бирге жашаган жары менен түбөлүккө коштошуу оңойбу? Жан шеригинин бүткүл жоруктары чалдын көз алдынан биринен сала бири өтүп жатты. Чындыгында, ал жалгыз кемпири менен гана эмес, турмуштун жылуу койну менен да коштошуп жаткан эле.

Кайраттуу чал топурак башынан турган соң, этек-жеңин кагып, чолок жашын алаканы менен аарчыды да, үйүн көздөй басты.

Чал кайра келген соң, үйдүн төрт бурчуна көз таштады. А дегенде эле анын көзү казыкта илинип турган кемпиринин көк мата көйнөгүнө түштү. «Оо, жараткан! Жалганда мендей шордуу бар бекен?! Элди жутуп жаткан келте менден несине тартынды экен?» – деп ойлоду чал. Ушул суук көрүнгөн үйдө эми өзүнөн башка эч ким жок экенинин эсине келтиргенде, байкуш чал боздоп коё берди.: – Оо, кудурет, тарт аманатыңды! Эми кор кыла көрбө! – чал көзүнүн жашын сакалынан куюлтуп, ээн үйдө узак ыйлады. Ботосу өлгөн каймал гана ушундай боздомок.

Эгер кишилерде үмүт деген нерсе жок болсо, анда бойго эч кандай кайрат бүтмөк эмес. Өмүр өзүнүн канчалык кайгы-касыретин берип койсо да, үмүт менен убакыт алдында алар ар качан дармансыз. Келгинбай чал өзөгүн өрттөгөн дартты көз жашы менен жууп кетиргенсиди. Аздап бою сергип, эс токтотуп, өзүн-өзү жубатты. Өзүнө-өзү көңүл айтып, кайрат берди.

Ар кандай бактысыз кишилер да өзүнүн тиричилиги жөнүндө ойлонбой койбойт эмеспи. Келгинбай чал да болумсуз оокатына көз кырын салды. Үй ичиндеги чачылган бирдемелерди жыйнап, эски куржунга шыкап таштады. Анан дагы бирдемелерди иштемиш болду.Үй ичин жыйнаган соң, жаман талпагына жайланып отурду да, чөнтөгүнөн кичине түйүнчөк алып чыгып, чеберлеп чече баштады. Түйүнчөк ичинде бармактай туз бар эле. Келгинбай тузду алаканына салып, бир нече ирет тилин тийгизип, өтө бир шербеттүү даам таткандай, туздуу шилекейин кумарлана жутту. Эчен кыйын кыстоо көргөн учурларда ушул бармактай тузду жалап, медет таап, кам көңүлүн жооткото алган да. Өз жеринин бир татым тузу Келгинбай чалдын өмүрлүк жолдоочусу, үмүт ме-

нен ишеним берүүчүсү, сагынуу менен кусадарлыктын таркатуучусу болуп калган...

Ата конушуна кайта албай, чет жерде аргасыз жалгыз түтүн калгандан кийин Оймокчон бар болгону бир кыз, эки эркек төрөдү. Анын экөө жерге көмүлдү да, тагдыр касыреттүү чалга эрмек болсун деп бирин тирүү койду. Баланын аты Эшбол эле. Ал уезддик шаардан окуп жүрүп, мугалим болгон соң, башталгыч мектепте иштей баштады. Бирок үчүнчү жылы эле Гоминдандык полиция жагынан кармалып, түрмөгө жабылды. Ошондогу анын кылмышы: өзүнүн ата мекени жөнүндө балдарга эки жолу, өз түшүнүгүнчө аңгемелеп берген – «Совет жеринде силердей балдар жайкы дем алышта Кырым деген жерге барып ойнойт. Моюндарына кызыл жагоо байлаңышат», – деген. Бул дагы жаш мугалимдин журналдан гана көргөн сүрөтүнүн түшүнүгү эле. Гоминдандык тыңчылар ошол кезде так эле ошондой сөздөрдү айткан кишилерди издеп, ал жөнүндө маалымат жеткирип, ал кесипти күн көрүүнүн айласы кылып алган. Эшбол совет эли жөнүндөгү ошол «лекциясынан» кийин бешинчи күнү түн ичинде куралдуу желдеттер жагынан ойготулду.

...Гоминдандык желдеттер кирип келгенде, Келгинбай чал баласынан тирүү айрылаар сааты түшкөнүн сезип, аны окутканы үчүн өзүнө наалат айтып, төшөгүндө үнсүз отурду.

Желдеттер машкедей шимшип, үйдөгү кагаз бүткөндүн баарын чогултуп алышты. Анан буйрук бере баштаашты: – Тур, кийин!

Офицер бул эки сөзгө канык эле.

Эшбол шаша койбоду. Жайбаракат кийинди. Ал өз мугалимдеринин артынан «барса келбеске» кетип бара жатканын тымызын сезген болучу. Ал: «Мен эми жарык дүйнө менен коштошуу үчүн, азыркы сааттан баштап ата-энемди кайрылып мүлдө көрө албас жерге баруу үчүн даярданып жатам!» – деп ойлоду. Кантсе да ал кийимин кийип болуп, эшикти көздөй басты. Төшөктөн башын чыгарып, өлүктөн алсыз жаткан шордуу Оймокчон бакырып ыйлап жиберди.

– Эшен! – деди Келгинбай чал шашып, – ал баласын ушундай атап эркелетчү. – Коё тур!

Жанатан жүрөксүп турган байкуш эне чалдын үнүн медет кылып, чаңырып жиберди да, чуркап жетип, Эшболдун мойнуна тарамыш колдорун ороп калды. Үйдүн ичи эми киши туруп болгусуз зар менен муңга толуп кетти. Кайраттуу чал ары карап көз жашын аарчыды. Эшбол да кайраттуу, нары эстүү жигит эле. Кандай учурда эмне кылаарын жакшы билүүчү.

– Кагылайын, энеке, ыйлаба, жаным аман болсо, кайра келем, – деп энесинин көз жашы менен жуулган бетинен чопулдатып өбө баштады. Курган энесинин ого бетер мууну бошоду.

– Кой, муун-жүүнү бош кудай ургур десе, амандыгын тиле анын. Келе баяккы түйүнчөгүң кайда? Туздан улук эч нерсе жок. Туз-даам буйруп, кайра келгиси бардыр. Келгинбай чал жашын сакалынан куюлтуп туруп, сүйлөнүп коё берди. Бирок түйүнчөгүн купуя жеринен өзү туруп барып алды.

– Эшен, – деди чал колу калтырап, – мына бул туздан бир кемирип алып, татып жүрчү. Ата-бабабыздын мууну ушул туз менен каткан. Өз жериңдин тузу!

Ушул сөздөр оозунан чыккандан кийин чалдын өз көңүлү да ток боло түштү. Чыны менен эле касиеттүү туз Эшболду кайда жүрсө да колдоп, кайра алып келүүчүдөй сезилди. Эшбол ажырашар алдында атасынын эски ишениминен аттап кеткиси келбеди. Тузду колуна алып, четинен бир чоң кетип алып, оозунда калган күбүнчүгүн тилине салды да, жутуп койду.

Ыза менен кеги чегине жеткен аз улут калкы улуттук эзүүгө каршы көтөрүлө баштады. Гоминданчылар сепил согуп ийинге кирген жыландай бекиништи. Бирок тарыхта калктын күчүн эч качанда коргон тосуп калган эмес да…Бул – дүйнө жүзүндө фашизм очогу талкаланган даңктуу кырк бешинчи жылынын башы эле.

Келгинбай чалдын кийинки өмүрү өзү жалгыз жашаса да, өтө тез өтүп жаткансыды. Кайгы-капасынан аздап арыла баштады. Анын жүрөгүндөгү катып калган черлер гоминданчылар менен кошо кеткендей…

Ушундай жакшы күндөрдүн биринде Келгинбай абышка өтө бир кубанычка бөлөндү. Күн шашке маал болучу. Аскер формасын кийген бир бейтааныш жигит үйгө шып кирип келди.

– Келгинбай абышканын үйү ушулбу?

– Ооба, айланайын, – деп байкуш чал ордунан тура калды. Анын үйүн кийинки жылдары эч ким мындай сурамжылап келген эмес. – Карылык курусун, кайсы бала элең, балам?

– Жапаров болом.

– Баса, кыргызсың го…

Келген жигит төш чөнтөгүнөн бир сүрөт сууруп чыгып, чалга сунду:

– Тааныйсызбы?

Шордуу чал сүрөттү көрө коюп, өкүрүп ыйлап жиберди. Ал Эшболдун сүрөтү болучу. Эсинен адашкан абышка сүрөттү карап алып, жаш баладай башын көтөрүп ыйлай баштады.

…– Аксакал, – деди жигит жайлап, кана көп алагды болбоңуз. Балаңыздын тирүү экенине кубаныңыз.

…Айлар өтүп жатты…

…Гоминданчылар бекем орногон Жынхы деген жерде эсепсиз кан төгүлдү. Улуттук армия калктын боштондугу үчүн бир адам чегинбестен илгериледи. Акыры Үрүмчүнүн чоң дарбазасы ачылып, Жынхы го-

минданчылардан тазаланды. Мына ушул чоң кыргында Эшбол да курман болду.

...Шордуу чал баласы жөнүндөгү шум кабарды укканда эсинен танып, кулап түштү.

...Жанында тургандар көз жашын булап, шору арылбаган пенденин касиретине орток болду. Узак жылдар кайгы менен кападан кажыган абышка бир күн ичинде эле алжып чыга келди. Буурул чачы агарып, жаак эти соолуп, мурдакыдан бетер төшөктө томолонуп калды. Багаркөрөөрүнөн айрылып, кайгы баскан кары кишинин көргөн күнү курусун.

...Көрөөрү бүтүп, көмөөрү калган абышканын тиричилигине боору оорубаган киши калган жок. Келгинбай бирде соо болсо, бирде алжып сүйлөдү. Бирок татым туз түйүлгөн түйүнчөгүн колунан түшүргөн жок.

– Кечээ Эшеним келип, бүгүн муунум кирип калыптыр. Элге кетет окшойбуз. «Ата, жүр эми, элге кетели, кайгы менен кападан кутулалы. Тузуңду эми бөлүп жеп коёлу» деп Эшеним жаныма келип айтпадыбы, садага кетейинин, – деп сүйлөдү чал.

Ал эми кээде жөөлүгөн сөздөргө аралаш өзүнүн өмүр жөнүндөгү корутундуларын да кадимкидей айтып отурду:

– Менин чоң арманым эле – Эшенди колунан жетелеп барып, элижуртуна кошорум болчу. Эми өзүмдүн киндик каным төгүлүп, кирим жуулган жериме баратам, – деп жалдырай калат да, колундагы тузду көрсөтөт: – Мынабу Ысык-Көлдүн – мен туулган жердин тузу. Оо, кагылайын, уйгур туугандар, Эшеним экөөбүздү узатып койгула.Бизди өз жерибиздин тузу тартып баратат. Эчен жолу ач калганымда ушуну жалап тоюнганмын, эчен жолку оор күндөрдө жаныма алып жүрүп, көңүлүмө төтөп, боюма кайрат тапкам. Ушул туз жанымда жүргөндө, эли-журтумдун, бир туугандарымдын жанында жүргөндөй болом. Мен жеримди сагынып, куса болгонумда ушул туздан жалап алып сагынчымды тараткам. Маа дүйнөдө мындан кымбат нерсе болгон эмес. Элден, жерден ажырап, ага куса болуудан артык азап жок экен. Мен Ысык-Көлдөн келип чабармандын камчысын жедим. Байлардын зордугун, жокчулуктун кордугун көрдүм, ошондо өлүп каламбы деп корктум! Мен көргөн кордугума ызаланбадым, элден, жерден адашып калганыма ызаландым! Оо, туугандар, узатып койгулачы. Өз жеримдин тузу тартып, бизди ата конушубузга алып баратат. Ушинткен Келгинбай кирпик какпады, даам татпады. Арадан үч күн өтпөй эле чалда куру гана сөөк калды.

Бир күнү эртең менен Келгинбай төшөгүндө жансыз жатканы билинди. Узак жылдар кайгы менен касирет, сагынуу менен кусалык мүлжүп бүткөн мусаапыр чал азаптуу өмүрү менен түбөлүккө кош айтты. Кармаган соопкерлердин айтымына караганда, чалдын оозунда өз жеринин татым тузу бар экен!

## СӨЗДҮК:

**Саздак** – ботқоқ
**Базарчы** – савдогар
**Келте** – терлама, ичтерлама
**Кепин** – кафан
**Аманат** – омонат
**Чайдоос** – чойнак
**Мүрзө** – гўр, қабр
**Шейшеп** – чойшаб
**Бойро** – буйра
**Апаат** – офат
**Казык** – қозиқ
**Көйнөк** – кўйлак
**Бото** – бута
**Каймал** – моя, урғочи туя
**Түйүнчөк** – тугунча
**Мугалим** – муаллим
**Амандык** – омонлик
**Түрмө** – турма
**Жагоо** – бўйинбоғ, галстук
**Тыңчы** – жосус, айғоқчи
**Наалат** – лаънат
**Машке** – овчи ит, този
**Купуя** – хуфия
**Сепил** – қалъа
**Коргон** – қўрғон
**Чер** – ғам-ғусса
**Бейтааныш** – нотаниш
**Сүрөт** – расм
**Кыргын** –қирғин
**Касирет** – қайғу, дард-алам
**Алжып** – ақлдан озмоқ
**Жөөлүгөн** – бемаъни гаплар, валдираш
**Сагыныч** – соғиниш
**Мусаапыр** – уй-жойи йўқ, уй-жойсиз

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Аңгеме кимдер жөнүндө экен?
2) Келгинбайды эмне үчүн журтка таштап кетишти?
3) Келинге кайын атасы эмнени калтырды жана кандай милдет такты?
4) Келгинбай оорудан айыккандан кийин эмне үчүн ата конушуна кайтпай калды?
5) Кемпирин Келгинбай акыркы сапарга кантип узатты?
6) Эшбол ким экен? Ал эмне үчүн камалыптыр?
7) Уулунун кабарын качан жана кимден укту?
8) Эшбол кантип курман болду? Анын өлүмүн Келгинбай кандай кабыл алды?
9) Келгинбайдын кайгы-капаны жеңишине, аны чыдап көтөрүшүнө эмне күч бериптир?
10) Акылынан айнып калган Келгинбай тирүүлөрдөн эмнени сураныптыр?
11) Келгинбай акыркы сапарына кантип кетиптир?
12) Туз Келгинбай үчүн эмне? Туздун ыйыктыгы, улуктугу жөнүндө кандай кеп-сөздөрдү уккансыңар? «Тууган жердин тузу дегенди мен кандай түшүнөм» деген темада дилбаян даярдагыла.

## САГЫН АКМАТБЕКОВА
*(1949)*



Сагын Акматбекова – кыргыз адабиятында өзгөчө үнү, өзгөчө дүйнөсү, адам турмушун өзгөчө көрүү жана чагылдыруу ыкмасы бар, кайталангыс акын. Анын «Жамгыр», «Алыскы талаалар», «Айлуу дөң», «Терезедеги жарык», «Өткөн күздүн жалбырагы», « Күз ырлары» сыяктуу ыр топтомдору кыргыз окурмандарына жакшы тааныш. Ал ошондой эле чыгыш адабиятынын мыкты билерманы жана мыкты котормочу.

Акын кыргыз жерин гана эмес, жалпы эле жаратылышты сүйөт, анын тагдырына кайдыгер карай албайт. Аны «Аралга арнал» ырынан көрөбүз.

### «АРАЛГА АРНАЛ»
### (АРАЛ КАЗАГЫНЫН АРМАНЫ)

Куш салса, көк оболоп зыр учкан
Көз жашындай жылтыраган бир караан.
Көп кеменин кумга батып турушкан
Көлөкөсү болдуңбу сен, о Арал!

Капшытыңан чыккан түркүн дабышка
Кулак какпай, тунжураган бир караан.
Көп кайыктан кумга чөгүп калышкан
Күрүстөнү болдуңбу сен, о Арал!

Уч-кыйырсыз шыбак баскан талааңды
Уруп-согуп улуйт экен бир шамал.
Кудай эмес, колу менен адамдын
Куурал тартып, жапа чектиң, о Арал!

Өрдөк сүзүп, ойногонго көл болуп,
Өрүш кылган жай кыштагың, кең калааң.
Чөл үстүндө чаалыкканга дем болуп
Арал деген затың кана, о Арал!

Жашап турган жаша! – деген жаңырык,
Күчөп турган – ураа! – деген бир ураан.
Кездин ошол келбес, толбос курманы,
Кезди курган кегиң бизде, о Арал!

Өзөктөштөй – не жаныбар, не адам,
Өмүр сүр деп бир теңири кураган.
«Өзүм билем» өзөгүңө өрт салган
Өчөгүшкөн өчүң бизде, о Арал!

Алмустактан айланган зор ааламдар
Арасына кошо бардык, о Арал.
Ак кемелер алда кайдан агарган
Калың толкун кайда калды, о Арал?!

Жерде жашап, Ай-санаанын дүйнөсүн
Эзелтеден чогуу кездик, о Арал.
Эрмен жытын жалбыз кылып түрдөнтүп
Эскен желиң кайда кетти, о Арал?!

Аба жолдор арылдашып, поезддер
Темир жолдо термелишет, о Арал.
Үр кездеги үнүң менен үндөшүп
Бой шамал бир боюң бойлойт, о Арал.

Туман түшсө, турна жолу жаныбар
Көк чоюн куш космос жолдо, о Арал.
Космос эмне, о колоттон жаныбар,
Койбой сенин оюңду ойлойм, о Арал.

Каректеги карам кайран, о Арал
Кабыргамды жарам кайран, о Арал.
Обо күндөй ойгонсоңчу, о Арал,
Жаралгандай жаралсаңчы, о Арал!

## СӨЗДҮК:

**Обо** – осмон
**Караан** – қора, силуэт
**Көлөкө** – кўланка
**Капшыт** – ён томон, ён тараф
**Көрүстөн** – гўр, қабр
**Шыбак** – шувоқ
**Эрмен** – эрман
**Жаңырык** – акс садо
**Өзөк** – ўзак
**Алмустак** – қадим замонлардан бери, азалдан
**Турна** – турна
**Колот** – катта кенг жар, жарлик
**Кабырга** – қовурға

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Арал деген эмне? Ал кайсы жерде?
2) Арал эмнеликтен кеме менен кайыктардын көрүстөнү болуп калды? Буга ким жана эмне себепкер?
3) Айыл-кыштакка, калаага көрк, жашоо берип, чалкып турган Аралдын тагдыры акынды эмне үчүн түйшөлтөт?
4) Аралды эмне үчүн «ураа» деген ураандардын курмандыгы болдуңбу дейт? Ал эмне болгон ураандар эле?
5) Аралдын тагдырына поезд, космостордун кандай тиешеси бар?
6) Ыр кандай маанай менен аяктаган?
7) Бул ыр кандай темадагы чыгарма?
8) «Жаратылыш – тиричиликтин мүрөк булагы» деген темадагы дилбаянга даярдангыла.

# МАЗМУНУ


Киришүү ........ 3
АШЫМ ЖАКЫПБЕКОВ ........ 5
«Теңири Манас» ........ 6
Бала Манас ........ 18
Хан Манас ........ 29
Бээжин тактысы ........ 38
ЖОЛОН МАМЫТОВ ........ 46
«Оңолбайыр» легенда-драма ........ 47
*Биринчи бөлүм.* 1. Таңда күндү мактаган хор ........ 49
*Экинчи бөлүм.* Автордун баяны ........ 57
*Үчүнчү бөлүм.* Автордун баяны ........ 60
*Төртүнчү бөлүм.* Автордун баяны ........ 73
ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВ ........ 85
«Сынган кылыч» ........ 86
Нүзүптүн оту ........ 95
Ташкен шаары ........ 104
ААЛЫ ТОКОМБАЕВ ........ 113
«Мезгил учат». Эмгектүү кулда чарчоо жок ........ 114
Шыктын жаралышы ........ 116
Апакемди жасап алам ........ 120
Мен жок болсом атам ыйлайт ........ 126
Бул – талант ........ 129
ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ. «Ажал менен Ар-Намыс» ........ 135
АЛЫКУЛ ОСМОНОВ. «Адамзат» ........ 150
«Көзүм өткүр» ........ 152
Жеңишбек» поэмасы ........ 153
ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ. «Тоо балдары» романы.
Омор аке жана анын уулу ........ 160
Омор аке окуганы келди ........ 166
Мөмө тоюна даярдык ........ 173
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ........ 181
«Фудзиямадагы кадыр түн» ........ 182
АМАН САСПАЕВ. «Татым туз» ........ 206
САГЫН АКМАТБЕКОВА.«Аралга арнал». (Арал казагынын арманы) ........ 213



*Окуу басылмасы*

**Сатканбай Момуналиев**

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

*(Хрестоматия-окуулук)*

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 9-класстары үчүн окуу китеби

Башкы редактор: *Уринбаев А.*
Тех.редактор *Тишабаева М.*
Корректор: *Балтабаева М.*

Басууга 19.11 2011-ж. кол коюлду. Мектеп гарнитурасы. Форматы 70x90 1/16.
Көлөмү 13,75 физ. басма табак. Нускасы 15 000. Заказ № 746.

«Учкун» ААКда басылды. 720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көч., 24.